74.00
К24

Колдошев Мисиралы

ПЕДАГОГИКА

# ТЕСТТЕР, КЫРДААЛДАР, КӨНҮГҮҮЛӨР, ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН ЭЛЕМЕНТТЕРИ ЖАНА ТААЛИМ-ТАРБИЯЛЫК ИШТЕРДИН ИШТЕЛМЕЛЕРИ

Ош-2008


74.00
К 24

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ ЖАНА БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТТЕРИ

Колдошев Мисиралы

# ПЕДАГОГИКА БОЮНЧА ТЕСТТЕР, КЫРДААЛДАР, КӨНҮГҮҮЛӨР, ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН ЭЛЕМЕНТТЕРИ ЖАНА ТААЛИМ-ТАРБИЯЛЫК ИШТЕРДИН ИШТЕЛМЕЛЕРИ



Баткен — 2008

БИБЛИОТЕКА 09
Ошского государственного
университета
ИНВ № 937701
4693

УДК 37.0
ББК 74.00
К-24

**Пикир жазгандар:** ОшМУнун профессору Бекембай Апыш, филология илимдеринин кандидаты Г. С. Мусурманова, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер Бекташ Осмонов

Баткен мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинде каралган жана басууга сунушталган

К-24 Колдошев М. Педагогика боюнча тесттер, кырдаалдар, көнүгүүлөр, педагогикалык чыгармачылыктын элементтери жана таалим-тарбиялык иштердин иштелмелери: окуу – практикалык жана методикалык колдонмо. –Ош. 2008. 308 б.

ISBN 9967-22-891-1

Окуу – практикалык жана методикалык колдонмо жогорку кесиптик окуу жайларында болочок педгогдорду даярдоого байланыштуу «Педагогикалык ишмердүүлүккө киришүү» («Педагогдук кесипке киришүү»), «Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы», «Педагогикалык психология» деп аталган окуу курстары боюнча студенттердин теориялык билимдерин тереңдетүү, бышыктоо, ык-көндүмдүктөрүн калыптандыруу багытында, мектептердин жана атайын кесиптик окуу жайларынын мугалимдери, класс жетекчилери жана тарбиячылары тарабынан тарбиялык сааттарга даярдануу, уюштуруу, өткөрүү, класстан жана мектептен тышкаркы таалим-тарбиялык иштерди уюштуруу максатында жемиштүү пайдаланылышы мүмкүн.

К4303000000-05
ISBN 9967-22-891-1

УДК 37.0
ББК 74.00
© Колдошев М.,
Ош жана Баткен мамлекеттик университеттери
2008-ж.

## МАЗМУНУ

Баш сөз........................................................................................ 6
I БАП. Педагогика боюнча тесттер – билимди текшерүүнүн, өздөштүрүүнүн жана бышыктоонун ыгы........................................ 11
1.1. Педагогиканын предмети жана милдеттери.................................. 11
1.2. Педагогиканын изилдөө методдору ............................................. 14
1.3. Педагогиканын аксиомалык негиздери........................................ 17
1.4. Өсүп-өнүгүүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү......................... 18
1.5. Курак жаш жана жекече өсүп-өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү................. 20
1.6. Тарбиянын максаттары............................................................... 24
1.7. Педагогикалык процесс ............................................................. 26
1.8. Окутуу процесси......................................................................... 28
1.9. Окутуунун факторлору. Дидактикалык себептер жана факторлор........................................................................................ 32
1.10. Окутуунун мыйзам ченемдүүлүктөрү........................................ 34
1.11. Окутуунун принциптери жана эрежелери.................................. 35
1.12. Окутуунун методдору................................................................. 38
1.13. Окутуунун түрлөрү жана уюштуруу формалары........................ 40
1.14. Окутууну диагноздоо.................................................................. 44
1.15. Тарбия процессинин маңызы жана мазмуну.............................. 47
1.16. Тарбиялык принциптер............................................................... 50
1.17. Инсанды жамаатта (коллективде) тарбиялоо............................. 54
1.18. Тарбиянын жалпы методдору..................................................... 59
1.19. Тарбиянын технологиясы........................................................... 65
1.20. Коомдук жана үй-бүлөлүк тарбия ............................................. 68
II БАП. Педагогикалык жагдайлар жана көнүгүүлөр – теориялык билимди колдонуу менен ишке чыгармачыл мамиленин айкалышынын маанилүү каражаты.................................................... 72
2.1. Педагогикалык жагдайлар ............................................................ 72
2.2. Педагогикалык көнүгүүлөр жана кырдаалдар ............................. 77
2.3. Педагогикалык көнүгүүлөр .......................................................... 89
2.4. Түрдүү педагогикалык жагдайларда мугалимдер менен ата-энелердин өз ара аракеттенүүлөрүн моделдештирүү........................ 95
2.5. Педагогикалык чеберчиликти өркүндөтүүгө багытталган айрым көнүгүүлөр.................................................................................. 97
2.5.1. Чыгармачылык ишти психологиялык жактан жөндөө .............. 97
2.5.2. Көңүл буруусун бөлүштүрүү жөндөмдүүлүгүн аныктоо............. 97
2.5.3. Мимикалык жана пантомимикалык жөндөмдүүлүктөрдүн көрүнүшү........................................................................................ 98
2.6. Мугалимдин кыймылынын этикасы............................................. 102
2.7. Сабактын үзүндүсү....................................................................... 102
2.8. Кайтадан тарбиялоо жагдайын талдоо........................................ 103
2.9. Ойлонгула? Тапкыла? ................................................................. 104
2.10. Оюн ишмердүүлүгүн уюштуруу – педагогдук чеберчиликтин өзгөчөлүү элементи ....................................................................... 105

2.10.1. Сүйлөө кебин өнүктүрүүгө оюндар ........................................ 105
2.10.2. Үндүү тыбыштардын мелдеши ........................................ 106
2.10.3. Үнсүз тыбыштардын мелдеши ........................................ 106
2.11. Кыймылдуу оюндар ........................................ 107
2.11.1. «Үй, чычкан, вулкан» ........................................ 107
2.11.2. «Шар» ........................................ 107
2.11.3. «Далила, Самсон, Арстан» ........................................ 108
2.11.4. «Электроток» ........................................ 108
2.11.5. «Пальма, пил, маймыл» ........................................ 109
2.11.6. «Айтканын кыл, кылганын кылба» ........................................ 110
2.11.7. «Нымжан» ........................................ 110
III БАП. Тарбия жаатындагы чыгармачылык иш аракеттер жана уюткулуу иш тажрыйбалар – педагогиканын теориясынын, практикасынын жана тарбиячынын чыгармачылыгынын шайкештигинин натыйжасы катары ........................................ 112
3.1. Педагогикалык ийгиликтин беш шарты ........................................ 112
3.2. Өспүрүм курактагылар жана алардын кичи достору үчүн уюштурулуучу коллективдүү чыгармачылык иштердин мисалдары ........ 119
3.3. Тарбиялык, класстык сааттардын, кечелердин, кароолордун сценарий – иштелмелери ........................................ 150
«Сылыктык» (Тарбиялык саат) ........................................ 150
«Жолдо жүрүүнүн эрежелерин билесиңерби?» (Тарбиялык саат) ........................................ 154
«Таяк» (Жомок, тарбиялык саат) ........................................ 157
«Жети улактуу эчки» (Жомок, тарбиялык саат) ........................................ 159
«Берекелүү алтын күз» (Кароо) ........................................ 161
«Эне тилим - эне сүтүм» (Кече) ........................................ 165
«Канаттуу достор» (Кече) ........................................ 171
«Жалкоолук жан кейитет» (Тарбиялык саат) ........................................ 178
«Адептүүлүк – адамдын башкы сапаты» (Тарбиялык саат) ........ 180
«Нан ыйык, нан улук баарынан» (Тарбиялык саат) ........ 183
«Алтын таажы» (Тарбиялык саат) ........................................ 186
«Туулган жердин топурагы алтын» ........................................ 190
«Нан биздин байлыгыбыз» (Класстык саат) ........................................ 194
«Сабактагы оюн ырлары» ........................................ 198
«Дени сак - үч бутак» (Тарбиялык саат) ........................................ 202
«Ата сыйлаган, абийир табат, эне сыйлаган, элге жагат» (Класстык саат) ........................................ 206
«Энеке ак сүтүңдү, эл коргоп мен актайын» (Тарбиялык саат).. 212
«Адам ыйманы – тамырын терең жайган байтүп дарак» (Ыйман сабагы) ........................................ 215
«Кыргыз тили – Манастын тили» ........................................ 220
«Кыргызым – менин сыймыгым» ........................................ 225
«Адеп алиппеси» ........................................ 228
«Улутту арак жок кылат» (Тарбиялык саат) ........................................ 231
«Математикалык жаңылмачтар» ........................................ 237

«Үч бурчтук менен төрт бурчтуктун айтышы» .......... 239
«Коңур күз берекеси» (Кече) .......... 246
«Кесип ээлери жана математика» (Кече) .......... 249
Соңку сөз .......... 255
I БАП. ЖБ (Жооптор блогу) .......... 258
2.1. .......... 261
2.2. .......... 262
2.3. .......... 268
ТИРКЕМЕЛЕР .......... 280

*Апам Каныгүлгө*
*арнайм*

# БАШ СӨЗ

Азыркы күндө Кыргыз Республикасында иштеп жаткан жогорку окуу жайларынын алдында турган эң олуттуу маселе-кесиптик жана адистик жактан сапаттуу, белгилүү деңгээлде такшалган кадрларды даярдоо болууга тийиш. Болочок мугалимдерге бул ого бетер тиешелүү. Мектепте иштеген чала сабат мугалим орто эсеп менен 25 жыл иштесин дейли. Ошол мугалимден он миңдеген окуучулар билим, таалим-тарбия алышат. Бирок, кандай билим алышат? Албетте, сапатсыз. Мугалим негизги уюткулуу даярдык деңгээлине жараша гана билим, таалим-тарбия бере алат. Бул-аксиома. Мамлекетибиздин, коомубуздун жана элибиздин эртеңкисин, алыскы келечек пайдубалынын мына ушундай көрүнүштө, б.а. ийри курулушуна азыртан жол койбошубуз керек. Ал үчүн алдыңкы кезекте патриоттук сезимдерге жык толгон майтарылгыс эрк зарыл. Азыркы жогорку маалыматтык технология өтө ыкчам өсүп, дүркүрөп өнүгүп, кулачын улам кенен жайып, буга кошул-ташыл дүйнөлөштүрүүнүн (глобалаштыруунун) турмуштун реалдуу чындыгына айланган геосаясаты, өзгөчө кичи мамлекеттерди дүйнөлүк чиеленишкен алкакта өз ордун, агымын, багытын, жолун терең аңдап – туюуга, аныктоого, тандоого сергек мамиледе болуп, эгер мезгилдин бул өңдүү талабына татыктуу жооп издөөгө эркибиз жетпесе, анда бүтүндөй мамлекет, сөздүн копол маанисинде, ургалдуу замандын тебелесинде калуусу да, тилекке каршы, катаал чындык экендигин моюнга алышыбыз лаазым. Эртең аябагандай кеч болуп калбаш үчүн бүгүн дүйнөтаанымыбызда, социалдык көз карашыбызда, түшүнүгүбүздө, психологиябызда, руханий маданиятыбызда бурулуш жасашыбыз өтө зарыл болуп турат. Бул олуттуу проблеманы алга озуу менен зирек түшүнгөн илим, билим берүү тармагын,

интеллектуалдуу байлыкты өркүндөтүүгө биринчи кезекте көңүл бөлгөн өлкөлөрдүн тажрыйбалары биз үчүн үлгү болушу керек.

Эми мектептеги башкы фигура болуп эсептелген мугалим жөнүндө сөз учугун уласак, анын теориялык, усулдук жактан даярдыгы, окутуунун технологиясын өз орду, ыңгайы, ыгы менен колдоно билиши, педагогикалык техникасы, кесиптик этикасы, педагогикалык чеберчилиги ж.у.с.лар анын педагогдук жүзүн аныктайт. Маселен, кыргыз тил адистиги боюнча чала сабат мугалимдин усулдук жактан жетиштүү деңгээлге көтөрүлүшү кыйын, анткени ага предметти терең өздөштүрбөгөндүгү ар дайым тоскоол болот. Мугалимдин инсандык турум-турпаты жогору, ыманы ысык, пейли кенен, кесиптик этикасы жайында, өзү салабаттуу, педагогикалык техникасы өнүккөн болсо, ал шакирттерине жакшы таалим-тарбия бериши мүмкүн, бирок, кайра эле анын билим берүүсү жетиштүү болбойт. Тескерисинче, өз адистигинин илимий – теориялык негиздерин терең өздөштүргөн мугалимдин кесиптик – профессионалдык дараметин, инсандык жүзүн аныктаган элементтер жетишпесе, окуучулар белгилүү деңгээлде сапаттуу билим алган менен алардын адамдык сапаттарынын туура калыптануу жана торолуу жараянында өксүктөргө жол коюлат. Мындай өз ара байланыштуу чынжырчаларды бекемдөөнүн жол-жоболорун, ыктарын издөөбүз зарыл. Ошондуктан, мамлекеттик билим берүү стандартынын педагогикалык- психологиялык тутумун түзгөн сабактардын окутулушунун сапатын камсыздоону көңүл борборунда такай кармоо маанилүү.

Азыркы коомдук турмуштун дагы бир өктөм чындыгы менен аргасыз эсептешүү керек болуп турат. Ал мугалим менен кыйыр түрдө атаандашкан бөлөк маалыматтык технологиялардын (телевизор, радио, компьютер, аудио-видео аппаратуралар, интернет ж.б.) көбөйүп баратышы. Башталгыч класстын окуучуларынан баштап өспүрүмдөргө чейин, кала берсе жаштар да компьютер менен мамилелешүүгө өтө берилишип, ага ыктап бараткандыгы белгилүү. Мугалимге караганда компьютер менен мамилелешүү алар үчүн алда канча кызыктуу туюлат. Аларды өзгөчө компьютердик оюндар кызыктыргандыгы да маалым. Адамдын инсандык мүмкүнчүлүгүн компьютер алмаштыра албайт.Бирок, мугалим үчүн мезгилдин учкул талабы ошол компьютердик технологиянын жетишкендиктерин окутуу, таалим-тарбия ишинин сапаттуулугуна жетишүү максатында чыгармачылык менен ийкемдүү жана натыйжалуу пайдалана билүүсү абзел.

Мектеп ар дайым татыктуу даярдыгы бар мугалимдерди көксөп келген, ал эми азыркы учурда төгөрөгү төп келген педагогдорго мурда

болуп көрбөгөндөй муктаж. Назарыңыздарга сунушталган окуу-практикалык жана методикалык колдонмо жогоруда белгиленген көйгөйлөрдү белгилүү деңгээлде оң чечүүгө көмөктөшөт деген ишеничтебиз.

Жогорку педагогикалык окуу жайында окутуу, таалим-тарбия сабактарын уюштуруунун салтка айланган лекция, аңгемелешүү, баяндоо, маалымдоо, дискуссия, талкуу, семинар, көнүгүүлөр иштөө, лабораториялык - практикалык иштер ж.б. формалары белсемдүү орунду ээлейт. Ушул жагдайда окутуучу үчүн башкы маселелердин бири, бул, студенттердин окуп-үйрөнүшкөн, өздөштүрүшкөн теориялык билимдери менен практиканын, турмуштун ортосуна «көпүрө» орнотуу далалаты. Окутуучуга студенттерди өз алдынча иштей билүү ыктарына, усулдарына үйрөтүү, аларга орундуу талап коюу жана көмөктөшүү милдети тагылат. Бул өңдүү милдеттер, айрыкча, семинардык, практикалык багыттагы сабакта ишке ашары белгилүү. Практикалык сабакты чыгармачылык менен уюштурган окутуучу студенттердин теориялык билимдерин тереңдетүү, бышыктоо менен гана чектелбестен, ал билимдерин түзүлгөн жаңы жагдайларда, көнүмүш эмес кырдаалдарда колдоно билүү мүмкүнчүлүктөрүн жана шыктарын өстүрүүгө, өнүктүрүүгө кам көрөт. Окутуучу, ошондой эле, болочок педагогдорду практикалык багыттагы окуу-методикалык колдонмолор менен өз алдынча иштей билүү ыктарын үйрөтүүгө көңүл буруусу лаазым. Практикалык сабакта ирееттүү түрдө көнүгүүлөр иштетүүгө орчундуу көңүл буруп, ал эми кийинки сабакта окуу – методикалык колдонмонун тиешелүү темасынын кандайдыр бир бөлүгүн алардын өз алдынча даярданып келүүлөрүнө тапшырма берүү мүмкүн. Ошентип, ар бир теманын мазмунун студенттердин жеткиликтүү жана терең түшүнүүсүнө жетишүү маанилүү. Семинардык, практикалык сабактарда педагогикалык кырдаалдарды же көнүгүүлөрдү талдоо жараянында окутуучудан зор компетенттүүлүк талап кылынат. Ар бир кырдаал же көнүгүү менен иштөө учурунда студенттер түрдүү ой-пикирлерди айтары түшүнүктүү. Проблемага үстүрт мамиле кылган окутуучу ошол баяндалган пикирлерден туура эмес, б.а. айтылган ойлордун туура жана ката жактары, кемчиликтери жетиштүү талданбай, чийки жыйынтык чыгарышы мүмкүн. Натыйжада көнүгүүнү иштөөнүн соңунда студенттер жыйынтыктуу эмес, арсар, чачыранды ойдо калышат, б.а. көнүгүүнүн студенттер үчүн «пайдалуу аракет коэффициенти» (жугумдуулугу) төмөн болот. Маселеге олуттуу көз караш менен караган окутуучу баяндалган ойлорду салыштырып, тандап, ошол пикирлер менен илимий теорияны байланыштырууга аракеттенип, кандайдыр бир жалпы «кесилишүү чекиттерин»

белгилеп, теориялык жоболорду эске алып, ынанымдуу фактыларды келтирүү аркылуу туура тыянактарга жана корутундуларга келүүгө умтулат. Студенттердин теориялык билимдери бекемделип гана тим болбостон, алардын педагогиканын курсу боюнча түшүнүктөрү тереңдеп жана кеңейип, алардын изденүүчүлүк, чыгармачылык ойлоо жөндөмдөрүнүн өнүм алышына жана өнүгүшүнө жагымдуу жагдай түзүлөт. Тигил же бул көнүгүүнү талдоонун акырында окутуучу өзүнүн жыйынтыктуу көз карашын айткан сон, ошол көнүгүүгө тиешелүү жоопту студенттерге тааныштырган оң. Буга да алардын пикирлерин угуу абзел, анткени, алар тараптан алгылыктуу ойлор, керектүү толуктоолор, зарыл өзгөртүүлөр болушу ыктымал.

Педагогикалык техника жана чеберчиликке байланыштуу көнүгүүлөрдү, оюндарды аткарган соң (мында окутуучу, асыресе, алып баруучунун ролун аткарат), кийинчерээк студенттерди алып баруучулук, уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөргө үйрөтөт жана көнүктүрөт.

Студенттердин таалим-тарбиялык көз караштарын өнүктүрүү максатында алардын алдына төмөнкүдөй суроолорду коюу мүмкүн:

1) Бул көнүгүүнү же оюнду аткаруунун мааниси эмнеде?

2) Көнүгүүнү (оюнду) аткаруунун натыйжасында кандай таалим-тарбиялык маселелер чечилиши мүмкүн?

3) Ошол силер ойлогон таалим-тарбиялык милдеттерди, оболу, оозеки айтсаңар (алдын ала студенттердин ойлоосуна убакыт чектелет), андан соң жазуу түрүндө билдирсеңер?

Кийин студенттер тараптан сунушталган таалим-тарбиялык милдеттердин ичинен көнүгүүнүн же оюндун мазмунун туура чагылдыргандары, мазмунуна төп келгендери ылганат жана соңунда окуу-методикалык колдонмосунда берилген ошол көнүгүүгө тиешелүү таалим-тарбиялык милдеттер менен салыштыруу оң. Бул усул аркылуу студенттер кетирген кемчиликтерин түшүнүшөт, колдонмодо сунушталган тарбиялык милдеттерге белгилүү деңгээлде толуктоо, оңдоо, түзөтүү кийирилиши мүмкүн. Натыйжада, студентер таалим-тарбиялык иш чараларды уюштуруунун технологиясын гана үйрөнүшпөстөн, ошол иш чараларга тарбиялык милдеттерди туура коюу ыктарын өздөштүрүшөт.

Бул окуу-методикалык колдонмону, маселен, тырышчаактык менен өздөштүрүүгө жетишкен студент (албетте, окутуучунун педагогикалык максатка ылайыктуу, багыттуу насаатчылыгы жана үйрөтүүсү менен), мектепке педагогикалык практикага барган учурда окуу-тарбия жараянын уюштурууда белгилүү ийгиликке, натыйжага жетишпей койбойт. Анткени, ал окуу жайында тигил же бул

мазмундагы таалим-тарбиялык иш чараны уюштуруунун планын, программасын, сценарий-иштелмесин түзүүнүн ыкмасын, жолун, усулун үйрөнгөн. Тарбиялык максатты туура коюуну, милдеттерди, маселелерди аныктоону, аларга тиешелүү мазмунду тандоону, ылгоону, кураштырууну, түзүүнү билет. Эми практикачы студентти таалим-тарбиялык иш чараны аткаруу, уюштуруу бөлүгү белгилүү өлчөмдө толкундатышы, түйшөлтүшү мүмкүн, б.а. иш чараны ойдогудай, көңүлдөгүдөй, таасирдүү, жемиштүү, көңүлдүү өткөрүүнүн ыкмаларын, жолдорун изилдениши керек болот. Бул тарбиячынын уюштуруучулук шык-жөндөмүнө, б.а. баарын жай-жайына, орду – ордуна кое билүүчүлүгүнө, ирептүү нукка салуусуна, тапкычтыгына, ийкемдүүлүгүнө, педагогикалык чеберчилигине, этикасына, артисттик касиеттерине, тажрыйбасына, мамилесине, башкаруусуна, жөндөөсүнө байланыштуу болорлугун мектеп турмушу эчен курдай ырастап келүүдө. Бул окуу-методикалык колдонмону басмага даярдоо ишине чын ыкластан жардамдарын аяшпаган Баткен мамлекеттик университетинин редакциялык - басма бөлүмүнүн башчысы Айниса Бостонова жана жетектөөчү адиси Айгүл Саттарова айымдарга автор терең ыраазычылыгын билдирет.

Сөз соңунда окуу-методикалык колдонмо болочок мугалим-тарбиячыларды татыктуу даярдоонун олуттуу маселесине белгилүү өлчөмдө салым, үлүш кошоруна жана ошону менен бирге мектептердин, орто кесиптик окуу жайларынын класс жетекчилери, мугалим-тарбиячылары тарабынан натыйжалуу, жемиштүү пайдаланыш мүмкүнчүлүгүнө илгери үмүттөнөбүз.

Урматтуу окурмандардан жана атуулдардан окуу-методикалык колдонмого карата иштиктүү пикирлерди жана сунуштарды күтөбүз.

# I БАП

## ПЕДАГОГИКА БОЮНЧА ТЕСТТЕР – БИЛИМДИ ТЕКШЕРҮҮНҮН, ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН ЖАНА БЫШЫКТООНУН ЫГЫ

### 1.1. ПЕДАГОГИКАНЫН ПРЕДМЕТИ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ[1]

**ӨӨТБ**

***I. Педагогика деген эмне? Сунушталган жооптордон туурасын тандаңыз жана ал жооптун ырастыгын негиздеңиз.***

1. Педагогика баланын өсүп-өнүгүүсүнүн мыйзамченемдүүлүктөрүн үйрөнөт жана аны тарбиялоо жолдорун аныктайт.
2. Педагогика – бул, адамдарды тарбиялоо, окутуу жана билим берүү жөнүндөгү илим.
3. Педагогика – бул, тарбиялануучунун дүйнөгө көз карашын калыптоо максатын көздөгөн, тарбиячынын ага таасир этүү искусствосу.
4. Педагогика – өсүп келе жаткан жаш муундарды окутуу жана аларга билим берүү маселелерин үйрөнөт.
5. Педагогика – бул адамды тарбиялоо жөнүндө илим.

***II. Кайсы термин, сиздин көз карашыңызда, тарбия жөнүндөгү илимдин аракет чөйрөсүн кыйла так аныктайт?***

1. Педагогика (грекче «пайдос» - бала жана «аго» – жетелөө).
2. Андрогогика (грекче «андрос» – эркек жана «аго» – жетелөө).
3. Антропогогика (грекче «антропос» – адам).
4. Антропология (грекче «антропос» – адам жана «логос» – илим).
5. Педалогия (грекче «пайдос» – бала жана «логос» - илим).

[1] Назарыңыздагы тесттер профессор И.П. Подласыйдын окуу китебинен кыргызчаланды: Подласый И.П. Педагогика: Учебник для студентов высших пед. учеб. заведений. – М.,1996. – 432 с.: ил.

***III. Педагогика илимине кандай милдеттер коюлат?***

1. Өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо, окутуу.
2. Тарбиянын мыйзамдарын таануу, педагог-практиктердин окуу-тарбиялык процесстин теориясын билүүсүнө жетишүү.
3. Адамдардын руханий өсүп-өнүгүүсүнүн өбөлгөсү (фактору) катарында тарбияны иликтөө жана үйрөнүү.
4. Азыркы дүйнөдө адамдарды окутуу жана аларга билим берүү проблемаларын иликтөө жана үйрөнүү.
5. Адам табиятын изилдөө.

***IV. Педагогиканын илим катарында өнүгүүсүн эмне аныктады? Сунушталган жооптордон туурасын тандаңыз жана калган жооптордун толук эместигин негиздеңиз.***

1. Илим жана техниканын өнүгүүсү.
2. Балдардын бактысы жөнүндө ата-энелердин камкордугу.
3. Тукумду, мурасты сактап калуунун биологиялык мыйзамы.
4. Адамды эмгекке жана турмушка даярдоонун объективдүү зарылчылыгы.
5. Коомдук жашоо-турмушта тарбиянын ордунун жогорулашы.

***V.Окутуу деп эмнени айтабыз? Туура жоопту тандаңыз. Сунушталган жооптордун бир - экөөсүнүн каталыгын далилдеңиз.***

1. Окутуу – бул, окуучуларды турмушка даярдоо максатында мугалимдердин билимдерди берүүсү.
2. Окутуу – бул, окуучулардын билимдерди, билгичтиктерди жана ык-көндүмдүктөрдү өздөштүрүүсү максатында алардын өз алдынча окуу иштерин уюштурууну божомолдойт.
3. Окутуу – окуучуларга билимдерди, билгичтиктерди жана ык-көндүмдүктөрдү берүүгө, аларды турмушка даярдоого багытталган, мугалимдин ишмердүүлүк процесси.
4. Окутуу – бул, окуучулар тарабынан билимдердин, билгичтиктердин жана ык-көндүмдүктөрдүн системасын аң-сезимдүү жана бекем өздөштүрүүсүнө, процесстин жүрүшүндө алардын акыл жөндөмдүүлүктөрүн жана таанууучулук кызыгууларын өнүктүрүүгө, таануу методдорун өздөштүрүүлөрүнө, дүйнөгө илимий көз караштарын калыптоого багытталган мугалим менен окуучулардын ишмердүүлүгүнүн биримдиги.
5. Окутуу – бул, мугалим менен окуучулардын мамилелешүүсүнүн жүрүшүндө аларга билимдердин,

билгичтиктердин жана ык-көндүмдүктөрдүн берилүүсү жана өздөштүрүлүүсү.

***IV. Көп чекиттин ордуна керектүү сөздү же сөздөрдү коюу менен тексттеги кемди толуктаңыз.***

Тексттин оң жагындагы жоопторду кагаз тилке менен жабыңыз жана тексттеги кем толукталар замат, кагаз тилкени ылдый жылдыра олтуруңуз. Өзүңүздүн жообуңузду туура жооп менен улам текшерүүгө мүмкүндүк түзүлөт. Эгер жооптор дал келсе, тексттин кийинки фрагментин үйрөнүүгө өтүңүз. Эгер дал келбесе, анда жообуңузду тактаңыз жана катаңыздын себебин аныктоого аракеттениңиз. Мындан ары ушул типтеги өзүн-өзү текшерүү блокторун чечмелөөдө ушундай ыкманы колдонуңуз. Же болбосо, компьютерден көбөйтүп чыгарып, практикалык сабактын жүрүшүндө аларга таркатып, жоопторун башка баракка жаздыруу менен (б.а. компьютердик текстти булгатбастан) текшерүүгө болот.

| | |
|---|---|
| Илимий теория бир катар жалпы............ ......................сакталуусу менен мүнөздөлөт. | шарттардын жана талаптардын |
| Изилдөө ........................................ бөлүп алуу (аныктоо) зарыл. | предметин |
| Аны иликтөө (үйрөнүү) үчүн ............... изилдөө методдору колдонулат. | объективдүү |
| Изилдөөнүн натыйжасында ...................... ............................................ аныкталат. | мыйзамченемдүүлүктөр, мыйзамдар |
| Аныкталган мыйзамченемдүүлүктөр жана мыйзамдар педагогикалык процесстердин келечектеги жүрүшүн, өнүгүшүн ................ ............................................ мүмкүндүк түзөт. | илимий негизде көрө билүүгө |
| Педагогиканын мыйзамченемдүүлүктөрү жана мыйзамдары ................. мүнөзгө ээ. | жалпы |
| Педагогикалык теория эки, б.а. ...................... жана ......................... деңгээлдерге бөлүнөт. | теориялык, нормалык |
| Педагогикалык теориянын структуралык компоненттери: .................................................. | мыйзамченемдүүлүктөр, принциптер |
| Теория менен практика ................................ жардамы аркылуу биригет. | эрежелердин |

***VII. Педагогиканын системасына кирген илимдер кайсы группада экендигин көрсөтүңүз.***

1. Дидактика, психология, тарых, философия, тарбиянын теориясы, мектеп гигиенасы, салыштыруу педагогикасы.

2. Жалпы педагогика, курак жаш педагогикасы, социалдык педагогика, жеке окуу предметтерин үйрөнүүнүн методикасы, атайын педагогика, педагогиканын тарыхы.

3. Мектепке чейинки мекемелердин педагогикасы, мектеп педагогикасы, жогорку мектеп педагогикасы, кесиптик-технологиялык билим берүү педагогикасы.

4. Жалпы педагогика, этика, эстетика, курак жаш физиологиясы, мектепке чейинки педагогика, мектеп тарыхы.

## 1.2. ПЕДАГОГИКАНЫН ИЗИЛДӨӨ МЕТОДДОРУ

**ӨӨТБ**

***I. Түшүп калган сөздү же сөздөрдү табыңыз. Эгер каталар болсо, анын себептерин түшүндүрүңүз.***

| | |
|---|---|
| Объективдүү чындыкты таануунун жолдору, ыкмалары……………………………деп аталат. | изилдөө методдору |
| Окуп-үйрөнүлүүчү бардык кубулуштардын жана процесстердин маани-маңызына сүңгүүнүн жалпы методологиясы …..………болуп саналат. | таанып билүү теориясы |
| Педагогикалык процесстерди мүнөздөөчү белги болуп, алардын жүрүшүнүн ……………………… ………………………………………эсептелет. | бир кылка эместүүлүгү |
| Буга кошумча, педагогикалык процесстер ……………………………менен мүнөздөлөт. | кайталанбоочулугу |
| Изилдөө-сыноого катышкандардын …………… ……………жана……………………………зыян келтирилбегендей шартта уюштуруулусу зарыл. | ден соолугуна, өсүп-өнүгүүсүнө |
| Өз предметинин өзгөчөлүгүн педагогика жалаң……………………………………изилдөөн ү жүргүзүү менен компенсациялашы мүмкүн. | массалык (сыноого катышуучулардын көптүгү) |
| Ошондуктан, педагогикалык жалпылоо дайыма ……………мүнөзгө ээ болуп, бир кыйла мүнөздүү………………………………… туюнтат. | орточо, тенденцияны |

***II. Кайсы байкоону илим изилдөө методуна кошууга мүмкүн?***

1. Күзөттөгү мугалим ашканадагы тартипти байкайт.
2. Педагог компьютердик программалардын жардамы менен окуу предметинин айрым темаларын өздөштүрүү учурунда окуучулардын өнүгүүсүнө байкоо жүргүзөт.

3. Класс жетекчи окуучуларынын кийимдеринин тазалыгын, сырткы көрүнүшүн байкайт.

4. Экскурсия учурунда биология мугалими окуучулар менен биргеликте кумурскалардын жүрүм-турумдарына байкоо жүргүзүшөт.

5. Жаш мугалим өзүнүн тажрыйбалуу кесиптешинин кыйын окуу материалын баяндоо учурундагы аракеттерин байкайт.

### III.Сунушталган изилдөө методдорунун айрымдары педагогикалык байкоонун талаптарына кирбейт. Кайсылар?

1. Байкоо объектин рангдарга бөлүү.
2. Байкоо объектин ажыратуу.
3. Байкоо милдеттеринин коюлушу.
4. Байкоонун күтүлүүчү натыйжаларын алдын ала айтуу.
5. Байкоонун жыйынтыктарын сандык өлчөөнүн мүмкүнчүлүгү.
6. Алынган натыйжаларды иштеп чыгуу.
7. Байкоонун натыйжаларын белгилөө, жазуу.
8. Байкоонун пландуулугу жана иреттүүлүгү.
9. Байкалып жаткан кырдаалдарды, окуяларды каттоонун (регистрация) ылдамдыгы.

### IV.Төмөндө сунушталган аңгемелешүүлөрдүн кайсыларын илимий-педагогикалык изилдөө методу катарында атоо мүмкүн? Эмнеликтен?

1. Класс жетекчинин ата-энелер менен үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо жөнүндө аңгемелешүүсү.

2. Мугалимдин сабакка кечиккен окуучулар менен аңгемелешүүсү.

3. Коомдук жайларда өзүн алып жүрүүнүн эрежелери жөнүндө окуучулар менен аңгемелешүү.

4. Техникалык коопсуздук эрежелерин кандай түшүнүүлөрүн билүү максатында мугалим менен окуучулардын аңгемелешүүсү.

5. Окуучулардын окуу материалын өздөштүрүүгө кызыктыруунун натыйжалуу ыкмаларын аныктоо максатында мугалим менен болгон аңгемелешүү.

6. Мектеп мүдүрүнүн кызды капаланткан бала менен болгон сүйлөшүүсү.

7. Класс жетекчинин окуучулардын укуктары жана милдеттери жөнүндө аңгемелешүүсү.

### V. Төмөндө сунушталган тажрыйбалардын ичинен илимий – педагогикалык экспериментке таандык болгондорун тандаңыз. Себебин түшүндүрүңүз.

1. Мектеп аянтчасындагы өсүмдүктөрдү гибриддештирүү тажрыйбасы.

2. Буурчактын уруктарын өндүрүү тажрыйбасы.

3. Мектептин окуучулар комитетинин иш тажрыйбасы.

4. Альтернативдүү негизде мектеп мүдүрүн шайлоону өткөрүү тажрыйбасы.

5. Окутууда жеке мамилени колдонуу тажрыйбасы.

6. Компьютерлерди пайдалануу менен арифметикага окутууну ылдамдатуу тажрыйбасы.

7. Географияны окуп – үйрөнүү процессинде эң негизгилерди ажырата билүү билгичтиктерин иштеп чыгуу тажрыйбасы.

***VI. Төмөндө сунушталган эксперименттердин ичинен кайсынысы башкаларына караганда табигый экспериментке жакын? Себебин түшүндүрүңүз.***

1. Алты жаштагы балдардын нерв процесстеринин жүрүү тездигин электроэнцифалографиялык изилдөө.
2. Өспүрүмдөрдүн «кыймыл тынчсыздануулары» эксперименталдык иликтөө.
3. Эске тутууну бекемдөөгө кайталоолордун санынын таасирин эксперименталдык изилдөө.
4. Өспүрүмдөрдүн электрдик өткөрүмдүүлүгүн изилдөө.
5. Жаңы окуу куралынын натыйжалуулугун эксперименталдык текшерүү.

***VII.Таблицаны толтуруңуз. Көрсөтүлгөн белги (мис.: «процессти түзүү») кайсы методго тиешелүү болсо плюс (+), ал эми тиешеси жок болсо минус (-) белгисин коюңуз.***

| Метод | Мүмкүнчүлүк түзөт | | |
|---|---|---|---|
| | процессти түзүү | шарттарды өзгөртүүгө | гипотеза коюуга |
| Байкоо | | | |
| Табигый эксперимент | | | |
| Лабораториялык эксперимент | | | |

***VIII. Мугалимдин окуучулар үчүн түзгөн анкетасын талдагыла. Андагы кайсы суроолор ашыкча? Өзүңөрдүн варианттыңарды сунуштагыла.***

1. Сен кайсы мектепте окуйсуң?
2. Акыркы жолу сен кайсы кинофильмди көрдүң?
3. Сенин кылык-жоругуңа, кылган ишиңе эмне түрткү берет?
4. Сен тишиңди тез-тез тазалап турасыңбы?
5. Мугалимдик кесип сага жагабы?

6. Сага тарых жагабы же географиябы?

7. Сен бир айда канча китеп окуйсуң?

8. Физикадан үй тапшырмасын аткарууга канча убакыт жумшайсың?

9. Биринчи сабак, сенин оюң боюнча, саат канчада башталышы керек?

10. Сен мектептен кийин эмнелер менен алектенесиң?

***IX. «Басым түшпөгөн үндүүлөрдү туура жазуу» темасын компьютердик жол менен окуп-үйрөнүүнүн натыйжалуулугун текшерүү үчүн кандай илим изилдөө методдорун колдонуу зарыл?***

1. Кесүү методу (метод срезов).
2. Аңгемелешүү.
3. Лабораториялык метод.
4. Фактордук талдоо.
5. Тарыхый метод.
6. Байкоо.
7. Статистикалык метод.
8. Мектептин иш кагаздарын (документация) иликтөө, үйрөнүү.
9. Билинбеген көптүктөр методу.
10. Окуучулардын чыгармачылыктарынын натыйжаларын иликтөө, үйрөнүү.
11. Операциялык изилдөө.
12. Баш булактарды окуп-үйрөнүү.
13. Моделдештирүү.
14. Тажрыйбаны талдоо.
15. Табигый эксперимент.

## 1.3. ПЕДАГОГИКАНЫН АКСИОМАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

**ӨӨТБ**

**2. Түшүп калган сөздү же сөздөрдү табыңыз. Эгер каталар кездешсе, анын себептерин түшүндүрүңүз.**

| | |
|---|---|
| Баштапкы жоболор катарында далилдөөсүз кабыл алынган ырастоолор…………………… деп аталышат | аксиомалар |
| Аксиомалардын дааналыгы жана жөнөкөйлүгү ……………………………………… болуучу | өзүнөн өзү түшүнүктүү |



БИБЛИОТЕКА Омского государственного университета
ИНВ № 937701

| | |
|---|---|
| нерсе катары кабылданбашы керек. | |
| Педагогиканын узак өнүгүү процессинде бир нече ………………………………мүнөзгө ээ болгон жоболор кристаллдашкан. | аксиомалык |
| Педагогиканын аксиомалык жоболору жаңы ………………………………… жаратуу үчүн негиз (фундамент) катары кызмат аткарат. | илимий жоболорду |

**2. Түшүп калган сөздү же сөздөрдү табыңыз.**

| | |
|---|---|
| Бардык анык ырастоолордун ичинен аксиома катары кабыл алынган айрым ырастоолордун көптүгүнө негизделген илимдин бөлүмүн куруу …………………………. метод деп аталат. | аксиомалык |
| Аксиомалык метод башкы түшүнүктөрдү жана терминдерди ……………………………талап кылат. | так аныктоону |
| Аксиомалык метод башкы ырастоолордон аксиоманы туура ……………………. талап кылат. | келтирип чыгарууну |
| Педагогикада аксиомалык методду колдонуунун биринчи кадамы, таяныч түшүнүктөрдү жана терминдерди …………………………..болуп саналат. | иреттештирүү |
| Таяныч түшүнүктөр аксиомалык ырастоолор көрүнүшүнө ……….. жардамы менен келтирилет. | байламталар дын |

## 1.4. ӨСҮП-ӨНҮГҮҮНҮН ЖАЛПЫ МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДҮҮЛҮКТӨРҮ

**ӨӨТБ**

***I. Толук жоопту тандаңыз. Өсүп-өнүгүү – бул:***

1. Адамдын организминде сандык өзгөрүүлөрдүн жыйылуусу, чогулуусу.
2. Эскинин жоюлушу жана жаңынын пайда болушу.
3. Жашоо жана ишмердүүлүк процессинде адамдын социалдык жандык катары төрөлүшү.
4. Ар түрдүү факторлордун таасири астында убакыттын өтүшү менен адамдын организминде сандык жана сапаттык өзгөрүүлөрдүн болушу.
5. Адамдарда берилген сапаттарды калыптандырууну көздөгөн максатка багытталган процесс.

***I. Түшүп калган сөздү же сөздөрдү табыңыз.***

| | |
|---|---|
| Адамдын өсүп-өнүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчү болуп ……………………………….эсептелет. | карама-каршылык-тардын күрөшү |
| Карама-каршылыктар ……………… жана ……. ……… болуп бөлүнөт. | ички, тышкы |
| ………………………. менен …………………… ортосундагы карама-каршылыктар универсалдуу мүнөзгө ээ. | суроо-талаптар, мүмкүнчүлүктөр дүн |
| Өсүп-өнүгүүнүн жалпы мыйзамы мындай айтылат:………………………………………… ……………………………………………………… ……………………………………………………… | адамдын өсүп-өнүгүүсүнүн өзөгүн ички жана тышкы шарттар түзөт. |
| Биогенетикалык мыйзамды ………………… жана ………………. аныкташкан. | Геккель, Мюллер |

***III. Кайсы сапаттар ата-энелерден балдарына берилет?***

1. Ойлоонун жолдору, интеллектуалдык ишмердүүлүктүн өзгөчөлүктөрү.
2. Мүнөздүк белгилер.
3. Нерв системасынын тиби, темперамент.
4. Ишмердүүлүктүн ар кайсы түрлөрүнө болгон жөндөмдүүлүк.
5. Адамдын жеке керт башынын жөндөмдүүлүктөрү өсүп-өнүгүшү үчүн башат, негиз катары эсептелген белгилер (задатки).
6. Көздүн түсү, теринин түсү, кандын группасы, резус –фактор.
7. Социалдык тажрыйба.
8. Адеп-ахлак сапаттары.
9. Сүйлөө, эске тутуу, көңүл буруунун өзгөчөлүктөрү.
10. Эрктүүлүк, көшөрмөлүк, максатка умтулуучулук.
11. Ырайымсыздык, ач көздүк, агрессивдүүлүк.
12. Укук бузуучулукка шыктуулук.

***IV. Баланын ата-энеси араккеч болушса, бала сөзсүз ата-энесинин тагдырын кайталайт деп ойлоо мүмкүнбү?***

1. Албетте. Адамда жагымсыз тубаса белгилер (задатки) болсо, ал белгилер убакыттын өтүшү менен жанданат.

2. Тукум куучулук белгилердин инсандын туруктуу сапаттарына айланышы же айланбашы – бул окутууга, тарбиялоого жана өзүн-өзү тарбиялоого байланыштуу болот.

3. Жагымсыз социалдык чөйрө шарттарында мындай белгилерге ээ болгон бала сөзсүз өзүнүн бактысыз ата-энесинин тагдырын бөлүшөт.

4. Жагымсыз чөйрөгө туш болгондо, таза тукумду мурастаган адамга караганда мындай тукумду мурастаган адам бат эле араккечке айланат.

5. Алдын ала жыйынтык чыгаруу эртелик кылат.

***V. Окуучулардын кызыгууларын, зээндүүлүктөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү негизинен эмнеге байланыштуу болот?***

1. Максатка багытталган окуу-тарбиялык процессти уюштурууга жана жүзөгө ашырууга.
2. Табигый тубаса белгилерге.
3. Окуп-үйрөнүлгөн билимдердин, билгичтиктердин, ыктардын көлөмүнө.
4. Теңтуштары, курбалдаштары менен мамилелешүүлөрүнө.
5. Окуган китептеринин санына.

***VI. Донецкилик мугалим В.Ф.Шаталов окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүнүн жана үй шарттарынын кандайлыгына карабастан баарын ийгиликтүү окутууга жетишет. Өзүнүн ийгиликтеринин сырын Виктор Федорович: «Окуучу жеңиштүү окушу керек!» деген сөздөр менен туюнтат. Анын окуучуларынын окууда жогорку ийгиликтерге жетишүүсүндө эмне чечүүчү ролду ойнойт?***

1. Жакшы тукумду мурастоо.
2. Жагымдуу чөйрө.
3. Үй-бүлөдөгү тарбия.
4. Туура уюштурулган таануу ишмердүүлүгү.
5. Окууга мамиле.
6. Окуу предметине болгон кызыгуу.
7. Мугалимдин инсандык сапаттары.

## 1.5. КУРАК ЖАШ ЖАНА ЖЕКЕЧЕ ӨСҮП-ӨНҮГҮҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

ӨӨТБ

***I. Түшүп калган сөздү же сөздөрдү табыңыз.***

| | |
|---|---|
| Адамдын курак жашы менен анын өсүп-өнүгүүсүнүн ортосунда ……………жана ………………………орун алгандыгын байкоолор ырастайт. | байланыш, көз карандылык |

| | |
|---|---|
| Өсүп-өнүгүүнү туура башкаруу үчүн адамдын курак жашын.................................. бөлүштүрүү зарыл. | мезгилдерге |
| Курак жаш мезгилдүүлүгү - курак жашка тиешелүү болгон.......................бөлүп көрсөтүүгө негизделет. | өзгөчөлүк-төрдү |
| Жашоонун белгилүү мезгилин мүнөздөгөн анатомиялык - физиологиялык жана психикалык .................. курак жаш өзгөчөлүктөрү деп аталат. | сапаттар |

***II. Таблицаны толтуруңуз.***

| Мезгил | Курак жаш |
|---|---|
| Бөбөк | |
| | 1 жаштан 3 жашка чейин |
| Мектепке чейинки кенже курак | |
| | 5 жаштан 6 жашка чейин |
| Мектептик орто жаш курак | |
| | 15 жаштан 17-18 жашка чейин |

***III. Акселерация деген эмне? Кыйла так, толук жоопту тандаңыз.***

1. Инсандын жандуу ишмердүүлүк аракети.
2. Инсандын интеллектуалдык дараметин калыптоону ылдамдатуу.
3. Адамдын жеке керт башынын өсүп-өнүгүүсүн тездетүү.
4. Коюлган милдеттерге жетишүүдө инсандын өжөрлүгүнүн көрүнүшү.
5. Балалык жана еспүрүм курак мезгилинде инсандын дене бой жана психикасынын ылдам өсүп-өнүгүүсү.

***IV. Өсүп-өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн төмөнкү аныктамаларын толуктаңыз.***

| | |
|---|---|
| Жаш мезгилде адамдын дене жагынан өсүп-өнүгүүсү ........................., ал эми жетилген куракта ......................... ........ жүрөт. | тезирээк, акырынырак |
| Адамдын дене түзүлүшүндөгү ар бир орган өзүнүн .................. менен өсөт, ал эми дененин ар кайсы бөлүктөрү ............................................ жана ............................................ өсүп- өнүгөт. | темпи, бир кылка эмес, пропорционалдуу эмес |
| Адамдын курак жашы канчалык төмөн болсо, руханий өсүп-өнүгүүсүнүн темпи ошончолук | жогору, басаңдайт |

| | |
|---|---|
| ..............., ал эми жаштын өтүшү менен руханий өсүп-өнүгүүсүнүн темпи ............................... | |
| Адамдын руханий өсүп-өнүгүүсү ...............................жүрөт. | бир калыпта эмес |
| Адамдын өсүп-өнүгүүсүндө анын бардык сапаттарын калыптоо үчүн оптималдуу мөөнөттөр болот жана мындай мөөнөттөр ........................ ........ мезгилдер деп аталат. | сензитивдүү |
| Адамдын өсүп-өнүгүүсү кезинде анын руханий сапаттары ........................ олтурат жана бул сапаттар улам .............................. мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. | турукташып, толукталуу |

***V. Мектеп босогосун алгач аттаганда жакшы окуй жана жаза билген балдар, 2-класста айтылгандай ык-көндүмдүктөргө ээ болбой туруп, 1-класска кирген балдарга салыштырганда начарыраак окуп калгандыктары көп кездешээрин сиз эмне менен түшүндүрөсүз?***

1. Күчтүү окуучулар көп убакыттарын начар билишкен жолдошторуна сарпташып, өзүлөрү билим алышпай калышат.

2. Жакшы окуй жана жаза билген балдар окуунун абалкы мезгилдеринде өзүлөрүнүн акылынын өсүп-өнүгүүсү үчүн жарытылуу эч нерсе алышпайт. 1-класстагы сабактар алардын эмгекчилдик сапаттарын тарбиялабайт жана бул жагдайдын өз кедергисин тийгизгендиги 2 –класста тырышчаактыкты талап кылган окуу материалдары өтүлө баштаганда байкала баштайт.

3. Жакшы окуй билишкен балдар, сөздөрдүн мазмунуна ой жүгүртүшпөй, «бүкүлү» жутушат.

4. Маселеде көрсөтүлгөн кубулуш таптакыр жашабайт. 2-класстын ар бир окуучусунун ар түрдүү себептерден улам окуудагы жетишүүлөрү төмөндөшү мүмкүн, бирок бул, окуучунун мектепке киргенге дейре окууну жана жазууну үйрөнгөндүгү менен түк байланышпайт.

5. Бул денелик өсүп-өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү менен түшүндүрүлөт.

***VI. Эмнеликтен V-VI класстарда окуучулардын жетишүүлөрү жана тартиптүүлүктөрү төмөндөйт?***

1. Балдар окуудан тажашат.

2. Башталгыч класстардын мугалимдерине караганда, класс жетекчилер окуучулардын тарбиясына аз көңүл бурушат.

3. Жаңы талаптарга, окуунун шарттарынын өзгөрүшүнө окуучу ичтен даяр эмес.

4. Башталгыч мектеп 5-класста окуу үчүн зарыл болгон жетиштүү өнүгүүнү камсыздабайт.

5. Иштин жөн жайы бул курак жаштагы мектеп окуучуларынын өсүп-өнүгүү өзгөчөлүктөрүндө.

***VII. Окуучулардын тандашкан кесиптери жана адистиктери боюнча билимдерин улантышарына болгон чыныгы даярдыктарын эске алуу менен 10 (11)- классты комплектилөө туура болобу? Эмне себептен?***

1. Даярдыктары жана кызыгуу багыттары бирдей деңгээлдеги окуучулар менен 10 (11)-классты комплектилөө билим берүүнүн сапатын көрүнөрлүк жогорулатууга мүмкүндүк түзөт.

2. Туура эмес. 9 (10)-класстын бардык бүтүрүүчүлөрү билимдерин улантууга бирдей жакшы даярдыкта болушат.

3. Бир классты жалаң күчтүү окуучулар менен ал эми башкасын орто жана начарлар менен комплектилөө туура эмес. Класста күчтүүлөр да, начар билишкен окуучулар да болушу керек. Күчтүү билгендер окууда начарларга жардамдашышы зарыл, ошентип, алардын ортосундагы жолдоштук жана достук сезимдер тарбияланат.

4. Окутууну дифференцирлөө элиталык мектептердин, класстардын пайда болушун жаратат жана бул социалдык акыйкаттуулуктун принциптерине каршы келет.

***VIII. Түшүп калган сөздү же сөздөрдү табыңыз.***

| | |
|---|---|
| Адамдын индивидуалдуулугу анын ………… …………………………………………………………… көрүнөт. | жеке керт башына мүнөздүү өзгөчөлүктөрдөн |
| Жеке керт башындагы айырмачылыктардын пайда болушу, ар бир адам ………………… ……………………өзүнчө өзгөчө жолун басып өтүүсү менен байланыштуу. | өсүп-өнүгүүнүн |
| Педагогдордун бир бөлүгү, мектеп, балдардын жеке керт башынын өзгөчөлүктөрүн эске …………………………… деген пикирди карманышат. | албашы керек |
| Ата-Мекендик педагогика болсо, тарбия …… …………………………………………………жөнүндө билимге таянуунун зарылдыгын ырастайт. | жеке керт башка тиешелүү өзгөчөлүк |

| | |
|---|---|
| Окуучуга карата жекече мамиле -анын инсанын …………………… негизденет. | үйрөнүүгө |
| Жеке мамиле, ар бир жекече окуучуга карата тарбиянын максатын жана мазмунун ыңгайлаштыруудан эмес, окуу-тарбия ишинин…………………………………………… ……… билгичтик менен тандоодон көрүнөт. | методдорун, каражаттарын жана формаларын |

## 1.6. ТАРБИЯНЫН МАКСАТТАРЫ

**ӨӨТБ**

***I. Түшүп калган сөздү же сөздөрдү табыңыз.***

| | |
|---|---|
| Тарбиянын максаты – бул ………………… ………………… белгилүү бир чек. | тарбия умтулган |
| Тарбиянын максаты – бул, кошумча түрдө тарбия чечкен ……………………………… | милдеттердин системасы |
| Тарбиянын максаттары …………………жана ……………….. болуп бөлүнөт. | жалпы, жеке |
| Тарбиянын жалпы максаттарын аныктоодо дайыма чечүүчү фактор болуп ……………. ………………………. эсептелет. | саясат, идеология |

***II.Тарбиянын максаттарын аныктоого кайсы жалпы факторлор таасирин тийгизет?***

1. Ата-эненин талаптары.
2. Коомдук суроо – талаптар, муктаждыктар.
3. Кеменгер адамдардын көз караштары жана умтулуулары.
4. Өндүрүштүн муктаждыктары.
5. Адамды тарбиялоонун идеалы.
6. Коомдун экономикалык абалы.
7. Ислам жана башка диндердин талаптары.
8. Үстөмдүк кылган таптын талаптары.
9. Өндүрүш жолдору.
10. Мугалимдердин жана тарбиячылардын мүмкүнчүлүктөрү.
11. Тарбиялануучулардын физиологиялык жана психикалык мүмкүндүктөрү.
12. Коомдун цивилизациялык деңгээли.
13. Мамлекеттик идеология жана саясат.
14. Педагогикалык илим жана практиканын өнүгүү деңгээли.
15. Окуу-тарбиялык мекеменин мүмкүнчүлүктөрү.

***III. Азыркы жалпы билим берүүчү мектеп кандай тарбиялык максат коёт? Туура эмес жоопту аныктагыла.***

1. Инсандын акыл, адеп-ахлак, эмоционалдык жана дене жагынан өсүп-өнүгүүсүнө жардам берүү.
2. Адамдын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн ачуу.
3. Жалпы адамзаттык асыл дөөлөттөргө негизделген коммунисттик көз карашты калыптоо.
4. Гумандуу мамилелерди өнүктүрүү.
5. Баланын инсанынын курак жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен анын гүлдөп өнүгүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү.

***IV. Кандай позицияларда формулировкаланганын тактаңыз:***

а) азыркы мектептин тарбиялык жалпы максаты;
б) тарбиянын курамдык бөлүктөрү;
в) тарбиянын конкрет милдеттери.

1. Тарбияны гумандаштыруу.
2. Тарбияны гуманитардаштыруу.
3. Эмгек тарбиясы жана политехникалык билим берүү.
4. Эстетикалык тарбия.
5. Инсанды ар тараптуу жана шайкеш өнүктүрүү.
6. Акыл тарбиясы.
7. Атеисттик тарбия.
8. Идеялык-саясий тарбия.
9. Дене тарбиясы.
10. Тарбияны демократташтыруу.
11. Адеп-ахлак тарбиясы.
12. Экологиялык тарбия.
13. Атуулду тарбиялоо.
14. Кесиптик билим берүү.
15. Кесипти тандоого даярдоо.

***V. Чет өлкөлүк педагогикалык ар түрдүү концепциялар:***

а) прагматизмдин;
б) неопозитивизмдин;
в) экзистенциализмдин;
г) неотомизмдин;
д) бихевиоризмдин

маңызын аныктаган төмөнкү тизмектеги мүнөздүү белгилердин кайсы концепцияга тиешелүүлүгүн тандагыла.

1. Тарбиянын максаты – христиан дининдеги адеп-ахлак.
2. Тарбия мындай схема боюнча өнүгөт: «түрткү берүү – реакция – бекемдөө».
3. Тарбияны турмушка жакындатуу.
4. Тарбиянын идеалын индустриал коомдун талаптарына дал келтирүү.
5. Тарбиянын негизинде баланын кызыкчылыгы жатат.
6. Тарбия системасын толук гумандаштыруу.
7. Инсан өзүн эркин көрсөтүүсү.
8. Адам өзүн-өзү жасоого тийиш.
9. Коллектив инсандын калыптанышына зыян, залака тийгизет.
10. Кудайга ишенимди тарбиялоо.
11. Илим тарбиянын максаттарын аныктоого алсыз.
12. Инсандын кылык-жоругунун толук эркиндиги.
13. Тарбиянын идеологиялардан, дүйнөгө көз караштык идеялардан арылышы, тазаланышы.
14. Адамдык «Мен»дин өсүп-өнүгүшү.
15. «Операнттык жүрүм-турумду» калыптоо.
16. Педагогикалык теорияга ишенбөөчүлүк.
17. Тарбия адамга жардам бербейт.
18. Башкысы – сезимдерди, интуицияны, көңүлдөрдү өстүрүү, өнүктүрүү.
19. Практикалык ишмердүүлүк жолунда тарбиянын максаттарына жетишүү.
20. Жан дүйнөнү, дилди тарбиялоо.
21. Жандуулукту жана өз алдынчалыкты өнүктүрүү.
22. Тарбиянын милдети – рационалдуу ой жүгүрткөн адамды тарбиялоо.
23. Сциентизм.
24. Өзгөчөлүгүн сактоо.

## 1.7. ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРОЦЕСС

**ӨӨТБ**

***I. Түшүп калган сөздү же сөздөрдү толуктаңыз.***

| | |
|---|---|
| Педагогикалык процесс – бул ……………………………процесстеринин биримдигине негизделген система. | окутуу, тарбиялоо, өстүрүү-өнүктүрүү |
| Педагогикалык процесс жүргөн системанын компоненттери:………………………… ……………………………болуп саналат. | педагогдор, шарттар, тарбиялануучулар |

| | |
|---|---|
| Педагогикалык процесс …………………… ………………………………………………… ………………. компоненттерге ээ. | максаттык, мазмундук, ишмердик, натыйжалык |
| Бул компоненттердин арасында ………… ………… жашайт жана аларды ачып көрсөтүү жана эске алуу зарыл. | байланыштар |

***II. Туура жоопту тандаңыз. Педагогикалык процесстин бүтүндүгү эмнеден көрүнөт?***

1. Бардык процесстерди, эң башкы, жалпы жана бирдиктүү максатты – ар тараптуу жана шайкеш өсүп – өнүккөн инсанды калыптандырууга багыттоодон.

2. Педагогикалык процессти түзүүчү процесстер өз ара көп жалпылыктарга ээ болгондуктан.

3. Педагогикалык процессти түзүүчү бардык процесстер бирдей шарттарда жүргөндүктөн.

4. Педагогикалык процесс курамдык бөлүктөргө бөлүнбөгөндүктөн.

5. Педагогикалык процессти түзүүчү процесстердин арасында айырма болгондуктан: бардык процесстер бир максатка, бирок ар түрдүү жолдор менен алып барат.

6. Педагогикалык процессти түзүүчү бардык процесстер жалпы методологиялык негизге ээ болгондуктан.

***III. Педагогикалык процесстин этаптарынын жыйынтык таблицасын чогуу түзөлү. Түшүп калган саптарды толтуруңуз же этаптардын тизмесин түзүүгө аракеттениңиз. Эгер кыйнала берсеңиз, анда айрым учурда жоопту пайдаланыңыз.***

| Педагогикалык процесстин этаптары | |
|---|---|
| Даярдануу 1)………………………………… | Корутунду |
| 2)……………………………Жүзөгө ашыруу | Талдоо |
| Максатты педагогикалык жоромолдоо Аракеттенишүү | Пайда болгон четтөөлөрдү аныктоо |
| 3)……………………………………… Тескери байланышты уюштуруу | Каталарды билүү 4) …………… |
| Прогноздоо Долбоорлоо | Каталарды жоюу боюнча иш чараларды долбоорлоо |
| 5)……………………………………… 6)……………………………………… | |

## 1.8. ОКУТУУ ПРОЦЕССИ

**ӨӨТБ**

***I. Сунушталган аныктамаларды синтездеп, окутуу процессинин маңызын айгинелегиле.***

1. Окутуу процессинин маңызы-окуучуларга билим берүү.
2. Окутуу процессинин маңызы-окуучулардын билимдерди өздөштүрүүсүндө.
3. Окутуу процессинин маңызы-таануу иш аракеттерин башкарууда.
4. Окутуу процессинин маңызы-билимдерди, билгичтиктерди, ык-көндүмдүктөрдү өздөштүрүүлөрүнө жетишүүдө.
5. Окутуу процесси-бул мугалим менен окуучулардын ишмердүүлүктөрүнүн биримдиги.
6. Окутуу процесси-окуучулардын интеллектин өстүрүү-өнүктүрүүгө, акыл ишмердигинин билимдерин жана жолдорун калыптандырууга, алардын шыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган мугалим менен окуучулардын биримдүү ишмердүүлүктөрүн башкаруу процесси.
7. Окуу процессинде окуучуларды тарбиялоо жана өстүрүү-өнүктүрүү ишке ашат.
8. Окуу процессинин башкы максаты-окуучулардын акыл ишмердиктерин башкаруу.
9. Окуу процессинин маңызы окууну уюштурууда турат.
10. Окутуу процесси окуучулардын дүйнөгө көз караштарын калыптоого багытталган.

***II.Тизмектеги альтернативдердин ичинен дидактиканын негизги категорияларын (түшүнүктөрүн) ажыратыңыз:***

1) тарбия; 2) билим берүү; 3) өстүрүү-өнүктүрүү; 4) билгичтик; 5) ык-көндүмдүктөр; 6) окутуу; 7) класстык-сабак системасы; 8) окуу; 9) структура; 10) билимдер; 11) класс; 12) максат; 13) мазмун; 14) натыйжа; 15) уюштуруу; 16) форма; 17) метод; 18) каражаттар; 19) альтернатива; 20) процесс; 21) таксономия; 22) калыптоо; 23) компьютерлештирүү; 24) жыйынтыктар.

***III. Дидактика деп эмнени айтабыз? Сунушталган жооптордон бир туурасын тандаңыз жана калган жооптордун ката экендигин негиздеңиз.***

1. Дидактика-бул инсандын өсүп-өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө өзүнчө илим.

2. Дидактика-бул баланын инсанын калыптоонун мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө илим.

3. Дидактика деп жаш муундарга тарбия жана билим берүү жөнүндөгү педагогиканын бөлүмү аталат.

4. Дидактика – окутуу жана билим берүүнүн теориясын иштеп чыгуучу педагогиканын тармагы.

5. Дидактика тарбиялоочу окутуу процессин үйрөнөт.

***IV. Түшүп калган сөздү табыңыз.***

Дьюи боюнча "Ойлоонун толук акты" төмөнкүдөй баскычтарга ээ:

1)……………………….сезүү;

2) ……………………….формулировкалоо;

3)……………..сунуш кылуу;

4) гипотезаны логикалык текшерүү;

5) коюлган гипотезага ылайык иштөө.

***V. Туура жоопту тандаңыз жана калган жооптордун ката экендигин далилдеңиз.***

**Окутуу процессинин милдеттери- бул,**

1. Түшүнүктүүлүк, ассоциация, система, метод.

2. Кыйынчылыкты сезүү, проблеманы формулировкалоо, гипотезаны сунуш кылуу, гипотезаны логикалык текшерүү, коюлган гипотезага ылайык иштөө.

3. Билимдерди окуп-үйрөнүүгө даярдоо, таанып билүүчүлүк проблеманы чечүү, өздөштүрүлгөн билимдерди жалпылоо жана иреттештирүү, практикада колдонуу.

4. Даярдоо, баяндоо, мурда алынган билимдер менен байланыштыруу, жалпылоо, колдонуу.

5. Ачыктык, баяндоо, жалпылоо, система, метод.

***VI. Төмөнкүлөр окутуу процессинин звенолору (этаптары) болуп саналарын соңку дидактика ырастайт:***

1. Ишке даярдоо, жаңы материалды баяндоо, алдыңкы идеяларды көрсөтүү, өздөштүрүү даражасын текшерүү.

2. Проблеманы калыптоо, кыйынчылыкты анык-тоо, гипотезаны сунуш кылуу, гипотезаны текшерүү, билимдерди алуу, билимдерди иретке салуу.

3. Проблеманы коюу, маалыматты кабылдоо, окуп-үйрөнүлгөндү бышыктоо, билим-дерди колдонуу, жетишкендикти талдоо.

4. Максатты аныктоо, маалыматты аңдоо, туюу, маалыматты кабылдоо, билимдер-ди, билгичтиктерди текшерүү, иреттештирүү.

5. Туура жооп жок.

***VII. Төмөндө сунушталган тизмеден окуу процессинин жемишин (продукт) мүнөздөөчү компоненттерди аныктагыла:***

1) билимдер; 2) билгичтиктер; 3) ык-көндүмдүктөр; 4) эмгек куралы; 5)идеялык жетилгендик; 6) дүйнөгө атеисттик көз караш; 7) дүйнөнү баамдоо, туюу, дүйнөнү түшүнүү; 8) билимдүүлүк; 9) көптү билүүчүлүк; 10) интеллектин сапаты; 11) акылдын өсүп-өнүгүүсү; 12) тарбиялангандык; 13) демократташтыруу; 14) гумандаштыруу; 15) окуй билүүчүлүк; 16) билимдерге зарылдык; 17) акселерация; 18) жандуулук; 19) эмгекти сүйүү; 20) образдуулук; 21) чыдамкайлык; 22) өзүн–өзү сындоо; 23) интернационализм; 24) кесипке багыттоо.

***VIII. Сиздерге белгилүү бардык дидактикалык системаларда окутуунун максаттары бири-бирине дал келеби?***

1. Ооба. 2. Жок. 3. Жарым-жартылай. 4. Билбейм. 5. Суроо туура эмес коюлган.

***IX. Бардык дидактикалык системалардын максаттарынын жарым-жартылай дал келүүсү эмне менен түшүндүрүлөт? Өзүңүздүн тууралыгыңызды далилдеңиз.***

1. Окутуу жана билим берүү түбөлүктүү өлбөс-өчпөс баалуулук болгондугу менен.
2. Адамдын ой жүгүртүүсүнүн ийкемсиздиги менен.
3. Мектептин инерттүүлүгү менен.
4. Түзүлгөн программаларды алмаштыруунун кыйындыгы менен.
5. Педагогдордун жаңы идеяларды ишке ашырууну каалабагандыктары менен.

***X. Билим берүүнүн мазмунун сиз кандай түшүнөсүз?***

1. Билим берүүнүн мазмуну – бул мектепте окуп – үйрөнүлүүчү окуу предметтеринин тизмеси, ар бир предметти окуп-үйрөнүүгө бөлүнгөн сааттын саны жана темалардын, бөлүмдөрдүн көрсөтүлүшү.

2. Билим берүүнүн мазмуну деп, ар бир окуучу өзүнүн өсүп-өнүгүүсүн, кызыгууларын, шыктарын, каалоолорун канааттандыруу үчүн ылганган билимдердин жыйындысын түшүнүүсү.

3. Билим берүүнүн мазмуну – бул мектепте окуп-үйрөнүү үчүн тандалган билимдердин, билгичтиктердин системасы жана аларды өздөштүрүү окуучуларды ар тараптуу өстүрүү, өнүктүрүү үчүн

алардын таанууучулук кызыгууларын, ой жүгүртүүлөрүн калыптоо жана эмгек ишмердигине даярдоонун негизи болуп саналат.

4. Туура жооп жок.
5. Билбейм.

***XI. Сунушталган системалардын аталыштарынын ичинен окуу процессинин мазмунун калыптаган системаларды тандаңыз.***

Бул: 1) максаттар системасы; 2) суроо – талаптар жана керектөөлөр системасы; 3) социалдык жана илимий жетишкендиктер системасы; 4) ата-энелердин каалоо-сунуштарынын системасы; 5) коомдук муктаждыктар системасы; 6) жеке керектөөлөр системасы; 7) мүмкүнчүлүктөр системасы; 8) окутуу методдорунун системасы; 9) окутуу принциптеринин системасы; 10) педагогикалык ниеттенүүлөр системасы.

***XII. Мектептик билим берүүнүн мазмуну кандай талаптарды канааттандырышы керек?***

1) Илимийлүүлүк; 2) кызыктуулук; 3) дүйнөгө илимий көз карашты калыптоо; 4) удаалаштык; 5) тарыхыйлуулук; 6) политехнизмдин талаптарына жооп берүүсү; 7) идеялуулук; 8) окутуунун жеңилдиги; 9) турмуш менен байланыштуулук; 10) ireттүүлүк; 11) жеткиликтүүлүк; 12) жүктүн оптималдуулугу; 13) кесиптик ишмердикке даярдоо; 14) партиялуулук; 15) аң сезимдүүлүк жана жандуулук; 16) улантуучулук; 17) патриоттуулук; 18) курак жаш мүмкүнчүлүгүнө жана даярдык деңгээлине ылайык келүүчүлүк; 19) улуттук өзгөчөлүктөрдүн чагылуусу; 20) бардык окуу жайларында окутуунун биримдиги; 21) окуу материалдарын генеризациялоо; 22) экологиялык багыттуулук; 23) билимдерди интеграциялоо; 24) гумандаштыруу; 25) жаңы маалыматтык технологияны ишке кийирүү.

***XIII. Окуу программасы дегенди сиз кандай түшүнөсүз?***

1. Окуу программасы окуу предметтерин окуп – үйрөнүүнүн тартибин, алардын ар бирине бөлүнгөн сааттардын санын, ар бир чейректин башталышын жана аякталышын аныктайт.
2. Окуу программасында ар бир окуу предмети боюнча билимдердин көлөмү жана мазмуну, окуу курсунун белгилүү темаларын, суроолорун окуп-үйрөнүүгө берилген сааттардын саны аныкталган.
3. Окуу программасы катарында мындай документти түшүнүү керек жана ал документте белгилүү класста окуп – үйрөнүлүүчү окуу предметтеринин тизмеси, ар бир предметти окуп-үйрөнүүгө бөлүнгөн сааттын саны көрсөтүлөт.

***XIV. Окуу планы дегенди сиз кандай түшүнөсүз?***

1. Окуу планы - бул, мектепте окуп – үйрөнүлүүчү окуу предметтеринин тутумун, окуу жылдары боюнча аларды окуп – үйрөнүүнүн тартибин, ар аптага жана ар бир окуу жылына бөлүштүрүлгөн сааттардын санын жана көлөмүн, окуу жылынын түзүлүшүн аныктоочу сертификат.

2. Окуу планы окуу предметтеринин санын, ошондой эле ар бир окуу предмети боюнча материалдардын мазмунун аныктайт.

3. Окуу планында предметтер боюнча окуу материалынын мазмуну, темаларды, бөлүмдөрдү окуп – үйрөнүүгө берилген сааттын саны, окуу жылынын башталышы жана аякталышы, каникулдардын мөөнөттөрү ачык көрсөтүлөт.

## 1.9. ОКУТУУНУН ФАКТОРЛОРУ. ДИДАКТИКАЛЫК СЕБЕПТЕР ЖАНА ФАКТОРЛОР

**ӨӨТБ**

***I. Дидактикалык фактор деп эмне аталат?***

1. Окуу процессинин жүрүшүнө жана натыйжалуулугуна таасир көрсөтүүчү ар кандай себеп аталат.
2. Дидактикалык фактор – бул жок дегенде эки дидактикалык өзгөрмөлөрдөн (конкреттүү себептерден) келип чыккан олуттуу себеп.
3. Бул дидактикалык процессти талдоонун жүрүшүндө бөлүнүп алынган өзгөрмө.
4. Окутуунун факторлору жалпы, жеке жана генералдык себептердин жыйындысынан түзүлөт.
5. Бул окуу процессине таандык себеп.

***II. Жемиштүүлүктү жаратуучу фактор (продуктогенный фактор) деген эмне?***

1. Бул окуу процессинин жемиштүүлүгүнө таасир көрсөтүүчү жөнөкөй себеп.
2. Бул окуу процессинин жүрүшүнө таасир көрсөтүүчү ар кандай себеп.
3. Бул дидактикалык процесстин фактору.
4. Бул окутуу процессинин өзгөчөлүү фактору.
5. Бул бир нече жөнөкөй себептерди бириктирүү.

***III. Дидактикада факторлук талдоонун милдеттери эмнеде?***

1. Дидактикалык негизги категориялардын маңызын аныктоодо.
2. Дидактикалык процесстин милдеттерин аныктоодо.
3. Жемиштүүлүктү жаратуучу себептерди мүнөздөөдө.
4. Окутуунун факторлорун ажыратуу, аныктоо,талдоо, изилдөө, алардын арасында иерархиялык көз карандылыкты орнотуу.
5. Жемиштүүлүктү жаратуучу себептерден окутуунун факторлорун конструкциялоо.

***IV. Корреляция коэффициентин эмне аныктайт?***

1. Жемиштүүлүктү жаратуучу себептердин сапаттык мүнөздөмөлөрү.
2. Окутуунун жемиштүүлүгүнө таасир көрсөтүүчү ар түрдүү себептердин (факторлордун) сандык мүнөздөмөлөрү.
3. Эки факторлордун (себептердин) ортосундагы сандык байланыштар.
4. Окутуунун жемиштүүлүгүнө факторлордун жалпы таасири.
5. Факторлор аралык биримдиктин мүнөздөмөсү.

***V. Төмөндө саналган жемиштүүлүктү жаратуучу себептер өзүнө кайсы генералдык факторлорду бириктирет?***

1. Жалпы даярдыктын деңгээли. Окутуунун мотиви. Окуучулардын ой жүгүртүүлөрү. Билимдерди өздөштүрүү темптери.
2. Билимдерди кабылдоонун убакыты. Окутуу аяктагандан кийинки өткөн убакыт. Билимдерди кайталоого жумшалган убакыт. Иреттештирүүгө жумшалган убакыт.
3. Окуу материалынын мазмуну. Маалыматтын саны. Билимди баяндоонун формасы. Окуу материалынын сапаты.
4. Окутуунун методдору. Уюштуруу формалары. Текшерүү жана контроль. Окутуу шарттары.
5. Туура жооп жок.

***VI. Көп чекиттин ордун толтуруңуз. Биринчи ондукка кирген жемиштүүлүктү жаратуучу кыйла маанилүү себептерди жазыңыз:***

1. Окутуунун мотиви
2. ..............................
3. ..............................
4. ..............................

| | |
|---|---|
| 5. Окуу эмгегинин көлөмү | 8. Окууну стимулдаштыруу |
| 6. ............................... | 9. ............................... |
| 7. ............................... | 10. ............................... |

## 1.10. ОКУТУУНУН МЫЙЗАМЧЕНЕМДҮҮЛҮКТӨРҮ

**ӨӨТБ**

***I. Түшүп калган сөздүн же сөздөрдүн ордун толтуруңуз.***

| | |
|---|---|
| Азыркы мектепте колдонулган айрым .......... ..................... алгачкы коомдо эле белгилүү болгон. | эрежелер |
| Активдүү педагогикада көптөгөн маанилүү жалпылоолор формулировкаланган жана алар кийин окутуунун ............................... ............................... формулировкалоодо негиз катарында кызмат кылган. | мыйзамченемдүүлүктөрүн |
| Я.А.Коменский дидактиканы тематикалык белгилери боюнча: .............................. группалаштырылган эрежелердин системалары көрүнүшүндө караган. | |
| Ф.А.Дистервег эрежелердин санын ......... чейин жеткирген жана аларды 1).............. ........., 2)............................., 3)................. карата объекттер боюнча группалаган. | 33 кө, мугалимге, окуу предметине, окуучуга |

***II. Түшүп калган сөздүн же сөздөрдүн ордун толтуруңуз.***

| | |
|---|---|
| Э.Торндайк 3 мыйзамды формулировкалаган: 1)........................ мыйзамын; 2)........................ мыйзамын; 3) ........................ мыйзамын. | эффект, даярдык, кайталоо |
| Э.Мейман 3 мыйзамды: 1) ........................, 2).........................., 3)......................... формулировкалаган. | ........................ ........................ ........................ |
| К.Халлдын мыйзамы ......................... менен ............................... арасындагы байланышты туюнтат. | ык-көндүмдүктөрдүн күчү, сынактардын санынын |

***III. Таблицаны толтуруңуз.***

| Мыйзам ченемдүүлүк | Аракет чөйрөсүнө кайсы факторлор кошулат |
|---|---|
| Окутуунун максаты | 1)……………………………<br>2) коомдун мүмкүнчүлүктөрү жана муктаждыктары<br>3)……………………………. |
| …………………………… | 1) коомдук муктаждыктар жана окутуунун максаттары<br>2) ……………………………,<br>3)……………………………,<br>4)……………………………,<br>5)……………………………, |
| Окутуунун методдорунун | 1) ……………………………,<br>2) окутуунун максаттары,<br>3) ……………………………,<br>4) ……………………………,<br>5) ……………………………,<br>6) ……………………………,<br>7) ……………………………. |
| Окутууну стимулдаштыруунун | 1) ички стимулдар,<br>2) ……………………………. |
| ……………………………<br>…….. | 1) мурдакы этаптын жемиштүүлүгү,<br>1) ……………………………,<br>2) ……………………………,<br>3) ……………………………,<br>4) окутуунун убакыты. |

## 1.11. ОКУТУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА ЭРЕЖЕЛЕРИ

**ӨӨТБ**

***I. Окутуунун принциптери дегенде сиз эмнени түшүнөсүз? Сунушталган жооптордун ичинен бирөө туура. Туура жоопту көрсөтүңүз жана калгандарынын каталыктарын далилдеңиз.***

1. Окутуунун принциптери – бул окуучулардын таануу ишмердиктерин уюштуруунун жолдорун көрсөткөн баштапкы мыйзамченемдүүлүктөр жана эрежелер.

2. Дидактиканын принциптери дегенде тарбиянын жана окутуунун максаттарына ылайык окуу ишинин мазмунун, анын

методдорун жана уюштуруу формаларын аныктаган баштапкы жоболорду түшүнүү керек.

3. Окутуунун принциптери – коомдук – экономикалык формациянын керектөөлөрүнө ылайык мугалимдин окутуучулук ишинин методдорун жана жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн туюнтат.

***II. Дидактикалык принциптен дидактикалык эреженин айырмасы эмнеде? Туура жоопту табыңыз.***

1. Эрежелер принципти конкреттештирет. Принцип жалпы мыйзамченемдүүлүк мүнөзүнө ээ; эреже, окутуунун принцибинен келип чыгып, педагогикалык белгилүү кырдаалда колдонулуучу аракеттерди чагылтат. Эреже мугалимге, практикалык иште дидактикалык принципти кантип ишке ашыруу керектигин көрсөтөт.

2. Эреже жалпы мыйзамченемдүүлүктүн көрүнүшү болуп саналат. Дидактикалык принцип эрежеден келип чыгат жана эрежеге баш ийет.

3. Эреже принциптен айырмаланып, субъективдүү мүнөзгө ээ. Мугалим ар бир айрым учурда өзүнүн субъективдүү пикирине таянып, эреже иштеп чыгат. Принцип, болгону, эрежелердин уландысы болуп саналат.

***III. Сунушталган окутуу принциптеринин тизмегинен жалпы таанылгандарды (б.а. дээрлик бардык окуу китептеринде принцип катарында таанылгандарды) бөлүп алгыла.***

1. Аёо сезимдүүлүк.
2. Алкоо.
3. Жандуулук.
4. Үчтүүлүк.
5. Оптималдуулук.
6. Көрсөтмөлүүлүк.
7. Системалуулук.
8. Эмоционалдуулук.
9. Удаалаштык.
10. Бекемдүүлүк.
11. Жеткиликтүүлүк.
12. Илимийлүүлүк.
13. Теориянын практика менен байланышы.
14. Пландуулук.
15. Курак жаш өзгөчөлүктөрдү эске алуу.
16. Өз учурундалык.
17. Аракеттүүлүк.
18. Мугалимдин жетектөөчү ролу.
19. Өзүн-өзү контролдоо.

***IV. Бул эрежелер окутуунун кайсы принцибине таандык: «Жеңилден кыйынга; белгилүүдөн белгисизге; жөнөкөйдөн татаалга?»***

1. Көрсөтмөлүүлүк.
2. Илимийлүүлүк
3. Жеткиликтүүлүк.

4. Теориянын практика менен байланышы.
5. Удаалаштык жана ireттүүлүк.

***V. Бул эреже кайсы принципке таандык: «Окуучуну себептүү ойлонууга үйрөтүү үчүн мүмкүн болушунча «Эмне себептен?» деген суроону көп коюңуз: себеп – натыйжалуу байланыштарды түшүнүү – өнүктүрүүчү окутуунун зарыл шарты».***

1. Аң сезимдүүлүк жана жандуулук.
2. Көрсөтмөлүүлүк.
3. Жеткиликтүүлүк.
4. Илимийлүүлүк.
5. Теориянын практика менен байланышы.

***VI. Бул эреже: «Окуучулардын байкоолорун ireттештирүүгө жана байкоолор жүргүзүүнүн иретине карабастан аларда себеп – натыйжа мамилелеринин коюлушуна көңүл буруңуз» кайсы принципке таандык?***

1. Илимийлүүлүк.
2. Көрсөтмөлүүлүк.
3. Теориянын практика менен байланышы.
4. Жеткиликтүүлүк.
5. Системалуулук жана удаалаштык.

***VII. Бул эреже кайсы принципке таандык: «Окуучунун ишмердүүлүктүн бир түрүндөгү ийгиликтеринен башка түрдөгү ишмердүүлүктөгү ийгиликтерине өткүлө, бышыктагыла, өнүктүргүлө: кез-кездеги ийгиликтерден туруктуу жогорку жетишкендиктерге карай баргыла?»***

1. Теория менен практиканын байланышы.
2. Бекемдик.
3. Илимийлүүлүк.
4. Системалуулук жана удаалаштык.
5. Аң сезимдүүлүк жана жандуулук.

***VIII. Бул эреже кайсы принципке таандык: "Сабак берүүнүн методдорунда илимди таануунун методдорун чагылткыла, окуучулардын ойлоосун өнүктүргүлө, аларды таанууучулук, изденүүчүлүк, чыгармачылык эмгекке көнүктүргүлө?»***

1. Көрсөтмөлүүлүк.
2. Илимийлүүлүк.

3. Жеткиликтүүлүк.
4. Бекемдик.
5. Теориянын практика менен байланышы.

## 1.12. ОКУТУУНУН МЕТОДДОРУ

**ӨӨТБ**

***I. Окутуунун методу дегенде эмнени түшүнүү керек? Сунушталган жооптордон туурасын тандаңыз жана калган жооптордун каталыгын же толук эместигин далилдеңиз.***

1. Окутуунун методу – бул окуучуларга билимдерди берүү максатында мугалимден окуучуларга ойдун өтүү жолдору.
2. Окутуунун методу дегенде окуу процессин уюштурууну аныктаган баштапкы мыйзамченемдүүлүктөрдү дагы түшүнүү керек.
3. Окутуунун методу – таануу ишмердиктерин уюштуруунун жолун көрсөткөн логикалык категория болуп саналат.
4. Окутуунун методу – бул окутуунун максаттарына жетүүгө багытталган педагог жана окуучулардын иреттүү ишмердүүлүгү.
5. Окутуунун методу – бул мугалим менен окуучулардын кызматташтыгынын жолу.

***II. Анализ, синтез, индукция, дедукцияны окутуунун методдору деп эсептөө мүмкүнбү? Философия, педагогика, психология илимдериндеги билимдерге таянып, альтернативаларды талдаңыз жана туура жоопко келиңиз жана ошону менен бирге окутуунун индуктивдүү жана дедуктивдүү методдорун бөлүп көрсөтүүнүн тууралыгына болгон мамилеңизди аныктаңыз.***

1. Мүмкүн. Анткени, алар билим алуунун жолун көрсөтөт.
2. Анализ, синтез, индукция жана дедукция окуучулардын ой жүгүртүүлөрүнүн негизги формалары болуп саналат жана алардын жардамы менен билим алышат, демек, бул окутуу методдорунун өзү.
3. Анализ, синтез, индукция жана дедукция дидактиканын эмес, психологиянын категориялары болуп саналышат, ошол себептүү, окутуунун методуна алардын эч кандай тиешеси жок.
4. Анализ, синтез, индукция жана дедукция окутуунун эмес, логикалык ойлоонун методдору болуп саналат. Ошондуктан, аларды окутуу методдору деп эсептөө туура болбойт.

5. Мүмкүн эмес. Анткени, индукция жана дедукция окутуунун максаттарына жетүүгө алып барбайт.

***III. Айрым гана атайын методдор окууга кызыгууну жана каалоону стимулдайт деп эсептөө мүмкүнбү?***

1. Жок. Бул мектепте колдонулуучу бардык методдордун жалпы функциясы.

2. Ооба. Кээ бир методдор гана, алсак контроль методун, окуучуларды окууга түрткү берет, калгандары бул жагынан нейтралдуу.

3. Бир да метод окууга түрткү берүүгө атайын багытталбаган.

4. Методдор – бул максатка жетүүнүн жолдору (ыкмалары), эч кандай башка функцияларды алар аткарбайт.

5. Окууга түрткү берүү – бардык методдордун кошумча функциясы.

***IV. Кээ бир методдорго гана башкаруу функциясы тиешелүү деп эсептөө мүмкүнбү?***

1. Ооба. Бул максат үчүн атайын методдор иштелип чыккан.
2. Жок. Бул бардык методдордун жалпы функциясы.
3. Анык бирдеме деп айтуу мүмкүн эмес: баары шартка жараша болот.
4. Башкаруу, методдун функциясы эмес, методдун жардамында дидактикалык максаттарга гана жетишилет.
5. Башкаруу функциясы – бардык методдор үчүн кошумча функция.

***V. Сунушталган ырастоолордон окутуунун методдорун тандагыла:***

1) аңгемелешүү 2) оозеки баяндоо; 3) лекция; 4) инструктаж; 5) түшүндүрүү; 6) айкындоо; 7) китеп менен иштөө; 8) эстетикалык тарбия; 9) видеометод; 10) проблемалык окутуу; 11) диспут; 12) таанып билүү оюну; 13) эмгек тарбиясы; 14) окуп үйрөнүлгөндү кайталоо; 15) программалаштырылган окутуу методдору; 16) демонстрация; 17) жалпылоо 18) индуктивдүү; 19) иллюстрация; 20) стимул; 21) көнүгүү; 22) дедуктивдүү; 23) практикалык метод; 24) лабораториялык метод; 25) жыйынтыгын чыгаруу; 26) үйрөтүүчү контроль; 27) аралаш; 28) ситуациялык метод; 29) жазма көнүгүүлөр.

***VI. Тизмектелген ырастоолордон окутуунун методдорун тандоону аныктоочу факторлорду тандагыла:***

1) окутуунун максаты; 2) жетишүү үчүн зарыл болгон деңгээл; 3) окутууну мотивдештирүү деңгээли; 4) окутуунун принциптерин, мыйзамченемдүүлүктөрүн жүзөгө ашыруу; 5) жүзөгө ашырууга зарыл болгон мазмундардын жана талаптардын көлөмү; 6) окуу материалынын саны жана татаалдыгы; 7) окуучулардын даярдык деңгээли; 8) окуучулардын жандуулуктары, кызыгуулары; 9) курак жаш; 10) окуучулардын иштемчилдиктери; 11) окуу ыкчөндүмдүктөрүнүн калыптангандыгы; 12) окууга машыккандыктары жана чыдамкайлыктары; 13) окутуу убакыты; 14) окутуунун материалдык-техникалык шарты; 15) окутууну уюштуруу шарттары; 16) өтүлгөн сабактарда методдорду колдонуу; 17) сабактын тиби жана структурасы; 18) окуу эмгеги процессинде түзүлгөн мугалим менен окуучулардын ортосундагы өз ара мамилелер; 19) класстагы окуучулардын саны; 20) педагогдун даярдыгынын деңгээли.

## 1.13. ОКУТУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА УЮШТУРУУ ФОРМАЛАРЫ

**ӨӨТБ**

***I. Кайсы аныктама программалаштырылган окутуунун (ПО) маңызын бир кыйла толук туюнтат?***

1. ПО – үйрөтүүчү машиналардын жардамы менен окутуу.
2. ПО – бул окуу программасына ылайык жүргүзүлүүчү окутуу.
3. ПО – бул алгоритмдердин жардамы менен окутуу.
4. ПО – бул оптималдуу программалар боюнча окутуу.
5. ПО – бул программалаштырылган окуу колдонмолорунун же үйрөтүүчү машиналардын, же болбосо алардын бirimдигинин жардамы менен ишке ашырылган өзгөчө башкарылган жана контролдонгон, окуучунун өз алдынча иши.

***II. Окутууну уюштуруунун класстык-сабак формасы эмне себептен башкы (негизги) форма болуп саналат?***

1. Анткени, жардамчы формалар да бар, баары башкы (негизги) боло албайт.
2. Анткени, бул форма башкаларынан мурда пайда болгон.

3. Анткени, ийримде же үйүндө өз алдынча иштөө процессинде эмес, сабакта гана коюлган максаттарды жүзөгө ашыруу жүрөт.

4. Анткени, сабакта окуу материалынын чоң көлөмү окуп – үйрөнүлөт.

5. Анткени, сабакты мугалим өткөндүктөн.

***III. Бир кыйла толук жоопту таап, сабактын негизги белгилерин аныктагыла:***

1. Сабак деп, сабактардын бекитилген иреттемеси (расписание) жана белгиленген регламент боюнча, болжол менен бирдей өнүгүү деңгээлдерине ээ болушкан окуучулардын туруктуу курамы менен мугалим өткөн окутууну уюштуруунун формасын айтабыз.

2. Сабак мындай белгилер менен мүнөздөлөт: окуучулардын туруктуу курамы, класстык бөлмөнүн, окуу колдонмолорунун жана жабдууларынын болушу, окутууну тарбия менен байланыштыруу.

3. Сабак үчүн туруктуу иштөө убакыты 45 мин. мүнөздүү.

4. Сабак төмөнкүдөй өзгөчөлүктөр менен аныкталат: мугалимдин жетекчилик ролу, сабактардын иреттемесинин болушу, окутуунун практика менен байланышы, окуучуларга жекече мамиле, билимдерди текшерүүнү жүргүзүү.

5. Сабак үч максаттын: үйрөтүү, тарбиялоо, өнүктүрүүнүн биримдигине жетишүү менен аныкталат.

***IV. Сабактын тиби жана структурасы кайсы белги боюнча жөнөкөй аныкталат? Туура жоопту тандаңыз.***

1. Дидактикалык максат боюнча.
2. Сабактын элементтерин жайгаштыруу боюнча.
3. Башкы максатка жетишүүгө сарпталган убакыттын саны боюнча.
4. Структуралык бөлүктөрдүн саны боюнча.
5. Мугалимдин ишмердүүлүгү боюнча.

***V. Сабактардын негизги типтерин атагыла. Сунушталган жооптордун туурасын тандагыла.***

1. Сабактардын негизги типтери төмөнкүлөр: оозеки жаттоо, аралаш сабак, табиятка экскурсия, билгичтиктерди калыптоо сабагы, жекече иштөө, кино-сабак.

2. Сабактардын мындай типтери болот: киришүү сабагы, материал менен алгачкы тааныштыруу сабагы, аралаш сабак, корутунду сабак, ык-көндүмдүктөрдү калыптоо сабагы.

3. Сабактар төмөнкү типтерге бөлүнүшөт: аралаш сабак, жаңы билимдерди окуп-үйрөнүү сабагы, жаңы билгичтиктерди калыптоо сабагы, окуп – үйрөнүлгөндөрдү жалпылоо жана иреттештирүү сабагы, билимдерди, билгичтиктерди контролдоо жана коррекциялоо сабагы, билимдерди, билгичтиктерди практикада колдонуу сабагы.

4. Төмөнкүдөй типтерин бөлүп көрсөтүү мүмкүн: окуучулар менен жекече жана дифференциалдуу иштөө, окуу материалын иллюстрациялоо, компьютердик сабактар, машыктыруу жумуштары, контролдоо жана коррекциялоо.

5. Сабактардын мындай типтери болот: мугалимдин контролу менен жана мугалимдин контролусуз.

***VI. Төмөнкү структуралар сабактардын кайсы типтери үчүн мүнөздүү:***

| Структура | Сабактын тиби |
|---|---|
| I. Окуучулардын таяныч билимдерин жана сезүү – туюу тажрыйбаларын актуалдаштыруу. Окуучулардын окуу ишмердиктерин мотивдештирүү. Сабактын темасын, максаттарын жана милдеттерин билдирүү. Жаңы окуу материалын кабылдоо. Окуу материалын аңдоо, туюу Билимдерди жалпылоо жана иреттештирүү. Сабактын жыйынтыгын чыгаруу. Үйгө тапшырма берүү | 1. Жаңы билимдерди өздөштүрүү сабагы<br>2. Билгичтиктерди калыптоо сабагы |
| II. Ишти уюштуруу. Окуучулардын окуусун мотивдештирүү, сабактын максаттарын, милдеттерин билдирүү. Жаңы практикалык кырдаалдарда окуп-үйрөнүлгөн билимдерди колдонуу. Сабактын жыйынтыгын чыгаруу. Үйгө тапшырма берүү. | 3. Билимдерди, билгичтиктерди колдонуу сабагы<br>4. Жалпылоо жана иреттештирүү сабагы |
| III. Окуучулардын окуу ишмердиктерин | 5. Контроль жана |

| | |
|---|---|
| мотивдештирүү. Сабактын темасын, максаттарын жана милдеттерин билдирүү. Мурдакы сабактардын жетектөөчү идеяларын жана негизги теориялык жоболорун кайталоо жана иреттештирүү. Сабакты жыйынтыктоо. Үйгө тапшырманы билдирүү. | коррекция сабагы<br>6. Аралаш сабак |

***VII. Түшүп калган сөздү же сөздөрдү ордуна коюңуз.***

| | |
|---|---|
| Сабакка даярдануунун жогорку сапатын ………………усулу (методика) камсыздайт. | алгоритм |
| Бул усулдун маңызы, мугалим алдын ала пландаштырган пункттар боюнча сабагына даярдана баштайт жана ал пункттарды удаалаш аткаруу каталыктардан сактайт жана бардык …………………………………… …………………… эске алууну камсыз кылат. | маанилүү факторлорду |
| Сабактын диагностикасы – бул, сабактын сапатын ……………………… бардык жагдайларды, шарттарды билүү. | аныктоочу |
| Сабактын диагностикалык картасы – бул …………………………………… аракеттери көрсөтмөлүү чагылдырылган документ. | окутуу факторлорунун |
| Сабакты, прогноздоо – бул сабактын натыйжалуулугунун сандык көрсөткүчүн ………………………… | эсептөө |
| Даярдануунун корутунду этабы - ……… …………………………………………… түзүү. | башкаруунун план – программасын |
| Сабакта окуучулардын таануу ишмердиктерин башкаруунун программасы – бул …………………………………………… …… жазылган документ. | |

***VIII. Окутуунун жардамчы формаларын пайдалануу кандай себептер менен шартталган? Туура жоопту тандаңыз.***

1. Сабактар мугалимди ишинде штамптарга жана догматизмге барууга түртөт, ал эми сабактан тышкаркы формалар эркин аракеттенүүгө мүмкүндүк берет.

2. Сабактар окуучуларды тажатат, ал эми класстан тышкаркы иштер окутууну жагымдуу кылат.

3. Сабактар окуучулардын билимдеринде үстүрттүүлүктү (формализмди) жаратат, ал эми жардамчы формалар чыныгы билимдерди калыптоого жардам берет.

4. Сабактарда бардык окуучулар бирдиктүү планга жана иштин темпине баш ийишет, ал эми класстан тышкаркы иштер ар бир окуучуга көз карандысыз аракеттенүүгө мүмкүндүк берет.

5. Туура жооп жок.

## 1.14. ОКУТУУНУ ДИАГНОЗДОО

**ӨӨТБ**

***I. Окуп – үйрөнүлгөндү диагноздоо деген эмне? Сунушталган альтернативдүү жооптордон туурасын тандаңыз жана калгандарынын ката экендигин негиздеңиз.***

1. Окуп – үйрөнүлгөндү диагноздоо – бул окуучулардын билимдерин жана билгичтиктерин контролдоо жана баалоо.

2. Окуп – үйрөнүлгөндү диагноздоо өзүнө контролду, текшерүүнү, баалоону, статистикалык маалыматтарды чогултууну, аларды талдоону, динамиканы, тенденцияны аныктоону, натыйжаларды прогноздоону камтыйт.

3. Окуп – үйрөнүлгөндү диагноздоо – бул билимдерди, билгичтиктерди туура (белгиленген критерийлердин негизинде) баалоо.

4. Окуп – үйрөнүлгөндү диагноздоо – баалоону, сынак жүргүзүүнү, контролдоонун башка формаларын жоюуну талап кылат.

5. Окуп – үйрөнүлгөндү диагноздоо – ар бир окуучунун жеке рейтингин аныктоодо турат.

***II. Түшүнүктөрдүн аныктамаларын жазгыла:***

Диагноздоо – бул ..........................................................

Контроль – бул ..........................................................

Текшерүү – бул ..........................................................

Эсепке алуу – бул ..........................................................

Баалоо – бул ..........................................................

Баа – бул ..........................................................

***III. Алынган билимдерди пайдаланып, сунушталган ырастоолордон, контроль методуна тиешелүүлөрүн тандагыла:***

1) оозеки контроль; 2) жазуу түрүндөгү контроль; 3) жандандыруу;

4) иретteштирүү; 5) графикалык контроль; 6) лабораториялык – практикалык контроль; 7) мотивдештирүү; 8) жекече суроо; 9) контролдук жазуу иштери; 10) билимдерди актуалдаштыруу; 11) фронталдык суроо; 12) жазуу түрүндөгү зачөт; 13) контролдук иштерди аткаруу; 14) туюм – сезимдерге таасир этүү; 15) оозеки зачөт; 16) жазуу сынагы; 17) окуп – үйрөнүлгөндү билүү тести; 18) оозеки сынак; 19) семинар сабак; 20) проблемалуу окутуу; 21) программалаштырылган контроль; 22) оозеки өзүн-өзү контролдоо; 23) жазуу түрүндө өзүн-өзү контролдоо; 24) билимдерди өздөштүрүү; 25) окуп –үйрөнүүнү башкаруу.

***IV. Окуучуларга окуп – үйрөнүү үчүн билимдердин 14 маалыматтык-маанилүү элементтери сунуш кылынган. Окутуу аяктаган соң диагноздоонун негизинде окуучулар билимдердин 10 маалыматтык-маанилүү элементтерин өздөштүрүшкөндүктөрү белгиленген. Билимдерди өздөштүрүүнүн көрсөткүчүн жана окутуунун жемиштүүлүгүнүн көрсөткүчүн аныктагыла. Окуп – үйрөнүлгөнгө баа койгула.***

***V. Өздөштүргөндөрдү диагноздоонун жалпы принциптерин атагыла:***

1) өз учурундалык; 2) объективдүүлүк; 3) системалуулук; 4) демократизм; 5) айкындуулук; 6) гуманизм; 7) принциптүүлүк; 8) удаалаштык; 9) көз карандысыздык; 10) тууралык.

***VI. Педагогиканын теориялык курсун окуп – үйрөнүүнүн жүрүшүндө ар түрдүү тесттик тапшырмаларды кездештиресиздер жана алар жөнүндө сизде белгилүү пикир пайда болду. Алган теориялык билимдериңизге, тажрыйбаңызга таянып, төмөндө сунушталган тесттик тапшырмалардын кайсылары мектеп окуучуларынын тесттеринин тууралык шарттарына ылайык келбестигин аныктоого аракеттениңиз.***

**А. Русский язык.** Какие из приведенных слов являются именами числительными?

1. Дважды. 2. Два. 3. Двое. 4. Двойка. 5. Двойной.

**Б. Физика.** Жумушчу 50 кг күч жумшап, бийиктиги 3,5 м болгон платформага 120 кг салмактагы жүктү көтөрө алабы?

1. Ооба, көтөрө алат. 2. Жок, көтөрө албайт. 3. Билбейм.

**В. Химия.** Коргошундуу аккумуляторлордун гальваникалык элементтерден принципиалдуу артыкчылыгы эмнеде?

1. Аккумуляторлор туруктуу ток берет.
2. Аккумуляторлордун чыңалуусу жогору.
3. Аккумуляторлордо ток күчү чоң.
4. Аккумуляторлордун наркы төмөн.
5. Аккумуляторлор пайдаланууга ыңгайлуу.

**VII. Тесттин аракеттүүлүгү (валидность) деген эмне?**

1. Тест программанын талаптарына ылайык келиши зарыл.
2. Тест бардык суроолорду бирдей өлчөмдө камтышы зарыл.
3. Тест билим берүүнүн максатын жана милдеттерин чагылдырышы керек.
4. Тестте окуучулар үчүн ачык жана түшүнүктүү тапшырмалардын болушу зарыл.
5. Тест билимдүүлүктүн долбоорлонгон деңгээлине ылайык келиши зарыл.

**VIII. Тесттин ишенимдүүлүгү эмнеден көз каранды болот?**

1. Тапшырмалардын санынан.
2. Тапшырмалардын мазмундук ар түрдүүлүгүнөн.
3. Тесттин узундугунан.
4. Тапшырмалардын кыйындыктарынан.
5. Тестти түзүү усулунан.

**IX.Сунушталган альтернативдерден, окуп – үйрөнүлгөндөрдү диагноздоо тестине коюлган талаптарды табыңыз.**

1. Ар бир тапшырманы аткаруунун салыштырмалуу кыска мөөнөттүүлүгү.
2. Жооптун бир маанилүүлүгү жана кыскалыгы.
3. Аракеттүүлүк.
4. Дифференцирлөөлүк.
5. Ишенимдүүлүк.
6. Сандык баалоо мүмкүнчүлүгү.
7. Натыйжаларды статистикалык иштеп чыгууну камсыздоо.
8. Жоопторду жыйноо жана талдоо үчүн электрондук – эсептөө техникасын же башка жабдууларды колдонуу мүмкүнчүлүгү.
9. Ыктымалдуулук.
10. Тууралык.

**IX.Химия боюнча мектеп тестинин үлгүсү менен таанышкыла жана алар кандай контроль (алдын ала, күнүмдүк, тематикалык же жыйынтыктоочу) үчүн пайдаланылышы мүмкүн экендигин көрсөткүлө.**

1-тест. Магний менен кычкылтектин ортосундагы реакциянын теңдемесин түзгүлө. Оксиддин молекуласынын саны – жооптун коду болот.

Жооп: 2

2-тест. Цинк жана туз кислотасынын ортосундагы реакциянын теңдемесин жазгыла. Реакциянын коду – реакцияга кирген кислотанын молекуласынын саны болот.

Жооп: 2

3-тест. Натрий менен суунун өз ара аракеттенишүү реакциясынын теңдемесин жазгыла. Реакциянын коду – пайда болгон заттын коэффициенттеринин суммасы болот.

Жооп: 4

**XI. Окуп – үйрөнүүчүлүк деген эмне?**

1. Бул окуучулардын билим берүүнүн мазмунун өздөштүрүү жөндөмдүүлүктөрү.
2. Бул окуучулардын потенциалдуу мүмкүндүктөрү.
3. Бул билимдерди, билгичтиктерди өздөштүрүүгө болгон жалпы акыл-эс жөндөмдүүлүктөрү.
4. Бул окутууну кабылдоо ийкемдүүлүгү.
5. Бул окууга машыгуучулук, окутуунун мазмунун үйрөнүүнүн жалпыланган ыкмалары.

**XII. Окуп – үйрөнүүчүлүктү диагноздоо багытталган:**

1. Билимдерди өздөштүрүү темпин аныктоого (ӨТ).
2. Окутуунун кыймыл темпин билүүгө (КТ).
3. Натыйжалардын өсүү темпин билүүгө (ӨсТ).
4. Окуучулардын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоого.
5. Чыныгы, аракеттүү билимдердин фондун аныктоого.

## 1.15. ТАРБИЯ ПРОЦЕССИНИН МАҢЫЗЫ ЖАНА МАЗМУНУ

**ӨӨТБ**

***I.Төмөнкү тизмектерден тарбиялык процесстин өзгөчөлүгүн туюнткан ырастоолорду тандагыла.***

1.Максатка багыттуулук 9. Үнөмдүүлүк

2.Көп факторлуулук — 10. Жакшы сапатына, касиетине таянуу
3.Инсанды урматтоо — 11. Татаалдыгы
4.Узакка созулгандык — 12. Натыйжаларынын алыстыгы
5.Сезимдерди тарбиялоо — 13. үзгүлтүксүздүгү
6.Комплекстүүлүк — 14. Вариативдүүлүгү
7.Эки жактуу мүнөзү — 15. Натыйжаларынын аныксыздыгы
8.Массалуулук — 16. Үй-бүлө менен кызматташтык.

***II. Тарбия процессинин кыймылдаткыч күчү катарында эмнени түшүнүүгө болот? Альтернативалуу сунуштардын ичинен туурасын тандаңыз жана калгандарынын толук эместигин же каталыгын далилдеңиз.***

1.Бул ушундай күч, ал алдыга кыймылдоого мажбурлайт.

2.Бул, бир жагынан, өздөштүрүлгөн билимдер жана жүрүм-турум тажрыйбалары менен жаңы керектөө-талаптардын арасындагы карама-каршылыктын натыйжасы, керектөө-талаптар менен мүмкүнчүлүктөрдүн, ошондой эле, керектөө-талаптарды канааттандыруу жолдорунун арасындагы карама-каршылыктар.

3.Тарбия процессинин кыймылдаткыч күчү дегенде, адам өздөштүргөн конкреттүү билимдер менен аларды турмушка ашыруу методдорунун ортосундагы карама-каршылыктарды түшүнүү керек.

4. Кыймылдаткыч күч дайыма бирдей маанилүү эмес түшүнүктөрдүн, кубулуштардын арасында келип чыгат. Тарбия процессинде, бул, бар болгон, орногон жүрүм-турум эрежелери менен кийин дагы түзүлүүгө тийиш болгон, болжолдонгон жүрүм-турум эрежелеринин ортосундагы карама-каршылыктар.

5. Туура жооп жок.

***III. Келтирилген тарбиялык факторлордун кайсылары:***
**а) Объективдүү жана б) Субъективдүү факторлорго кошуларын аныктагыла.**

1. Өлкөнүн экономикалык кубаттуулугун өнүктүрүү.
Илимий техникалык процессти өркүндөтүү.
Жараандардын материалдык жыргалчылыгын көтөрүү.
Коомдук мамилелерди өркүндөтүү.
Мамлекеттер аралык интеграциялоо тенденциясы.

2. Өндүрүш мамилелерин өркүндөтүү.
Илим жана техниканын өнүгүү деңгээли.
Тарбиялоо методдорун өнүктүрүү.
Үй-бүлөдөгү балдардын саны.
Денелик өнүгүүнү чыңдоо.

3. Балдардын материалдык ахыбалын жакшыртуу.
Демократияны жана маалымдуулукту өнүктүрүү.
Климаттык жана бөлөк табигый факторлордун таасири
Тукум куучулук факторлордун көрүнүшүнүн өзгөчөлүктөрү.
Тарбиялык принциптердин бар болушу.

4. Жалпы билим берүүчү мектептин ишмердүүлүгү.
Үй-бүлөлүк мамилелердин таасири.
Коомдук уюмдардын ишмердүүлүгү.
Массалык маалымат каражаттарынын таасири.
Педагогикалык илимдин таасири.

***IV. Таблицаны толтургула. Тарбиялык процесстин жемиштүүлүгүн аныктаган факторлорду жана шарттарды жазгыла.***

1. ..............................................................................
2. ..............................................................................
3. ..............................................................................
4. ..............................................................................
5. ..............................................................................
6. ..............................................................................
7. ..............................................................................
8. ..............................................................................
9. ..............................................................................
10. ..............................................................................
11. ..............................................................................

***V. Тарбиянын негизги курамдык бөлүктөрү жазылган группаны көрсөткүлө:***

1. Акыл тарбиясы.
Интеллектуалдык өнүгүү.
Политехникалык билим берүү.
Руханий жетилүү.
Көптү билүүчүлүк.

2. Адеп-ахлак тарбиясы.
Руханий өркүндөтүү.
Билимдеринин энциклопедиялуулугу.
Эмгектик жетилүү.

3.Акыл тарбиясы.
Дене тарбиясы.
Адеп-ахлак тарбиясы.
Эстетикалык тарбия.
Эмгек тарбиясы.

4. Дене тарбиясы.
Эмгек тарбиясы.
Интеллектуалдык байлыгы.
Нравалык тазалык.
Политехникалык даярдыгы.

***VI. Тарбия даярдоого тийиш болгон адамдын социалдык ролдору тизмектелген группаны көрсөткүлө.***

1. Тарбиялуу адам.
Гуманист.
Табияттын досу.

2. Этикеттин билерманы.
Эколог.
Үй-бүлөчү.

3. Атуул.
Кызматчы.
Үй-бүлөчү.

4. Атуул.
Патриот.
Интернационалист.

***VII. Түшүп калган сөздү (же сөздөрдү) таап жазыңыз.***

| | |
|---|---|
| Тарбиялык процесстин натыйжасы-инсан же жамаат жетишкен ……………….көрүнөт. | тарбиялык деңгээлден |
| Критерий – бул диагноздолуучу …………………………………. калыптанган деңгээлинин ……………….. | сапаттардын, көрсөткүчү |
| Тарбияланууучулук критерийлер …….. жана ……………………..болушат. | «жумшак», «катуу» |
| Багыттуулугу боюнча тарбиялануучулук критерийлер ……….жана ………………….болуп бөлүнөт | «тышкылар», «ичкилер» |
| Диагноздоонун натыйжаларын каттоо диагноздолуучу ……..сандык эквиваленттерин (туура келүүчүлүктөрүн)…………………….жолу менен ишке ашырылат. | сапаттардын, ыйгаруу |

## 1.16. ТАРБИЯЛЫК ПРИНЦИПТЕР

ӨӨТБ

***I. Төмөндө келтирилген түшүнүктөрдөн сиз тарбиялык принциптер катарында эсептегениңизди (б.а. тарбиялык принципке таандыктарын) ажыратыңыз.***

1. Адеп –ахлак тарбиясы жана инсанды калыптоо.
2. Тарбиянын коомдук багыттуулугу.

3. Тарбиялоо жана өнүктүрүү.
4. Турмуш, эмгек менен байланыштуулугу.
5. Жамаатта тарбиялоо.
6. Жакшы жактарына таянуу менен тарбиялоо.
7. Инсанын урматтоо жана ага талап коюунун биримдиги.
8. Тарбияны гумандаштыруу.
9. Тарбияга комплекстүү мамиле.
10. Тарбиялык таасирлердин удаалаштыгы, системалуулугу жана биримдиги.
11. Тарбиялык таасирлердин биримдиги.
12. Өзүн-өзү тарбиялоо жана кайра тарбиялоо.
13. Инсандык мамиле.
14. Таасир этүүнүн ар кыл методдорун колдонуу.
15. Окуучулардын курак жаш жана жекече өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуулугу.
16. Тарбиянын активдүүлүгү жана көз карандысыздыгы.
17. Тарбиялануучулардын аң сезимдүүлүктөрү, демилгелүүлүктөрү жана жандуулуктары.

***II. Төмөндөгү альтернативалуу ырастоолорду талдап, тарбиянын коомдук мүнөздүүлүк принцибинин талаптарын аныктагыла.***

1. Принцип, тарбиялык процессте мамлекеттик, коомдук жана жеке керектөө-талаптардын оптималдуу ылайык келүүчүлүктөрүн (карым-катыштарын) талап кылат.

2. Принцип, инсандын ар тараптуу жана шайкеш өнүгүүсүн калыптоо процессинде мамлекеттик кызыкчылыктардын баарынан жогору коюлушун талап кылат.

3. Принцип, тарбиянын максаттарын атуулдардын жеке кызыкчылыктар дүйнөсүнө чукул жакындатуунун зарылчылыгын көрсөтөт.

4. Аталган принциптин башкы талабы – атуулду тарбиялоо.

5. Принциптин талабы, коомдогу үстөмдүк кылуучу идеологияны

адамдардын аң сезимдерине сиңирүүнү көздөйт.

***III. Тарбиянын турмуш жана эмгек менен байланыш принцибинин талаптарын аныктагыла.***

1. Принцип, бардык балдардын жана өспүрүмдөрдүн алы-күчтөрү жетимдүү, өндүрүмдүү эмгекке милдеттүү катышууларын талап кылат.

2. Принцип, тарбияны адамдардын практикалык ишмердүүлүктөрү менен байланыштырууну талап кылат.

3. Принцип, бардык тарбиялык маселелерди чыныгы турмушка, адамдардын эмгектик ишмердүүлүктөрүнө таянуу менен тарбиялануучулардын акыл-эстүү уюштурулган эмгектик ишмердүүлүктөргө алдарынын жетишинче катышууларын талап кылат.

4. Принцип, мектептин кичирайонунда өткөрүлгөн бардык коомдук иштерге тарбиялануучулардын катышууларын талап кылат.

5. Принцип, тарбияны турмуштан, анын проблемаларынан алууну жана инсандын башкы сапаты-эмгекти сүйүүчүлүктү калыптоону талап кылат.

***IV. Тарбияда баланын оң жактарына (сапаттарына, касиеттерине) таянуу принцибинин талаптарын аныктагыла.***

1.Принцип, адамдын жакшы сапаттарын тарбиялоонун зарылдыгын көрсөтөт.

2. Принцип, ар бир тарбиялануучунун жакшы сапаттарын билүүнү, аларга таянуу менен жамандарын жоюуну жана жетиштүү калыптанбаган сапаттарын өнүктүрүүнү талап кылат.

3. Принцип, жаман адаттар, өнөкөттөр менен дайыма күрөшүүсүн тарбиячыдан талап кылат.

4. Принцип, адамдын өнүгүшүнүн карама-каршылыктуу мүнөзү
менен шартталган.

5. Принцип, баланын индивидуалдуулугуна (жеке керт башына тиешелүү өзгөчөлүктөрүнө) залал келтирбестен, анын инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө көп көңүл бөлүүнү тарбиячыга сунуштайт.

***V.Гумандуу тарбиячынын белгилерин мүнөздөгөн ырастоолорду тандагыла.***

1. Инсандын эркиндиктерин жана укуктарын урматтоо.
2. Жакшы иштерди сыйлоо.
3. Акыл-эстүү жана алы-күчү жетимдүү (б.а. көтөрүмдүү) талаптарды коюу.
4. Ойго келгенин жасоочулук.
5.Тарбиялануучунун көз карашын урматтоо.
6. Адамдын өзүнчөлүк (өзү менен өзү болуу) укугун урматтоо.
7. Тарбиядагы чаржайыттык.

8. Тарбияланууучунун толук аракеттенүү эркиндиги.
9. Тарбияланууучунун тарбиянын максаттарын кабылдоосу.
10. Талап кылынган сапаттарды мажбурсуз калыптоо.
11. Инсандык абийирди кемсинтүүчү жазалоодон баш тартуу.
12. Ислам моралынын духунда тарбиялоо.
13. Кайрымдуулукту тарбиялоо.
14. Гуманизмди кайра жаралтуу.
15. Борборлоштурулган мектеп тарбиясынан баш тартуу.

***VI. Балага инсандык мамиленин талаптарын аныктагыла.***

1. Инсандык мамиле тарбияланууучулардын жеке керт башына тиешелүү (индивидуалдык) өзгөчөлүктөрдү эске алууну талап кылат.

2. Инсандык мамиле тарбияда курак жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуунун зарылдыгын көрсөтөт.

3. Инсандык мамиле, тарбияланууучунун инсанын үйрөнүүгө жана тарбияланууучулардын кызыгууларынын жана каалоолорунун негизинде тарбиялык процессти уюштурууга тарбиячыны багыттайт.

4. Инсандык мамиле тарбиянын программасын биргеликте талкуулоого тарбияланууучулардын катышууларын божомолдойт.

5. Инсандык мамиле, башкы инсандык сапаттарды – инсандын багыттуулугун, анын турмуштук пландарын жана нарк - насил мүдөөлөрүн, тарбияланууучулардын курак жаш жана жеке керт баштарынын өзгөчөлүктөрүн эске алуунун негизинде тарбиялык процессти ишке ашырууга тарбиячыларды милдеттендирет.

***VII. Сунушталган алътернативалардан, тарбиялык таасир этүүлөрдүн биримдиги принцибинин маңызын чагылткан туура жоопту тапкыла.***

1. Аталган принциптин маңызы, бирдиктүү талаптардан келип чыккан, тарбиялык процесстин бардык катышуучуларынын, аларга тиешелүү адамдардын, кызматтардын, социалдык институттардын макулдашылган аракеттеринин негизинде тарбиялык таасир этүүлөрдү уюштурууда турат.

2. Принцип, бардык тарбиялык таасир этүүлөрдү жөндөөнү (координациялоону) талап кылат.

3. Принцип, баланын жеке керт башына мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен үй-бүлөгө таянууну тарбиячыларга милдеттендирет.

4. Принцип, бардык тажрыйбалардын аракеттерин макулдаштырууну көздөйт.

5. Принцип, массалык маалымат каражаттарын, өз ишмердүүлүктөрүн мектеп менен координациялоону билдирет.

## 1.17. ИНСАНДЫ ЖАМААТТА (КОЛЛЕКТИВДЕ) ТАРБИЯЛОО

**ӨӨТБ**

***I. Түшүп калган сөздөрдү таап, көп чекиттердин ордуна койгула.***

| | |
|---|---|
| Тарбиялык форма – бул …………………… процесстин тышкы………………………… | тарбиялык, көрүнүшү |
| Тарбияны уюштуруунун…………………… микрогруппалык, ……………………… жана ……………………… формалары жашайт. | индивидуалдык, группалык, массалык |
| Тарбиялык процесстин натыйжалуулугу колдонулган уюштуруу формаларына ……………………болот. | көз каранды |
| Тарбияны жүргүзүүнүн ……………………… формалары көп колдонулат. | группалык |
| Алардын таралышы педагогикалык кызмат көрсөтүүнүн ……………………………… ………….жана ……………… менен шартталган. | жетишээрлик натыйжалуулугу, арзан наркы |

***II. Инсанды калыптоодо жамааттын (коллективдин) мааниси жөнүндөгү кайсы көз караштың сиз бөлүшөсүз?***

1. Инсанды калыптоодо жамаат өтө чоң таасирге ээ. Жалпы иште адамдын коомдо бааланган: жолдоштук, достук, өз ара жардамдашуучулук, бирөөнүн кайгысына, кубанычына ортоктош болуу сезимдери өнүгөт. Жамааттын талаптарында инсандын адеп-ахлагын өркүндөтүүнүн кубаттуу фактору катылган. Эгер жамаат жакшы уюшулса, анын таасири өзгөчө күчтүү.

2. Инсанды өнүктүрүүдө жамааттын таасирин эске албаса деле болот. Баланын мүнөздөрүнүн жана адаттарынын негизи үй-бүлөдө түптөлөт. Мектепте окуучуну, аны менен кошо жамаатты мугалим жетектейт. Ошондуктан, инсандын өнүгүүсүнө жамаат эмес, үй-бүлө жана мугалим таасир кылат.

3. Инсанга жамааттын оң таасирине караганда, адатта, терс таасири чоң. Эрктүүбү же эрксизби жамаат инсанды басынтат.

Туруксуз, эрксиз балдар жалпы пикирдин таасирине айрыкча тартылышып, өзүлөрүнүн ойлонуу образдарында жана адаттарында калган баарына окшош болуп калышат. Мына ошондо ал балдардагы кайталангыс өзгөчөлүктөр жоголот. Экзистенциалисттердин: коомдук байланыштардын туткундарынан кутулганда гана адам кадыр – баркка ээ болуп, жеке керт башынын өзгөчөлүктөрүн (индивидуалдуулугун) сактап калат дегендери туура.

4. Инсанды калыптоодо жамааттын кандайдыр бир мааниси бар. Эмнеликтен кандайдыр бир? Эмне дегенде инсан – бул, уюшулган

жана уюшулбаган таасирлердин, табигый элементтердин кошундусу. Акыркылары, жамааттын таасири делет.

***III. Таблицаны толтургула. Көрсөтүлгөн белги орун алган учурда «группа» же «жамаат» графасына «+» белгисин, ал эми орун албаса «-» белгисин койгула. Кийин жамааттын жана группанын белгилерин салыштыргыла.***

| Белгилер | Группа | Жамаат |
|---|---|---|
| Жалпы ишмердүүлүк | | |
| Жалпы уюшуусу | | |
| Шайлоо органдары | | |
| Максат | | |
| Социалдык маанилүү максат | | |
| Кызматташтык | | |
| Башкаруу | | |
| Баш кошкондук | | |
| Жалпы жооптуулук | | |
| Өз ара көз карандылык | | |
| Ак көңүлдүүлүк | | |
| Өз ара жардамдашуучулук | | |

***IV. Сунушталган жооптордон коллективдин 2-баскычтагы (стадиядагы) өнүгүүсүн мүнөздөгөндөрүн тандагыла.***

1. Тарбиялануучулар бири-бирин жетишээрлик жакшы билишпейт, жамааттын мүчөлөрүнүн жүрүм-турумдурына кызыгышпайт.
2. Актив көзгө көрүнөт.

3. Жамааттын көпчүлүк мүчөлөрү тарбиячынын талаптарын колдошот.

4. Актив көпчүлүктү башкарууга, жамааттын жашоо, турмушуна таасир этүүгө жөндөмдүү.

5. Жамааттын турмушунун бардык маселелери жалпы чогулушта чечилет.

6. Азчылык өз таасирине көпчүлүктү баш ийдирет.

7. Тарбиялануучулар жамааттын турмушунун маселелерин биримдикте чечишет.

***V. Азыр дээрлик бардык жерлерде мектептик көзөмөл өткөрүлөт жана класстар кезектешип мектеп боюнча көзөмөлдө болушат. Алардын негизги милдети – жумушчу күндүн башынан аягына чейин тартипти сактоо. Жамаатты калыптоодо жалпы мектептик көзөмөлдүн мааниси жөнүндө ар түрдүү, кала берсе карама-каршы пикирлер айтылып жүрөт. Алардын кайсынысын сиз туура деп эсептейсиз?***

1. Көзөмөлдүн кереги жок. Алар мектеп окуучуларына сени кимдир бирөө көзөмөлдөп турганда гана тартипти сактоо керек деген пикирди бекемдейт. Бардык жерлерге «сакчыларды» коюу адаты өз алдынчалыкты, жооптуулукту, өз алдынча тартиптүүлүктү жана өзүн-өзү сыйлоочулукту тарбиялоого чоң зыян келтирет.

2. Көзөмөл – жамаатты баш коштуруу үчүн зарыл болгон биргелешкен ишмердүүлүк. Көзөмөлчүлүктө тарбиялануучулар жалпы жамаат үчүн керектүү болгон тапшырмаларды аткарууну үйрөнүшөт.

3. Революцияга чейин мектепте (кеп Октябрь революциясы жөнүндө болуп жатат) коллективдүү көзөмөлгө туруучулук болгон эмес, бирок мектеп коомго сонун тарбияланган адамдарды берген. Мындай көзөмөлгө туруучулук азыркы батыштагы мектепте дагы жок. Мектепте жана андан тышкаркы жерлерде тарбиялануучуларды адептүү, тартиптүү жүрүм-турумдарга кызыктыруу үчүн башка жолдорду издөө зарыл.

4. Көзөмөлчүлүк керек, бирок педагогдор алгач тарбиялануучуларга көзөмөлчүлүктүн милдеттерин аткарууну үйрөтүүлөрү зарыл. Мектепте көзөмөлдө туруу балдар үчүн жагымдуу милдетке жана салтка айланышы керек. Бул үчүн көзөмөлчүлүк убагында аларга толук ишенүү жана бүтүндөй бийликти ыйгаруу менен көзөмөлчүлөрдүн статусун өзгөртүү зарыл.

5. Көзөмөлчүлүк – карандай эле формалдуулук (кайдыгерлик). Көзөмөлдө тургандар менен эч ким эсептешпейт.

Алар күнөөлөрүн өтөшүп, тартипке келтирүү иштерине кийгилишпейт. Ошентип, тарбияланууучуларды жоопкерсиздикке, өз милдеттерин эптемей аткарууга үйрөтүшөт. Ушундай көзөмөлдүктөн мектепте ирееттүүлүк оңолбойт, жамаат ынтымактуурак болуп кетпейт.

***VI. Көптөгөн класстык жамааттардын класстык чогулуштарында мектеп окуучуларынын өзүлөрү түзүшкөн мүнөздөмөлөрдү талкуулашат. Бул жамаатта инсанды тарбиялоого жана жамааттын мүчөлөрүнүн арасында өз ара сый мамилелердин калыптанышына жардам береби? Сунушталган жоопторду талдоо менен өз көз карашыңызды билдириңиз.***

1. Элдин көзүнчө кемчиликтерин ачык айтуу эч кимге жакпашы мүмкүн. Жагымсыз формада айтылган кемчиликтер алардан кутулууну каалоону эч качан пайда кылбайт. Уялуу, ачуулануу, кыжырдануу сезимдери инсандын мурдакы терс багыттуулугунун өзгөрүшүнө жардам бербейт. Ошол себептүү, ушундай мүнөздөмөлөрдү түзүүгө жана аларды эл алдында жарыялоого жол берилбейт.

2. Мына ушундай аңгемелешүүдөн кийин жамаатта капалангандар болсо, бул жамаатты баш коштурууга мүмкүн эмес, анын бөлүнүүсүнө алып келет. Ошол эле убакта сындоосуз жана өзүн-өзү сындоосуз жамааттын ийгиликтүү өнүгүүсү мүмкүн эмес.

3. Мүнөздөмөлөр конкреттүү ар бир окуучуга эмес, кандайдыр орточолонгон, жамааттын «группалык портрети» тибинде түзүлүшү керек. Мындай мүнөздөмө жеке окуучуну капалантпайт, бирок жамаат колдобогон терс сапаттар ачыкка чыгат. Мүнөздөмөнү ар бир окуучу «өзүнө бычып», ойлонуп көрсүн. Мына ушунда жамаат тарабынан ар бир мүчөсүнө талап коюусу жеңилдейт.

4. Мүнөздөмөлөр коллективдүү жүрүм-түрүм нормаларын бузгандарга, олуттуу күнөөлөрү бар окуучуларга гана керек. Алар өзүлөрү жөнүндөгү пикирлерди билишсин, жолдошторунун мамилелерин сезишсин. Объективдүү эмес деген күнөөнү тарбиячыга, класс жетекчиге коюу мүмкүн, ал эми коллектив өзүнүн баа берүүсүндө жаңылбайт.

5. Коллективдүү мүнөздөмөлөрдү түзүү өтө маанилүү жана керектүү иш. Ушинтип гана жамааттын мүчөлөрүнүн туурасын көзгө тике карап айтууну, айланадагылардан ачуу чындыкты угууну жана алар менен эсептешүүнү үйрөтүү мүмкүн. Тарбия процессинде бул усулдун айрым терс натыйжалары көрүнүшү мүмкүн, бирок

коллективдүү мүнөздөмөлөрдү угуу акыр натыйжасында жамааттык өз ара мамилелерди жакшыртат.

***VII. Педагогика боюнча семинардык сабакта талаш күчөдү: ким кимге – «инсан жамаат үчүнбү?» же «жамаат инсан үчүнбү?» Суроо ачык бойдон калды. Ал эми сиз эмне дейсиз? Сунушталган жоопторго таянып, өз пикириңизди билдириңиз?***

1. Маселенин мындай коюлушунун өзү туура эмес. Жамаат инсан үчүн кандай керек болсо, инсан жамаат үчүн ошондой керек.

Алар бири-бирисиз жашабайт деле. Инсан өзүнүн бир бөлүгүн жамаатка арнашы керек болсо, ал эми жамаат өз күчүнүн, мүмкүнчүлүгүнүн бир бөлүгүн инсанга берет.

2. Инсан жамаат үчүн тарбияланат. Жамаат аркылуу жана жамаат үчүн, жамаатта (коллективде) тарбиялоонун зарылдыгын ырастаган А.С.Макаренконун оюу туура.

3. Жамаат инсан үчүн жашайт. Бул инсан турмушка бышып, күрөшүүгө даяр болуу үчүн социалдык тажрыйбага ээ болуп, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ачып, өз ордун таба турган керектүү социалдык бирикме.

4. Баары жана бардык жерде жеке кызыкчылыкты көздөгөн, пайданы издеген жеке эгоизм жана группалык (коллективдүү) эгоизм жашайт. «Адамдарды башкарган түрткүлөрдү көңүл коюп изилдегенде, - деп жазган Н.Г.Чернышевский, - көрсө, бардык жакшы жана жаман, асыл жана пас, баатырдык жана кайратсыздык иштердин бардык адамдардагы булагы бир экендиги анык болду; адам өзүнө жаккандай иш кылат, чоң пайданы, зор канааттанууну алуу үчүн аз пайдадан же аз канааттануудан баш тартууга жетелеген эсептөөлөрдү жетекчиликке алат».

5. Коомдон сырткары адам инсан болбойт. Жамаат (коллектив) – коомдун бөлүкчөсү, ошол себептүү адам туулгандан тарта жамаатка «багышталган», жамаатка кошулууга милдеттүү.

***VIII. Жамаатты калыптоого натыйжалуу таасир көрсөтүүчү башкы факторлор кайсы группада көрсөтүлгөндүгүн аныктагыла.***

1. Максаттардын жалпылыгы. Окуучулардын бири-бирин билүүлөрү. Коллективди бекем авторитардык жетектөө. Тарбиялануучулардын ортосунда чырлардын жоктугу. Үй тапшырмаларын чогуу аткаруу.

2. Биргелешкен ишмердүүлүк. Бирдиктүү мектептик форма. Лидердин болушу. Туулган аймагына биргелешкен жүрүштөр. Өзүн-өзү башкаруу органдарынын болушу.

3. Биргелешкен ишмердүүлүк. Педагогдун коллективдин өнүгүү теориясын билүүсү. Диалектикалык карама-каршылыктардын көрүнүшү. Лидердин болушу. Мектеп окуучуларынын арасындагы достук.

4. Педагогдун коллективдин өнүгүү теориясын билүүсү. Тарбиялануучулардын тарбиянын максаттарын түшүнүүсү жана билүүсү. Мектеп окуучуларынын максатка багыттуу биргелешкен ишмердүүлүктөрү. Келечектүү сызыктардын болушу. Демократиялык негизде түзүлгөн өзүн-өзү башкаруу органдарынын болуусу.

## 1.18. ТАРБИЯНЫН ЖАЛПЫ МЕТОДДОРУ

**ӨӨТБ**

***I. Түшүп калган сөздөрдү таап, көп чекиттердин ордуна койгула.***

| | |
|---|---|
| Тарбиянын усулдары (методдору) – бул тарбиянын белгиленген ……………………… жетүүнүн …………………… | максаттарына, жолдору |
| Тарбиялык ыкма – бул тарбиялык жалпы методдун ……………………………… таасир,…………………………….жакшыртуу | бөлүгү, айрым бир, конкреттүү |
| Тарбиялык каражат – бул тарбиялык ыкмалардын ……………………………… | жыйындысы |
| Усулдун структурасы ……………………… жана ……………………………. бөлүнөт | ыкмаларга, каражаттарга |

***II. Туура жоопту тапкыла. Тарбиянын оптималдуу усулун тандоо үчүн керек:***

1. Ар бир усулдун маңызын аныктап, берилген талаптарга жооп берген усулдарды, бар болгон көп сандаган жолдордун ичинен тандоо зарыл.
2. Кырдаалды талдап, ылайыктуу усулду тандоо керек.
3. Белгиленген максатка кайсы усул тезирээк жеткирерин тандоо керек.

4. Усулдардын көптүгүнүн (К) ичинен кайсы усул тарбиянын конкреттүү шарттарында (Ш) кабыл алынган оптималдуулук критерийлерине жарамдуулугун текшерүү зарыл.

5. Оптималдуулук критерийлерин түзүп, ал боюнча ар бир усулдун жарамдуулугун аныктоо керек.

***III. Тарбиялык усулдарды тандоону аныктоочу жалпы шарттар кайсы номерлерде берилгендигин көрсөткүлө.***

1. Коллективизм.
2. Тарбиянын максаттары жана милдеттери.
3. Эмгек тарбиясы.
4. Тарбиянын мазмуну.
5. Мектеп окуучуларынын жаш курак өзгөчөлүктөрү.
6. Эстетикалык тарбия.
7. Жамааттын (коллективдин) калыптануу деңгээли.
8. Мектеп окуучуларынын жеке өзгөчөлүктөрү.
9. Тарбиялык шарттар.
10. Кесипке багыттоо.
11. Системалуулук.
12. Тарбиянын комплекстүү мүнөзү.
13. Тарбиялык каражаттар.
14. Педагогикалык квалификациянын деңгээли.
15. Убакыт.
16. Мектепти демократташтыруу.
17. Күтүлүүчү натыйжалар.
18. Тарбиялануучулардын ата-энелеринин каалоолору.
19. Талап коюучулук.
20. Тарбияны дифференцирлөө.
21. Адеп-ахлак тарбиясы.

***IV. Таблицаны толтургула.***

| Усулдар багытталган | Тарбиялык усулдардын группасы |
|---|---|
| Түшүнүктөрдү, көз караштарды, ишенимдерди калыптоого | |
| | Коомдук жүрүм-турум тажрыйбаларын жана ишмердүүлүктөрдү уюштурууну калыптоо усулдары |
| Ишмердүүлүктөрдү жана жүрүм-турумдарды стимулдаштырууга | |

***V. Тизмектелген түшүнүктөрдүн ичинен инсандын аң сезимин калыптоо усулдарына тиешелүүлөрүн тандагыла.***

1. Мугалимдин кадыр – баркы
2. Этикалык аңгемелер
3. Аңгеме
4. Лекция
5. Коомдук пикир
6. Жаза
7. Мелдеш
8. Ачыктык
9. Түшүндүрүү
10. Айтып берүү
11. Билдирүү
12. Ишендирүү
13. Тапшырма
14. Инструктаж
15. Үлгү
16. Акыйкаттык
17. Нотация
18. Текшерүү
19. Диспут
20. Баяндама (доклад)

***VI. I – этикалык аңгеме; II – түшүндүрүү; III – билдирүү үчүн кайсы талаптар мүнөздүү?***

1. Окуучунун тажрыйбасына ылайык келүүчүлүк
2. Иллюстрациялар
3. Жагдай
4. Тарбиячынын чеберчилиги
5. Тарбиячынын кадыр – баркы
6. Угуучулардын ички сезимдер аркылуу өткөрүүсү
7. Ишендирүү
8. Кайрылуу формасы
9. Өз учурундалык
10. Аллегорияларды колдонуу

***VII. Таблицаны толтургула:***

**1) этикалык аңгемеге жана 2) диспутка мүнөздүү болгон талаптарды белгилегиле.**

| № | Талаптар | Этикалык аңгеме | Диспут |
|---|---|---|---|
| 1 | Пландын болушу | | |
| 2 | Теманын аталышы | | |
| 3 | Проблемалуулук | | |
| 4 | Сценарийдин болушу | | |
| 5 | Мектеп окуучуларынын өнүгүү деңгээлине ылайык келүүсү | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6 | Эмоционалдык тажрыйбасына ылайыктуулугу | | |
| 7 | Бардык көз караштарды салыштыруу | | |
| 8 | Кырдаалды окуучунун көзү менен кароо | | |
| 9 | Пикирлердин күрөшү | | |
| 10 | Тыянактардын аныктыгы | | |
| 11 | Тыкан даярдануу | | |
| 12 | Аудиторияны билүү | | |
| 13 | Педагогдун чеберчилиги | | |
| 14 | Ишенимдүү башкаруу | | |
| 15 | Ынанымдуулук | | |

***VIII. Класс жетекчи окуучуларынын ар түрдүү кырдаалдарда өзүлөрүн алып жүрө билүүлөрүн каалап, бул максатта ал, класста сырткы көрүнүш жана өз ара мамилелер жөнүндө бир нече аңгемелешүүлөр өткөн. Балдар өз класс жетекчисин абдан көңүл буруу менен угушуп, көптөгөн суроолор беришти. Бирок, көп өтпөй педагог жетекчи класстын окуучуларынын жүрүм – турумдарында эч кандай өзгөрүүлөрдүн болбогондугун капалануу менен белгиледи. Эмне себептен?***

1. Балдар чала түшүнүшкөн жана эстеринде сакташкан.
2. Бөлөк адамдардын жашоо-турмушу, жүрүм-турумдары мектеп окуучуларында өз жүрүм-турумдарын жакшыртууну каалоолорун пайда кылбаган.
3. Көрсөтмөлүү мисал болбогон.
4. Турмуш, мамилелердин практикасы жаман адаттарды жоюуну талап кылбайт.
5. Класста окшоштуруп тууроо үчүн мисалдар жок, алар бөлүнүп көрсөтүлгөн эмес.

***IX. Ишмердүүлүктөрдү уюштуруу жана коомдук жүрүм – турум тажрыйбаларын калыптоо усулдарынын группасына тиешелүү усулдарды бөлүп көрсөткүлө:***

1. Лекция
2. Пикирлешүү
3. Көнүгүү
4. Диспут
5. Педагогикалык талап
6. Үйрөтүү
7. Сыйлоо
8. Билдирүү
9. Түшүндүрүү
10. Үлгү
11. Тапшырма
12. Коомдук пикир
13. Дискуссия
14. Тарбиялык жагдайлар
15. Аңгеме
16. Мелдеш
17. Жазалоо

***X. Чиймени толтургула. Көнүгүүлөрдүн натыйжалуулугу көз каранды болот.***

1. .....................................................
2. .....................................................
3. .....................................................
4. .....................................................
5. .....................................................
6. .....................................................
7. .....................................................
8. .....................................................
9. .....................................................
10. ...................................................
11. ...................................................

***XI. Орто класстарда талап коюунун кайсы түрлөрү бир кыйла натыйжалуу? Көрсөтүлгөн талаптын түрү орун алган жерлерге «+», ал эми орун албаса «-» белгисин койгула.***

| Талап | Буйрук | Кеңеш | Ишарат кылуу | Коркутуу | Оюн | Ишеним | Сураныч | Жактыруу | Айыптоо |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| I. Түз | | | | | | | | | |
| II. Кыйыр | | | | | | | | | |

***XII. Түшүп калган сөздөрдү таап, көп чекиттердин ордуна койгула.***

| | |
|---|---|
| Үйрөтүү – бул ургалдуу ( интенсивно) аткарылуучу ............................................ | көнүгүү |
| Үйрөтүүнү колдонууда ............................ ........................ жөнүндө ачык түшүнүктүн болушу лаазым | тарбиянын максаты |
| Үйрөтүүнүн мазмуну кыска ............... менен туюнтулат | эреже |
| Үйрөтүүнү баштоо алдында ................. кантип ..........................көрсөтүү керек. | аракеттер, аткарыларын |
| Үйрөтүү - туруктуу ........................................ .............................................................. | текшерип турууну талап кылат |
| Үйрөтүүнү ............ формасында уюштуруу орчундуу педагогикалык натыйжа берет. | оюн |

***XIII. Чиймени толтургула. Тарбиялык кырдаалдарды ийгиликтүү колдонуу шартталган:***

1. ..................................................
2. ..................................................
3. ..................................................
4. ..................................................
5. ..................................................
6.

***XIV. Түрткү берүү (стимулдаштыруу) усулдары кайсы группада тизмектелген?***

| 1 | 2 | 3 | 4 |
|---|---|---|---|
| Аңгеме | Сыйлоо | Көнүгүү | Сүйлөшүү |
| Түшүндүрүү | Жазалоо | Сыйлоо | Мажбурлоо |
| Сүйлөшүү | Мелдешүү | Үйрөтүү | Тарбиялык кырдаал |
| Жеке үлгү | Субъективдүү-прагматикалык | Талап коюу | Текшерүү |
| Жазалоо | | Тапшырма берүү | |

***XV. Сыйлоо деген эмне? Келтирилген жооптордон туурасын тандагыла жана калгандарынын каталыктарын негиздегиле.***

1. Сыйлоо - классташтарынын кызыгуу абалдарынан анын жүрүш-турушун оң баалоону туюндурган жана оң сапаттарын бекемдөө максатында тарбиялануучуга педагогикалык таасир этүүнүн ыкмасы.
2. Сыйлоо - бул тарбиялануучуну алкоону, ага ыраазы болууну болжолдогон тарбиялоо усулу.
3. Сыйлоо дегенде тарбиянын ушундай усулун түшүнүү керек, качан тарбиялануучунун өз милдеттерине оң мамилесин калыптоо максатында тарбиячынын сыйлаганын.
4. Сыйлоо - жакшы аткарган ишин белгилөө усулу.
5. Сыйлоо - тарбиялануучулардын ишмердүүлүктөрүн стимулдаштыруунун ыкмасы.

***XVI. Мелдеш деген эмне? Келтирилген жооптордон туурасын тандагыла.***

1. Мелдеш – бул жеңүүчү аныкталуучу оюн.
2. Мелдеш – бул жетишилген натыйжаларды бекмдөөнүн жолу.
3. Мелдеш – өздүк натыйжаларды башка катышуучулардын жетишкендиктери менен салыштыруу процессинде инсандык зарыл сапаттарды бышыктоонун жана калыптоонун усулу.
4. Мелдеш – тарбиялануучулардын бир бөлүгүнүн башкалардын үстүнөн артыкчылыктарын орнотуу усулу.

***VIII. Түшүп калган сөздөрдү таап, көп чекиттердин ордуна койгула.***

| | |
|---|---|
| Мектеп окуучуларынын жашоо-турмушунун жана ишмердүүлүктөрүнүн белгилүү ирееттүүлүгү (тартиби) …………………………. деп аталат. | режим |
| Режим: 1)…………………., 2)……………., 3)……………………., жана 4)…………………… болушу керек. | пайдалуу, так, конкреттүү, аткарымдуу |
| ТИ тер ……………., ……………………… шарттарына жана берилген мектептин ………… …………………ылайыктуу болуп, ар дайым ……………………… барылышы лаазым. | өтүлүүчү жайдын, убакыттын, муктаждыктар ына, татаалданып |
| ТИтер ……………………………. болбостон, ………………………. түзүшү керек. | чаржайыт, системаны |

***IX. Түшүп калган сөздөрдү таап, көп чекиттердин ордуна койгула.***

| | |
|---|---|
| Активдүү турмуштук позиция – бул …………, коомго карата …………………………………… чагылткан, жүрүш-туруштун анык бир жолуна багыттануу. | установка, субъективдүү мамилени |
| Социалдык өбөлгөлөрдүн (факторлордун) ичинен турмуштук позициянын калыптануусуна эң чоң даражада таасирдүү өбөлгө …………………… таандык. | үй-бүлөгө |
| Социалдык багыттуу ТИтер мектеп окуучуларынын реалдуу милдеттерди аткаруулары, ………………………………………… катышуулары жолунда алардын активдүү турмуштук позицияларын калыптандыруу үчүн шарттарды түзөт. | өндүрүштүк мамилелерге |

***X. $6^{б}$-класстын класс жетекчиси өз окуучуларынын мугалимдерине жана бири-бирине жасашкан одоно мамилелерин билүүчү. Мындай адаттарды жоюу максатында, ал балдар менен биргеликте көрүмдүү, эсте каларлык спектакль коюшту. Мектеп окуучулары бул иш чарага зор демилгелүүлүк менен катышышты. Бирок, аз убакыттан соң педагог 6 -***

***классстын окуучуларынын жүрүм-турумдарында эч кандай өзгөрүүлөрдүн болбогондугун байкаган.***

**Себеби эмнеде?**

1. Класс жетекчи болгону бир тарбиялык иш аткарган жана анын жардамы менен жүрүм-турумдун тереңдеп орногон калыптарын өзгөртүү мүмкүн эмес.

2. Балдар уюштурулган эмес, бири-биринин жүрүм-турумдарын көзөмөлдөшпөгөн.

3. Класс жетекчи тарбиялык ишти «жалпы жонунан» уюштурган, б.а. класстагы конкреттүү окуучуну эске алуусуз проблеманы көтөргөн.

4. Туура жооп жок.

***XI. Эстетикалык багыттагы тарбиялык иштер ар түрдүү удаалаштыкта өтүшү мүмкүн. Алардын кандай кезектешүүсүн сиз максатка ылайыктуу деп эсептейсиз?***

1. Тарбиялык иштер циклдер боюнча өтүлөт: адегенде XIX – XX кылымдардын адабияты баяндама түрүндө мүнөздөлөт, кийин ушул доордун музыкасынын тарыхы окулуп үйрөнүлөт, андан соң живопистин тарыхына өтүлөт жана «театралдык циклди» окуп үйрөнүү менен аякталат.

2. Тарбиялык иштерди адабият жана тарых сабактарында окулуп үйрөнүлүүчү материалдар менен бекем байланыштырышат, живопись, музыка жана театралдык искусство боюнча окуу материалдарын пайдаланышат.

3. Тарбиялык иштер темалар боюнча жана тарыхый – хронологиялык удаалаштыкта так долбоорлонот. Искусствонун ар кайсы түрлөрү өз ара байланыштуулукта каралат. Живопись боюнча тарбиялык иштер, музыка жана театр боюнча тарбиялык иштер менен алмашылат.

4. Тарбиялык иштердин тематикалары жана алардын өтүлүү кезектери тарбиялануучулардын кызыгуулары жана сунуштары менен аныкталат.

5. Тарбиялык иштердин тематикалары мектеп окуучуларынын эстетикалык тарбиялануучулуктарын диагноздоонун негизинде такталат.

***XII. Чиймени толтургула. Дене тарбиясынын милдеттерин жана ал милдеттерди чечүү үчүн ылайыктуу болгон тарбиялык иштерди жазгыла.***

Дене тарбиясынын милдеттери

1. ....................................

2. ………………………………

3. ………………………………

4. ………………………………

5. ………………………………

6. ………………………………

7. ………………………………

8. ………………………………

9. ………………………………

10. ………………………………

Тарбиялык иштер

1. ………………………………

2. ………………………………

3. ………………………………

4. ………………………………

5. ………………………………

6. ………………………………

7. ………………………………

8. ………………………………

9. ………………………………

10. ………………………………

***XIII. Жаш эжей 5 - класстын окуучулары менен колхоз багына көчөттөрдүн түбүнө оюктарды казууга барышты. Бул жумушту кантип аткаруу керектигин өспүрүмдөргө түшүндүрүштү жана алар ишке жаңы киришишти. Эжей алдың бир звеного, кийин экинчисине келип, аларга ыраазылана көңүлдөрүн көтөрүп жатты. Бирок, эки сааттан кийин негедир баары басаңдап, жигердүүлүк өчтү. Көбү күрөктөргө таянышып, жөн эле туруп калышты. Эжей балдарга кыйкырып, алар менен талаша баштады, аларга кыжырданып, «жалкоолор» деп жатты. Окуучулар жумушту баштаган болушту, бирок иш алга жылбады. Чырдашуу жыттана баштады. Эмнеликтен ошондой болгонун түшүндүргүлө?***

1. Жумуш начар даярдалган. Эжей балдардын узак жана берилгендик менен эмгектенүүлөрүнө дем – күч берүүчү стимулдарды эске албаган жана пайдаланбаган.
2. Мектеп окуучуларына жумуш таңууланган болуучу.
3. Балдар жөн эле жалкоолонушту, күч-аракеттерин сарпташпады, себеби ошол жумушунун коомдук маанилүүлүгүн көрүшпөгөн жана түшүнүшпөгөн.

4. Экологиялык агартуу аз пайда алып келди, а мүмкүн, андай агартуу таптакыр болбогон.

5. Бешинчи класстагы адеп-ахлак, экологиялык жана эмгек тарбиялары комплекстүү жүргүзүлбөгөн – алгачкы эле кыйынчылыктар адеп-ахлактык сапаттардын төмөнкү деңгээлде калыптангандыгын көрсөттү.

6. Туура жооп жок.

***XIV. Чиймени толтургула.***

**Эмгекке карата адеп-ахлак мамилелеринин көрүнүштөрү (элементтери)**

1. ………………………………………
2. ………………………………………
3. ………………………………………
4. ………………………………………
5. ………………………………………
6. ………………………………………
7. ………………………………………

**Берилген сапаттарды калыптоо максатындагы конкреттүү тарбиялык иштер**

1. ………………………………………
2. ………………………………………
3. ………………………………………
4. ………………………………………
5. ………………………………………
6. ………………………………………
7. ………………………………………

## 1.20 КООМДУК ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТАРБИЯ

***I. Коомдук тарбия – бул,***

1. «Адам – адамга» системасында коомдо жүрүүчү тарбиялык процесстерди мамлекеттен обочо уюштуруу.
2. Коомдук агартуунун мамлекеттик системасы.
3. Үй-бүлөдөгү тарбия.
4. Коомдун мүчөлөрүн руханий тарбиялоодо чиркөөнүн таасири.
5. Элдин корголбогон катмарынын иштери менен алектенген мамлекеттик мекемелер.

***II. Социалдык кызматкер кандай жумушту аткарат:***

1. Балдарды жана жаштарды коомдук тарбиялайт.

2. Тобокелчилик группасында иштейт.
3. Үй-бүлөгө жардамдашат.
4. Медициналык, түзөтүүчү, кайрымдуулук мекемелеринде эмгектенет.
5. Бардык жооптор туура.

***III. Туура же туура эмес:***

1. Батыш дүйнөсүндө социалдык кызматкер кесиби бааркталбайт.
2. Социалдык кызматта бардык каалоочулар иштей алышат.
3. Социалдык кызмат – бул мээримдүүлүк жана кайрымдуулук көрсөтүү.
4. Коомдук тарбия жана социалдык кызмат – бирдей эле нерсе.
5. Коомдук тарбияны уюштуруу үчүн мамлекеттик инвестициялар керек.
6. Коомдук тарбияны мамлекет көзөмөлгө алат.

***IV. Үй-бүлөнүн тарбиялык таасири:***

1. Төмөндөдү.
2. Өзгөрбөстөн калды.
3. Жогорулады.
4. Анык баалоо мүмкүн эмес.
5. Билбейм.

***V. Үй-бүлөнүн тарбиялык таасиринин төмөндөө себептери төмөнкүлөр:***

1. Коомдук регресс (артка кетүү, чөгүү).
2. Жашоо деңгээлинин төмөндөшү.
3. Моралдын начарлашы, ыдырашы.
4. Муундардын чыр-чатактарынын курчушу.
5. Бардык жооптор туура.

***VI. Беш баланын энеси баяндаган үй-бүлөлүк тарбиянын принциптери (Учительская газета, 1987, 19 ноября) кандай үй-бүлө үчүн мүнөздүү:***

1) бардык балдардын тең укуктуулугу; 2) балдардын арасында мелдешүүлөрдү болтурбоо; 3) жазалоолордун болбостугу; 4) бардык майрамдар жаллы; 5) ачык талап коюулар; 6) менин үйүм – менин чебим; 7) менин балдарым жакшы.

1. Балдарын урматтаган үй-бүлөлөр.
2. Жардамын аябаган.
3. Материалдык багытталган.
4. Кас.
5. Антисоциалдык.

***VII. Туура же туура эмес:***

1. Азыркы үй-бүлө өзүнүн тарбиялык милдеттерин жакшы аткара албайт.
2. Педагогдордун насааттары үй-бүлөлүк тарбиянын сапатына таасир этпейт.
3. Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоодо башкаларына караганда экономикалык себептердин таасири күч.
4. Үй-бүлөлүк тарбия маданияты толук жоголгон.
5. Ата-энелердин каалоолорунан көз карандысыз үй-бүлөдөгү турмуш өз нугу менен өтүп жатат.
6. Ата – эненин тарбиялык чебердиктери алардын билимдерине гана негизделет.
7. Качан ата-эне баланын тарбиясына ар түрдүүчө таасир этишкенде, ал ар тараптуу өнүгүп өсөт.
8. Коомдук тарбия баланы адам, ал эми үй-бүлөлүк тарбия аны индивид кылууга аракеттенет.
9. Үй-бүлөлүк тарбиянын эскирген усулдарына кайрылуу жок.
10. Муундан муунга адамдар өзгөрүшөт, ошол себептүү үй-бүлөдөгү тарбиялык процесстер ар бир муунда айырмалуу өзгөрөт.

***VIII. Туура же туура эмес:***

1. Муундардын бири-бирин түшүнбөөчүлүктөрү (конфликти) – үй-бүлөлүк тарбиянын түбөлүктүү проблемасы.
2. Туура улуттук тарбияга чет өлкөлүк пас мазмундуу телесериалдар тоскоол келтирет.
3. Ата – энелер колдонушкан усулдар, дайыма эле туура тандала бербейт.
4. Башкы тарбиячылар – чоң энелер жана чоң аталар, алар неберелери менен чогуу жашоолору керек.
5. Ата – эне бүтүндөй жашоолорун балдарды тарбиялоого арноолору зарыл.
6. Никитиндердин үй-бүлөсүндө балдарын тарбиялоосу – бул үй-бүлөлүк тарбиянын гипертрофдошкон модели.
7. Балдарды жазалоо керек, бирок ченеми менен.

***IX. Эгерде үй-бүлө сыртынан жетиштүү, купулга толумдуу, ал эми андагы бала тарбиясыз болсо, анда ата – эне жөнүндө сиз эмнени айта аласыз:***

1. Бала – ата-эненин күзгүсү. Ата – эненин деле тарбиясы жетишсиз, көздөн далдаланышып, чүмбөттөнүшкөн гана.
2. Ата – эне өз проблемалары менен чектелишип, баланы көз жаздымдан чыгарышкан.
3. Тарбияланууучулук түшүнүгү ар дайым конкреттүү жана жөндөөнү (расшифровкалоону) талап кылат.
4. Айрым жагдайларда балдар, ата – энелер сыяктуу эле тарбиялуу көрүнүшөт, башка учурларда андай көрүнүшпөйт.
5. Бардык жооптор туура.

***X. Үй-бүлөдө туура тарбиялоонун шарттарынын ичинен айрымдары бул шарттарды канааттандырбайт. Аларды тапкыла.***

1. Ата – эненин педагогикалык маданияты.
2. Балдарды системалуу жазалоо.
3. Балдарды дайыма алкоо.
4. Биргелешкен иштерге катышуу.
5. Балдардын бардык эле айткандарына макул боло берүү.
6. Баланын ар бир кадамын көзөмөлдөө.
7. Ата – эненин педагогикалык ченеми (такты).
8. Балдардын курак жаш жана жеке керт башынын өзгөчөлүктөрүн билүү.
9. Жакшы сапаттарына, касиеттерине таянуу.
10. Тарбиянын табийгатка (баланын) шайкештиги.
11. Мамилелердин адамгерчиликтүүлүгү.
12. Коомдук тарбия менен байланышы.

# II БАП

## ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАГДАЙЛАР ЖАНА КӨНҮГҮҮЛӨР – ТЕОРИЯЛЫК БИЛИМДИ КОЛДОНУУ МЕНЕН ИШКЕ ЧЫГАРМАЧЫЛ МАМИЛЕНИН АЙКАЛЫШЫНЫН МААНИЛҮҮ КАРАЖАТЫ

### 1.1. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАГДАЙЛАР[2]

**Жагдай № 1.** Сиз сабак өтүүдө, бардык окуучулар тынчтанып калышты, жымжырттык өкүм сүрдү жана күтпөгөн жерден класста кимдир бирөө катуу күлүп жиберди. Качан сиз али эч нерсени сүйлөөгө үлгүрө элек күлгөн окуучуга суроолуу жана таңдануу менен караганыңызда, ал сиздин көзүңүзгө тике карап, мындай деди: «Качан сиз сабакты өтө баштаганыңызда, мага ар дайым сизди кароо күлкүлүү жана күлкүнү келтирет».

Сиз буга кандай жооп кайтарасыз? Төмөндө сунушталган жооптор-дун ичинен өзүңүзгө ылайыктуу вариантын белгилеңиз жана талдаңыз.

1. «Бул эмнеси болду!»
2. «Сага эмнеси күлкүлүү?»
3. «И-и, кудай жалгасын!»
4. «Сен эмне жиндисиңби?»
5. «Шайыр адамдарды жакшы көрөм».
6. «Сен үчүн көңүлдүү маанай түзгөнүмө, мен кубанычтамын».
7. ____________________________________________

____________________________________________

**Жагдай №2.** Сабактын алгач башталышында же сиз бир нече сабак өткөргөн соң, окуучу сизге мындай дейт: «Сизди педагог катарында бизди бир нерсеге үйрөтө алат деп мен ойлобоймун».

[2] Караңыз: Немов Р.С. Психология: Учебник для студентов высш. пед.учеб. заведен.: В 3 кн. Кн. 3: Психодиагностика. Введение в научное психологическое исследование с элементами математической статистики. 3- е изд. – М., 1998.

Сиздин жообуңуз:

1. «Сенин ишиң – окуу, мугалимди окутканыңды койгун».
2. «Сага окшошторду, албетте, мен эч нерсеге үйрөтө албаймын».
3. «Мүмкүн, сага башка класска өткөнүң оңдур, же бөлөк мугалимдин колунда окуганың жакшыдыр».
4. «Сенин жөн гана окугуң келбейт».
5. «Сенин мындай ойлогонуңду билгим келет».
6. «Бул жөнүндө ачыгырак сүйлөшөлү. Менин жүрүм -турумумда, балким, сени ушул ойго жетелеген бирдеме бар көрүнөт».
7. ______________________________________________

**Жагдай №3.** Мугалим окуучуга тапшырма берет, ал эми окуучу аны аткарууну каалабайт жана ошол эле учурда мындай деп билдирүү жасайт: «Мен муну жасагым келбейт!» Мугалимдин жообу кандай болушу керек?

1. «Каалабасаң – мажбурлайбыз!»
2. «Анда сен эмне үчүн окууга келдиң?»
3. «Сен үчүн ого бетер жаман, эч нерсени үйрөнбөстөн каласың, сенин жүрүм-турумуң өзүнүн бетине өчөшүп өз мурдун кесип таштоону каалаган адамдын жүрүм-турумуна окшошот».
4. «Сен үчүн бул эмне менен бүтөрүн (аяктарын) түшүнөсүңбү?»
5. «Эмне себептен экендигин сен түшүндүрүп бере аласыңбы?»
6. «Кел олтуралы жана сүйлөшөлү, мүмкүн сеники туурадыр».
7. ______________________________________________

**Жагдай №4**. Окуучу өзүнүн окуудагы ийгиликтерине иренжип, өзүнүн жөндөмдүүлүгүнө жана качандыр бир кезде материалды талаптагыдай түшүнүү жана өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүнө күмөнсүрөп, мугалимге мындай дейт: «Сиз кантип ойлойсуз, мага качандыр бир убакта мыкты окуум жана класстагы башка балдардан артта калбоом колумдан келеби?»- Мугалим ага кантип жооп бериши керек?

1. «Эгер чынын айтсам - ишенбей турам».
2. «Ооба, албетте, сен буга күмөнсүрөбөсөң болот».
3. «Сенин жөндөмдүүлүгүң жогору жана менин сенден үмүтүм чоң».
4. «Эмнеликтен сен өзүңө шектенесиң?»

5. «Кел сүйлөшөлү жана маселени чечели».

6. «Көп нерсе биздин сени менен кантип иштешибизге жараша болот».

7. ______________________________________________

**Жагдай №6.** Мугалим класска кирген учурда аны окуучу көрүп, ага мындай дейт: «Сиз абдан чарчаган жана чаалыккан көрүнөсүз».- Мугалим буга кантип жооп бериши керек?

1. «Мен ойлоймун, сенин мага карата айткан пикириң, сен тараптан анчалык сыпайылыкка жатпайт».
2. «Ооба, мен өзүмдү жаман сезип турам».
3. «Мен жөнүндө толкунданба, андан көрө сен өзүңдү карагын».
4. «Мен бүгүн жаман уктадым, менин иштерим көп».
5. «Тынчсызданба, бул биздин сабакка тоскоол болбойт».
6. «Сен өтө ыкластуусуң (кунттуусуң), камкордугуң үчүн ыракмат!»
7. ______________________________________________

**Жагдай №7.** «Сиздин өтүп жаткан сабактарыңыз мага жардам бербей жатканын мен сезип жатам», - деп окуучу мугалимге кайрылды жана кошумчалады: «Мен дегинкиси сабакты таштоону ойлоном».- Мугалимдин буга жообу:

1. «Болбогон сөздөрдү (келесоолугуңду) токтот!»
2. «Жеткен оюң ушулбу?»
3. «Мүмкүн сага башка мугалимди табалыбы?»
4. «Эмне себептен сенде мындай каалоо пайда болгондугун мен ачыгырак билгим келет?»
5. «Сенин проблемаңды чечүүнүн үстүндө экөөбүз биргеликте иштешсек кантет?»
6. «Мүмкүн сенин проблемаңды башкачарак чечүүгө болор?»
7. ______________________________________________

**Жагдай №8.** Окуучу өзүнө-өзү ашыкча ишенгендигин демонстрациялап, мугалимге мындай дейт: «Эгер каалаган болсом, мен аткара албай турган эч нерсе жок. Ошонун ичинде сиздин окуткан предметиңизди өздөштүрүү мага эч кыйынчылык туудурбайт».- Буга мугалимдин жообу кандай болууга тийиш?

1. «Сен өзүң жөнүндө ашыкча жогору ойдосуң».
2. «Сенин жөндөмдүүлүгүң мененби?- күмөнсүрөйм!»
3. «Сен, эгер ушинтип билдирүү жасасаң, балким, өзүңдү жетишээрлик ишенимдүү сезерсиң».
4. «Буга шектенбейм анткени, билем, эгер сен кааласаң, анда баары болорун жана аткарыларын».
5. «Бул, балким, сенден зор аракетти талап кылат».
6. «Өзүнө – өзү ашыкча ишенүү ишке зыян».
7. ______________________________________________

______________________________________________

**Жагдай №9.** Мугалимдин тиешелүү эскертүүсүнө окуучу жооп иретинде окуу предметин өздөштүрүү үчүн ага көп иштөөнүн зарылчылыгы жоктугун айтып, мындай дейт: «Мени жетишерлик жөндөмдүү адам деп эсептешет». – Ага мугалим эмне деп жооп айтышы керек?

1. «Бул пикирге сен ылайык эмессиң».
2. «Азыркы кезге чейин сени сынаган жана сен кездешкен кыйынчылыктар жана сенин билимдериң, бул жөнүндө анык күбөлөндүрбөйт».
3. «Көп адамдар өздөрүн жетиштүү жөндөмдүүбүз деп эсептешет, бирок иш жүзүндө алардын саналуусу гана ошондой болушат».
4. «Сенин өзүң жөнүндө ушундай жогору пикирде болгонуңа мен кубанычтамын».
5. «Бул ого бетер сени окууга чоң аракетти жумшоого мажбурлашы керек».
6. «Бул үнүң, өзүңдүн жөндөмдүүлүгүңө сен өзүң деле анчалык ишенбегениңдей сыяктуу туюлат».
7. ______________________________________________

______________________________________________

**Жагдай №10.** Окуучу мугалимге кайрылып: «Мен кайра эле дептерди алып келүүнү унутуптурмун (үй тапшырмасын аткарууну ж.у.с.)».- Буга мугалим кантип жооп бериши керек?

1. «Мына, дагы кайталанды!»
2. «Бул сенин жоопкерсиздигиңдин көрүнүшү эмеспи?».
3. «Мен ойлоймун, сен ишке олуттуу мамиле кыла башташың керек».
4. «Мен себебин билгим келет?»
5. «Сенде, бул үчүн мүмкүнчүлүк болбошу ыктымал».

6. «Сен кандай ойдосуң, эмнеликтен мен ар дайым бул тууралуу эстетем?»

7. ________________________________________________
________________________________________________

**Жагдай №11.** Окуучу мугалим менен сүйлөшүп жатып ага мындай деди: «Сиз башка окуучуларга караганда мага жакшы мамиледе болууңузду каалар элем». – Окуучунун бул сураныччына мугалим кантип жооп бериши керек?

1. «Эмне себептен мен сага башкаларга караганда жакшырак мамиледе болушум керек?»
2. «Сүйүмөнчүлүктөргө жана башкаларга бөлүштүрүп ойногонду мен такыр каалабаймын!»
3. «Сендей билдирүү жасаган адамдар мага жакпайт».
4. «Эмне себептен мен сага башка окуучуларга караганда, өзгөчө көңүл буруум керектигин сенден билгим келет?»
5. «Эгер мен сага башка окуучуларга караганда сени көбүрөк жакшы көрөрүмдү айтсам, анда сен мындан өзүңдү жакшырак сезээр белең?»
6. «Сен өз оюңду айтсаң, мен сага, чындыгында, кандай мамиледемин?»
7. ________________________________________________
________________________________________________

**Жагдай №12.** Окуучу мугалимге анын окуткан предметин жакшы өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү боюнча өзүнүн күмөнсүрөгөндүгүн билдирип, ага кайрылып: «Мен сизге мени тынчсыздандырган нерсе жөнүндө айттым. Эми сиз айтсаңыз, мунун себеби эмнеде жана мен мындан ары кантишим керек?» - Мугалимдин жообу кандай болуусу керек?

1. «Сенде мага толумдуулук (ден соолугуңда кандайдыр психикалык кемчилдик бардай) жетишпегендей сезилет».
2. «Сенде тынчсыздануу үчүн эч кандай негиз жок».
3. «Мен негиздүү пикиримди сага айтуудан мурда, мага проблеманын маңызын жакшы териштирүү (иликтөө) зарыл».
4. «Кичине күтөлү, иштейли жана бул проблеманы кароого кийинчерээк кайрылалы. Мен бул проблеманы чечебиз деп ойлойм».
5. «Мен азыр сага так жооп айтууга даяр эмесмин. Мага ойлонуу керек».

6. «Кыжалат болбо, мен дагы өз мезгилинде сендегидей абалда болгом».

7. ___

___

**Жагдай №13.** Окуучу мугалимге кайрылып: «Сиздин сабактарда сүйлөгөнүңүз жана коргогонуңуз мага жакпайт». – Мугалимдин жообу кандай болушу керек?

1. «Бул - жаман».
2. «Сен балким, мени түшүнбөй жатасың».
3. «Мындан ары биздин сабак жараянында сенин пикириң өзгөрөт деп үмүттөнөм».
4. «Эмне себептен?»
5. «Анда сен өзүң эмнени жактырасың жана коргоого даярсың?»
6. «Жолдошту даамына жана түсүнө карап тандабайт».
7. «Сен кантип ойлойсуң, эмнеликтен мен муну сүйлөп жана коргоп жатам?»
8. ___

___

**Жагдай №14.** Окуучу классташ жолдошторунун бирөөсүнө өзүнүн жактырбаган мамилесин ачык билдирип, мындай дейт: «Мен аны менен бирге иштөөнү (окууну) каалабайм».

1. «Эмне болуптур (Бул эмне дегениң? Же сени түшүнбөй жатам?)»?
2. « Эч жакка барбайсың, баары бир туура келет».
3. «Бул сен тараптан келесоолук болот».
4. «Бирок, ал дагы мындан кийин сени менен иштөөнү (окууну) каалабай калат».
5. «Эмне себептен?».
6. «Сен туура эмессиң деп ойлоймун».
7. ___

___

## 2.2. ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨНҮГҮҮЛӨР ЖАНА КЫРДААЛДАР

### 1) Көнүгүү «Сыясап (ручка) жоголду»

1-класс менен иштеп жатып, мугалим эжей балдардын буюм - тайымдары уламдан-улам жоголо баштагандыгын байкады. Класста

даттануулар көбөйүп, өз ара шектенүүчүлүктүн жана ишенбөөчүлүктүн маанайы өнүгө баштады. Мугалим эжей классындагы тигил же бул окуучунун буюмун уурдаган окуучуну табышы зарыл болчу.

Ал өзүнүн алдына төмөнкү милдетти койду:- башталгыч курак жаштагы окуучунун психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ушундай жагдай түзүшү керек болуучу, бул жагдайдын максаты, бирөөнүн буюмуна азгырылып уурдаган бала, тез же кыйыр түрдө өзүн билдирип коёт. Кенже курак жаштагы окуучу адатта ишенчээк, түз болот. Педагогдун сөзүнө жана көрсөтмөсүнө толук ишенишет, айрыкча, биргеликтеги иштерде эмнеге шыктуу, жөндөмдүү экендиктерин көрсөтүшөт (бул көнүгүү боюнча студенттердин пикирин, оюн суроо).

**Чечүүнүн ыкмасы.** Мугалим эжей окуучуларга күкүрттүн дандарын бирден таратып, ошол данды алакандарына салышын, аны экинчи алаканы менен жабышын өтүндү. Андан соң эжей ишенимдүү жана бийик сүйлөдү: - бөлөк бирөөнүн ручкасын алган баланын колундагы дан тез арада өскөнүн (узарганын) көрөсүңөр. Текшерүү үчүн эжей ар бир окуучунун алдына барып, колундагы данды көрсөтүүсүн суранды. К.нын алдына келип, анын алаканындагы дандын сынгандыгын көрдү.

- Эмнеге сендеги дан сынык?- деп сурады эжей.
- Дан өсүп кетпесин деп сындырдым,- деп жооп берди бала.

Мына ошентип, бөлөктөрдүн буюмун уурдаган бала табылды. Мугалим эжей ал балага башка бирөөнүн буюмун уруксатсыз албоо керектигин жана бул жорук ошол замат билинип каларлыгын айтып түшүндүрдү. Ошондон баштап класстагы буюмдардын жоголушу токтоду.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Тексттен педагогикалык көнүгүүнү чечүүнүн психологиялык жагдайын (аспектин) көрсөткөн учурду бөлүп алгыла.
2. Мына ушундай шартка сиз туш болсоңуз, эмне кылар элеңиз?

**2) Педагогикалык кызыктырууга (стимулдаштырууга) көнүгүү**

Экинчи чейректин башталышында мугалим башталгыч класстын окуучуларына кайрылып, мындай сунушун айтат: - силер менен иштөө мага жеңил болуш үчүн мен силерди төмөнкүдөй олтургузайын. Ким «3» же андан төмөн баа алса, менин оң жагымда,

ал эми ким андан жогору баа алган болсо, менин сол жагымда олтурсун. Эмне үчүн? Анткени, эгер сен «3» эмес «5» алган болсоң, сени сол жагыма олтургузам, ал эми кийинки сабакта «4»төн пас баа алсаң, мурдакы ордуңа кайра олтургузууга аргасыз болом. Бул кыймыл оюнунда силердин окуудагы ийгиликтер жана кемчиликтер ачык көрүнөт. Менин оң жагымда олтурушкан балдар, сенин жана класcташтарынын жардамына көбүрөк муктаж болушат. Алар тырышчаак болуштары, мектепте жана үйүндө окууга болгон мамилелерин өзгөртүүлөрү керек.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Окуучуга карата стимулдаштыруу учурунда педагог кайсы мыйзамченемдүүлүктү эске алды?
2. Бул ыкманы өспүрүм курактагы окуучуларга колдонсо болобу?
3. Бул педагогикалык стратегиянын билим берүүчүлүк жана тарбиялык баалуулугу эмнеде?

**3) Өзүн-өзү тарбиялоо дараметин козгоо (стимулдаш-тыруу) жагдайына байланыштуу көнүгүү**

И.ге меймандап башка шаардан агасы келди. И. бою ноочa, өзүнө ишенимдүү караган өспүрүм, азыр эле агасына үндөн ылдам учуучу самолёттун сыноочу-учкучу болууну самагандыгынын себебин эбиреп-жебиреп түшүндүргөнсүдү...

-И, кечирип кой, - өзүңдүн максатыңды ишке ашыруу үчүн практикалык кандай аракеттерди жасадың, - деп суроо узатты агасы.

-Мен эмнелерди аткарышым керек,- деп И. таңдана карады, -

Аэроклубда жада калса парашюттук бөлүмгө кабыл алышпайт. Мына чоңойоюн...

- Спорт менен машыгасыңбы? Күнүгө таң заарда физкөнүгүү жасайсыңбы?
- Кээде хоккей ойноймун, ал эми физкөнүгүү жасабаймын, жетишпеймин.
- Математикадан ийгиликтериң кандай?
- Жаман эмес, «4»кө ылайыктуу болсом керек.
- Авиамодель ийримине катышасыңбы?
- Мектебибизде мындай ийрим иштебейт, ал эми чыгармачылык сарайына баруу алыстык кылат.

- Радиотехниканы билесиңби? И. унчукпады. Анда агасы

кейүү менен мындай деди (ушул моментте, агасынын инисине эмнелерди сүйлөгөндүгүн текшерип көрүү максатында студенттердин пикирин, көз караштарын суроо абзел): - Сен авиация адамдан өтө жогорку физикалык даярдыкты жана машыгууну талап кыларлыгын билбей койбойсуң, буга кошумча көптү билүүң жана көп нерсеге шыктуу, жөндөмдүү болушуң керек, ошол эле мезгилде жылдыз саатыңа даярданууңа сага бүгүн ким тоскоол болуп жатат?

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Агасы менен аңгемелешүүсүнүн жүрүшүндө И.нин билим алуусунда жана тарбиялануусунда кандай кемчиликтер кеткендигин байкадың?
2. Агасынын ар бир суроосунун жана пикиринин педагогикалык максатка ылайыктуулугун сен эмнеден көрөсүң?
3. Агасы менен пикирлешүүсүнөн кийин И. кандай тыянактарга келиши мүмкүн?

**4) Жетишкендиктин өсүшүн камсыздоо жана ийгиликти түзүү кырдаалы**

1-класстын окуучусуна (1998-ж.) стандарттуу эмес тапшырма берилди: - Канчанчы жылы сенин чоң энең 1- класска окууга барган? Бул жеңил маселе эмес, бирок, маселени сенин чыгара аларыңа мен ишенем,- деди мугалими.

- Менин чоң энем азыр 50 жашта.
- Сенин чоң энең 1- класска барган учурда канча жашта болгон?
- Мен азыр канча жашта болсом, ал да ошол жашында барган, б.а. 7 жашында.
- Жакшы, сенин чоң энең азыр 50 жашта болсо, ал эми 7 жашында 1- класска окууга киргенден бери канча жыл өткөндүгүн кантип билебиз?
- 50 дөн 7ни кемитебиз, демек, азыркы жылдан 43 жыл илгери (мурда) 1- класска барган. 1998 ден 43 тү кемитсе, 1955 алынат.
- Ура! Менин чоң энем канчанчы жылы 1- класска окууга баргандыгын билдим: - 1955- жылы.
- Азаматсың! Сен туура ой жүгүртүп, татаал маселени ийгиликтүү чыгардың.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Өздөштүрүлгөн билимдер инсан үчүн качан маанилүү жана сиңимдүү болот?
2. 1- класстын окуучусунун окууга, өзүнө жана чоң энесине карата болгон мамилелери кандай байланышкан?
3. Окуучуга болгон мамилесинде мугалим кайсы принциптерди жетекчиликке алды?
4. Сабактагы маанай жөнүндө эмнени айтууга болот?
5. Мугалимдин окуучуга болгон мамилеси, өз ара мамиленин кайсы тибине карай багытталган? Өз жообуңду негизде?

### 5) Тобокелге баруу кырдаалдары

Ю.С. абдан шок, тынчыбаган классты алды. Алар биринчи сабактан баштап, мектеп окуучуларынын айтуусу боюнча, химик мугалимдин чыдамдуулугун сынап көрүүнү чечишти. Ю.С. каанага кирген убакта, бир бурчтан «Ку-ку» деген үн чыкты. Мугалим ошол бурчту караган учурда, башка бурчтан «Ку-ку» деген үн угулду. Андан соң мугалим эми гана сүйлөй баштаганда «Ку-ку» деген үн кайдандыр-жайдандыр кайрадан жаңырды.

Ю.С. жооп катарында бүт класска мындай деди (студенттерге суроо коюу: «Ал эмне деди?» Студенттердин пикирлерин угуп, талдап, андан соң, оригиналдагы Ю.С.нын сөзү менен салыштыруу максатка ылайыктуу): -Ку-ку,-ку-ку! Баары күлүп жиберишти, мугалим балдар менен кошо күлдү. Мына ушундан кийин сабак жайбаракат уланды.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Бул тобокелчилик, сиздин оюңуз боюнча, негиздүүбү?
2. Тобокелге баруунун педагогикалык мааниси эмнеде?

### 6) Тобокелге баруу кырдаалы

Студенттердин тобу кечинде үйүнө кайтып келатышкан. Алар каналды бойлоп, бир нерселер жөнүндө сүйлөшүшүп, алдыларынан өткөн-кеткендерге көңүл бурушпастан, каткыра күлүшүп, шайыр келе жатышты. Капыстан канал тараптан баланын ыйы жана өкүрүгү угулду: - Апаке, жардамга!..

Жигиттер жана кыздар эки жакты элеңдешип карай башташты жана жээктен сууга чөгүп бараткан баланы көрүштү. В. (студенттин

аты) портфелин четке ыргытты да, жээкти көздөй чымын- куюн чуркап жөнөдү. Анын артынан Н. чуркады, чуркап келатып мындай деп эскертти:

- Сууга түшпө, сен жакында гана өпкөң сезгенип ооругансың! Токтой тур, мен өзүм аны куткарам. (Дал ушул учурда студенттерге мындай суроону узатууга болот: - В.нын жообу (реакциясы) кандай болгон? Алардын ар түрдүү пикирлерин угуу жана талдоо максатка ылайыктуу).

Бирок В. каршы болгон ишааратта ага колун шилтеп, сууга өзүн таштады жана чөгүп бараткан балакайдын шарфын кармап калууга араң үлгүрдү. Н. жана баары калгандары В.ны бала менен кошо жээкке алып чыгууга жана тез жардам машинасын чакырууга жардамдашышты. Баланын өмүрү сакталып калды.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Бул кырдаал эмне жөнүндө түшүнүк берет (кабарлайт)?
2. Сизге, биринчи кезекте, адам эмнеси менен кызыктуу?
3. Бул жагдайда жаш адамдар өзүлөрүнүн кандай сапаттарын көрсөтүштү?

### 7) Көңүл буруу - өздөштүрүүнүн башкы шарты

Кадимкидей сабактарынан тартиптүү жана ынталуу 6- класстын окуучу кызы, бүгүн негедир сабакта көңүлсүз, кайдыгер олтурду, ошондой болсо да кунт коюуга аракеттенгенсиди, бирок анчалык ийгиликсиз. Мугалим эжей андан: «О, сага эмне болду? Эмнеге сен бүгүн мындай көңүлсүзсүң?» Кыз башта унчукпады, андан соң бир аз оңтойсуздана кысылган түрдө жооп берди: «Менин апам катуу ооруп калды. Мен дайыма ал жөнүндө ойлоном». (Студенттерге суроо коюу: -Мугалим эжейдин кийинки аракети (реакциясы) кандай болууга тийиш деп ойлойсуңар? Студенттердин ойлору угулуп жана талданып, андан соң оригиналдагы мугалимдин аракети менен салыштырылып, окутуучунун жыйынтыкташы максатка ылайыктуу).

Мугалим эжей кыздан анын апасынын оорусу жөнүндө сурап, кыздын көңүлүн жубатып туура кылды жана акырында мындай сөздөрдү айтты: «Эгер сен бүгүн сабактардан кандай жакшы жооп бергендериңди апаңа айта барсаң, ага жагымдуу болуп, оорусу жеңилдейт».

**8) Кырдаал**

Ботаника сабактарынын биринде окуучу микроскоп аркылуу өсүмдүктү көргөндөн кийин, мугалим ага кайрылып: «Эми көргөнүңдүн сүрөтүн тарт», - деди. Окуучу мындай деп, тартууга каршы болду (Окуучу кандай ойдо сүрөтүн тартууга макул болгон эмес?- деген суроону студенттерге узатуу абзел): «Эгер сүрөтүн тартуу керектигин билгенимде, анда башкача көз менен тиктемекмин». Ага микроскоптон өсүмдүктү дагы бир ирет кароого уруксат берүүгө туура келди.

**9) Атаандашуучулук кырдаалы**

Үчүнчү класстагылар жандуу: ар бир окуучу жолдошунун катасын байкоого жана аны оңдоого умтулат. Өзүнүн ынталуу аракеттеринде айрым бирөөлөрү фантазияларга (кыялдарга) бериле баштады: таптакыр ката жок жерден «катаны көрүп» дегендей. Кыздардын бирөөсү досканын жанында окуп жаткан И.ден (окуучу кыздын аты) кыйкым издеп, анын катасын оңдоо таризинде көшөкөрлөнө колун булгалайт. Ал кызды И.нин жакшы окуу аракети кызыктырбастан, мугалим эжейдин алдында өзүн көрсөтүү, И.ге караганда мыкты окуйт деген ойду мугалим эжейде пайда кылуу жана анын алкоосуна арзуу гана.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Окуучу кыздын өзүнүн классташтарына болгон буга окшош мамилесин кантип түшүндүрүүгө болот?
2. Мындай шартта окуучулардын арасында мамилелердин кандай стили калыптанат?
3. Мугалим кандай тыянактарды чыгарышы керек?
4. Мындай атмосферада И. кандай сезимдерге кабылышы мүмкүн?

**10) Бир кыйла жарамдуу аракеттин вариантын тандоо кырдаалы**

**1.** Телефон шыңгырагы кагылды жана анын түтүкчөсүн көтөргөнүңүздө, сиздин абонентиңиз, сиз сүйлөшүүнү каалабаган адам болуп чыкты. Эмне кыласыз?

**2.** Сиз жума күнү досторуңуз менен кечеде болууга убада бердиңиз. Бирок, кокустан сизге башка бирөө телефон чалды жана ошол эле жума күнү сизге спектаклди көрүүнү сунуш кылды, аны

көрүүнү сиз абдан каалагансыз, бирок спектаклге билетти өзүңүз сатып албашыңызды билгенсиз. Сиз эмне кыласыз:

а) спектаклге убакыт табуу үчүн досторуңузга өзүңүздү жаман сезип жатканыңыз жөнүндө айтасыз;

б) театрга баруу ниетинен заматта баш тартасыз;

в) спектаклге баруу сунушуна эч кандай жооп айтпастан, баары бир досторуңуз менен жолугушуу жөнүндөгү чечимге келесиз.

**3.** Ичине 20 миң сом салынган пакетти таап алдыңыз. Пакетте аты жана дареги көрсөтүлгөн визитканын бардыгына күбө болдуңуз. Сиздин аракетиңиз?

**4.** Сиз зачёт (сынак) тапшырууга даярдандыңыз. Божомолго караганда, бүткүл окуу курсунун биринчи үч маанилүү бөлүмүнүн материалдары боюнча гана зачёт тапшырылышы керек болуучу. Качан сиз университетке келгениңизде, окутуучу зачёт бүт окуу курсу боюнча кабыл алынат деп жарыялады. Сиздин аракетиңиз?

**5.** Сиз айына 3500 сом эмгек акы төлөнүүчү жумушка орноштуңуз. Сиздин кожоюнуңуз (жумушка жалдоочуңуз) эки айдан соң сизге айына 2000 сомдон гана төлөө жөнүндө чечимге келгендигин билдирди. Сиздин аракетиңиз?

**6.** Сиз – мугалимсиз. Сабактын жүрүшүндө класстагы мыкты окуучулардын бирөө катарлар аркылуу кыскача кат өткөрүп жаткандыгын көрүп калдыңыз. Сиз катты алып койдуңуз жана кокустан катты ачсаңыз, анда классташ кызына багышталган уландын ырына күбө болдуңуз. Сиздин кийинки аракетиңиз?

**11) Педагогдун эмгегин баалоонун ченемдерин (критерийлерин) тандоо кырдаалы (усулканадагы мугалимдердин сөздөрү)**

- Мугалим ошондо мугалим, качан өзүнүн предметин мыкты билсе, анткени, анын илимий деңгээлине карап, аны окуучулардын урматтоосу, андан соң ата-энелердин таануусу башталат.

- Баланын жан дүйнөсү толугураак сабакта эмес, сабактан тышкаркы кандайдыр бир иштерде жана мамилелешүү жараянында (процессинде) ачылат. Ошондуктан, ким мамилелешүүнүн ыктарын эркин билсе, мектеп окуучусунун турмушун эркин уюштурса, мына ошол мугалимди чебер десе болот.

- Маданияттуулук, кругозор (көптү билүүчүлүк) жана интеллигенттүүлүк, - адамдын мугалимдик жүзүн айгинелеген маанилүү сапаттар мына ушулар.

- Капыстан Н.М. (мугалим эжейдин аты-жөнү) көз айнегин алды жана мугалимдердин жогоруда айткандары анын өзүн-өзү

сүйүүчүлүгүн бир нерсеси менен тийип өткөндөй болуп, ал бийик тон (б.а. үнүн бийик чыгарып) менен мындай деди:- мен мурда да эсептечүүмүн жана эсептеймин, мугалим үчүн эң башкысы – анын ак ниеттүүлүгү жана кичине тыныгуудан соң сөзүн улантты: - мына мен жыйырма беш жылдан бери мектепке биринчи келем жана акырында кетем. Өзүмдү бүтүндөй балдарга арнаймын. Мугалимди «мугалим» дедирген нерсе, - өзүңдү бүтүндөй балдарга арноо!

- Бирок, оболу, мугалимдин өзүндө балдарга арналуучу нерселердин болушу да керек,- педагогдордон кимдир бирөө кошумчалады.

- Алсак, мен, албетте, кесиптештерим менен биргеликте, бир нече жүздөгөн балдарды жана кыздарды турмуш жолуна аттанттык. Алардын ичинен экөө академик, үчөө илимдин докторлору жана бешөө илимдин кандидаттары болуп өсүп чыгышты, ал эми инженерлерди, врачтарды, мугалимдерди санап олтуруу кажетсиз,- деп сөзгө аралашты мугалим эжей Г.А.

- Г.А., сиз канчасын куткара албадыңыз?- ага жаш биолог суроо таштады.

- «Куткара албадыңыз» дегениң эмнеси, эмнеден же кимден куткара албадым? – Г.А. берилген суроону ошол замат түшүнө берbeди.

- Ошол бир нече жүздөгөн бүтүрүүчүлөрдүн арасынан канчасы ичип кетишти, же соттолууга дуушар болушту, же болбосо кылмыш жасашпаса да, жаман адам болуп чыгышты? – деп сөзүн тактады биолог.

- Ооба, сиздин суроощуз да туура. Мен жардам бере албагандарымды эч качан эсептебепмин. Мага, башкалар сыяктуу эле, өздөрү окууну каалашкан күчтүү, жөндөмдүү, көрүнүктүү балдар менен иштөө дайыма жагымдуу болгон.

Кимисиники туура?

**12) Жазадан коркуу жана өз күнөөсүн сезип кайгыруу кырдаалы**

Экинчи класстын окуучу кызы Ю. ашканада өзүнүн идиш-аяктарын жыйнаштырып жаткан, анткени, мектепте башталгыч класстардан баштап өзүн-өзү тейлөөнүн элементтери кийирилген болуучу. Бирок, кокустан ал мүдүрүлүп кетти да, чынысы менен стаканы майдаланып талкаланды. Кыз күтүлбөгөндүктөн жана корккондуктан селейип калды, андан кийин (ушул моментте, студенттерге төмөнкү мазмунда суроо коюп, алардын жоопторун угуп жана талкуулап, жыйынтыктоо максатка ылайыктуу: психологиялык

жактан кыз кандай абалга дуушар болду? Же кыздын кийинки абалын психологиялык жагдайда мүнөздөгүлө?) ачуу ыйлады.

Ю.нун үрөйү учту: аны менен мындай көрүнүш мектепте биринчи жолу болду. Мындан тышкары, ал күтүлүп жаткан жазадан коркту. Аны туура түшүнүшөбү? Бул көрүнүштүн анын эркинен жана каалоосунан тышкары күтүлбөгөн жерден болгондугуна ишенишеби?

Сынган идиш-аяктын ордуна жаңы идиш-аяктарды алуу керектиги жөнүндөгү ой анын тынчын алды. Мектептин тартиби ушундай болчу. Ал эми бул окуяга апасы кандай мамиледе болот, анткени жалгыз бой апасына эки кызды тоюндуруу жана тарбиялоо айтпаса да кыйын.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Бул жагдайда педагог кандай аракеттенүүсү керек?
2. Ушундай жагдайда педагогдун мүмкүн болуучу аракеттенүүсүнүн варианттарын сунуштаңыз?

### 13) Жардам көрсөтүү кырдаалы

Ф. (баласынын аты) атасы менен алыскы жүрүштөн үйүнө жөө кайтып келе жатышкан. Желкелерине баштык асынышкан. Экөө тең чарчашкан болчу, аларды жакын аралыкта спорттук база жана ал жерде алар эңсешкен эс алуу жайы күтүп жаткан. Бирок бул эмнеси? Атасы кокустан түз жолдон бурулуп, жалгыз өскөн жаш кайыңды көздөй басып жөнөдү. Атасынын артынан Ф.да жөнөдү.

- Көрчү, шамалдын кылганыбы же кимдир бирөөнүн бейбаштыгыбы,- атасы жаш дарактын жарым - жартылай сынган назик сөңгөгүн солушуп бараткан бариктери менен кошо этият түздөдү.
- Таякча керек,- деп сүйлөдү Ф. жана жол бойлото чуркай издеди. Тез арада ишенимдүү бинт менен бекем байланып, жаш дарак түздөлдү, ал бинт ошол жаш дарактын «тилегине жараша» дегендей Ф.нын баштыгына салынып коюлган экен.
- Мына эми жашап кетет, - деди атасы жана алар жолун улантышты. Бир нече жолу Ф. жаш кайыңды карай бурулуп тиктеди. Ага ошол кайыңдын учтары ыраазычылык билдиргендей булгалап жаткандай туюлду.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Берилген кырдаалда атасы баласына кандай тарбиялык таасир көрсөттү?
2. Ал кандай тарбиялык ыкмаларды пайдаланды?

3. Сиз кантип ойлойсуз, жаш даракка жардам көрсөтүү ою атасынын жүрөгүнөн чыккан чечимби же баласын жаратылышка камкор мамиле жасоого тарбиялоо үчүн ага үлгү көрсөтүү максатында болдубу?

4. Экологиялык тарбияга сиз кандай маани бересиз?

**14) Экинчи кырдаал**

П. (кыздын аты) сууда сүзүштү билбейт, бирок балдар менен бирге жүрүшкө чыгуу үчүн ага сөзсүз сүзүүнү үйрөнүшү керек болуучу. Кыз досторунун аны үйрөтөлү дешкен кеңештерине (өтүнүчтөрүнө), П. каршы болуу менен жооп берип жатты. Бирок, жүрүшкө чыгуу күнү жакындаганда ал багынды жана сууда сүзүүнү үйрөнүүнү чечти.

- Жакшы,- деди ал өзүнүн досу Л.га,- мен сүзөйүн, сен менин жанымда сүзөсүң жана «Коркпо, коркпо!», - деп кетесиң. Ошентип, алар жүз метрче сүзүштү. П. өзүнүн ийгиликтерине ыраазы болду жана ага берилген: «Катуу корктуңбу?» - деген суроого, ал:

- Токтой тур, кайыкка чейин сүзүп баралы, анан айтам, - катуу корктумбу же жокпу. Кийин досуна ал мындай деди (студенттерге кайрылуу: «П. досуна эмне деши мүмкүн?»):

- Биринчи он метрди сүзгүчө катуу корктум, андан соң тынчтана баштадым, сенин жанымда экениңди сезип турдум.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. П.ны сүзүүгө үйрөтүүнүн чыныгы мотиви эмнеде?

2. Коркунучту жеңүүдө П.га эмне жардам берди?

3. Адамдардын ортосундагы достук жана жагымдуу мамилелерди сиз кандай түшүнөсүз?

**15) Адамга карата өзүңдүн мамилеңди билдирүү кырдаалы**

Жетинчи класстын журналы жоголду. Издөө башталды. Булардын баары абдан жаман көрүнүш болду, анткени, бул окуя окуу жылы аяктар ченде болду жана журнал бардык окуу предметтери боюнча жетишүүнү жыйынтыктоо үчүн керек болуучу. Бүтүндөй үмүт үзүлгөндөй болду жана ар бир окуучунун окуу жылы ичиндеги бааларын калыбына келтирүүнү ойлонуу калды. Бирок ушул учурда сабактардан кийин тарбиячыга улан келип, журналды кимдин алгандыгын айтышым мүмкүн деди.

Педагог, ойлонуп, ага жооп кайтарды:

- Билесиңби, айтсам, ушундай бетиң, баркың менен мага журналдын кереги жок.
- Кайсы баркым менен? – улан катып калды.
- Сенин пас кетүүңдүн баркы менен.

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Мугалим өзүнүн окуучуларындагы эмнени жогору баалаган?
2. Мугалимдин ээлеген абалын жана жүрүм-турумун баалагыла, уланга карата анын аракеттеринин (жоруктарынын) мотивдерин аныктагыла.

**16) Үчүнчү кырдаал**

Т. – үлгүлүү, жөнөкөй окуучу кыз. Ал дилбаянды (сочинение) жакшы жазат жана анда бийик идеалдар жөнүндө баяндайт. Бирок, ошол кыз жашаган батиринин (квартирасынын) астанасына карап көрөлү. Эшикти кандай басым (талап) менен шыңгыратат! Дагы күңкүлдөгөнүчү:

- Уктап калганбы?

Кийин эшикти каккылай баштайт. Тынчсызданган апасы эшикти ачат:

- Кызым, ушинтип каккыласа болобу?
- Эмне, сен дүлөй болуп калгансыңбы?

Портфелин диванга ыргытып, кыз ашканага шашат.

- Көйнөгүмдү дагы жуубадыңбы?- ал жактан анын орой, ачуулуу

үнү угулат.

- Үлгүрбөдүм, кызым, сен менин оорулуу экенимди билесиң го.
- Сеники дайыма ушундай...

**Суроолор жана тапшырмалар**

1. Т.ны тарбиялоодогу каталыктарды сиз эмнеден көрөсүз?
2. Сиздин оюңуз боюнча буга ким күнөөлүү?
3. «Чыныгы болуу» же «болумуш этүү» деген эмне? «Жашообу» же «өзүн көрсөтүүбү»?
4. Т.га жана анын апасына сиз эмне кеңеш бермексиз?

**17) Педагогикалык кырдаалдардын мисалдары**

1. 10-класста сабак жүрүп жатат. Математика мугалими В.П.нын (агайдын аты, жөнү) маанайы көтөрүңкү. Бүт класс үй

тапшырмасын «жакшыга» жана «эң жакшыга» аткарышкан. Күтүлбөгөн жерден мугалим тапшырманын шпаргалкадан көчүрүлгөндүгүн билип алды. Ушул моментте мугалимдин жан дүйнөсү кандай абалга дуушарланды;- жийиркенүү же ызалануу, ачууланууу же капалануу сезимине кабылдыбы, же болбосо уят болдубу?

Анын өңү өзгөрө түштү, столуна олтура калды...

В.П.нын кийинки аракети?

2. Мүдүрдүн (директордун) кабыл алуусуна көңүлү бузулуп дене тарбия мугалими кирди.

- В.ны (жогорку класстын окуучусунун аты) эмне кылыш керек?
- Эмне болду?
- Дене тарбия сабактарына катышууну токтотту, мектептин

баскетболдук командасынын машыгуусуна эки жолу келбеди, бир аптадан кийин шаардык мелдештер башталат. Мен ага кездешкенде: «Сага мектептин намысы кымбат эмеспи?» деген суроо берсем, ал мага: «Мен коомдун намысы үчүн ойноймун», - деп жооп кайтарды.

Мүдүр эмнени сунуштады? Жогорку класстын окуучусунун жүрүм-турумуна мектептин педагогикалык жамааты кандай мамиледе болду?

3. Гимназияда Т.нын (окуучу кыздын аты) батиринде уландар жана кыздардын компаниясы тез-тез чогулуша баштагандыгын күтүүсүздөн билишти. Алар ичишет, карта ойношот, чегишет, түнү калып калышат. Т.нын ата-энеси узак сапарда (командировкада), ал эми чоң энеси оорулуу жана небересине келе албайт.

Берилген кырдаалда педагогдор кандай чара көрүштөрү мүмкүн?

## 2.3. ПЕДАГОГИКАЛЫК КӨНҮГҮҮЛӨР[3]

1. Сиздин жакшы таанышыңыз сизге телефон чалды да, өзүн өтө жалгыз сезип жаткандыгы, мындан ары жашоого ишенбегендиги жана дайыма өлүм жөнүндө ойлонгондугу тууралуу абдан көңүлү чөккөн маанайда даттана баштады. Сиз ага кечинде кире кетүүгө убада бердиңиз.

**Ал аял менен кантип жана эмнелер жөнүндө сүйлөшөсүз? Сиздин милдетиңиз ага жардам берүү.**

2. Мектептердин биринде драмийримди адабияттан окутушкан эки мугалим – эжейлер жетектешкен: бирөө –

[3] Караңыз: Слуцкий В.И. Элементарная педагогика, или Как управлять поведением человека: Книга для учителя.- М.: Просвещение, 1992.

тажрыйбалуу, экинчиси – жогорку окуу жайынан кийин биринчи жылы иштеп жаткан эжей. Драмийримдердин кароо сынагы келип жеткенде, жаш мугалим абдан толкундана баштады. Анткени, тажрыйбалуу мугалим балдардын, дирекциянын суранышкандыктарына карабастан, күтүүсүз баруудан баш тарткан жана баш тартуусунун жүйөөсү катарында колу бошобогондугун айткан (чынында, колунун бошобогондугу калп болуучу).

**Эмне себептен ал мындай кадамга барды?**
**Ал туура кылдыбы?**

3. Сиз өзүңүздүн классыңыз менен жүрүшкө чыгууну чечтиңиз. Сиздин мектебиңиздин жанында болжол менен бирдей аралыктарда, эки токой массиви жайланышкан. Балдардын жарымындайы бир токойдун жанында, ал эми калган жарымы болсо, башка токойдун жанында жашашат. Качан сиз балдарга жүрүшкө чыгуу белгиленип жаткандыгын жарыялаганыңызда балдардын бир жарымы ошол замат: "Биздин токойго баралы!" дешсе, ал эми калгандары: "Жок, биздикине!" дешип кыйкырып жиберишти. Анда сиз резондуу түрдө, класстын экиге бөлүнүүсүнө жана бир эле учурда эки жерге баруусуна каршы болгонуңузда, класстын бир жарымы: "Мейли, силер өзүңөрдүн токоюңарга бара бергиле, а бизге үйүбүз эле жакшы!" дешип каадаланышты. Ошентип, эгер бир токойго барылса, класстын бир жарымы капа болушат, ал эми экинчисине барылса – класстын экинчи жарымы капа болушат; булардын баары балдардын ортосунда ар кандай мүнөздөгү түшүнбөстүктөрдүн жана өчөшүүлөрдүн пайда болушуна алып келиши мүмкүн. Ал эми жүрүш токтотулса, анда бүт класс капа болот, буга кошумча, мындай кылуу ыңгайсыз: анткени, ата-энелер өз акчаларына прокатка палаткаларды жана рюкзактарды (ичине буюм салып, аркага көтөрүп жүрүүчү боолуу чоң баштык) алышып, камданып коюшкан.

**Сиз эмне кыласыз?**

4. Сиз көчөдөн, ары- бери өтүп жаткандардын көзүнчө өз баласын катуу сабап жаткан аялды жолуктурдуңуз. Бала ыйлап жатат. Эгер аялга эскертсеңиз, анын ачуусу ого бетер күчөйт, ал эми жөн жандап өтүү дагы ыңгайсыз.

**Эмне кылуу керек?**

5. Одесса шаарында жашоого ыңгайланыша албагандар, алсыздар, оорукчан адамдар абдан көп жана ошол эле убакта оройлор, хамдар, жулунгандар да аз эмес.

**Одесса кандай педагогикалык система болуп саналат?**

6. Молдова тилин билген орус улутундагы адам, ал тилди билбеген орус аялга үйлөнгөн. Күндөрдүн биринде анын аялы сүт сатып алуу үчүн дүкөнгө жөнөп, кайра үйүнө бош баштыкча менен ыйлап келет. Андан эмне болгондугун сураганда, ал молдовача эмес, орусча сүйлөгөндүктөн, ага эч нерсени сатууну каалабагандыктарын айтат. Ал эми балага сүт керек.

**Эмне кылуу керек?**

7. Сиздин эски досуңуз аялы менен урушуп, сизди экөөнүн ортосунда калыс болуп берүүгө чакырды. Сиз болсо досуңуздун аялы менен тааныш эмессиз. Эгер баш тартсаңыз, досуңуз капа болот.

**Эмне кылуу керек?**

8. Сиз – Болот Эсен уулу. А сиздин досуңуз, Темир Имар уулу, өтө орой жана өзүн кармай албаган адам, сизге элдердин көзүнчө жаман ат коюп, шылдыңдады. Эгер Темир Имар уулунан түздөн-түз кечирим суроону талап кылсаңыз, ал ого бетер күчөй баштайт жана дагы кандайдыр бир орой сөздөрдү сүйлөп жиберүүдөн кайра тартпайт; ал эми эч нерсе дебей жөн койсо, Темир Имар уулу өзүнүн бул жоруктарын жете аңдабай (б.а. осол деле иш кылбапмын деген ойдо), андан ары оройлоно берет.

**Сиз эмне кыласыз?**

9. Мишель Монтень Францияда XVI кылымда жашаган жана ал мезгилде ошол өлкөдө граждандык кандуу согуш жүрүп жаткан. Монтендин менчик сарайы болгон. Анын бардык дворян – кошуналары өзүлөрүнүн дыйкандарын куралдандырышкан жана сарайларын бекем жабышып, сакчыларды коюшкан. Монтендин сарайында болсо, өзүнүн үй-бүлөсүнөн жана тейлөөчүлөрүнөн бөлөк, колуна курал кармаган бир да адам болгон эмес жана сарайы эч бекилбеген.

**Эмне себептен Монтень мындай кылган?**
**Бул тактиканын жыйынтыгы кандай болгон?**

10. Мишель Монтень өзүнүн «Тажрыйбаларында» (чыгармасынын аталышы) мындай болгон окуяны жазат. Рим императору Август, өзүнүн жакындарынын бири (Цинна) тарабынан, (Цинна – башкы уюштуруучулардын бири болгон), императордун бийлигине каршы жашыруун аракеттер уюштурулуп жаткандыгы жана аны өлтүрүүгө максаттанышкандыгы жөнүндө ишенимдүү эскертүү

алат. Уюшкан топтун (заговордун) башка катышуучулары белгисиз болгон.

**Август эмне кылган?**

11. Кичинекейинен эрке өсүшкөн балдар, чоңойгондо көбүнчө атак- даңкка умтулуучулуктары менен айырмаланышат.

**Эмне себептен?**

12. Мага тааныш бир мугалим мындай дейт: «Эгер сен окуучуну класстан кууп чыгууну кааласаң, өзүң чыгып кеткениң артык».

**Мында кандайдыр маани барбы?**

13. Януш Корчак каалоочуларга «Чоң эне – үй-бүлөлүк тарбиянын фактору» деген темада трактат жазууну сунуш кылган. Балдары жана неберелери менен чогуу жашаган чоң эненин, ойногон негизги ролдорунун тизмесин түзүүгө аракеттенип көргүлө.

14. Таланттуу жаш акын, өз чыгармачылыгына баш оту менен берилип кетип, жумушун таштап, мына эми бир жарым жылдан бери иштебейт. Анын аялы акча каражаттарынын тартыштыгына кабылды. Колдорунда кичинекей бала. Аялы кыжырданат, карганат, чырдашуу башталат. Күйөөсү аялына заарданат, анын көз карашынын тайкылыгын, мүдөөлөрүнүн жана руханий дүйнөсүнүн жардылыгын жемелейт. Үй-бүлөдө ажырашуу күтүлүүдө. Сиз, бул үй-бүлөнүн досусуз.

**Бул үй-бүлөгө сиз кантип жардам бере аласыз?**

15. Сиз үй-бүлөдө улуусуз (агасы же эжеси). Сиз эмгекке көнгөнсүз жана эмгекти башкы милдет катары эсептейсиз. Ата-энеңиз, сиздин иниңизди, сизден айырмаланып, эрке койгон. Ал жалкоо, көчө таптайт, ата-энесине көбүнчө орой, сабактарга себепсиз катышпайт, начар окуйт, бирок абдан жөндөмдүү. Бир жолу иниңиз апаңызга оройлонгондо, сиз өзүңүздү кармай албай, аны муштап жибердиңиз. Ошондон бери иниңиз сизге ачууланат, сизден качууга аракеттенет. Кездеше калганда сизге жулкунат, күлөт, мыскылдайт.

**Иниңиз менен мамилени калыбына келтирүү жана ошол эле убакта ага пайда алып келүү үчүн кантип аракеттенүү керек?**

16. Сиздин классыңыздагы балдардан бирөө, башка учурларда кыйла сыпайы жүргөн, белгисиз себептерден улам дайыма кыздарды ургулайт. Кыздарды көрсө, аларды ургуламай сайын жүрө албайт. Ата-энелер кыжырданышат, кыздар даттанышат. Коркутуулар,

жазалоолор таасир этпейт. Мындан андан бетер начар гана болушу мүмкүн.

**Эмне кылуу керек?**

17. Психологдор, кээде иттер адамдарга караганда акылдуурак жана сезгичирээк болот дешип ырасташат. Чынында, эгер сизде итиңиз бар болсо, ал кээде сиздин сөздөрүңүздө катылган белги-түшүнүктөрдү абдан так сезгендигин, сизге келген адамдын жакшы же жаман экендигин билгендигине ишенбей койбойсуз.

**Муну кантип түшүндүрүү мүмкүн?**

18. Карен Прайор, класстагы жакшы тартип үчүн эч качан педагогду эмес, балдарды мактоо керек деп ырастайт.

**Эмне себептен?**

19. Америкалык дин профессору Джош Мак – Дауэлл өзүнүн китептеринин биринде мындай учурду сүрөттөйт. Анын атасы ичимдикке берилген болот. Качан гана Мак – Дауэлл сыйына баштаганда, ал атасына биринчи жолу чын дилден: "Ата, мен сизди сүйөм" – деп айтат. Мындай аракеттин магиялык таасирине баласы таң калды: атасы ошол замат ичимдикти таштады жана биротоло өзгөрдү.

**Мунун себеби эмнеде?**

20. Өзүлөрүнө такыр кызыгышпаган, өзүлөрү жөнүндө ойлонушпаган адамдар болот. Бул да өзүнчө оруу сыяктуу. Бул көрүнүш өзгөчө «сталиндик муун» деп аталган адамдардын арасында таралган. Сиздин апаңызды же атаңызды – мына ушундай адам деп элестетиңиз.

**Апаңызды же атаңызды, өзүнө кантип кызыктыра баштаса болот**?

21. Мугалим – эжей мектеп мүдүрүнө, анын сабагында дайыма ойлонгон окуучуну алып келди; ал чара көрүүнү суранды жана окуучунун мазактоолорун угуудан чыдамы түгөнгөндүгүн айтты.

**Мектеп мүдүрүнүн аракети?**

22. Жаш мугалим эжей классы менен иштөөдө кыйынчылыктарга кездеше баштады. Ал тажрыйбалуу эжейди "жардамга" чакырды, бирок ал баш тартты.

**Тажрыйбалуу эжей туура кылдыбы?**

23. Балдар көбүнчө жылаңач денени, өзгөчө аялдардыкын, кандайдыр одоно, осол көрүшөт.

**Эмне себептен?**

24. Педагогикалык ойдун бир нече образдуу формулалары:

От от менен эмес, суу менен өчөт.

Агрессия – жардам жөнүндө чыңырык.

Коргонууга даярдануу – бул чабуулга даярдануу.

Караңгыны кычырууну каалаcaң – жарыкты тамыз.

Козголоңчу – бул жинденген кул.

Өзүн дайыма туурамын деп эсептеген адам – эң бактысыз адам.

Ката кетирген адамдан, каталыгынын себебин сурабаңыз: ал аны билбейт.

**Булардын мааниси эмнеде? Булар туурабы?**

25. Педагогиканын "алтын" деп аталган эрежеси мындай айтылат: адамдарды бири-бири менен эч качан салыштырба, адамды өзүн-өзү менен гана салыштыр.

**Бул эмнеликтен мындай?**

26. Джеймс – Лангенин мыйзамы деп аталган мыйзам бар: бизге күлкүлүү болгону үчүн биз күлбөйбүз, биз күлгөндүктөн бизге күлкүлүү болот.

**Бул туурабы? Бул өз алдынча мыйзамбы?**

27. Педагогикалык тобокелчиликтин факторлору деп аталгандар жашайт. Алардын кээ бирлери булар:

1. Пикирлешүүнүн жетишсиздиги.
2. Бала үчүн денелик чабалдык.
3. Кыз үчүн эрте көрүнө баштаган тулку дене бойдун сулуулугу.
4. Ачык, эрте байкала баштаган бир нерсеге шыктуулук.

**Эмне себептен булар педагогикалык тобокелчиликтин факторлору?**

28. "Катардагы үйрөнбөгөндөрдүн" айрым бир типтүү каталыктары төмөнкүлөр:

1. Мен эмне кылсам – туура кылам.
2. Мен ушундаймын жана башкача боло албаймын.
3. Жан – дүйнөнүн азаптануусу – жогорку мүнөздүк сапаттын белгиси.

4. Мен анын жакшы болушун каалайм, ал үчүн айрым бир аракеттерди жасайм, бирок ал жаман бойдон калууда, демек, ал мени шылдыңдап жатат.

5. Мен эч нерсени өзгөртө албаймын, себеби башкалар жаман жасашат.

6. Ал жаман, ошондуктан мен ага жардамдашпаймын.

**Булар чынында эле каталыктарбы? Эмне себептен?**

29. Психолог өзүнүн досторунукуна мейманга келди. Алар ага, жакында кызынын, кичинекей карапада отуруп, эшик менен ойноп жатып, манжасын кыпчытып алгандыгын жана албетте, ыйлай баштагандыгын айтышты. Жанна (апасынын аты) коркуп кетип, кызына кыйкыра чуркады жана ага аөо сезимин билдирип, соорото баштады. Олег (атасы), тескерисинче, толук камырабастыгын көрсөттү жана аялын күлүп мыскылдап, кызынын ыйлагандыгын, чындыгында, анын манжасынын ооругандыгынан эмес, ага аялынын өтө күйпөлөктөгөндүгү себебинен деп айтып жатты. Талаш келип чыкты. Эми алар кызыгышып жатышат: алардын кимиси туура?

**Психолог эмне деп жооп берет?**

30. Кичинекей Андрейка (ал 3 жашта) – абдан жандуу жана мамилечил бала. Бирок анын мамилечилдиги ата – энесин таңдаткан эң эле өзгөчө формада көрүнөт. Кээде ал баарынан, ага кандайдыр бир буйруктарды берүүлөрүн өтүнөт жана аларды так аткарат; ал эми айрым учурларда, тескерисинче, көктүгүн жана сөзгө кулак салбагандыгын көрсөтөт, бирок, көктүк мезгилдери менен сөзгө кулак салган мезгилдери кезектешип турат.

**Себеби эмнеде?**

31. Айрым ата-энелер Жаңы жылда жана башка майрамдарда өз балдарына толтура белектерди тартуулашат, ал эми өзүлөрү эч кандай белек алышпайт.

**Алар туура кылышабы?**

## 2.4. ТҮРДҮҮ ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖАГДАЙЛАРДА МУГАЛИМДЕР МЕНЕН АТА-ЭНЕЛЕРДИН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮЛӨРҮН МОДЕЛДЕШТИРҮҮ

Студенттердин микротайпалары тапшырмалар жазылган карточкаларды алышат. Кантип чечүүнүн варианттарын коллективдүү талдашат, контакттык өз ара аракеттенүү усулдугуна таянып, ошол варианттарды тайпада ойноп көрүшөт.

**Жагдай 1.** В.П. (аялдын аты, жөнү), 4-класстын класс жетекчиси, окуучусунун тагдырына кыжалаттанат: Көрсө, үйүндө драма: атасы үй-бүлөдөн чыгып кетүүгө камданып жатыптыр. Олуттуу сүйлөшүү күтүлүүдө…

**Жагдай 2.** Сизге, б.а. 6-класстын класс жетекчисине, окуучу кыздын апасы кайрылды жана ал кызынын сүрөт сабагы боюнча журналга коюлган бааларынын жасалмалуулугуна кейигендигин билдирди, ошол себептен бул предмет боюнча ага чейрекке коюлган баа, альбомундагы сүреттөргө коюлган баалардан төмөн болуп калган…

**Жагдай 3.** 8-класстын окуучу кызынын жаман компанияга кошулуп калгандыгы сизге маалым болду. Сиз анын ата-энесине жөнөдүңүз…

**Жагдай 4.** Сизге мектепке жакшы окуучунун апасы капаланып келди жана капа болгондугунун жөн-жайы, анын уулун мугалимди угууга тоскоол болгон бала менен отургузуп койгондугу болчу. Апасынын өтүнүчү-уулун кайра мыкты окуган кыз менен отургузуу.

**Жагдай 5.** Ата-энелер чогулушунан кийин сизге кызын хорго катышуудан бошотуу сураныч менен 5-класстын окуучу кызынын апасы кайрылды, анткени, ушул себептүү кызынын сабактардан кийин көпкө чейин кармалууга аргасыз болгондугун айтты.

Баланын ата-энесинин көз карашын түшүнүү жөндөмдүүлүгү, мугалимдин кызматташууга даярдыгы, сүйлөше билгендиги, аңгемелешүүнүн ишенүүчүлүк ыргагы (тон), педагогикалык максатка ылайыктуу тыянактарга келүүсү, контакттык өз ара аракеттенүү усулдугун өздөштүрүүсү талданат.

**«Сизди түшүнгөн учур - бакыт»**

Ата-эне же окуучу менен аңгемелешүү. Студенттер педагогикалык жагдайлар жазылган карточкаларды алышат жана ал жагдайларды чечүү үчүн же ата-эне менен, же окуучу менен аңгемелешүү зарыл.

**Жагдай 1.** Сиз 5-класстын класс жетекчиси болдуңуз. Мектеп окуучусунун тарбиялоо шарттары менен таанышуу үчүн сиз биринчи жолу анын үй-бүлөсүнө бардыңыз…

**Жагдай 2.** 8-класстын окуучусу С. физика мугалимине оройлонду. Сиз-класс жетекчисиз. Сиздин аракетиңиз… (төмөнкү таблицаны көрүңүз).

**Аңгемелешүүнү талдоонун чиймеси**

| Ф.А.Ж., тайпасы | Психологиялык атмосфера (жайды жана убакытты эске алуу, даярдануу, аңгемелешүүн ү баштоо, кульминация, аңгемелешүүн ү аяктоо, жардамчы таянычтарды изденүү) | Ынанымдуулук, фактыларды тандоо, суроолорду коюу, алардын максатка багыттуулугу, педагогикалык тыянактардын тереңдиги | Угуучуларды жандандыруу, аңгемелешүү-нүн стили жана ыргагы (тон) | Мугалим-дин кеп маданияты | Орто балл |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |

## 2.5. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИКТИ ӨРКҮНДӨТҮҮГӨ БАГЫТТАЛГАН АЙРЫМ КӨНҮГҮҮЛӨР

### 2.5.1. Чыгармачылык ишти психологиялык жактан жөндөө

**Көнүгүү «Предметсиз этюд»**

Колуңузга китепти (күндөлүктү, мышыкты, хрусталь вазаны ж.у.с. буюмду) кармап турамын деп элестетиңиз. Аны карап көрүңүз, сүйүңүз, формасын, салмагын сезүүңүз, хрусталдагы жарыктын оюнун, кандай үн чыгарарын текшерүүңүз керек. Булардын баары ички монологдун жардамында аткарылат. Биринчи студент аткарууну баштайт, андан соң «элестетилген предметти» кийинкисине өткөрөт, ал ички монологду үн чыгарып улантат ж.у.с.

Студенттердин кабыл алуусу, элестетүүсү, кыялдануусу жанданат.

Көнүгүүнү аткарууну талдоодо окутуучу жана студенттер берилген тапшырма боюнча өздөрүндө чыгармачылык абалды, илхамды, элестетүүнү, кыялданууну пайда кыла билүүсү, көңүл буруусун топтоштуруусу талданат.

### 2.5.2. Көңүл буруусун бөлүштүрүү жөндөмдүүлүгүн аныктоо

**1- ыкма.** Студентке 1ден 20га чейинки сандарды доскага жазуу жана бир убакта 20дан 1ге чейинки сандарды үн чыгарып эсептөө

(айтуу) сунушталат. Бул учурда студенттин көңүл буруусу эки нерсеге бөлүштүрүлөт: биринчиден, доскага 1ден 20га чейинки сандарды жаңылбай жазууга, экинчиден, жазуу менен шайкеш бир убакта тескери ireттүүлүктө 20дан 1ге чейин үн чыгарып окууга көңүл буруусун жакшы бөлүштүрө билген студент бул абалда алдыга озот. Болочок мугалим мындай касиетке жана жөндөмгө ээ болуусу өтө зарыл. Студенттин элестетүү дарамети, психикасынын кыймылдуулугу, ийилчектиги жана ийкемдүүлүгү бааланат.

**2- ыкма.** Өзүнүн фамилиясын доскага жазуу жана бир убакта фамилиясынын тамгаларын тескери тартипте (фамилиясынын аягынан башына карай) үн чыгарып айтуу сунушталат. Калган студенттер каталардын санын, токтоп калууларды (паузаны) протоколдо катташат.

**Көңүл буруусунун туруктуулугун аныктоо.** Студенттерге төмөнкү арифметикалык амалды аткаруу сунуш этилет.

«Эки сан берилген: 84 жана 26. Экинчи сандын биринчи цифрасын биринчи сандын экинчи цифрасына көбөйтүү керек; андан чыкканга экинчи сандын экинчи цифрасын кошуп, алынган суммадан биринчи сандын биринчи цифрасын кемитебиз» (2х4+6-8=6). Алынган натыйжанын тактыгы көңүл буруунун туруктуулугун күбөлөндүрөт – көңүл буруунун объектине узак убакыт топтоштурулуусун.

Бул арифметикалык амалды аткаруу жараянында студенттин көңүл буруусунун бөлүштүрүүчүлүк жана туруктуулук жөндөмү текшерилет.

Студент сунушталган амалды оозеки аткаруу жараянында сандардагы цифраларды орду-ордуна коюу менен жаңылбай аткара алса, өзүнүн кесиптик жактан такшалуусу үчүн маанилүү болуп эсептелген жогоруда белгиленген жөндөмдүүлүгүнүн туура нукта өнүгүп жаткандыгын ырастайт.

### 2.5.3. Мимикалык жана пантомимикалык жөндөмдүүлүктөрдүн көрүнүшү

**1-көнүгүү. Саламдашуу.** Студенттердин бирөө тегерек боюнча кыймылдап, өзүнүн жолдошторуна жеке мамилесин вербалдык эмес, б.а. сөз менен эмес (кол кармашып ж.б.) ыкмада өткөрүү менен саламдашат. Талдоо – ой (студенттин, мисалы, кол кармашып саламдашып жаткандагы ою) менен аракетти кабыл алуунун ылайык келүүчүлүгүнө таянат.

**2-көнүгүү. Ойлонулган сөз.** Окуу тайпасы эки тайпачага бөлүнөт. Ар бир тайпача предметти же абстрактуу түшүнүктү (оюн

үчүн татаалдыкты түзөт) белгилеген сөз ойлойт. Тайпачанын өкүлү кезеги менен каршы тайпачага бул сөздү вербалдуу эмес көрсөтөт. Каршы тарап жооптун вариантын айтышат, ал эми көрсөткөн өкүл алардын жообуна вербалдуу эмес макул болот же жоопту четке кагат, мындан кийин оюнчулар изденүүнүн багытын өзгөртүшөт. Бул оюн студент пайдаланган вербалдык эмес жүрүм-турумдун каражатын кароого жана кандайдыр бир өлчөмдө анын вербалдык эмес манерасын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**3-көнүгүү. Терезе.** Бир-бириңизди карап туруңуз. Сизди жана сиздин өнөктөшүңүздү калың айнектүү терезе бөлүп турат жана бакыруу аракети пайдасыз деп көз алдыга келтириңиз; өнөктөшүңүз сизди укпайт. Бирок, сиз өтө маанилүү нерсени ага билдиришиңиз керек. Эмне кылуу керек? Өнөктөшүңүз менен сүйлөшүүнүн мазмуну менен макулдашпастан, айнек аркылуу зарыл деп эсептегениңиздин баарын берүүгө жана жооп алууга аракеттениңиз. Бул көнүгүүлөрдү аткаруу кезинде студенттер маалымат берүүчүнүн ролун ойнобостон, алар үчүн олуттуу кызыгууну туудурган тапшырманы аткарууну чындап аракеттенүүлөрү маанилүү. Ошондой эле маалымат берүүчүнүн жекече мамилесине, анын эмоционалдык абалын жөндөй билүүсүнө да көңүл буруу маанилүү.

**4-көнүгүү. Телетакт.** Телефон, телеграф, телевизор деген бар, телетакт да түзүү мүмкүн, б.а. өзүңдүн сезүүңдү, белгилүү ойлорго, жагдайларга карата өзүңдүн мамилеңди тактилдүү, тагыраак айтканда, колду кармоо менен берүүгө болот.

Студенттер колдорун ылдыйдан кармашып, тегеректе тыкыс турушат. Алып баруучу кайсы маалыматты берүүнү каалары ойлонот, көңүлүн топтоштурат жана берилүүчү маалыматтын мазмуну жөнүндө ойлоп, колу менен өткөрөт. Маалыматты алган, шашпастан, маалыматты сезип жана аңдап, коңшусунун колун кармоо менен өткөрөт, ал кийинкисине, мына ошентип, маалымат кайра алып баруучуга кайткыча уланат. Алып баруучу макулдугун билдирет же ар бир студент кезек менен эмнени кабыл алгандыгын жана эмнени

өткөргөндүгүн чечмелейт. Чынжырдын кайсы жеринде ой (маалымат) бузулгандыгы аныкталат жана талданат.

**5-көнүгүү. «Башканы оку».** Студенттерге тапшырма берилет: тайпанын тигил же бул мүчөсүнүн көңүлүн жазуу түрүндө сүрөттөө сунушталат. Тапшырманы аткарган соң, айрым студенттерге өздөрүнүн сүрөттөөлөрүн окуу сунушталат (бирок, андан кимди сүрөттөгөндүгү суралбайт), кийин ошол сүрөттөлгөн студенттин туруп

коюусу суралат, сүрөттөөнүн (мүнөздөө) студенттин көңүлүнүн чыныгы абалына туура келүүчүлүгү аныкталат.

**6-көнүгүү. «Өзүңдү текшер».** Студенттерге математикалык көнүгүүнү иштөө тапшырмасы берилет. Алар көнүгүүнү иштөөнү баштоо менен бир убакта алып баруучу чакан аңгеме окуйт. Тапшырманы аткаргандан кийин студенттер көнүгүүнүн жообун билдирүүсү жана аңгеменин маанисин айтып берүүлөрү керек.

**7-көнүгүү. «Күзөттөгү тамга».** Оюнчулар тегеректи түзүшөт. Алып баруучу күзөттөгү тамганы атайт жана тегерек боюнча басат. Алып баруучу кимдин алдына барып токтосо, тиги ушул тамгадан башталган сөздү (зат атооч) токтоосуз айтууга тийиш. Бат жооп берүү керек. Ким мукактанса же мурда айтылган сөздү кайталаса, ал оюндан чыгат. Бир аз убактан соң бөлөк күзөттөгү тамга аталат.

**8-көнүгүү. «Оң жакта эмне бар?».** Студенттер кезек менен (же окутуучунун чакыруусу боюнча) турушат жана көздөрү таңылуу боюнча анын оң жагында (сол жагында, алдында, арт жагында) эмнелер барлыгын (тургандыгын) сүрөттөшөт. Алып баруучу бети менен терезеге (эшикке, шкафка) бурулуусун сунуш кылат жана бул учурда багыттануу (ориентир) өзгөрөт.

**9-көнүгүү. «Жаңылбайм».** Алып баруучу студентти чакырат жана ага 30га чейин саноону сунуштайт. Саноо кезинде 3 цифрасы катышкан сандарды жана 3кө бөлүнгөн сандардын ордуна ал «Жаңылбайм» деген сөздү айтышы керек. Бул оюнду окуу тайпасы менен да өткөрүү мүмкүн. Студенттер кезек менен цифраны аташат. Кимге 3 цифрасы катышкан же ага бөлүнгөн сан туш келсе, ал кандайдыр бир кыймылды аткаруусу зарыл (мисалы, алаканын чабуусу же шарттуу фразаны айтуусу). Жаңылгандар оюндан чыгышат. Акыркы калган жеңүүчү деп табылат.

**«Жаңылбайм» көнүгүүгө кошумча.** Мына ушул көнүгүүгө мазмуну окшош төмөнкү көнүгүүнү аткаруу да маанилүү. Студенттер тегерек тарта турушат, же бир катарга тизилишип, же болбосо блокторго отурган калыбында ирееттүүлүктүн кезегин (багытты) аныктоо менен жүргүзүү мүмкүн. Маселен, 1ден 20га чейин саноо жүргүзүлөт. Бирок, ар бир студент өзүнө тиешелүү болгон катар номерди кезектешип, бирөө кыргызча, ал эми экинчиси орусча үн чыгарып айтуусу керек. (Мисалы, 1-студент «бир» десе, экинчиси – «два», ал эми үчүнчүсү – «үч», төртүнчүсү болсо – «четыре» ж.у.с.). Студентке өзүнө тиешелүү санды бат айтуу талап этилет. Эгер ал убакытты алса, жаңылса, же өзүнчө эле шашкалактаса оюндан чыгарылат. Көнүгүүнү аткаруунун жүрүшүндө кимдир бирөөгө жаңылып, туура эмес аткарып алса, ал оюндан чыгарылып, көнүгүү

аткаруу кайрадан башынан башталат. Акырына чейин жаңылышпаган студенттер жеңүүчү болуп калышат.

**10-көнүгүү. «Тынч тур».** Оюнчулар тегеректи түзүшөт. Алып баруучу тегеректин ичинде жүрөт жана кимдир бирөөнүн алдында токтоп, бийик үн чыгарып: «Колдор!» дейт. Ага кайрылган студент тынч турушу керек, ал эми анын кошуналары колдорун көтөрүштөрү зарыл: оң жагындагы кошунасы – сол колун, сол тарабындагы кошунасы – оң колун. Ким жаңылса, оюндан чыгат.

**11-көнүгүү. «Тыюу салынган кыймыл».** Студенттер тегерек турушат. Алар бир тыюу салынган кыймылдан тышкары (мисалы, «Колуңарды белиңерге алгыла») алып баруучунун артынан анын түрдүү кыймылдарын кайталоо сунушталат. Ким бул кыймылды кайталаса, оюндан чыгат.

**12-көнүгүү. «Байкоочулукка машыгуу».** Студентти тандашат жана ага тапшырма берилет:

а). «Классты» көңүл коюу менен карап, артка бурулат жана жолдошторунун кимиси көңүл коюусу же көңүл койбоосу менен айырмалангандыгын, бул эмнеден көрүнгөндүгүн айтат;

б). «Классты» ушундай эле көңүл коюп карап, артка бурулуп жана жолдошторунун кандай иреттүүлүктө олтургандыгын айтып берет.

**13-көнүгүү. «Көңүл бурууну бөлүштүрө жана которо билүүгө машыгуу».** Төмөнкү этюдду ойноо. Класс жетекчи тыныгуу учурунда чогулушта сүйлөөгө даярданууда. Ал азыр эле маанилүү материал тапты жана ал материалды сүйлөөдө (бул чакан ыр болушу мүмкүн) пайдаланышы керек.

Класска улам эле окуучулар киришет жана класс жетекчини окуудан алаксытышып, ага суроо беришет. 3 мүнөттөн кийин тапшырманы аткаруунун натыйжалуулугу текшерилет: ырды айтуусу жана ирети менен ал кайсы тапшырмаларды аткаргандыгын, ага кимдер кайсы суроолорду бергендигин эске түшүрүүсү керек.

**14-көнүгүү.** Студенттерге дидактикалык материалдар – кол менен жазылган тексттер камтылган карточкалар тапшырылат. Бул мектеп окуучуларынын өз алдынча иштеринин натыйжалары жана муну тез текшерүү зарылдыгы айтылат.

Текстте «жашырын» каталар келтирилген. Маселен, «Китепкананын сактоочу жайынан табылган X кылымга тиешелүү кагаз кол жазмаларынын жакшы сакталгандыгы дайын болду» (ката: ал мезгилде Европада кагаз болгон эмес) Тарых боюнча карточкаларда даталар, фамилиялар бурмаланган, окуялар жана катышкан адамдар, жылышып калган материалдар камтылышы мүмкүн. Орус тили боюнча карточкаларда – грамматикалык жана стилистикалык каталар. Адабият боюнча карточкаларда –

персонаждар жылышкан, авторлор өзгөртүлгөн, чыгарманын аталыштары өзгөртүлгөн. Математика боюнча карточкаларда – жыйынтыгы туура, бирок эсептөөдөгү каталар (ага түрдүү каталары бар бир нече карточкаларды берүүгө болот).

## 2.6. МУГАЛИМДИН КЫЙМЫЛЫНЫН ЭТИКАСЫ

**1-көнүгүү.** Столго колуңуз менен таянбастан, жеңил, дабыш чыгарбай бир нече жолу олтурууга жана турууга аракеттениңиз. Буттарыңыз үчүн таяныч чекиттеринин туура тандалышына көңүл буруңуз.

**2-көнүгүү.** Столдон туруңуз жана жаныңызда столдо олтурган жолдошуңуз менен орундарыңыздарды алмаштырыңыздар. Муну дабышсыз, тыкан аткарыңыз жана максатка ылайыктуу, табигый кыймылды пайдаланыңыз. Бул учурда тулку боюңузга көңүл буруңуз, эгер чыңалуу пайда болсо, андан кутулуңуз.

**3-көнүгүү. Басууну контролдоо жана жөндөө.**

Басууга коюлган төмөнкү талаптарды аткарууга аракеттенип, күзгүнүн алдынан өтүңүз. Жеңил, ийкем, бир калыпта басыңыз. Олдоксон, термелген басуудан качыңыз. Кадам арышыңыз боюңузга, жынысыңызга төп келиши ылайык. Узун бойлуу адамдын кадам арышы да узунураак болуусу лаазым. Эркектин табиятына ылайык келген кенен кадам жана кыймыл аялга жарашпайт. Жүрүү кезинде колдорду булгалоо жана ийиндерди термелтүү, башты ийинге эңкейтүү, бүкүрөйүү жакшы эмес (көрксүз). Өзүңүздүн жүрүү темпиңизди, кадамыңыздын узундугун, тулку боюңуздун, колдоруңуздун абалын, сандарыңыздын кыймылын, басуу учурундагы бел кыймылдарыңызды талдаңыз. Сулуу, жарашыктуу жана жеңил басуу үчүн ашыкча кандай кыймылдардан арылуу керектигин белгилеңиз.

## 2.7. САБАКТЫН ҮЗҮНДҮСҮ

### (Мугалимдин окуучу менен карым-катыш (мамиле) түзүүсүнүн айрым кырдаалдары)

**1-көнүгүү.** Мугалим класска кирет. Саламдашат. Окуучуларга өзүн тааныштырат жана өзү окуучулар менен таанышат.

**2-көнүгүү.** Мугалим класска кирет. Саламдашат. Кокустан кимдир бирөө эшикти каккылайт. Сиздин кыймылыңыз жана жообуңуз.

**3-көнүгүү.** Мугалим класска кирет. Саламдашат. Аңгемелешүүнү төмөнкүдөй баштайт: «Балдар, мен силерге...жөнүндө айткым келет». Бул окута турган сабагы жөнүндө же кандайдыр кызыктуу, маанилүү окуя тууралуу аңгеме, окуучулардын көңүлүн бурдуруу, аудитория менен контакт түзүү, өзүнүн тышкы көрүнүшүн уюштурууну ойлонуу.

**4-көнүгүү.** Окуу материалын түшүндүрүп жатып, мугалим доскага жаза баштайт жана ага удаалаш бир убакта окуучулардын дептерлерине жазуу ишмердиктерин жетектейт.

## 2.8. КАЙТАДАН ТАРБИЯЛОО ЖАГДАЙЫН ТАЛДОО

С.Карабановду кайтадан тарбиялоого багытталган жагдайды А.С.Макаренконун тандашынын жөн-жайын аныктагыла.

...1920-жылы 20-декабрда мен биринчи жолу Антон Семенович менен кезигиштим. Абакта. Мени абактын башкаруучусунун бөлмөсүнө алып келишти. Мурда, абактын сакчысы мени бул бөлмөгө айдап келген кезде, ал дайым аркамдан катуу түртчү, ага мен капаланчу эмесмин жана анын кесиби ушундай «түрткүч» болсо керек деп эсептечүмүн. Бул ирет ал мени акырын түртсө дагы, мен бөлмөдөн жат кишини көрүп, сакчыга нараазы болуп, аны карай бурулдум жана менин мына ушул кыймылымдын өзүнөн Макаренко алдында кекирейген, менменсинген баланын тургандыгын тыянактадым.

Ал мага келип, жаш балача сурады:

-Сенин атың Семен экендиги, туурабы?

-Туура.

-Бул эң сонун! Биз экөөбүз адаш эле экенбиз.

-Мени Антон Семенович деп аташат.

Анын бул сүйлөгөнү ушунчалык адамгерчиликтүү угулгандыктан, өзүнө тартып турду.

Антон Семенович сөзүн улады:

-Сен мени кечирип кой, айланайын, менин айымдан сени бул жакка сураныштым.

«Айланайын» деген сөздү мен кандайдыр чет сөз катары кабыл алдым, анткени буга чейин ар кандай тилдөөнү гана угуп келгем. Абакта мага төмөнкү сөздөр менен гана кайрылышкан: «бандит»,

«ууру», «шумшук» ж.у.с., ал эми бул жерде капыстан мындай сөздөр «айланайын», «кечирип кой»...

-Кечир, мен сенин тынчыңды алдым.

-Эчтеке эмес, - дедим.

Антон Семенович андан ары:

-Билесиңби, мен абдан кызыктуу иш уюштуруп жатам жана бул ишке сенин катышыңды каалаймын.

Жана мен «Мындай жагымдуу адамдын сураныччына макул болуу керектигин» ойлодум.

Мен,- макул,- дедим.

Ал айтты: -Мына жакшы болду, сага ырахмат. Эгер буюмдарың бар болсо, аларды алгының, жөнөйбүз. Мен жооп катары болгону эки чемоданым бардыгын, анын үстүнө экөө тең өзүмдө экендигин жана экөө тең боштугун айттым. Мен өзүмдүн башымды жана кардымды көрсөттүм.

-Абдан ыңгайлуу. Башкаруучуң менен коштош, жөнөдүк.

Мен буттарым менен кандайдыр бир түшүнүксүз кыймылдарды жасадым жана «Көрүшкөнчө, кош болуңуз» дедим. Мен ошол учурда абактан биротоло кетериме ишенген эмесмин.

-Чындыгы, сенин үстүңкү чемоданчигиң бош экен. Сен эмне бул жерге кайра кайтып келем деп ойлойсуңбу?

-Жо, жок!

Мен: «Кайыр кош!» дегенче шаштым. Дал ошондой болуп чыкты; мен абак менен өмүр бою коштоштум... ошол абакта башкаруучунун столунун үстүндө менин калың ишим «делом» жатар эле жана Макаренко таптакыр башкача тосуп алышы мүмкүн болчу. Абактын башкаруучусу мени өзүнө чакырган ар бир учурда, ушул иш (дело) дайыма анын көз алдында болгондуктан, катуу жана орой: «Фамилияң ким?!» деп бакырчу.

А бул жерде – менин өткөндөгүм жөнүндө бир да үн жок, «жакшы бала болуу», «оңолуу» ж.у.с., кандайдыр милдеттенмелерди алууга кептин четин буруусуз (С.Г.Карабалиндин эскерүүсүнөн).

## 2.9. ОЙЛОНГУЛА? ТАПКЫЛА?

.   .   .

.   .   .

.   .   .

1) Берилген 9 чекитти 4 түз сызык менен кайталабай, б.а. бир сызыкты эки жолу өтпөй, колду үзбөстөн туташтыруу керек.

2) Сандардын катарын уланткыла.

18 10 6 4 ?

3) Калып калган сөздү ордуна койгула.

ЛОТОК (КЛАД) ЛОДКА

ОЛИМП (...) КАТЕР

4) Калып калган санды ордуна койгула.

6 10 18 34 ?

5) Биринчи сөздүн аягы (мүчөсү) жана экинчи сөздүн башталышы болуп кызмат кылган сөздү көп чекиттин ордуна койгула.

БЕГЕ (...) ОР

## 2.10. ОЮН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН УЮШТУРУУ-ПЕДАГОГДУК ЧЕБЕРЧИЛИКТИН ӨЗГӨЧӨЛҮҮ ЭЛЕМЕНТИ

### 2.10.1. Сүйлөө кебин өнүктүрүүгө оюндар

**Таалим-тарбиялык милдеттер:**

а) окуучунун тапкычтыгын өнүктүрүү менен бирге кеп маданиятына тарбиялоо;

б) аудиториядан сүрдөбөгөнгө психологиялык жактан көнүктүрүү.

1. **Бир гана тамгага:** окуучулардын ар бири өзү каалаган бир тамганы – **а, б, в, г, д** ж.б. тандашы керек.

Ар биринин өз тамгасы болгон соң, алып баруучу алардын бирине кайрылат жана андан сурайт:

-Сенин тамгаң кайсы?

-А.

Кийинки суроолордун баарына оюнчу **а** тамгасына гана жоопторду табышы зарыл.

Маселен, алып баруучу сурашы мүмкүн:

-Сенин атың ким?

-Асан.

-Фамилияң ким?

-Акматов.

-Сен кайжактан келдиң?

-Алматыдан.

-Каякка баратасың?

-Алайга.

-Алайга эмне менен барасың?

-Автобус.

-Сенин эң жакшы көргөн гүлүң?

-Астра.

Ушул сыяктуу суроо-жооптор менен оюн улана берет. Кийин алып баруучу бөлөк оюнчулардан мына ушул өндүү сурайт. Баары эле бат жана катасыз жооп бере албашы мүмкүн. Мындай да болот, оюнчу атын өзү тандаган тамгасына айтпастан, өзүнүн атын айтып койот же шаардын, өлкөнүн, дарыялардын, дарактардын, гүлдөрдүн, канаттуулардын аталыштарынан жаңылышы мүмкүн. Бул учурда бардык оюнчулар колдорун үч жолу кырсылдатышат. Качан туура жооп угушканда, үч ирет алакандарын чабышат. Оюн уланат.

### 2.10.2. Үндүү тыбыштардын мелдеши

Оюндун ар бир катышуучусу колуна кагаз, калем алат жана кагазга өзүнүн фамилиясын жана атын жазат.

**Оюндун жүрүшү:**
Алдын ала жарыяланган, маселен, **а, у** үндүү тыбыштарына (мурдатан жарыяланган үндүү тыбыштардын саны бирөө, экөө, үчөө, төртөө болушу мүмкүн) беш мүнөт ичинде он сөз жазуу талабы коюлат. Айталы, «Акула», «Артур», «Тулпар», «Тула», «Атуул» ж.б.у.с. Эгер сөздө жарыялангандан бөлөк үндүү тыбыштар кездешсе, андай сөздү жазбоо керек.

Ким жарыяланган үндүү тыбыштарды көп жазган болсо, ал «жеңүүчү» деп эсептелет. Эч кимде кайталанбаган сөздөгү үндүү тыбыштардын ар бирине эки упайдан, ал эми эки-үч же андан көп оюнчулардан кайталанган сөздөгү үндүү тыбыштарга бирден упай берилет. Сөздө жарыяланган тыбыштардан башка үндүү тыбыштар кездешсе, ал сөз сызылат, б.а. эске алынбайт.

### 2.10.3. Үнсүз тыбыштардын мелдеши

Бул оюнда үнсүз тыбыштар алдын ала жарыяланат. Айталы, **к, т** үнсүз тыбыштары жарыяланган болсо (үнсүз тыбыштардын саны бирөө, экөө, үчөө, төртөө болушу мүмкүн), ар бир түзүлгөн сөздүн курамында ушул үнсүз тыбыштардын болушу керек. Маселен, «катет», «кит», «ток», «токой», «too к» ж.у.с., оюндун калган бөлүгүнүн эрежеси жогоруда баяндалгандай болот.

Түзүлгөн сөздөр жекелик сандагы зат атооч, атооч жөндөмөдө гана болушу керек. Оюнчулар өз ара өлкөлөрдүн, дарыялардын, шаарлардын ж.у.с.лардын аталыштарын колдонуу керекпи же жокпу, макулдашып алуулары тийиш.

## 2.11. КЫЙМЫЛДУУ ОЮНДАР

### 2.11.1. «Үй, чычкан, вулкан»

**Бул оюнду уюштуруу жараянында төмөнкү тарбиялык милдеттер чечилиши мүмкүн:**

1) окуучулардын кыймылдуулугун, шамдагайлыгын өнүктүрүү жана ден соолуктарын чыңдоого камкордук көрүү;
2) алардын байкагычтыгын жана бат багыт алууларын өнүктүрүү;
3) окуучулардын эрктик, мелдешүүчүлүк, күрөшүүчүлүк сапаттарын өнүктүрүү жана мотивдештирүү.

**Оюндун жүрүшү**

Башта окуучуларды бир катарга тизип, алардын өзүлөрүн «бир», «эки», «үч», дедиртип санатып, номерлөө керек. 1- жана 2-номердеги окуучулар колдорун кармашып «үй», ал эми 3-номердегилер «чычкан» болушуп, ошол үйлөрдүн ичинде болушат. Ушул көрүнүштө алар тегерек тартып турушат. 1 чычкан «үйсүз» болуп, алардын арасында болот. Алып баруучунун «чычкан» деген командасы берилгенде, чычкандар үйлөрүн алмаштырышат. Бир чычкан үйсүз калат. «Үй» деген командада чычкандар кыймылсыз болушуп, үйлөр чычкандарды издешет. «Вулкан» деген команда берилгенде, баары бузулуп (мурдакы абал сакталбай), кайрадан «үй», «чычкан» болуп тизилишет (чычкандар – үй, ал эми үйлөрдүн айрымдары чычкандар болуп калышы мүмкүн). Оюн уланат.

### 2.11.2. «Шар»

**Төмөнкү тарбиялык милдеттердин коюлушу максатка ылайыктуу:**

1) Окуучунун ыр айтуу дикциясын, темпин, ыргагын өнүктүрүү жана ырдын маанисине шайкеш жарашыктуу кыймылдоо ритмикасын тарбиялоо;
2) Анын эске тутумун өнүктүрүү жана көңүл буруусунун бөлүштүрүүчүлүк (ырга жана кыймылга) жөндөмүн байкоо;
3) Окуучунун аткаруучулук жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү.

**Оюндун жүрүшү**

Летит, летит по небу шар,
По небу шар летит.
И знаем, мы, что, этот шар,
На землю прилетит.

Бул ыр кыймылдын коштоосунда айтылат, б.а. ырдын ар бир сөзүнүн маанисине ылайык келген кыймылдардын жасалышы кажет. Ыр кайтадан экинчи жолу айтылганда, ырдын ичиндеги кайсы бир сөз ташталып, анын ордуна жөн гана кыймыл көрсөтүлөт. Үчүнчү жолу кайталанганда эки сөз айтылбай, бул сөздөрдүн ордуна маанилеш кыймылдар көрсөтүлөт. Ошентип олтуруп, бүт сөздөр ташталат да, кыймылдар гана калат.

### 2.11.3. «Далила, Самсон, Арстан»

**Бул оюндун таалим-тарбиялык милдеттери (болжолдуу):**

1) окуучулардын интуициясын, сезгичтигин жана тапкычтыгын өнүктүрүү;

2) алардын эрктик, эмоционалдык сапаттарын өнүктүрүү жана чечкиндүүлүккө, жандуулукка тарбиялоо;

3) жеңүү үчүн күрөшүүгө жана жеңилүү ызасын көтөрө билүүгө тарбиялоо.

Окуучулар эки тайпага бөлүнүшүп, бетме-бет турушат. Алып баруучунун көрсөтмөсү боюнча командалар артын карашып, өз алдынча кеңешишет. Айталы, кайсыдыр бир команданын мүчөлөрү, эгер, «Далила» болууну макулдашышса, сулуу кызды чагылдырышып, көйнөгүнүн этегин кармап ийилишет. Маселен, эки команда тең, албетте, бири-бирине билдиришпестен, Далила болууну чечишери мүмкүн. Бул учурда «жеңүүчү» жана «жеңилүүчү» болбостон, алар тең чыгышат. Ал эми «Самсон» болушса, күчтүү баатырды чагылдырышып, ал үчүн колдорундагы күчтөрүн (булчуңдарын) көрсөтүшөт. Эгер «Арстан» болууну чечишсе, тырмактарын көрсөтүп, арстан өңдүү ырылдашат.

Арстан аябай жырткыч жаныбар, бирок, аны Самсон жеңет. Самсон, баатыр болгон менен Далиланын алдында тизе бүгөт. Далила болсо, Арстандан коркот, б.а. андан жеңилет.

Командалардын мүчөлөрү өз ара макулдашышкан соң, алып баруучунун белгиси боюнча ар бир команда өзү тандаган атты бир убакта көрсөтүшү керек. Жеңүүчү аныкталат. Мелдеш кызыктуурак болсун үчүн окуучулар, мисалы, төрт тайпага бөлүнгөнү дурус. Мында эки команда кезек күтөт.

### 2.11.4. «Электроток»

**Мындай тарбиялык милдет коюлушу мүмкүн:** окуучуларды зиректикке, тез кыймылдоого, көңүлүн топтоштурууга жана бөлүштүрө билүүгө тарбиялоо.

**Оюндун жүрүшү:** окуучулар эки тайпага бөлүнүшүп, колдорун кармашып, эки катарга тизилишип, бири-бирине карашып турушат. Алып баруучу ошол тизилген окуучулардын баш жагында турат. Анын карама-каршысындагы столго (б.а. тизилген окуучулардын экинчи учуна) кандайдыр бир предмет коюлат. Ал предмет шарттуу түрдө «лампочка» болуп эсептелинет, ал эми кол кармашып турушкан окуучулар «өткөргүчтөр» болот. Алардын эң башындагы б.а. «лампочкага» жакын турган эки окуучу «включателдер» болушат. Алып баруучу болсо, электр тогун иштеп чыгуучу жана ток бөлүп берүүчү «генератордун» милдетин аткарат. Генераторго жакын турган эки окуучудан башкаларынын баары «лампочканы» карашып туруулары тийиш. Генератор монетаны өйдө ыргытып, тутуп көрсөтөт. Эгер монетанын герб жагы көрүнсө, демек, ток кетет же тескерисинче болсо, анда ток кетпейт. Ошол монетаны биринчи эки окуучу көрүшүп, кармап турушкан колдорун кысуу менен «өткөргүчтөр» аркылуу ток өткөрүшөт. Кайсы команда биринчи болуп «лампочканы» жандырып алса, б.а. өйдө көтөрсө, ошол команда жеңет. Ал эми стол үстүндөгү предметти байкабастан көтөргөн болсо, жеңилүү ызасын тартат.

### 2.11.5. «Пальма, пил, маймыл»

**Коюлуучу тарбиялык милдеттер:**

1) окуучулардын көркөм образдуу элестетүүчүлүктөрүн өнүктүрүү;

2) алардын артисттик жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү менен бирге жарашыктуу, ийкемдүү кыймылдоо жөндөмдөрүн тарбиялоо.

**Оюндун жүрүшү:** окуучулар тегерек тартып турушат. Алып баруучу тегеректин ичинде болот. Алып баруучу каалаган бирөөнү сөөмөйү менен көрсөтүп, «пальма» же «пил», же «маймыл» деп айтуу керек. Маселен, эгер бир окуучуну көрсөтүп, «пальма» десе, ошол окуучу эки колун өйдө көтөрүшү, ал эми анын оң жана сол жагындагы кошуналары да колдорун көтөрүшүп, карама-каршы жакка жантайыштары зарыл. Эгер тандалган окуучуга көрсөтүлүп «пил» деп айтылса, ал колдорун алдын көздөй узун сунуп, пилдин мурдун жасайт, кошуналары колдору менен пилге карай бурулушуп, пилдин кулактарын жасашат. «Маймыл» - айтылган болсо, көрсөтүлгөн окуучу колдору менен оозун, ал эми кошуналары маймылды көздөй бурулушуп, оң жактагысы-маймылдын кулактарын, сол жактагысы-көздөрүн жабышат. Жаңылган окуучу алып баруучу менен орун алмашып, оюнду улантат.

### 2.11.6. «Айтканын кыл, кылганын кылба»

**Тарбиялык милдеттер:** 1) Окуучулардын көңүл буруусун туура бөлүштүрө билүүгө көнүктүрүү жана кабыл алуунун инерттүүлүгүнөн арылтуу, 2) Көңүлдүү көтөрүңкү маанай түзүү менен ар түрдүү кыймылдарды уюштуруунун негизинде окуучулардын ден соолугун чыңдоого кам көрүү.

**Оюндун жүрүшү:** Темада айтылгандай алып баруучунун айткандарын аткарып, бирок, анын кылганын, мисалы, колдору же буттары менен жасаган ар түрдүү кыймылдарын кайталабоо керек. Маселен, алып баруучу окуучуларга карап: «эки колуңарды өйдө көтөргүлө» - деп сүйлөп, ошол эле мезгилде өзү эки колун эки жакка (капталдарына) горизонталь жаят. Бул учурда эки колдорун тик өйдө көтөргөндөр оюнда калып, ал эми алып баруучунун кыймылын кайталап, эки колдорун эки жакка горизонталь жайгандар оюндан чыгат. Же болбосо, алып баруучу: «Оң колуңарды белиңерге алгыла (таянгыла)», - деп, өзү эки колун белине таянат. Мында адашып, сол колун белине алган же эки колун белине таянган окуучу (окуучулар) оюндан чыгарылат. Ошентип, оюн уланат.

### 2.11.7. «Нымжан» («Слабое звено» түрүндөгү тандоо оюну)

Тандоо кароосуна, мисалы, 7 окуучу чыгышат. Аларды алып баруучу көтөрүңкү маанайда аудитория менен тааныштырат. Тандоо 4 тур менен жүргүзүлөт. Биринчи турда, ар бир окуучуга кезеги менен (удаалаштык принцибинде, б.а. ар бир окуучуга маани-мазмуну боюнча бөлөк- бөлөк суроо берилүүгө тийиш) бирден суроо берилип, экинчи суроо кайтадан башынан кезектешип берилип, ошентип, ар бир окуучуга жалпысы 4төн суроо берилет. Эске алчу жагдай, берилген суроого тиешелүү жоопту катышуучу тез, бачым берүүгө тийиш (жооп берүү учурунда ким убакытты шартталгандан ашыкча алса, анык оюндан четтетилишин, алып баруучу оюндун шартын түшүндүрүү мезгилинде кошумча эскертет). Берилген суроого оюнчулардын кимисин туура жооп берсе, анын тууралыгы алып баруучу тарабынан белгиленип, ошол окуучуга алып баруучунун жардамчысы символикалуу нерсе, мисалы, «жылдызча» же «жетон» тапшырып турат. Биринчи тур аяктаган соң, ар биринин «жылдызчаларын» санашат жана кимисинин «жылдызчалары» аз болсо, ал окуучу жылуу маанайда оюндан чыгарылат. Экинчи турда оюнчулар эки-экиден жупташып биригишет жана аларга кезеги менен суроолор берилет. 4төн суроо берилгенден кийин, кайрадан, жогорудагы ыкманын негизинде эң аз «жылдызчага» ээ болгон жуп

оюндан жылуу маанайда кош айтылат. Кийин 2жуп калат. Оюн ушул тартипте улантылып, акырында калган бир жуп экиге ажыратылып, таймаш улантылат. Эгер алардын алган упайлары бирдей болуп калса, жеңүүчү кошумча суроонун негизинде аныкталат. Ошентип, акыркы турда таймаштын жеңүүчүлөрү аныкталып, аларга салтанаттуу түрдө жылуу сөздөр арналып, белектер тартууланат.

**Эскертүү:** таймашты мына ушундай ыкмада уюштуруу, чыныгы күчтүү окуучуларды тандоого өбөлгө түзүшү мүмкүн.

# III БАП

## ТАРБИЯ ЖААТЫНДАГЫ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШ АРАКЕТТЕР ЖАНА УЮТКУЛУУ ИШ ТАЖРЫЙБАЛАР – ПЕДАГОГИКАНЫН ТЕОРИЯСЫНЫН, ПРАКТИКАСЫНЫН ЖАНА ТАРБИЯЧЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ШАЙКЕШТИГИНИН НАТЫЙЖАСЫ КАТАРЫ

### 3.1. Педагогикалык ийгиликтин беш шарты[4]

(Көрүнүктүү жаңычыл – педагог, профессор И.П. Ивановдун идеясынын негизинде)

Биздин түмөн түйшүктүү педагогикалык ишибиздин ар бир күнү балдардын руханий дүйнөсүнүн жана адеп-ахлак сапаттарынын аз-аздан өнүгүүсүнө, торолуусуна, алардын шык жөндөмдүүлүктөрүнүн ар тараптуу өнүгүүсүнө салым кошуусу керек. Эмнеликтен биздин тарбиялык таасирибиздин алсыз, бир жактуу, баланын инсандык торолуусуна кедерги, а түгүл тоскоол болгон учурлары аз эмес? Эмне себептен биздин жакшы ойлорубуз, мүдөөлөрүбүз, каалоолорубуз, ниеттерибиз иш жүзүнө ашпайт? Бул, көп сандаган жагдайларда, ар түрдүү кырдаалдарда педагогикалык маселелерди чечүүнүн жалпы шарттарын билбегендиктен да болот. Андай жагдайлар тарбиячыга көнүмүш жана көнүмсүз, мурдатан белгилүү жана таптакыр ал үчүн күтүүсүз түзүлгөн кыйын абалдан тез арада чыгууну талап кылат. Бул шарттардын негизгилерин карайлы.

**Биринчи шарты – жалпы камкордук.**

Ар бир тарбиялануучуну жалпынын кубанычы жана пайдасы үчүн уюштурулган иш аракеттерге жандуу катыштырууну үйрөтүү зарыл: адамдар үчүн керектүү болгон иштерди издөөгө, турмуштук зарыл маселелерди чечүүнүн натыйжалуу каражаттарын табууга

---

[4] Бул бөлүмдүн темаларынын мазмунунун негизги өзөгүн И.П. Ивановдун китебинен алынган / Иванов И.П. Энциклопедия коллективных творческих дел.- М.: Педагогика, 1989./ котормо түзөт. Ар бир чыгармачылык иштердеги тарбиялык милдеттердин коюлушу автордук толуктоо болуп саналарын эскертмекчибиз. Айрым учурларда өз көз карашыбызды жагдайга жараша кыстырма иретинде кымтый кетүүнү эп көрдүк.

жана тандоого, өздөштүрүлгөн билимдерин жана көнүмдүктөрүн турмушта пайдаланууга, жакшылыкты жаратуунун тажрыйбаларын алмашууга, ойдогуларды аткарууда кыйынчылыктарды жеңүүгө, жакшылыктын жана сулуулуктун мыйзамы боюнча жашоого тоскоол болгондор менен күрөшүүгө, аткарылгандарды баалоого жана келечек үчүн сабак алууга...

Кыска айтканда, тарбиялоо - бул, тарбиялануучулар менен биргеликте ар түрдүү иштерди, коомдук – саясий, эмгектик, экологиялык, таанып – билүүчүлүк, көркөмдүк, искусстволук, спорттук ж.б. чыгармачылык менен жаратууга камкордук көрүү болуп саналат. Мына ушундай мүнөздөгү камкордуктарда гана балдардын айланадагы турмушка, адамдарга, эмгекке, жаратылышка, маданиятка, укукка –жалпы кубанычтын жана пайданын булагы катары түшүнүлгөн атуулдук мамилелер жаралат жана бекемделет

И.П.Ивановдун көз карашы боюнча, тарбиячынын балдарга күйүмдүү, мээрбан мамилеси, ал балдардын келечекте жоро-жолдошторуна, курбу – курдаштарына, ата-энесине, туугандарына, өң тааныш жана тааныбаган адамдарга карата өз кезегинде таза, аруу сезимдердин, ойлордун, мамилелердин өнүм алуусуна жагымдуу ыңгай түзгөнүндө. Ошентип, негизинен, мугалимдин мамилелешүү адебинде көптөгөн сырлардын түйүнү жатканын туюу, түшүнүү зарыл. Күйүмдүү, мээрбан, назик мамилеси менен тарбиячы окуучуну өзүнө тартат жана мындай мамилени өзүнүн жан дүйнөсүнө сиңирген баладан кийин сезимтал жакшы адамдын чыгышына ишенсе болот. Азыркы «рынок» мамилесинин шарттарында корс, орой адамдар көбөйө түштү. Буга, бир чети, экономикабыздын оор ахыбалда турганы себеп болду. Турмуштан кыйналган, азаптанган, кара курсагынын гана камын ойлонгон адамдын моралдык, психологиялык абалын элестетип көрүңүз... Өзүмдүн жеке пайдам дегенде өлөрчө каргануудан кайра тартпаган адамдардын арасында руханий дүйнөсү бийик, интеллектуалдуу турмушка калыс көз менен караган адамдын жашоосу оңойго турбасын тарых барактары ырастап келет. Бүгүнкү бала эртең өзүмчүл, ачкөз, бир өңчөй керектөөчүл сезимдерге азгырылган, жеңил-желпи жолдор менен баюунун артынан сая түшкөн, түшүнүктөрү жарды инсан болуп калыптанып калбашы үчүн мугалимден өзгөчө таалим-тарбиялык мазмунду, тиешелүү методдорду, каражаттарды тандай жана колдоно билиши талап кылынат. Тарбиячынын үлгү катарында кимдерди, кандай жашоо образын күткөн адамдарды мисалга келтирилишинен эле тарбиялык милдеттердин туура нукта же туура эмес чечилиши мүмкүн. Тарбиячынын атайын педагогикалык-психологиялык, усулдук даярдыгына кошумча анын маданий көз карашынын деңгээли, жандуу

аракети, баланын күрөшчүл жана күйүмдүү, камкор инсан катары калыптанышына түрткү болгон негизги жолдордун бири.

Бирок, көбүнчө мындай болот. Бир эле тарбиячы тарбиялануучуларына таасир этип, алардын рухий байлыктарды пассивдүү керектөөсүнө, даяр билимдерди жана билгичтиктерди жаттоосуна жетишет, ошол эле тарбиячы, кээде, баары үчүн милдеттүү тарбиялык тажрыйбаны жандуу өздөштүрүүсүн уюштурат; айрым учурда тарбиячы «четте туруп», тарбиялануучулардын «өз алдынчалыктарын» өнүктүрүүгө жардамдашкан сыяктанат, бирок, чоңдордун берген тажрыйбаларын кайталагандай мүнөз берет.

Ошол себептүү, б.а. иш аракеттердин аткаруучулук мүнөзү басымдуу күчөгөндүктөн турмушка, анын түрдүү чөйрөлөрүнө карата бир беткей керектөөчүлүк-эгоисттик мамиле кулачын жаюуда. Руханий жана материалдык зор байлыктарды керектөөчү катары көз караштары, адаттары, эгоисттик сезимдери калыптанат.

**Экинчи шарты – жолдоштук**

Тарбиячы өзүнүн тарбиялануучусун өзүнүн кичинекей жолдошу катары кабылдап, ага дайыма ички рухий жылуу мамиледе болуусу зарыл. Мындай мамиле жолдоштук урматтоо жана жолдоштук талап коюунун биримдиги менен мүнөздөлөт. Башатында жолдоштук урматтооо турушу керек: бүгүнкү жана келечектеги жалпы атуулдук камкордуктун кыйла билгич жана берилген катышуучулары катары адамдын мүмкүнчүлүгүнө, чыгармачылык дараметине ишенүү, анын күчтүү жана алсыз жактарын түшүнүү, жакшы белгилерин, сапаттарын өнүктүрүүгө, ачууга умтулуу жана кемчиликтерин, алсыз жактарын жоюунун аракеттерин изденүү.

Жолдоштук урматтоодон жалпынын кубанычы жана пайдасына аракеттенүү үчүн зарыл болгон жолдоштук талап коюу принциби келип чыгат. Бул үчүн айланадагы жашоо-турмушка жандуу катышууң, катышуу аркылуу башка адамдардын жолдошу катарында өзүңдү жакшыртууң, өстүрүүң, өркүндөтүүң керек болот.

Бул мамиленин мааниси-жолдоштук урматтоо жана жолдоштук талап коюунун биримдигинин эки тараптуу мүнөзгө ээ болгондугунда, б.а. жашы улуу жолдошу катары өз тарбиячыларына тарбиялануучулардын урмат көрсөтүүсү жана талап коюусу үзгүлтүксүз айкалышат: үй-бүлөнүн кичинекей мүчөлөрүнүн чоң туугандарына, окуучулардын мугалимдерине карата ж.у.с.

Практикада болсо, көбүнчө башкача ички мамиле көзгө урунат. Анда жолдоштук урматтоо да, жолдоштук талап коюу да болбойт. Тескерисинче, авторитардык, формалдуу-административдик, буйрукчул талап коюучулук өкүм сүрөт. Мындай учурда

тарбиялануучулар өзүлөрүнүн тарбиячыларынын көрсөтмөлөрүн кыңк этпей аткаруулары керек. Бул өңдүү талап коюуда тарбияланууучусун урматтоо, анын чыгармачылык күчтөрүнө ишенүү, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүү, ал мүмкүнчүлүктөрдү жана күчтөрдү өркүндөтүүгө умтулуу сыяктуу маанилүү тарбиялык милдеттерди чечүү көңүл борборунда турбайт.

Башка вариант, жогоркуга карама-каршы мүнөздөгү, бирок маңызы боюнча бир жактуу мамиле: тарбияланууучуларга таасирлерде аларга талап коюлбайт. Бул учурда кандайдыр бир ишти (ал иш маанилүүбү же анчалык маанилүү эмеспи) тарбияланууучулардын милдеттүү аткаруусу талап кылынбайт, бирок, аларга бул ишти кантип аткаруу керектиги жөнүндө «кеңештер», «каалоолор» айтылат. Тарбияланууучулар ал ишти каалашса аткарышы же аткарбашы мүмкүн. Бул таасирлерде тарбияланууучуларды урматтоо бар, бирок жолдоштук катары эмес, «жакын тааныш» өңдөнгөн мүнөздө. Мында керектүү жана пайдалуу иш аракеттерге тартуу менен ар бир өспүрүмдүн чыгармачылык дараметин ачууга, өстүрүүгө туруктуу умтулуучулук болбойт.

Мамиленин башка бир варианты бир топ кенен кездешет. Түрдүү жолдор менен жүргүзүлгөн тарбиялык таасирлерде тарбияланууучуларга карата урматтоону да, талап коюуну да көрүүгө болот. Бирок, урматтоого өзгөчө даяр тажрыйбаны жандуу керектөөчү, улуу муундардын көрсөтмөлөрүн иштиктүү аткаруучу болушканда гана татыктуу болушат. Бул өңдүү тарбиялык мамилелердин өзөгүндө, тарбияланууучуларда, башкалар үчүн керектүү болгон жана алар зарыл деп эсептешкен гана иш аракеттерди өнүктүрүү максаты жатат.

Керектүү иш аракеттер дегенде, маселен, аларга берилген билимдерди жана билгичтиктерди алардын ийгиликтүү өздөштүрүүсүн, өспүрүмдөрүчүн башкалар тарабынан ойлонулган тапшырмаларды, пландарды, иштерди алардын жемиштүү аткаруусун түшүнүү керек.

Мында тарбияланууучу канчалык тартиптүү, иштиктүү аракеттенсе (б.а. муундардын «айтканын айткандай, дегенин дегендей» аткарса), ошончолук тарбиячылар ага урмат менен карашат жана тескерисинче.

Мына ушул мүнөздөгү мамилелер, аягында, белгилүү убакыт мезгилден соң, тарбияланууучулардын тарбиячысына болгон көз караштарынын өзгөрүшү менен коштолот.

Балдардын көз карашында эми тарбиячынын жалган, арзан кадыр-баркка умтулгандыгы байкалып, билинип, тарбиячынын таасирлерине мурдакыдай көңүл бурулуп, кунт коюлбай, ал

таасирлер балдар тарабынан көбүнесе бир жактуу кабылданып, терс натыйжаларды бере баштайт. Бул-тарбиячыдан коркуунун, же андан алыстоонун, же болбосо, көбүнчө, тарбиячыга кыжырдануунун мамилеси. Же, калп эле тарбиячыны «жакынындай» көрүп, аны көзүнө илбөөчүлүктүн мамилеси. Же болбосо, даяр тажрыйбаны жакшы үйрөтүүчү катары тарбиячыга болгон «керектелүүчү» урмат, (б.а. тарбиячысына карата баланын көз карашы, анын кандайдыр бир пайдалуу, керектүү буюмга жасаган мамилеси сыяктуу мүнөзгө ээ болот).

Ошентип, тарбия ишинин түпкүлүктүү максаттарынын бири – ар бир окуучунун өзүн-өзү талап коё билүүсүнө жетишүү болуп саналат. «Өзүн урматтай билген адам, өзгөнүн кадырына жетет» деп айтылат кыргыз элинин нускалуу кебинде. Өзүнө талап койгондугу, бул, ошол адамдын өзүн урматтагандыгына жатат. Тескерисинче, өзүн сыйлаган киши, өзүнө талап коё билет. А.С.Макаренконун оюу боюнча, тарбиячынын балага койгон туура талабы, ошол эле учурда баланы инсан катарында урматтагандык болорлугун түшүндүргөн. Чындыгында, баланын аң сезимин, мүнөзүн, түшүнүгүн, шык-жөндөмүн эске алуу менен ага кандайдыр бир тапшырма берүүсү, бул, тарбиячынын ошол баланын мүмкүнчүлүгүнө, кудуретине, чыгармачылык дараметине ишенүүсү болот. Мындай тапшырманы ички дүйнөсүнүн, сезимдеринин тереңинде туюп, кабылдап, ишенимди актоого аракеттенип, тарбиячынын көз алдында бала инсан катарында урматтоого татыктуулугун көрсөтүүгө тырышат. (МК)

**Үчүнчү шарты – ой пикирлердин жана аракеттердин, эрктин жана сезимдердин биримдиги.**

Таасир этүүлөрдү өсүп жаткан инсандын бардык үч жагын: таанып-билүүчүлүк-дүйнөгө көз караштык, эмоционалдык-эрктик жан аракеттенүүчүлүк тараптарын шайкеш биримдикте өнүккөндөй жүргүзүү максаты ылайыктуу. Бир эле учурда илимий билимдерди, көз караштарды, ишенимдерди, идеалдарды калыптандыруунун камын көрүү, жакшынакай сезимдерди, умтулууларды, кызыгууларды, керектөөлөрдү козгоо жана бекемдөө, азыркы коомдук турмуштун атуулуна жана куруучусуна керектүү болгон билгичтиктерди жана жөндөмдүүлүктөрдү, адаттарды жана мүнөздүк белги, сапаттарды өнүктүрүү зарыл.

Турмушта болсо, асыресе, жогоруда белгиленген инсандык компоненттердин бирөөсүн гана өнүктүрүүгө басым жасалып келет. Билимдерди калыптандыруу процессине өзгөчө маани берилип, ал эми ички күчтөрдү – бийик сезимдерди, жакшынакай керектөөлөрдү, адаттарды тарбиялоо экинчи планга жылып, унутулган учурлар көп кездешет. Анын үстүнө, бул таасирлер бири-биринен обочолонуп,

таасирлердин системдүү, диалектикалык байланышы көз жаздымдан чыгат. Ушул себептүү, билимдердин жана көз караш ишенимдердин ортосунда, билимдердин жана кызыгуулардын, көндүмдүктөр менен керектөөлөрдүн арасында ажырым келип чыгат. Айрыкча чыдамды кетиргени - аталган инсандык компоненттер менен ишмердүүлүктүн ортосундагы ажырымдын пайда болушу.

**Төртүнчү шарты - биримдүү жамаат (коллектив).**

Тарбиячынын таасир этүү ыкмасында бир нече байланыштуу чынжырлар эске алынышы керек: тарбиячылардын өзүлөрүнүн таасирденүүсү, (б.а. өзүнүн таасир этүү ыкмасына канааттануусу же канааттанбоосу), тарбиялануучулардын бири-бирине таасир этүүлөрү, балдардын тарбиячыларына таасирлери жана ар бир тарбиялануучунун өзүнчө таасирленүүсү.

Мына ушул шартта тарбиялык процесс өзүнүн бардык чынжырларында биримдүүлүктө ишке ашат: тарбиячынын балдарды тарбиялоосу, тарбиялануучулардын өзүлөрүн – өзүлөрү тарбиялоолору – бири-бирин жана жеке өзүн, тарбиячынын өзүн-өзү тарбиялоосу, балдардын тарбиячыны тарбиялоолору. Мында ар бир инсанды биримдүү тарбиялык жамаат тарбиялайт - чоңдорду жана кичүүлөрдү, жалпы жашоого таасир этүү менен, ал жашоону жакшыртуу жана тарбиялык натыйжалуулукту бекемдөө аркылуу.

Балдар жамааты тарбиянын жандуу жана жемиштүү каражатына айланышы мүмкүн, качан гана, баланын индивидуалдуулугун, ага мүнөздүү болгон жакшына өзгөчөлүктөрдү өнүктүрүүгө жагымдуу шарттар түзүлсө, ар бир инсандын кайталангыс белгилери, адаттары, сапаттары туура бааланып барылса.

Турмушта болсо, тарбиялык процесстин басымдуу бөлүгү тарбиячылардын бир жактуу же бир багытта таасири менен мүнөздөлөт: ата-энелер үй-бүлөнүн кичинекей мүчөлөрүнө, мугалимдер – окуучуларга үйрөтүшөт, ж.б.у.с.

Тарбиячы өзүн тарбиялоосунун кереги жоктой туюлат, же болбосо андай ой, көз караш анын кыялына деле келбейт. Тарбиялануучунун өзүн-өзү тарбиялоосу, тескерисинче, али эрте сыяктанат. Алардын иши азырынча, тарбиячылардан үйрөнүү.

Мына ушул себептүү, баалуу болуп эсептелген жеке өзү жана жолдошу үчүн жоопкерчилик сезимдери калыптанбаган, инсандык зарыл сапаттарды өзү өнүктүрүүгө жана мүнөзүндөгү кемчиликтерди жоюуга аракеттенбеген өспүрүмдөрдүн саны аз эмес. Педагогдор өзүлөрүн-өзү туруктуу өркүндөтүүнүн, туруктуу руханий өсүүнүн, өзгөрүүнүн, өзүлөрүнө ж.б. тарбиячыларга жогорку талап коө билүүнүн баалуу жолдорунан кур кылышат.

**Бешинчи шарты – чыгармачылык.**

Тарбиялык таасирлердин ар кайсы түрлөрүн биримдикте пайдалана билүү зарыл.

Таасирлер бир түстүү, бир жактуу, бир кылкалуу, тажатма болбостон, адатта чыгармачылыктуу болуп, таасирлердин билинбеген жана ачык, түз жана кыйыр түрлөрүн пайдаланган жакшы. Мына ошондо балдар жана өспүрүмдөр өзүлөрүн тарбиянын обьектиси катары кабылдашпайт. Алар – биринчи кезекте, тарбиячылар, (б.а. педагогдор, бир туугандары, бөлөк адамдар ж.у.с.лар) менен жалпы жашоо – турмуштук маанилүү маселелерди чыгармачылык менен чечүүнү самашат жана катышышат. Алар – жалпы атуулдук чыгармачылык камкордук боюнча жашы улуу муундардын кичи жолдоштору болуп калышат. Тарбиячы балага түз жеке пикирлешүү менен, кыйыр түрдө да – тарбиялануучулар аркылуу таасир этет. Бирок, түз жана кыйыр түрдөгү таасир этүүлөр, алдыңкы кезекте, практикалык багыттуулукка ээ болуусу керек: өзүңдүн туугандарыңдын, жамаатыңдын, айлана-чөйрөнүн жашоосун жакшыртуу үчүн эмнени жана кантип бүтүрүү, аткаруу керек? Бул шартта тарбиячылар койгон тарбиялык милдеттер (билдирүү, үйрөтүү, жоюу...) балдар үчүн билимсиз сезилбестен чечилет. Балдарга билинбеген, байкалбаган, көрүнө бербеген тарбиялык таасирлердин жемиштүү болорлугун өз учурунда А.С.Макаренко, В.Н.Терский, В.А. Сухомлинскийлер белгилешкен.

Ал эми ачык тарбиялык таасирлер, коюлган тарбиялык милдеттерди чечүүгө түз багытталат да, жалпы жана жеке инсандык практикалык маселелерди чечүүнүн зарыл каражатына айланат: «Бул же тигил ишти ийгиликтүү аткаруу үчүн тиешелүү түрдө бул же тигил нерселерди үйрөнүү зарыл!» Өзгөчө белгилей кетүүчү жагдай, мындай ачык таасир тарбиячылар үчүн гана зарыл болбостон, өспүрүмдөр жана кичи балдар үчүн да ички зарылдыкка айланат. Таасир педагогдун өзү тарабынан гана эмес, кыйыр түрдө, б.а. тарбиялануучулар аркылуу да пайдаланышы кажет. Ар кайсы кырдаалдарда түрдүү конкреттүү жолдор б.а. тарбиялык ыкмалар менен ишке ашырылат.

Бирок нравалык таасир, көбүнесе, ачык жана түз мүнөздө болуп, мындай таасир көнүмүшкө айланган, «иштелген», стандарттуу жолдор менен жүрөт. Бул тарбиялык максатка жетүүнүн кыска, демек, мыкты жолу катары эсептелет. Мындай мамиле, тарбиялык процесске жеңил-желпи карагандыктын же анын татаалдыгын тереңирээк түйбагандыктын, түшүнбөгөндүктүн белгиси. Ошол себептүү педагогдун ой-тилеги канчалык сонун болгон күндө да, тарбиялык процессти тарбиячынын балага шаблондуу таасиринин тар чектеринен чыгаруу өтө кыйындайт. Бул таасирлер жогоруда баяндалган пас көрүнүштөрдүн булактары болуп калышы ыктымал.

Коллективдүү чыгармачылык иштер (КЧИ) – ар тараптуу жолдоштук чыгармачылык кызматташтыктын жалпы жана конкреттүү жолдору

болуусу керек. Балдардын жашоосун уюштуруунун бул жолу, таасир этүүнүн кайдыгер, буйрукчул- өкүмчүл методдоруна каршы туруп, андай ыкмаларды, көз караштарды педагогикалык практикадан сүрүп чыгаруу максатын көздөйт.

Биздин кыйын-кезең мезгил өспүрүмдөрдүн жана улан-кыздардын чөйрөдөгү турмушка реалдуу аралашууларын, катышууларын, өзүнүн балалык доору, дүйнөсү менен гана (балалык доор, албетте, өзүнчө сонун, ажайып, алмаштыргыс, керектүү мезгил деңизчи...) чектелип калбоолорун талап кылат. Демократияга үйрөнүү – эң башкы проблема жана бул, өзгөчө, балдар менен иштегендердин алдында турган опол тоодой маселе. Кыйын, татаал милдеттерден баланы ала качпастан, жашоо-турмушту өзгөртүүнүн башкы багыттарында алар менен чогуу жогорудагы проблемаларды чечүүнүн жолдорун изденүү изги.

КЧИнин мазмуну жана аракет чөйрөсү бүгүнкү күнү республикабыздын турмушунун бардык тармактарында жүрүп жаткан жакшыртуу процесстерине, реформаларга жооп бериши керек. Өспүрүмдөр жана улан-кыздар чарбалык – эсеп бирикмелерин (кооперативдерди), чакан арендалык, фермердик чарбаларды түзүүгө, соода-сатык жана ортомчулук ишкердүүлүктөрүн үйрөнүүгө, тынчтык, бейпилдик үчүн күрөшүүчүлөрдүн, маданият жана экологияны, тарыхты Аяр сактоочулардын, улуттук салт-санааны, үрп-адаттарды жигердүүлүк менен жайылтуучулардын жана коргоочулардын кыймылдарына, ж.у.с. ларга катышуу аркылуу жашоо-турмушубузду жакшыртууга реалдуу көмөк көрсөтө алышат. Башкысы, балдарды жана улуу жаштагы муундарды жалпы максаттарга, турмуштук зарыл камкордуктарга башын бириктирген иштер болуп, ал эми ич ара мамилелери-кызматташтыктын жана ширелешкен чыгармачылыктын принциптеринде курулуусу максатка ылайыктуу. (К.М.)

## 3.2. ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫЛАР ЖАНА АЛАРДЫН КИЧИ ДОСТОРУ ҮЧҮН УЮШТУРУЛУУЧУ КОЛЛЕКТИВДҮҮ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШТЕРДИН МИСАЛДАРЫ

**I. Байланыш бөлүмү (почта) – ролдук оюн.**

**Төмөнкүдөй ич ара байланышкан тарбиялык милдеттер коюлушу мүмкүн:**

1) адамдарга кубаныч тартуулоонун жана камкордук көрсөтүүнүн маанисин түшүнүүгө баланын көз карашын, сезимдерин багыттоо;

2) ар бир «кызматчыда» өз ишин тыкан, жакшы аткаруу керектиги жөнүндө түшүнүктү ойготуу жана тарбиялоо;

3) балдарды, башкаруу жана баш ийүү элементтерине үйрөтүү, тапшырылган иш үчүн аларда жоопкерчилик сезимдерин калыптандыруу;

4) өз ара сыпайы, түшүнүү мамилелеринин иштин жалпы жүрүшүнө оң таасир этерин түшүндүрүү;

5) коллективдүү чыгармачылык аракеттердин ошол жамааттын ар бир мүчөсүнүн аң сезимдеринин, шык жөндөмдүүлүктөрүнүн өсүүсүнө, өнүгүүсүнө жагымдуу мүмкүнчүлүк түзөрүнө болгон ойлорун, ишенимдүү бекемдөө;

6) оюн элементтеринин колдонулушу балдардын жеңил, куунак аткарууларына өбөлгө түзөрүнө көңүлдөрүн бурдуруу.

Оюндун катышуучулары, башта, байланыш бөлүмүнүн иши менен таанышышат (байланыш бөлүмүнө барышат, анын кызматчылары менен аңгемелешишет, алардын жумуштарын байкашат), кийин жалпы жыйында өзүлөрүнүн байланыш бөлүмүнө ат коюшат, бөлүмдөрдүн иштерин бөлүштүрүшөт, кимдерди, качан жана кантип тейлөөнү чечишет, өз мекемесин жасалгалоо тууралуу жана айырмалуу, өзгөчөлүү белгилер (эмблема) жөнүндө макулдашышат. Байланыш бөлүмүндө тейлөө кызматтары болушу мүмкүн: каттар жана куттуктоо кагаздар бөлүмү, телеграммаларды кабыл алуу бөлүмү, буюм-тайымдарды, бандеролдорду, посылкаларды кабыл алуу бөлүмү, корреспонденцияларды жеткирүү (почточулар) бөлүмү.

Мындай байланыш бөлүмү өз ичине көп сандаган ар кайсы ишмердүүлүктөрдү (жөнөкөй жана кыйла татаалырак) камтыгандыктан, чоң жаштагы муундардын жетектөөсү (кеңешчилер, көрсөтмөчүлөр катары) менен чоң жана кичи балдарды бириктирүүгө сонун мүмүкүнчүлүк түзүлөт. Маселен, кичинекейлер почточунун, сорттоочунун, таңгактап байлоочунун, телеграфчынын жардамчысынын, бөлүмчөлөрдүн башчыларынын ж.у.с. кызматтарды аткаруулары мүмкүн.

Оюн майрам алдында же майрам күнү – мектепте, кичи райондо, ж.б. жайларда өткөрүлөт. Мектепте, мисалы, байланыш бөлүмүнүн кызматчылары, өз мектебинин бөбөктөрүн жана мугалимдерди, бардык катышуучуларды жана меймандарды, же бүтүндөй мектеп жамаатын тейлөөсү мүмкүн.

Байланыш бөлүмүнө келген клиенттер кат жазуулары, куттуктоо баракчасын толтуруулары жана ага сүрөт тартуулары, телеграмма түзүүлөрү, өзүнүн китепчелерин, тарткан сүрөттөрүн, өз колу менен жасаган моделдерин, макеттерин, ж.у.с.ларды бандероль же посылка түрүндө жөнөтүүлөрү мүмкүн. Балдардын дарektегендери классташтары, көчөсүндөгү курбу-курдаш, жоро-жолдоштору, ата-энеси, үйүндөгү туугандары, мугалимдери, тарбиячылары болушат.

Чоң кишилердин даректегендери – өз балдары, окуучулары, чогуу иштегендер болуусу мүмкүн.

Байланыш бөлүмүнүн кызматчылары (биринчи кезекте чоң балдар жана кишилер) тажрыйбасыз клиенттерге байланыш операциясын жүргүзүүнүн «сырларын» үйрөтүшөт: конвертке даректи туура жазууну, телеграммага текст түзүүнү ж.у.с.ларды.

Байланыш бөлүмүнүн ишине оюн, чыгармачылык, жаңылык элементтерин көбүрөөк кийирүүгө аракеттенүү керек. Алсак, тейлөө үчүн төлөө «акысы» - ага сунушталган бир табышмакты чечүү, телеграмманы жөнөтүүгө – телеграммада жазылган сөздөрдү пайдаланып, чакан аңгеме түзүү талабы жана башка, телеграммада 13 сөз жазылган дейли. Телеграфчы 13 сөздөн турган, маселен «м» тамгасынан башталган кичинекей аңгеме же ыр саптарын ойлоп түзүүнү талап кылат. Клиент бул тапшырманы аткарат да (демек, тейлөө «акысын» төлөдү), өзүнүн чыгармасын белекке алат (же досторунун дарегине жөнөтүү укугуна ээ болот).

Почточулар алар 2-3 баладан турган бригадаларга биригишкени дурус (мектептин өзүндөгү даректерге же үй даректерине), мектеп кичи районундагы корреспонденцияларды жеткиришет, мында, эреже катарында, телеграммалар биринчи кезекте жеткирилет. Алар каерге, кимдерге барышпасын – башта адамдар таңданышат, кийин ыраазылана күлүп калышат жана кубанышат.

**Уюштуруучуларга кеңеш:** заман талабына ылайык компьютерлердин, соңку моделдерди, аппаратураларды, технологияларды эби менен пайдалануу, бул чыгармачылык оюндун андан бетер ажарын ачып, ага жаңы түр, көрк берерин эске алууну сунуштайбыз.

**2. «Кышкы жомок»** - бөбөктөргө күтүлбөгөн белек, сюрприз, кышкы эмгектик иш аракет. Анын катышуучулары, бөбөктөрдөн жашыруун, кардан ар түркүн бедиздерди, скульптураларды, кадимки жомоктогудай куурчактарды жасашып, сепилдерди, мунараларды ж.б. курулуштарды ролдук оюндар үчүн курушат.

Бул иш аракетке түрдүү жаш курактагы балдар жана алардын ага достору –чоң кишилер катышса болот.

**Иш аракетке (операцияга) даярдануу.**

Операцияга чейин (бир күн же бир нече саат мурда) ага катышкан ар бир жамаат (туруктуу же курама жамаат болуусу мүмкүн), аракеттенүү объектин тандоо үчүн өзүлөрүнүн чалгынчыларын жиберишет (балдар бакчасынын аянтчасы, мектеп территориясы, эс алуу багындагы балдар ойноочу аянтча, кабаттуу үйдүн короосу, айылда, шаарда бөбөктөр кыймылдуу оюндарды ойноочу көнүмүш жайларды карап келишет).

**Төмөнкү тарбиялык милдеттер коюлушу мүмкүн:**

1) балдардын кичинекей досторуна, б.а. бөбөктөргө алар үчүн күтүүсүз кубаныч тартуулоо менен алардын ички сезимдеринде, дилдеринде көпкө дейре сакталуучу жакшынакай элестерди жаратуу;

2) улуу жаштагы ага-эжелерине болгон бөбөктөрдүн урматтоочулук сезимдерин ойготуу жана түшүнүктөрдү пайда кылуу;

3) иш аракеттердин жемиштүүлүгүнө ар түрдүү жаш курактагы балдардын, тарбиячылардын баш кошкондуктары, ынтымактуулуктары мүмкүнчүлүк түзгөндүгү жөнүндө катышуучуларда сезимдерди, ойлорду пайда кылуу жана бул түшүнүктөрдү, көз караштарды бекемдөө;

4) бири-биринин көңүлүн алуу, өз ара камкордук көрсөтүүгө даяр туруу касиеттерине, сапаттарына балдарды тарбиялоо;

5) балдардын ички чыгармачылык дараметтерин ойготуу, шыкжөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү.

Операцияны күндүз же түндөсү ишке ашырышат. Эгер жалаң чоң балдар катышышса, операцияны түнү өткөрүү ыңгайлуу. Желекчелерди, кардан жасалган фигураларды жасалгалоо үчүн чынжырга тизмектелген гүлдөрдү, оюнчуктарды, чакага суулар жана «курулуштарды» түрдүү боёктор менен коздоо үчүн анилин краскасын алышат.

**Операциянын жүрүшү**

Жалпы жыйында командир (штабдын башчысы) операциянын башталышы жөнүндө жарыялайт. Андан кийин командалар күн мурунтан тандап алышкан багыттар боюнча аракеттенүү орундарын көздөй жөнөшөт. Операциянын жүрүшүндө каалаган команда чакан бригадачаларга – жаш курактары боюнча, маселен, аяз-атаны, кар перисин, канышасын, мунара, сепил ж.б. жасоочулар болушуп бөлүнүүлөрү мүмкүн.

Эгер команда жаш курактары боюнча бригадаларга бөлүнүшсө, анда чоң балдар иштерин бүтүшкөн соң, инилерине жардамга келишкени оң. Эгер бригадалар кызыгуулары боюнча түзүлсө, анда ар биринде түрдүү жаш курактагы балдар жана алардын ага достору болушат.

Команда бригадаларга бөлүнүшкөндөн кийин, ар бири тийешелүү жумушуна киришет: долбоор түзүшөт жана ойлонулган фигураларды, келбеттерди кардан жасоого өтүшүт.

Ишти бүтүшүп, бригадалар өз колдору менен жасашкан «курулуштарын» бир сыйра карап чыгышып, көздөн өткөрүшүп, жалпы жыйын өткөрүлгөн жайга багыт алышат. Команданын ыр, бий же башка кызыктуу түрдөгү чыгармачылык рапортуна даярданышат.

**Кардан эмнелерди жасоо мүмкүн**

Аяз-атаны, кар перисин, канышасын (снегурочка), буратинону, коөндү, тыйын чычканды, мышыкты, күчүктү, ак аюуну, пилди, крокодилди, атты, балдар сүйгөн башка айбанаттарды, мунараны, анын чебин, дарбазасын, лабиринтти, ат арабачасын, кораблди, кайыкты, самолетту, ракетаны…

**3. Шайыр чеберлердин шаары** – окуучулардын, ар түрдүү кесиптин адамдардын ишмердүүлүгүнө кызыгууларын өнүктүрүүгө жана канаттандырууга, жашоо турмушту коллективдүү жаратуунун сонундугун түшүнүүгө өбөлгө түзгөн жалпы ролдук оюн.

**Тарбиялык милдеттер төмөнкүдөй коюлушу мүмкүн:**

1) өз кесиптеринин мыкты устаттарынын, чеберлеринин күжүрмөн эмгегинин натыйжасында шаардын көрүнүшү, жүзү жана турмушу ажарына, көркүнө чыгарына балдардын көңүлдөрүн бурдуруу, көз караштарын багыттоо;

2) шаардын жашоо турмушунун бардык чөйрөлөрүндө өз ара сыпайы, адептүү, сый мамилелердин, коомдук тартиптүүлүктү сактоонун маанилүүлүгү жөнүндө балдарда анык ой-пикирлерди, түшүнүктөрдү жаратуу;

3) балдарды убакытты баалай билүү сезимдерине тарбиялоо.;

4) ыктуу айтылган азил-тамашалардын, өз ара жароокер, жакшы маанайдагы мамилелердин жашоо-турмушту, иш аракеттерди жакшыртууга жагымдуу таасир этүүсү жөнүндө балдарда ички ынанымдарды пайда кылуу жана бекемдөө;

5) мыкты түзүлгөн долбоор жемиштүү иш аракеттердин башаты болорлугу жөнүндөгү көз караштыы, түшүнүктү өнүктүрүү;

6) балдардын чыгармачылык дараметтерин, шык-жөндөмдүүлүктөрүн козгоо жана өстүрүү.

**Шайыр чеберлер** – бул, алдыңкы кезекте, өз иштерин жетик билгичтер, жигердүүлөр, кыялкечтер, усталар. Алардын бардык жумуштары достук, азилдер, тамашалар, шайыр күлкүлөр менен коштолот. **Шайыр чеберлер шаары** – бул шаардын тургундарына жана меймандарына өзүлөрүнүн искусствосун тартуулашкан жана алар үчүн эмгектенишкен көп «мекемелердин» кызматташтыгы.

Бул оюнга бардык курактагы окуучулар катышуулары мүмкүн. Оюн, табигый түрдө, инилеринин жана агаларынын, балдардын жана тарбиячылардын, биримдүү чыгармачылыктарынын, өз ара рухий мамилелеринин ар түрдүү жолдорун ачып, балдарды жана өспүрүмдөрдү тарбиялоого жагымдуу жагдай түзөт. Оюн бир нече саатка, же бир күн бою созулуусу мүмкүн.

**Шайыр чеберлердин шаарын ачууга даярдануунун варианттары.**

I) Ар бир баштапкы жамаат (мис., класс) башкалардан жашыруун өзүлөрүнө кесип (бир же бир канча) тандашат жана ошол кесипке ылайыктуу «мекемесин» жана шаардын калган тургундары, меймандары үчүн сюрпириздер даярдашат. Даярдыктардын жүрүшүн шаардык кеңеш жөнгө салат. Кеңеш ар бир баштапкы жамааттын өкүлдөрүнөн түзүлөт, алар керектүү сырлардын купуялуулугун сактоолору зарыл.

II) жалпы жыйында баштапкы жамааттардын арасында кесиптер, шаардык мекемелелер жана андагы аткарылуучу иштер жөнүндө эң жакшы сунушт арга кароо-конкурс өткөрүлөт. Андан соң, оюндун ар бир жеке катышуучусу өзүнүн көңүлүнө жаккан кесипти тандайт да, алар шаардын болочок жашоочулары катары (өзүлөрүнүн баштапкы жамааттарынан көз карандысыз), кесиптери боюнча шаардык ар кайсы мекемелерге биригишип, анын жетекчилерин шайлашат. Ал жетекчилер шаардык кеңешти түзүшөт.

Шаар кеңеши жалпы иштерди даярдайт, шаардык окуялар, шаар турмушунун программасын иштеп чыгат. Шаарды ачууга даярдануу учурунда бардык мекемелер өз пикирлерин, тажрыйбаларын кеңкесири алмашышат.

Жалпы жыйында балдардын жана чоңдордун демилгелүү тобунан турган - шаардык кеңеш шайланат. Шаардык кеңеш кесиптердин жана мекемелердин тизмесин түзүп, тизмени илет жана оюндун бардык катышуучуларынын эркин жазылуусун кулактандырат. Тигил же бул мекемеге жеке өзүнчө да, бүтүндөй жамаат (звено, бригада, класс) менен да жазылууга мүмкүнчүлүк берилет. Бир канча кесиптерге ээ болуу укугун берүү мүмкүн.

Кийинки даярдыктар мекемелер боюнча жашыруун түрдө же ачык, тажрыйбаларды кенен алмашуу менен алып барылат. Шаардык кеңеш «сыр каткан» мекемелерге да кирүү укугуна ээ болот, бирок алардын сырын сактоого милдеттүү. Кеңештин башкы милдети – мекемелерге жардамдашуу жана алардын биргелешкен, жалпы иштерин даярдоого катышуу.

**Болжолдуу кесиптер жана шаардык мекемелер**

Куруучулар, архитекторлор – курулуш трести; жумушчулар, ойлоп табуучулар, конструкторлор, окумуштуулар – өзгөчө конструктордук бөлүм, илимдер академиясы, ж.б.; мугалимдер, тарбиячылар – балдар бакчасы, мектеп, университет; врачтар, биологдор – жашоону узартуу институту, поликлиника, биостанция; ботаниктер, зоологдор, токойчулар – ботаникалык бак, зоопарк, жаныбарлардын коругу, токой станциясы; метеорологдор – метеостанция, аба-ырайын жөнгө

салуу институту, кулинарлар, фабрика-кухня, кафе, ресторан, дүкөн; сүрөтчүлөр, скульпторлор – сонундардын ак сарайы, көркөм сүрөт искусство музейи; модельерлер - модалар ательеси; артисттер, музыканттар, театр ишмерлери – элдик филормония, элдик театр, маданият сарайы, эстрада театры, куурчак театры, оркестр, улуттук цирк ж.у.с.лар, басма сөз, радио, теле көрсөтүү – редакция жана типография, радиокомитет жана радиостанция, телекөрсөтүү студиясы; кино кызматкерлери – киностудия, кинотеатр; спортсмен – профессионалдар (машыктыруучулар, калыстар) – стадион, спортклуб,спортмектеп ж.у.с.лар. Базар (рынок) экономикасына байланыштуу кесиптерди: коммерсант, бизнесмен, демөөрчү, биржачы, менеджер, ортомчу, фермер, арендачы, кооператор жана тиешелүү мекемелерди эске алуу мезгилдин талабы жана пайдалуу болуп саналат.

**Оюндун жүрүшү.**

Оюн меймандарды (балдар жана чоңдор) салтанаттуу тосуу, митинг, жүрүш же эстеликти ачуу, ж.у.с.лар менен башталат. Андан соң шаардык мекемелер иштей баштайт, жана жалпы иштер өткөрүлөт. Мында шаардын турмушун уюштуруунун төмөнкүдөй варианттары пайдаланышы мүмкүн.

1. Шаар боюнча экскурсиянын жүрүшүнө ылайыкталып, мекемелер кезектешип иштешет. Ошентип, ар бир мекеме өзүнүн ишин калган бардык жашоочуларга жана меймандарга көрсөтө алат. Уюштуруунун мындай түрүн качан оюндун катышуучуларынын жана меймандардын саны салыштырмалуу көп эмес (50-60 адамга чейин) болгон шартта пайдалануу максатка ылайыктуу. Дагы бир ыңгайлуу жагы шаардын ар бир тургуну өзүн бир нече кесиптерде сынап көрөт жана жолдошторунун иштерине көз салат.

2. Шаардык мекемелер баары бир убакта иштешет жана бул шартта ар бир мейман өзү кызыккан, каалаган мекемеге барууга мүмкүнчүлүк алат.

3. Шаардагы ар кайсы мекеме ар түрдүү убакта иштейт (оюн бир күн мурда созулганда, уюштуруунун бул варианты өзгөчө ыңгайлуу).

4. Убак – убагы менен жалпы шаардык иштер уюштурулат (спартакиада, багыттан адашпоо оюну, талкуу, карнавал, фестиваль, концерт ж.у.с), мында шаардын бардык тургундары жана меймандар катышышат. Бир көрүнүктүү иш чара менен оюнду бүтүрүү жакшы. Иштер белгилүү программа боюнча өткөрүлөт жана аны менен шаардын бардык жашоочулары жана меймандар таанышышат же кокус – сюрприз катары («шашылыш кабар боюнча») ишке ашырылат. Бул иштердин жетекчилери шаардык кеңеш же жеке мекемелер болуусу мүмкүн.

5. Шаардын территориясында МАИ, санитарлар жана өрт өчүрүүчүлөр, тейлөө агентствосу ж.у.с. тез аракеттенүүчү командалар иштейт. Алардын ишмердүүлүктөрү өзгөчөлүү. Айтсак, МАИ кызматкерлери күнөкөрлөргө ар түрдүү суроолорду, көзөмөлчүлөр, сакчылар (патрульдар) ошол замат аткаруу үчүн тапшырмаларды берүүлүрү мүмкүн «Айыпталгандар» күнөө акыларын жалпы шаардык концертте төлөшөт.

**Уюштуруучуларга кеңеш.**

Шайыр чеберлер шаары – бул, бүгүнкү шаардын эртеңки келечеги, модели, образы экендигин унутпагыла. Мына ошондуктан, ар бир мекеме азыркы турмушубуздун келечегин ачып көрсөтүүсү, илимдин, техниканын, искусствонун жаңылыктарын үгүттөөсү зарыл.

Шаардын бардык булуң-бурчтарында, майда-чүйдөсүндө, бардык сюрприздерде – жогорку маданияттулук!

Шаарды жасалгалоодо, мекемелердин аталыштарында жана эмблемаларында, кийимдеринде жана атрибуттарында, азилдеринде, тамашаларында жана оюндарында, ырларында жана долбоорлорунда көбүрөөк ойлоп табуучулук жана жакшы табиттүүлүк!

Меймандарды жандуу ишмердүүлүккө тарткыла! Алар азыраак көрүүчүлөр болуп, көбүрөк кызматчылар болсун.

Шаардык турмуштун баш аламандуулугунан корккула. Экспромт, импровизация - бул турмуштун чыныгы жан ачкычы.

**3. Фантастикалык долбоорлорду коргоо** – бул таанып-билүү делебелерин козгоочу иш.

**Мында төмөнкү тарбиялык милдеттер коюлушу мүмкүн:**

1) балдардын келечек тууралуу кыялдангууларын байкоо жана өнүктүрүү;

2) долбоор жөнүндө түшүнүк, көз карашты пайда кылуу менен бирге долбоор түзө билүүчүлүк көнүмдүктөрүнө жана ыктарына тарбиялоо;

3) балдарды чыгармачыл сезимталдыкка, ийкемдүүлүккө, жеке тапкычтыкка тарбиялоо;

4) өз ара түшүнүшүү мамилелеринин жана чыгармачылык кызматташтыктын маани-мазмуну жөнүндө сезимдерин, түшүнүктөрүн калыптандыруу;

5) өз сунушун далилдей билүү көнүмүшүнө, ыкмасына үйрөтүү;

Катышуучулардын ар бир тобу (бригадасы) өзү даярдаган долбоорду көрсөтүшөт. Ал долбоордо, авторлор, келечектеги жашоо – турмуштун айрым жактары жөнүндө кыялданууларын көрсөтүшүп, калган катышуучулардын суроолоруна жооп беришет. Жоопторунда өздөрүнүн сунуштарын ишенимдүү негиздешет.

Долбоорлорду коргоого даярдануу мөөнөтү 2-3 жумага, бир нече күнгө же иш экспромт, импровизатордук мүнөзгө ээ болсо, болгону отуз кырк мүнөткө созулуусу мүмкүн. Бирок, кайсы учур болбосун, иш бардык катышуучулардын жалпы жыйын – старты менен башталат. Анда бригадалардын (же микрожамааттардын) курамы аныкталып, долбоорлордун темалары белгиленет.

**Мында төмөнкү варианттар болушу мүмкүн.**

1) Ар бир микрожамаат (бригада) өзүнүн темасын тандайт.

2) Микрожамааттар арасында долбоорлордун темаларын тандоо боюнча мыкты сунушка кароо – конкурс уюштурулат. Кийин темалардын ичинен (добуштардын көптүгү, мөөрөй кармоо же капитандардын кеңеши менен алып баруучунун чечими боюнча) бирөө тандалып, бул жалпы темага ар бир микрожамаат өз долбоорун даярдайт.

3) Катышуучулар долбоорлордун темалары жөнүндө өз сунуштарын айтышат жана алардын ичинен эң кызыктууларын тандашат да, тиги же бул долбоорду иштеп чыгууга катышууну каалоочулардан курама бригадалар түзүшөт.

Фантастикалык долбоорлордун болжолдуу темалары: «Келечектин үйү», «Келечектин мектеби», «Биздин айыл, шаар – келечекте» , «Келечектин транспорту: автомобилдер, самолөттор, кораблдер», «Келечектин базары», «Энергетиканын келечеги», «Жер кыртыштарын өздөштүрүү», «Космосту өздөштүрүү», «Келечектин медицинасы», «Спорттун келечеги», «Келечектин искусствосу: музыка, көркөм сүрөт искусствосу, кинотеатр», ж.б.лар

**Уюштуруучуларга кеңеш**. Жалпы жыйын-стартта – долбоорлор кайсы келечекке таандыгын жакынкыгабы, 21-кылымгабы же андан алыс мезгилгеби макулдашып алган жакшы.

Ар бир бригада өз долбоорун чиймелерде, сүрөттөрдү (жалпы көрүнүшүн, кесилишин, негизги бөлүктөрүн) жасалгалайт. Коргоо алдында бардык долбоорлор илиниши мүмкүн, катышуучулар жана меймандардын долбоорлор менен эркин таанышып чыгуусуна убакыт берилет. Долбоорлор коргоонун жүрүшүндө кезеги келгенде да илинүүсү мүмкүн (мында таңдануучулук эффект аракетке келет). Бирок, кайсы учур болбосун, долбоор корголуп жатканда башка катышуучулар өзүлөрүнүн долбоорунун кемчиликтерин оңдоо менен алектенип калбасын үчүн коргоо алдында бардык долбоорлор алып баруучуга тапшырылууга тийиш. Долбоор жөнүндө баяндаманы жана суроолорго бригаданын мүчөлөрүнөн бирөө жооп бербестен, бүтүндөй автордук жамааттын катышуусу өтө маанилүү. Ошондуктан, өзүнүн долбоорун коргоо учурунда бүт бригада анын алдынан орундук алып, капитандын кыска кириш сөзүнөн кийин, ар бир

мүчөсүнө «адис» катары сөз берилет жана суроолорго да тиешелүү адистер жооп беришет, ал эми өнөктөрдүн (оппонент) татаал суроолоруна алып баруучу тарабынан белгиленген мөөнөт ичинде (мисалы, бир мүнөт) бүтүндөй бригада даярданышат.

Долбоор боюнча суроолор бир өңчөй өнөктөрдөн эле берилбестен, суроо берүүгө мүмкүн болушунча көбүнүн тартылуусу, жооптор, айтылган ой-пикирлер, далилдер, көз караштар жеңил-желпи болбостон, олуттуу мүнөзгө ээ болуусуна алып баруучу кам көрүүсү зарыл.

Алып баруучу катары жалпы жыйын - старт шайлаган же бекиткен кишилерден жана чоң балдардан болуусу керек, алар бүтүндөй коргоону өз ара кеңешип алып баруулары жана долбоорлордун мүнөзүнө, өз кызыгууларына жараша бири-бирин алмашуулары мүмкүн. Балдардын чоң достору алып баруучулардын коллегиясына биригүүлөрүнөн тышкары, бригаданын кеңешчилери да болушат.

Бригадалар арсында конкуренциянын, атаандашуучулуктун элементерин пайда кылуу зарыл, бирок, ал өз ара түшүнүүчүлүктүн, бири – биринен үйрөнүүчүлүктүн кырдаалында болгону жакшы. Корутунду сөзүндө башкы алып баруучу ар бир долбоордун өзгөчөлүктөрүнө, артыкчылыктарына жана көмүскө жактарына токтолуп, дагы ойлонууну талап кылган маселелерди белгилейт.

Ролдук оюн элементтерин кийирүү (маселен, долбоорлорду конструктордук бюродо же техника үйүндө, илим изилдөө институтунда же илимдер академиясында коргоо) алып баруучуга коргоону багыттодо жана анын жүрүшүн, натыйжаларын баалоодо белгилүү азилдик, тамашалуу үзүмдөрдү кошууга өбөлгө түзөт.

Фантастикалык долбоорлорду коргоо – балдардын таанып-билүү кызыгууларын, өздөштүргөн билимдерин, кыялдарын билүүгө, бул билимдерин жана кыял чабыттарын өз ара бөлүшүүгө, кубанычтуу келечекти чогуу ачууга жана түзүүгө мүмкүндүк берет, чыгармачыл ой-кыялдануулардын өнүктүрөт, кесиптерге, жашоо турмуштун ар түрдүү жактарына карата, илимий-популярдык адабияттарды окууга кызыгууларын ойготот жана күчөтөт.

**4. Аңгеме–эстафета – коллективдүү таанып-билүүчүлүк иш.**

**Төмөнкү тарбиялык милдеттерди чечүү мүмкүн:**

1) акыл, адеп-ахлак жана эстетикалык тарбиялардын биримдигине жетишүү;

2) балдарды сунушталган темага чакан көлөмдөгү кызыктуу жана мазмундуу аңгеме жазуу ыкмасына үйрөтүү;

3) образдуу, элестүү, ийкемдүү ой жүгүртүү көнүмдүктөрүн өнүктүрүү;

4) балдарды тапкычтык көнүмдүктөрүнө тарбиялоо.

Аңгеме – эстефетага даярданууну микрожамааттардын өзүндө жүргүзгөн дурус.

**Эстафетаны уюштуруунун болжолдуу варианттары.**

1) Алып баруучудан – ар бир микрожамаатка карай (өз аңгемесин).

Алып баруучу (же алып баруучулар: мугалим, жетектөөчү киши ж.б.лар) жеке ар бир микрожамаат үчүн өз-өзүнчө, б.а. ар башка темадагы аңгеменин башталышын (же кириш сөз) ойлоп, бул сөзүн балдарга өткөрөт. Ар бир микрожамаат шартташкан мөөнөт ичинде (ошол заматта, же бир күндө же бир нече күндө) ошол аңгеменин уландысын жана бүтүшүн ойлоп жазат. Кийин бул аңгемелер жалпы жыйында окулат (инсценировкаланат).

2) Алып баруучудан – ар бир микрожамаатка карай (жалпы аңгеме).

Алып баруучу бардык микрожамааттар үчүн сунуш кылынган жалгыз аңгеменин башталышын ойлойт. Микрожамааттар бири-биринен купуя аңгеменин уландысын жазышат. Андан соң бардык варианттар окулат жана талкууланат.

3) Бир микрожамааттан – «чынжыр » боюнча.

Аңгеменин башталыш бөлүгүн жылдызчалардын (чыгармачылык бригадалардын) бирөөсү ойлоп, экинчи жылдызчага өткөрөт. Экинчиси аңгемени кичине улантып, үчүнчү жылдызчага узатат, үчүнчүсү – төртүнчүсүнө – бешинчисине – акыркы жылдызча аңгемени бүтүрөт. Улантуу тартиби мөрөй боюнча аныкталат же эркин, б.а. ар бир микрожамаат эстафетаны өзү каалаганга өткөрөт. Аңгеменин темасы (жана аталышы) жалпы жыйында мыкты сунуштарга кароо-конкурс жолу менен тандалышы мүмкүн. Жеңүүчүлөргө аңгемени баштоо укугу берилет. Ар бир микрожамаатка өз тиешеси үстүндө иштөө үчүн бирдей убакыт берилет, мисалы, эки же үч күн.

4) Ар бир микрожамааттан – «чынжыр» боюнча.

Ар бир микрожамаат өз аңгемесинин башталышын калгандарына берет. Бүтүрүү убакыты – баары үчүн бирдей (эки же үч күн) . Мына ошентип, бир канча аңгемелер (повесттер) окулат, талкууланат, алардын эң жакшы варианттары жаңыча «кайталанат» (бөбөктөр алдында, параллель класстардын жалпы жыйынында, ата-энелер чогулушунда, алыскы досторго белекке жөнөтүлөт).

Аңгеме эстафетанын темасы жана мазмуну мектептин жана өлкөбүздүн турмушунун ар түрдүү жактарын чагылтуусу мүмкүн (үй-бүлөмдүн, мектебимдин, айылымдын, шаарымдын, тарых таржымалы жана келечеги; экология, экономика проблемалары; ар кайсы

кесиптин ээлеринин ишмердүүлүктөрү; базар экономикасынын талабына ылайыктуу кесиптер жөнүндө; класстагы окуялар; өз ара мамилелер жана кыял жоруктар ж.у.с.лар).

Аңгеме эстафета ар бир балага жолдоштору менен өзүлөрүнүн билимдерин, таасирлерин, кызыгууларын бөлүшүүгө, коллективдүү изденүүлөргө, ылгоолорго катышууга, кызыктуу, маанилүү идеяларды ишке ашырууга, турмуштук маселелерди чечүүгө мүмкүндүк берет. Балдардын ага достору (мугалимдер, ата-энелер ж. б. лар) коллективдүү чыгармачылыкты ийкемдүү багытташып, бул чыгармачылыкка ар биринин өз салымын кошуусу үчүн кам көрөт.

**5. Тапкычтар турнири -** бир канча жамааттар уюштурган таанып билүүчүлүк ишмердүүлүк.

**Мындай тарбиялык милдеттер коюлуусу мүмкүн:**

1) окуу сабактарынан өздөштүрүшкөн билимдерин, билгичтиктерин колдоно билүүгө тарбиялоо;

2) балдарды тапкычтыкка, ийкемдүү ойлонууга тарбиялоо жана алардын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн, дараметтерин өнүктүрүү;

3) демилгелүүлүктөрүн өнүктүрүү жана жоопкерчиликти сезүүгө тарбиялоо;

4) интеллект деңгээли, руханий көрөңгөсү менен өз жамааттарынын, командасынын аброюн, кадыр-баркын көтөрүү үчүн күрөшүүгө тарбиялоо;

5) балдардын ич ара урматтоочулук, түшүнүүчүлүк сезимдерин, жолдоштук, достук мамилелерин өстүрүү.

Ар бир жамаат кезеги менен башка катышуучулардын ортосунда өзүнүн чыгармачылык жарышын уюштурат. Тапкычтар турнири класстын өзүндө (бригадалар, тайпалар арасында) же класс жамааттарынын ортосунда, ошондой эле, улуу жана кичүү курактагы балдардын аралаш тобунан түзүлгөн курама командалар арасында өткөрүү мүмкүн.

Турлардын саны турнирге катышкан жамааттардын санына (3-5 андан ашык эмес) барабар. Ар бир жамаат турлардын бирөөсүн уюштурат, б.а. калган бардык жамааттар ортосунда жарыш өткөрөт. Ал эми башка турларда мелдештин катардагы катышуучусу болот.

Тапкычтар турнири бир предмет боюнча же комплекстүү (бир нече предметтерден) өткөрүлүүсү мүмкүн. Маселен, төрт жамаат катышкан тапкычтар турнири төмөнкүдөй тур-мелдештерден туруусу мүмкүн:

1) Математиканын тапкычтары.

2) Музыканын тапкычтары.

3) Элдик тарыхтын тапкычтары.

4) Элдик медицинанын тапкычтары.

Мелдеште ар бир жамаат бүтүндөй же өз курамынан тапкычтар командасын ажыратып, катыша алышат. Башкы алып баруучулар катарында эки-үч чоң киши же жалгыз киши бир-эки чоң балдар менен бирге болуусу мүмкүн.

**Тапкычтар турнирине даярдануу.**

Башкы алып баруучулар турнирге катышууну каалаган жамааттардын жалпы жыйын – стартын чакырышат. Катышуучулар тегеренип олтурушат. Иштиктүүлүк кеңеши – турнирдин штабы шайланып, ага ар бир жамааттын өкүлдөрү (командирлер, демилгечилер ж.у.с.лар) жана башка алып баруучулар кирет. Жалпы жыйын кандай жол менен чыгармачылык мелдештердин түрлөрүнүн тандалуусун чечишет: ар бир жамаат өз алдынча кеңешип (5-7 мүнөт), башка жамааттардын ортосунда уюштуруучу мелдешинин түрүн ойлошот, сунуш кылышат, же башта бардык жамааттар кеңешишет жана мелдештин өткөрүлүүчү түрлөрүн сунушташат. Андан соң чогуу жамааттардын санына жараша эң ылайыктуу түрлөрү тандалат жана аларды өткөрүүнүн катары жамааттар арасында мөөрөй кармоо же каалоо боюнча бөлүштүрүлөт.

Мелдештин түрлөрү ойлонулгандан жана жарыялангандан (же бөлүштүрүлгөндөн) кийин, ар бир жамаат 15 – 20 мүнөт кайрадан өзүнчө кеңешип, өз турун кантип алып барууну чечишет: баарына күн мурунтан даярдануулары үчүн кандай чыгармачылык тапшырмаларды берүүнү, кайсыларын турнир өтүлүп жаткан учурда гана кулактандырууну, кимдин кантип тапшырма берүүсүн жана аткаруусун каалоосун. Мелдештин уюштурулушу кызыктуураак болсун үчүн мелдештин өзү тандаган түрүнө шайкеш келген өзүнө жалпы уюштуруучулук ролду ойлоосу мүмкүн («кабыл алуу комиссиясы», «окумуштуулар кеңеши», «фестивалдын калысы» ж.у.с. лар), ал эми жамааттын ар бир мүчөсү өзү үчүн жеке инсандык ролду, өзүнө псевдонимди, кесипти, наамды ж.у.с. ларды ойлоп табуусу мүмкүн.

Жалпы жыйын – старттан соң ар бир жамаат (бүтүндөй жана командалар боюнча) алдын ала жарыяланган тапшырмаларды аткарууга, мелдештин өздүк түрүн өткөрүүгө даярдык көрөт. Жеңүүчүлөр үчүн белектерди ойлонот жана программалайт.

**Мелдештин болжолдуу түрлөрү:**

- илимдин, мисалы, математиканын же физиканын, химиянын же биологиянын ж.у.с. тапкычтарынын кароосу;
- өз айылынын, шаарынын, ата мекенинин тарыхын,

географиясын ж.б. тапкычтарынын мелдеши (туристтердин, край таануучулардын командаларынын арасында); журналисттердин мелдеши (маселен, мамлекеттик комиссияга сынак тапшырып жатышкан журналистика факультетин бүтүрүүчү командаларынын ортосунда);

• искусство тапкычтарынын кароосу: музыка же живопись, поэзия же театр ж.у.с. (айтсак, консерваторияга же адабият университетине тапшырып жатышкан абитуриенттердин командаларынын арасында);

• техника тапкычтарынын мелдеши (мисалга, бүткүл дүйнөлүк техникалык көргөзмөгө баруучу командалардын ортосунда);

• бий тапкычтарынын мелдеши (маселен, фестивалдагы делегаттар арасында ж.у.с. лар).

**Уюштуруучуларга кеңеш.**

Тапшырмалар чыгармачылык мүнөздө болуусу зарыл (алсак, кыска аңгеме же очерк жазуу, бий аткаруу, репортаж жүргүзүү ж.у.с.)

Турнир созулбасын, б.а. жадатма мүнөзгө айланбасын үчүн ар бир турду өткөрүү убактын (айталы 15-20 мүнөттөн ашпоосун) алдыртан белгилөө же макулдашуу максатка ылайыктуу.

Мелдештин бардык турлары өткөрүлгөн соң, ар бир жамаат өзүнүн турун, б.а. өзү уюштурган мелдештин жыйынтыгын чыгаруусу үчүн 15-20 мүнөттүн тегерегинде убакыт берүү зарыл жана өзүлөрү тандаган ролдорго уйкаш келген балдарды даярдоосу пайдалуу. Мисалы, «Мамлекеттик комиссия» командаларга университетти ийгиликтүү бүткөндүгү жөнүндө «диплом», «фестивалдын калыстары» - баалуу белектер же мактоо баракчаларын ж.у.с.ларды тапшырышат.

Турнирдин корутундусунда башкы алып баруучулар ар бир жамаатка кезек менен сөз берет жана алар өз мелдештеринин жыйынтыктарын баяндашат.

**6. Ырлар шакекчеси** - тандалган темага ырларды кезеги менен (айлана боюнча) аткарышкан бир нече командалардын арасындагы массалык оюн.

**Төмөнкү тарбиялык милдеттерди коюу мүмкүн:**

1) балдардын көркөм-эстетикалык сезимдерин, табиттерин багыттуу тарбиялоо жана түшүнүктөрүн калыптандыруу;

2) искусствонун, музыканын сырларын түшүнүүгө тарбиялоо

жана алардын сонун мыкты үлгүлөрүн пайдалануунун негизинде балдардын руханий дүйнөсүн байытуу;

3) балдардын ыр жандуу болуп өсүүсүнө багыт берүү;

4) чыгармачылыктын жаратман күчүн түшүнүү сезимдерине тарбиялоо;

5) балдардын уюштуруучулук, алып баруучулук, демилгелүүлүк ыктарын жана жөндөмдөрүн өстүрүү.

**Оюн эрежеси**.

Ар бир команда бир куплеттен (жана кайырмасын кошо) гана ырдайт. Өз ырын өзүнөн мурдакы команда бүтөр замат аткарууга тийиш. Аткарууга кезеги келген команда, эгер 3-5 секунд ичинде ырын аткарбаса же аткарган ыры тандалган темага туура келбесе, анда алып баруучунун чечими менен ал команда оюндан чыгат. Шартташкан темага акыркы ырды аткарган команда жеңүүчү болот.

Кезектеги ырын тандоо боюнча команданын кеңешүүсү, ырдап жаткандарга тоскоол келтирбегендей болуусу зарыл, команданын «нормадан ашык» чурулдоосу үчүн аны оюндан четтетүүгө алып баруучунун укугу бар.

**Шакекченин болжолдуу темалары.**

«Кыргыз элдик ырлары», «Жаратылыш ырлары», «Ата Мекен», «Ата журт», «Айылдык жигит-кыздар жөнүндө», «Кыргыз жери сопсонун», «Достук», «Махабат жөнүндө», «Ар түркүн кесиптин азаматтары жөнүндө», «Тоолор жөнүндө», «Күн, гүл жөнүндө», «Ата-эне жөнүндө», «Кайдыгерлик», тууралуу ж.б.лар.

**Уюштуруучуларга кеңеш**

Шакекченин темасын алып баруучулардын сунуштоосу же командалар ортосунда эң жакшы сунушка (акыркы чечим капитандардын жана алып баруучулардын кеңешүүсү менен чыгат) кароо өткөрүп, катышуучулар өзүлөрү тандоолору мүмкүн.

Катышуучуларга оор (чарчап-чаалыгуу) келбес үчүн шакекченин бир-эки түрүн уюштуруу менен чектелген дурус.

Командаларды ар түрдүүчө түзүү мүмкүн: класс же эки классты жеке кошуу менен, жана каалоосу боюнча (ким, кайсы капитан менен иштөөнү каалайт), мөөрөй кармоо менен ж.у.с. Өз ара кеңешүүгө жана шайма –шай ырдоого кыйын болбосун үчүн ар бир командадагы катышуучулардын саны 40-45 адамдан ашпоосу керек.

Ырлар шакекчеси күчтүү эмоционалдык, сезимдик таасирлерге дуушарлантып, катышуучулардын ички жан-дил делебелерин козгоп, кызыктуу, өзүнө тартуучу аракеттерге аларды ширелтет.

Ошондуктан, оюнду өспүрүмдүр жыйынында, класстык жана мектептик кечеде (маселен, кече башталарда-катышуучуларды жакындаштыруу жана алардын темага тез идеялык-эмоционалдык кирүүсү үчүн, же акырында-коллективдүү корутундулоо жана чыңалган энергияны бошотуу, көңүл көтөрүңкү маанай түзүү катары), ошондой эле, тыныгууда же ар кандай таанып-билүүчүлүк, спорттук, эмгектик иштерди жыйынтыктоо бөлүгүндө пайдалануу мүмкүн.

**7. Концерт - «чагылган»** - бир нече командалар кыска убакытта (30 мүнөттөн ашпаган) жалпы программа боюнча импровизацияланган коллективдүү аткарууларды даярдаган оюн.

Концерт – чагылгандын программасы катышуучулардын сунуштарынын негизинде командалардын капитандарынын чукул кеңешүү ыкмасы менен түзүлөт.

**Бул оюнда төмөнкү тарбиялык милдеттер коюлушу мүмкүн:**

1) балдарды тез аранын ичинде уюша билүүчүлүк адаттарына тарбиялоо;
2) балдардын тапкычтыктарын, чыгармачылык мүмкүндүктөрүн, дараметтерин өстүрүү;
3) алардын аткаруучулук, артистик шык-жөндөмдөрүн ойготуу жана өнүктүрүү;
4) сыпайылык адебине тарбиялоо;
5) бири-биринин көңүлүн алуу, көтөрүү, өз ара кубаныч, жакшы маанай тартуулоо адебине үйрөтүү.

Программага ар бир команда үчүн бирдей милдеттүү болгон бир канча (3-5) жанрлар кийирилет. Мисалы, хордук аткаруу, бий, декламация, сахналаштыруу, оригиналдуу жанр.

**Программа төмөнкүдөй тапшырма менен кыйындатылышы мүмкүн:**

Милдеттүү болгон бардык номерлерди бир темага же сюжетке бириктирүү, натыйжада, ар бир команда чаканырак концерттик сюита же спектакль көрсөтөт.

**Бул эки вариантта болуусу мүмкүн:**

а) мындай сюита-спектаклдердин темасы (сюжети) бардык командалар үчүн жалпы (командалардын сунуштары боюнча капитандардын кеңешүүсү менен тандалат).

б) ар бир команда даярданып жатып өзүнүн темасын (сюжетин) ойлоп табат.

Темалардын (сюжеттердин) мисалдары: «Ноорузду тосуу», «Алтын күз», «Ысык-Көл – кыргыз бермети», «Кыздын кырк чачы улуу», «Жакшы жигит-көктөгү жылдыз, жакшы кыз-жакадагы кундуз», «Эне тилим-эне сүтүм», «Досторду тосуу», «Кыргыз көчү», «Эмгек майданы», «Кыз кыялы», «Байкем, жеңем жана биз», «Суу-өмүр булагы», ж.б.лар.

**Оюндун тартиби:**

1. Командаларды түзүү (эгер аралаш коллективдерди түзүү чечилсе), капиталдарды шайлоо, программа түзүү) милдеттүү жанрлардын тизмеси ж.у.с..

2. Командалардын өз концерттерин даярдоосу (убакыт-15-20 мүнөт берүү, бирок, кандай учур болбосун, жарым сааттан ашпаган).

3. Командалардын кезек боюнча аткаруулары (ар бирине 5-7 мүнөт берилет).

**Уюштуруучуларга кеңеш.**

Концертти жалпы ыр менен аяктаган жакшы. Маселен, командалар аткаргандардын ичинен эң жакынын ырдоо.

Концерт - «чагылганды» туулган күндү белгилөө салтанаттарында, туристтик жүрүштөгү кечте, жумуштардын ортосунда эс алуу үчүн тыныгуу учурунда, кандайдыр бир иштин башталышын күтүү мезгилинде (өзгөчө, бул күтүү кокусунан созулган учурда) ж.б.учурларда уштура коюу максатка ылайыктуу.

Командалардын арасында мелдешке айландыруунун зарылдыгы жок. Ар бир аткаруу белгилүү максатка багытталган-жолдошторуна ырахат, кубаныч, ал эми бүт концерт бири-бирине күтүлбөгөн жагымдуу сюрприз тартуулоолор болсун.

Концерт - «чагылгандын» катышуучулары туруктуу жамааттар (мисалы, класс жамааттары, өспүрүмдөр звенолору, бригадалары ж.б.у.с.лар) жана аралаш бирикмелер болуусу мүмкүн. Аралаш командаларды ар түрдүү жолдор менен түзүү мүмкүн. Мисалы, балдардын туулган күнүнүн мезгили боюнча («Кыш», «Жай», «Жаз», «Коңур күз» ж.у.с.лар).

Эсиңерде болсун, оюнда башкысы, ар бир катышуучунун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнүн, тапкычтыгынын, зиректигинин, фантазиясынын көрүнүшү, жамааттын ынтымагын, анын турмушунун мажордук тонун бекемдөө.

**8. Көркөм адабий кароо** - конкурстун жүрүшүндө жаралган чыгармачылык иштер (жомоктор, аңгемелер, сүрөттөр ж.б.лар) бардык катышуучулар тарабынан башка адамдар үчүн (ата-энелер, бөбөктөр, алыскы достор) кызыктуу жана алар үйрөнөрлүк жалпы руханий кенч катары баалануусу керек.

**Көркөм адабий кароонун болжолдуу түрлөрү.**

Мыкты жомокко (бардык катышуучулар чогуу тандашкан бир эле темага же ар түрдүү темаларга).

Мыкты аңгеме же «автордун» колдору коюлган сүрөттөр аркылуу берилген жомокко (жалпы же эркин темага).

Көркөм адабий кароосу-билимдерин, таасирлерин, кызыгууларын өз ара алмашууга негизделген, ар бир катышуучунун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүчү коллективдүү иштер.

**Коюлуучу тарбиялык милдеттер:**

1) балдардын көркөм адабиятка, искусствонун түрлөрүнө болгон кызыгууларын өнүктүрүү;
2) образдуу, көркөм элестетүү, ойлонуу мүмкүнчүлүктөрүн, шык-жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү;

3) изденүүгө, тапкычтыкка, сюжетти түзө билүүчүлүккө үйрөтүү жана туура багыттоо;
4) өзүнө жана бирөөлөр үчүн камкордук көрүүгө умтулуу, адамгерчилик, жакшылык көрсөтүү сезимдерине тарбиялоо.

Коллективдүү тартылган мыкты сүрөткө (жалпы же эркин темага).

Сүрөттөрдүн же сүрөттөрдүн сериясынын астына мыкты кол коюуга.

Алыскы досторго жазылган эң жакшы катка, фотосүрөттөрдүн же фотосүрөттөрдүн сериясы астына мыкты кол коюуга.

**Уюштуруучуларга кеңеш**.

Кароону «чагылгандай», б.а. кыска убакытта (бир-бир жарым саат) даярдаануудан соң же катышуучулардын даярдануусуна бир нече күн (бир апта) берип, анан өткөрүү мүмкүн.

Көркөм адабий чыгармалардын темалары жана мазмуну өтө ар түрдүү болуусу мүмкүн (аларды катышуучулардын таанып-билүүчүлүк кызыгуулары, табиттери, коомдук-экономикалык турмуштун окуялары ж.б.у.с.лар аныктайт).

Чоң кишилер (мугалимдер, ата-энелер) балдардын жакын кеңешчилери болушат, кароонун башка катышуучулары үчүн сюрприздер даярдоого жардамдашышат, ж.у.с.

Кароого иштерди баары бир убакта же эстафета менен, б.а. бири-бирине андан ары улантуу үчүн жомокту, аңгемени, сүрөттү өткөрүү аркылуу аткаруу мүмкүн. Мында эч ким четте калбоо үчүн кам көрүү маанилүү.

Кароону бардык түшкөн иштерди коргоо менен (авторлор өзүлөрүнүн жомокторун көркөм окушат, тарткан сүрөттөрү жөнүндө баяндашат, аңгеме-дүкөн курушат, жолдошторунун суроолоруна жооп беришет ж.у.с.) аяктаган дурус. Корутунду бөлүгүндө иштердин артыкчылыктары жана кемчиликтери коллективдүү талкууланат.

Мында ар бир чыгармачылык иштин жетишкен жактарына балдардын көңүлүн буруу маанилүү. Кемчиликтерин териштирүүдө алардын бардык катышуучулар үчүн сабак болорун көрсөтүп, бул кемчиликтерди жоюу мүмкүнчүлүктөрүн коллективдүү издөөгө жетелөө зарыл.

Кароонун калыстары (кишилер жана чоң балдар) эч ким капа болбогондой маанайда ишти баалоосу абзел. Мында эстелик призДерди (маселен, открыткаларды) пайдалануу мүмкүн: «Эң жакшы окурман», «Эң кызыктуу сюжет», «Өз аңгемесин мыкты окугандыгы үчүн», «Тарткан сүрөтүн мыкты коргогондугу үчүн», «Ынтымактуу иштери үчүн» ж.б.у.с.лар.

Жакшы болот, эгер калыстар бул чыгармачылык иштерди элдердин кубанычы үчүн кантип пайдаланууга кеңештерин айтышса (кайсылары менен бөбөктөрдү тааныштырууну, кайсыларын ата-энелерге көрсөтүүнү, кандайларын алыскы досторго белекке жөнөтүүнү ж.у.с.лар.).

**9. Поэзия даанышманы турнири** - бул таанып-билүүчүлүк иш баяндама. **Турнирдин максаты:** 1) ар кайсы доорлордогу түркүн жанрлардын, стилдердин поэзиясына карата кызыгууну пайда кылуу, канааттандыруу жана өнүктүрүү; 2) билимдерди жана кызыгууларды алмашуу негизинде адабий жана турмуштук кругозорлорун кеңейтүү; 3) эстетикалык табиттерин калыптандырууга, адептүүлүк, ыймандуулук сезимдерин тарбиялоого, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

Поэзия даанышмандары турниринин катышуучулары бир же бир нече класстардын балдары өзүлөрүнүн ага достору менен бирге, ошондой эле, аралаш жаш курак командалар (ар бир тур үчүн жамаат даанышмандардын жеке командасын чыгаруусу да ылайыктуу) болуусу мүмкүн.

**Мелдештин болжолдуу түрлөрү (турлары)**

1) Акындык сезимдердин кароосу.

Бардык катышуучулар сүйүү, махабат, капалануу, кайгыруу, кубаныч, көңүл бөлүшүү, ортоктош болуу ж.у.с., сезимдерди чагылдырган ырларды табуу боюнча тапшырмалар алышат. Командалар даярданышкан соң, бул сезимдер чагылган ырларды кезек менен окуй башташат. Турду уюштуруучу жамаат (же калыстар) жогорудагы сезимдер даана чагылган чыгармаларды кимдер мыкты таба алганын чечишет.

2) Поэзиядагы азил жана кытыгы кароосу.

Бул кароого тапшырма дагы жалпы жыйын-стартта алдыртан берилет. Мелдештин бул турун уюштурган жамаат калган жамааттарга кароо үчүн алар кандай ырларды издөө керектигин чечет жана жарыялайт. Маселен, азилдик каалоону, кылдат мыскылды, назик тамашаны, шылдыңды камтыган ырлар (андан аркы аракеттенүү биринчи кароодогудай эле тартипте жүрөт).

3) Поэзиялык жанрлар кароосу.

Бул кароодо алдын ала тапшырма берилбейт. Мелдештин бул түрүн өткөрүүчү жамаат, турнирге даярданып жатып, түрдүү жанрдагы ырларды издейт, маселен, элегия, сонета, баллада, эпиграмма, ж.б. Турнир учурунда бул чыгармаларды даярдаган жамааттын өкүлдөрү (командирлер) кезек менен окушат, ал эми башка катышуучулар кандай жанрдагы ырлар аткарылгандыгын аныкташып, жоопторун баракчага жазышат (ырлар кандай кезек

менен окулса, ошол тартипте) жана өз командасынын атын (жеке псевдонимин) көрсөтүү менен уюштуруучуларга тапшырышат. Турнирдин аягында кароонун уюштуруучулары жыйынтыгын жарыялашат: туура жооптордун эң көп саны кайсы жамаатка таандык, б.а. кандай псевдоним (жашыруун ат) менен эң ийгиликтүү жооптор берилген. Бул жооптордун авторлору өзүлөрүн «расшифровкалашат» «жашыруун атын чечмелеп бериши керек» жана приздер, белектер менен сыйланышат.

4) Маскадагы акындар кароосу.

Мелдештин бул турун даярдоого киришкен жамаат, бир канча ырларды (жакшысы-белгилүү, көрүнүктүү акындардын) тандашат жана аларды турнирде окушат да, ырлардын авторлорун аныктоону сунуш кылышат (бул кароонун кийинки жүрүшү жогоруда баяндалганга окшош).

5) Ыр чыгармачылыгынын (буриме) кароосу.

Бул мелдешти уюштурган жамаат, түрдүү стилдеги (патетикалык, лирикалык, сатиралык ж.у.с.лар) ырлар үчүн бир нече жуп уйкаштыктарды (рифма) күн мурунтан ойлоп табат.

Турнирдин өзүндө, өз кезеги келгенде (кароонун бул турун акырында өткөргөн дурус), команда тапшырманы кулактандырат, сунуш кылынган уйкаштык боюнча белгилүү стилдеги ырды заматта (экспромт) менен ойлоп жазуу.

Даярданууга 10-15 мүнөт берилет. Кийин айлана боюнча коллективдүү чыгармачылыктын жемиши аткарылат-башта бир сериясы, маселен патетикалыгы, андан соң башка стили.

**Уюштуруучуларга кеңеш.**

Турнир кезинде ар бир жамаатта жетиштүү санда кагаздын болуусу жана бардык катышуучулар автокалемсаптары менен келүүлөрү үчүн кам көрүү керек.

Мелдештин жалпы убакыты бир жарым сааттан ашпоосу зарыл. Турнирдин корутунду бөлүгүнө (жыйынтыктоого) жарым сааттан кем эмес убакыт бөлүү керек. Мында ар бир жамаат өзүлөрүнүн ийгиликтүү жоопторун мазмундуу баалоого, бирдей эле поэтикалык маселелердин ар түрдүү чечилиштерин салыштыруу үчүн жетиштүү убакытка ээ болот.

**10.Сүйүктүү ишмердүүлүктөрдүн эстафетасы** - бул иш учурунда жамааттын бир мүчөсү кезек менен өзүлөрүнүн сүйүктүү ишмердиктери тууралуу калгандарын тааныштырат, ал иш ага кантип жагып калганын, өзүнүн изденүүлөрү, ийгиликтери жана каталыктары, пландары жөнүндө айтып берет, эмнеге жетишкенин көрсөтөт, суроолорго жооп берет, жолдошторуна кеңешин айтат.

**Төмөнкү тарбиялык милдеттерди коюу мүмкүн:**

1) баланын кызыгуусун билүү, аны туура багытка салуу жана өнүктүрүү үчүн камкордук көрүү;

2) балдардын бири-бирин жакындан, б.а. тереңирээк билүүлөрүнө жана өз ара түшүнүүлөрүнө жагымдуу жагдай, мүмкүнчүлүк түзүү;

3) башкалар тарабынан ар бир баланын урматталуууга татыктуу экендиги жөнүндөгү туйум-сезимдерди, түшүнүктөрдү ойготуу жана тарбиялоо;

4) баланы өз оюн, көз карашын эркин баяндоо жана сындоо адебине, маданиятына тарбиялоо.

Сүйүктүү иштердин катарында сүрөт тартуу жана жабыштырып жасоо, сайма саюу, оймо түшүрүү, коллекциялоо, аралап оймо салуу, жыгач оймо түшүрүү, аны күйгүзүү менен коздоо, дизайн моделдештирүү, китеп окуу (жомокторду, эпосторду, тарыхты, санжыраны, салтты, саякаттар жөнүндө ж.у.с.лар), дилбаян (сочинение) жазуу, комуз ойноо, тамак-аш жасоо, суусундуктар даярдоо, кызыктуу окуяларды ойлоп жазуу, кызыктуу баш катырмаларды чечүү (ребус, табышкан, кроссворд, чайнворд ж.б.лар.), гүл жана башка өсүмдүктөрдү өстүрүү, үй жаныбарларын багуу, асыроо, фото сүрөт, спорт ж.у.с.лар болуусу мүмкүн.

**Уюштуруучуларга кеңеш.**

Сүйүктүү ишмердүүлүктөрдүн эстафетасын кичи жамааттардын (микрожамааттардын), жылдызчалардын, звенолордун, бригадалардын жыйын-жолугушуусунда өткөргөн жакшы. Мындай жолугушуулардын жакшынакай, үй-бүлөлүк атмосфера сыяктуу кырдаалда, эң уяң бала да өзүндөгү катылуу сырды бөлүшүүгө умтулган, болушкусу келген, жайбаракат мүнөздө өтүлүүсү пайдалуу. Сүйүктүү иштердин эстафетасы чоң достукуна мейманга барганда, маселен, балдардын бирөөсүнүн ата-энесиникинде, өзгөчө ийгиликтүү өтөт. Чоңдор жана кичүүлөр бири-бирине жагымдуу таасир этет. Эки түрдүү курактык микрожамааттардын-өспүрүмдөр звеносунун жана жеткинчектер жылдызчасынын ортсоундагы жолдоштук мамилелер бекемделет.

Сүйүктүү иштердин эстафетасын жалаң жеке микрожамааттардын (звенолор, жылдызчалар), эки же бир канча параллелң класстардын ортосунда гана эмес, кишилердин катышуусу менен чоң жана кичүү балдардын ортосунда да, ошондой эле, аралаш бригадалардын (ишке кызыгуулары, жалпы берилүүлөрү, бирин-бири жактыруулары боюнча биригишкен), алардын ичинде аралаш жаш курактык бригадалар (ар бир бригада калгандары үчүн

өзүнүн сүйүктүү иши жөнүндө коллективдүү аңгеме-дүкөн даярдайт), арасында да өткөрүү мүмкүн.

Сүйүктүү ишмердүүлүктөрдүн эстафетасын кандай вариантта өткөрбөйлү, ал балдардын кызыгууларын жана жөндөмдүүлүктөрүн ачууга, хоббилерин, билимдерин, билгичтиктерин өз ара бөлүшүүгө жардам берет. Ар биринин өз жамаатына камкор мамилесин жана жамаат өзүнүн ар бир мүчөсүн урматтоосун тарбиялайт, өзүн-өзү тарбиялоону козгойт.

Бул эстафетанын дагы бир пайдасы, эстафета учурунда байкалган жана күчөгөн, ар түрдүү кызыгууларды канааттандырган коллективдүү жаңы чыгармачылык иштерди уюштурууга түрткү берет. Андан «Ачылган жана ачыла элек сырлар», «Пресс-конференция», «Оозеки журнал», ж.у.с. таанып билүүчүлүк кечелерге,иштерге жеңил өтүү мүмкүн.

Чоңдор (мугалимдер, ата-энелер) эстафетаны жалпы уюштуруудан тышкары, жыйын-жолугушууну даярдоодо балдарга кеңеш берүүсү, бул КЧинин алып баруучусу жана катышуучусу, б.а. өзүнүн кызыгуулары, сүйүктүү иштери менен бөлүшүүсү лаазым.

**11.Эстафета - «Ромашка»** - бул оюндун катышуучулары бири-бирине кызыктуу, шайыр, күлкүлүү маселелерди импровизациялап ойлоп табышат жана аларды кезек боюнча аткарышат.

**Мындай тарбиялык милдеттер коюлуусу мүмкүн:**

1) балдардын образдуу ойлонуу мүмкүнчүлүктөрүн, образга кирүүчүлүк, аткаруучулук дараметтерин, шык-жөндөмдөрүн ойготуу жана өстүрүү;

2) зээндүүлүктөрүн, идиректүүлүктөрүн, күтүүсүз бирдемелерди таба коюучулуктарын, шайыр, куунак болуу сезимдерин өнүктүрүү;

3) өзү жана бөлөктөр үчүн кубаныч, сүйүнүч тартуулоо сезимдерин, түшүнүктөрүн тарбиялоо;

4) уюштуруучулук, аткаруучулук шык-жөндөмдөрүн өстүрүү жана жоопкерчилигин сезүүгө тарбиялоо.

Оюндун катышуучулары туруктуу микрожамааттар (жылдызчалар, звенолор, бригадалар ж.у.с.лар) же аралаш курак жаштагы командалар (ар биринде 10-15 адамдан ашпаган) болуусу мүмкүн. Акыркы вариантта оюнду уюштуруучулар канча команда түзүү керек болсо, кагаздан же картондон ошончо вариантта (түзүү сүрөт тартып) төш белги же жетондорду алдын-ала даярдашат. Ар бир катышуучу кандайдыр бир төш белгини тартып алат жана ошентип, белгилүү бир командага мүчө болот, кошулат.

Оюндун уюштуручулары «ромашка» жасашат-картондон диаметри 15-20см болгон сары түстөгү чөйчөкчө тегерек кесишет жана катуу ак кагаздардан ромашка гүлүнүн жалбырактарындай

жалбырактарды даярдашат. Жалбырактарды ошол сары тегерекчеге гүл сыяктантып, төөнөгүчтөр (булавкалар) менен бекитишет.

Жалбырактардын саны командалардын санына туура келүүсү же эгер оюнга катышуучу командалар экиден тапшырма аткарууну каалашса, жалбырактар эки эсе көп болуусу зарыл. Андан соң, оюнду уюштуруучулар күлкүлүү, шайыр маселелерди тандашат (катышуучулардын курамына ылайыктуу) жана ар бир жалбыракка бирден маселенин башталышын жазышат, мисалы,

…темасына бир нече сахналарды ойлогула жана көрсөткүлө;

…ушундай башталган аңгемени ойлоп жазгыла жана аткаргыла;

төмөнкүдөй …макалдарды жана лакаптарды пантомимада аткаргыла.

Көп чекит менен оюн учурунда ойлоп табууга тийиш болгон маселенин калган бөлүгү белгиленет.

Оюндун уюштуруучулары көп чекиттин ордун өзүлөрү толуктап, командаларга сунуш кылса да болот. Мында, маселе, толук көрүнүшкө ээ болот (б.а. жөнөкөйлөшөт) жана командалар маселенин шартын аткаруу жолдорун издешет (мында оюн экинчи жана үчүнчү баскычтан гана турат).

**Оюндун жүрүшү.**

Оюн үч баскычтан турат жана бир сааттан-эки саатка чейин созулушу мүмкүн. Оюн башталарга жакын ар бир команда өзүнүн капитанын шайлайт жана өзүнө тамашалуу ат ойлоп табат. Көрүнүктүү, жарашыктуу жерге жалбырактагы жазуу көрүнбөгөндөй «ромашка» гүлүн жасашат.

1-баскыч. Алып баруучулардын ишааратына боюнча командалардын капитандары бирден жалбырак (же экиден) алышып, ар бир команда маселенин экинчи бөлүгүн ойлонушат жана аны көп чекиттин ордуна жазышат. Буга 5-10 мүнөткө чейин убакыт берилет. Оюндун биринчи баскычы, капитандар алган жалбырактарынан жаңы ромашка жасоосу менен аяктайт. Ал эми алып баруучулар командаларга байкатпай ромашкадагы жалбырактардын жайланышуусун өзгөртүп, кайрадан илишет.

2-баскыч. Алып баруучулардын белгиси боюнча командалардын капитандары бирден жалбырак (же экиден) алышат жана ар бир команда (бардык командалар бирдей убакта, бирок, бири-биринен жашыруун) өзүнө тийген маселенин (же эки маселенин) чечимин дайрдайт. Даярдоого 20-30 мүнөт берилет. Андан соң алып баруучулар командаларды чогултушуп, алар өз жайларына олтурушат.

3-баскыч. Алып баруучулардын бирөө, каалаган капитанга ромашканын сары чөйчөкчөсүн (б.а. картон тегерек) тапшырат. Капитан өзүнүн жалбырагындагы маселени кулактандырат. Команда маселедеги талап кылынган шартты аткаргандан кийин, капитан жалбыракты чөйчөкчөгө бекитип, эстафетаны өзү каалаган башка командага өткөрүп берет. Оюн акыркы аткарган команданын капитаны, алып баруучуларга толук ромашканы тапшырганга дейре улантылат (эгер командалар экиден тапшырмага даярданган болушса, эстафетаны эки турда өткөрүү мүмкүн).

**Уюштуруучуларга кеңеш.**

Эсиңерде болсун, эстафета-«ромашка» - бул зээндүүлүктүн, тапкычтыктын, кыял-чабыттын, тамашанын, куунактыктын, шайырдыктын кароосу. Бул оюн балдардын артисттик аткаруучулук жана көрүүчүлүк каалоолорун канааттандырат, кичүүлөрдүн жана чоңдордун жеке чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн ачат, өнүктүрөт, коллективдүү изденүүнүн жана коллективдүү чечимдин ар кыл түрлөрүнө катышуучуларды баш коштурат, бириктирет.

Баалоону упайлар, баллдар ж.у.с. лар менен жүргүзүүнүн зарылчылыгы жок (бирок, атаандашууларды пайда кылуу, күчөтүү жана командаларды кызыктыруу, тартуу үчүн айрым учурларда баалоону кийирүү максатка ылайыктуу). Мейли, ар бир аткаруу бардык чогулгандардын кубанычы үчүн кичинекей жана оригиналдуу сюрприз-белек катары кабылдансын жана бааленсын.

Бул оюн чоң-кичүүнү тандабайт! Команданын түрдүү курактык курамынан чочулабоо керек, маселен, жылдызчалар жана алардын ага-достору: өсүпүрүмдөр, чоңдор, тескерисинче, команданын түзүлгөн курамы канчалык ар түрдүү болсо, шайыр тапшырманын чечилиши ошончолук күтүүсүз жана көңүлдүү болот. Эстафета-«ромашка» кичүүлөрдү жана чоңдорду үй-бүлөдөгү жалпы оюн өңдүү жакындатат. Эстафета-«ромашка» - класс жамаатынын ынтымагын бекемдөөнүн, чоңдордун жана кичүүлөрдүн алыстоосун жоюунун, класстык жана мектептик кечелерде балдарды жана мугалимдерди бириктирүүнүн сонун каражаты.

**12.«Телевизор койгондо!»** оюнунда, балдар телекөрсөтүүдөн көрүп, билип жүрүшкөн, көпчүлүктү өзүнө тарткан, кызыктарган, суктанткан таанып-билүүчүлүк мазмундагы оюн-ишмердүүлүктөрүн: «Даанышман», «Билсең-ал», «Керемет талаасы», «Бактылуу кокустук», «Брэйн-ринг», «Ак тоту куш», «Эмне? Кайда? Качан?», «Күмүш сырга», «Бир көргөндө сүйүп калуу», «Беш тамга», «Сыр сандык», «Кыз кыялы» ж.б.ларды туурап кайталашат. Оюнду уюштуруучулар жана калыстар командалардын аткаруу чеберчиликтерине жана теманын мазмунун ачууларына айрыкча

көңүл бөлүүлөрү лаазым. Командалардын курамы жогорудагы оюндар сыяктуу түзүлөт. Ар бир команда өзү каалаган номерди (теманы) даярдайт. Даярданууга (бардык командалар бирдей убакта, бирок, бири-биринен жашыруун даярданышат) 30-40 мүнөт берилет. Командалар биринин аткарган номерин экинчиси кайталоосу мүмкүн. Калыстардын баалоосунда бул эске алынат. Оюн чыгармачылык менен уюштурулганда, катышуучулардын жана көрүүчүлөрдүн зор кызыгууларын козгоп, көңүлдөрүн көтөрөт.

**13.Көңүлдүү спартакиада** – чыгармачылык оюн формасындагы спорттук мүнөздө уюштурулган кыскача мелдештер.

**Көңүлдүү спартакиаданын максаты:** спортко кызыгууну пайда кылуу; шамдагайлыкты, эптүүлүктү, тапкычтыкты, таамай мээлөөнү, атууну, кырдаалды баамдоону жана керектүү чечимди бат кабыл алууну, өзүнүн кыймылын башкалардын кыймылы менен шайкештештире билүүнү өнүктүрүү.

Бул КЧИ – жамааттын жашоо тонусун көтөрүүнүн, кыздардын жана балдардын, кичи жеткинчектердин жана өспүрүмдөрдүн, чоң балдардын жана кишилердин ынтымактуулугун бекемдөөнүн жакшы каражаты.

**Мелдештин негизги типтери:**

1) Аралаш эстафета «команданын ичинде айрым жеке баскычтарга катышуу үчүн бригадаларга же звенолорго бөлүнүшөт».

2) Жалпы командалык катышуулар:

бир же бир нече тапшырмаларды команданын ар бир мүчөсү кезек менен удаалаш аткаруусу;

бир же бир нече тапшырмаларды бүтүндөй команда удаалаш аткаруусу.

3)Командалардын өкүлдөрүнүн мелдеши: тайпалык (группа) жана жеке беттешүүлөр (маселен, командалардын капитандарынын).

Спартакиадада эки же андан ашык командалар катышуусу мүмкүн. Мелдештин айрым түрлөрүнө командалар бир убакта, же кезектешип, же болбосо, эгер 4 же андан ашык командалар катышса, жуп-жубу менен олимпиадалык система боюнча (жеңилгени мелдештен чыгарылат, ал эми жеңүүчүсү кезектеги турга катышуу укугуна ээ болот) жарыша алышат.

Көңүлдүү спартакиада мелдештин ар бир түрүнүн оюндук мүнөзү менен өзгөчөлөнөт. Эксцентрика, буффонада сыяктуу оюн элементтери кошулат, ошондой эле, бул мелдештер үчүн ылайыктуу, жыл мезгилдеринин жагымдуу шарттарын пайдалануу зарыл. Мисалга, жайкы спартакиада-жайкы шарттар (ачык күн, жашыл тулаң, суу, токой) убагында өтүүсү лаазым.

**Көңүлдүү спартакиаданын болжолдуу программасы.**

1) Командаларга бөлүнүү.

2)Команданын өзүндөгү жумуштар; капитан шайлоо, команданын атын, гимнин, саламдашуусун, желекчесин ойлоо, аталышына ылайыктуу формаларын (атрибуттарын) даярдоо.

3)Спартакиаданын ачылыш аземи, командалардын чыгуусу, тизилүү парады, калыстарды тааныштыруу, желекти көтөрүү, мелдештердин тартибин кулактандыруу.

4)Командалардын машыгуулары.

5)Командалардын мелдешүүсү.

6)Финал-командаларды сыйлоо (азил-тамашалуу призделди да кымтуу менен), калыстардын жана командалардын сөздөрү, желекти түшүрүү, жалпы ырдоо, ар бир команданын ыр менен кетүүсү.

Мелдештерге машыгууну спартакиаданын ачылышына чейин-командалар түзүлгөндөн кийин эле баштоо мүмкүн. Бул учурда калыстар коллегиясы мелдештердин түрлөрүн алдын ала жарыялайт. Машыгуу ар бир тапшырма-көнүгүүнү жетиштүү деңгээлде аткара ала тургандай кыйла убакытка созулуусу лаазым.

Мелдештин болжолдуу түрлөрү (жылдын бардык мезгилдери үчүн).

1)Төмөнкүдөй болжолдуу баскычтарды камтыган «Колдор-буттар-баштар» деп аталган: «араба» (бирөө колдору менен басат, экинчиси анын буттарын кармап түртөт); «страус» (бирөөсүнүн башы экинчисинин колтугунда болгон абалда экөө чуркашат); «үч буттуу» (бирөөсүнүн оң буту экинчисинин сол буту менен байланган абалда экөө чуркашат) ж.у.с.

2)«Слалом». Бирдей сандагы катышуучулардан түзүлгөн командалар дөңсөнүн этегинде бир катардан колоннага тизилишет. Калыстардын белгиси боюнча командалар дөңсөгө чуркап чыгышып, ар бир команда өзүнүн текшерүүчү постун (желекче) айланып өтүп, кайра дөңсөдөн чуркап түшүшөт жана старт сызыгынын алдында биринчи чуркап түшкөн оюнчу коллоннанын акырында, ал эми эң аягында чуркап түшкөн – колоннаны башында колун көтөргөн абалда тизилишет.

3)«Жыланча». Командалар старт сызыгынын алдында бир катардан колоннага тизилишет. Алып баруучунун буйругу боюнча катышуучулар эңкейип олтурушуп, ар бири өз колдорун алдындагынын желкелерине коюшат жана каз кадам жасашып алдындагы тоскоолдуктарды (таякчалар же таштар) айланып өтүү менен карама-каршы чийинге багыт алышат.

Ал сызыкка жетип, «жыланча» артына кайтат жана баякы тоскоолдуктарды айлануу менен ошол аралыкты кайрадан өтөт.

Команданын бүткүл маршрутту өтүү убакыты, анын акыркы мүчөсүнүн «старт-финиш» сызыгын кесип өтүүсү боюнча аныкталат.

4)Аркан тартышуу. Бул учурда командалардын мелдеши туурасынан эки тең бөлүккө бөлүнгөн, 15-20 м узундуктагы аянтчада өтөт. Мелдешкен эки команда бири-бирин караган абалда колонналарга тизилишет. Мында колонналардын эки башындагылар нейтралдык сызыкты баспастан, ага тыкыс абалда туруулары керек. Командалар арканды анын кызыл сыя (же краска) менен белгиленген ортосу нейтралдык сызыктын так үстүндө турган абалда кармашат жана калыстардын белгиси боюнча «каршылаш» командасынын сызыкка жакын биринчи мүчөсүн сызыктан өткөрүүгө умтулуу менен карама-каршы жакка тартыша башташат.

Тыюу салынат: өз командасынын катышуучуларынын аракеттерин жөндөштүрүү максатында белгилер берүүгө, үйрөтүүгө, колун сыядан өткөрүп, каршылаш тарабындагы арканды кармоого.

Аркан тартышканда, башка ар кандай командалык мелдештер сыяктуу эле күч-аракеттердин биримдиги, шайкештиги, денелик өнүгүү жана командалардын катышуучуларынын жеңишке умтулуусу, эрки чечет.

5)Бекемделген чепке чабуул жана желек үчүн күрөш.

Желекти көрүнүктүү жерге, жакшысы дөңсөгө орнотушат. Катышуучулардын санына жана оюн өткөрүлүүчү жайдын жайгашуу өзгөчөлүгүнө жараша желекти тегерете сызышып, аны коргоо зонасын аныкташат. Тегеректин ичинде бир команда жайланышат. Анын максаты өз зонасынан желекти чыгарып кетүүгө мүмкүнчүлүк бербөө. Сызыктан тышта жайланышкан команда (маселен, дөңсөнүн түбүндө), калыс белги берер замат, эң кыска убакыт ичинде желекти коргоо мейкиндигинен сыртка чыгарып кетүүгө аракеттенет. Сызыктын ичине кирген «каршылашына» коргоочулардын колу тийээр замат ал «өлдү» деп эсептелинет жана турган ордунан козголууга анын акысы жок болот. Коргоочулардын саны чабуул коюучулардын санына салыштырганда 1,5-2 эсеге аз болуусу максатка ылайыктуу.

Бул оюнда эң өтүмдүү аракеттенүү планын түзө билүү, бүтүндөй командага орундуу жана тез жетекчиликти уюштуруу зарыл. Алдын ала белгиленген аракеттенүү планына өзгөртүүлөрдү киийрүү менен «каршылаштын» аракеттерин көрө билүү жана мизин кайтаруу үчүн ийкемдүүлүктү жана оперативдүүлүктү көрсөтүү керек.

Оюн учурунда кыйла демилгелүү, жетекчиликке жөндөмдүү балдар байкалат, уюшумдуулуктун жана түзүлгөн кырдаалды тез баамдай билүүчүлүктүн маанисин түшүнүүгө жардам берет.

6) Бутаны (мишенди) таамай аткылоо. Жылдын каалаган мезгилинде өткөрсө болот. Аткылоочу снаряддар катары кичинекей

топторду, карды тоголоктоп ж.у.с.ларды пайдалануу мүмкүн. Ал эми буталарга «ажыдаарлар» сыяктуу карасанатайлардын кейипкерлерин жасаган дурус.

Аткылоо тартиби ар түрдүү болуусу мүмкүн: команданын ар бир мүчөсү кезек менен аткылайт, же команданын мүчөлөрүнүн баары тең бир убакта (залп менен) аткылайт, же болбосо, ар биринен бөлүнгөн «мергенчилер» гана аткылашат. Аткылоо туруу, жатуу ж.б. абалдарда аткарылат.

**Уюштуруучуларга кеңеш.**

Чоң кишилер (барабар санда бөлүнүшүп), командалардын мүчөлөрү, күйөрмандар, калыстар (балдар менен бирге) болуусу мүмкүн. Башкы калыс чоң киши болгону дурус.

Мелдештин башка түрлөрүн жана варианттарын чечкиндүү ойлоп тапкыла.

Кеңеш мүчөлөрү (спартакиаданын штабы) калыстар катарында гана эмес, мелдешке даярдануу учурунда командалардын машыктыруучулары да болуулары мүмкүн.

Командаларды түзүүгө, жасалгалоого жана машыктырууга убакытты аябагыла!

Ар бир команданы сыйлоого (жок дегенде азил-тамашалуу сый, бирок, капалантпагандай) аракеттенгиле.

Командалар жеңилүүгө ызаланбай, кайра андан сабак алып, финалдык салтанат аяктаганга чейин кабыл алган ролдорунан чыкпоолору зарыл.

Көңүлдүү спартакиаданын мыйзамы-берилгендик, жакшынакай азил-тамаша, өз ара кайраттандыруу, колдоо, бири-бирине кубат болуу.

**14. Көңүлдүү кышкы спартакиада** - шайыр чыгармачылык оюндар формасына бириктирилген жана кышкы шарттарды эң жакшы пайдалануу менен уюштурулган бир нече кыска спорттук мелдештер.

**Төмөнкү тарбиялык милдеттер коюлуусу мүмкүн:**

1)балдардын ден соолуктарын чыңдоо, өз ара бири-бирин кубаттоо, шыктандыруу, бири-бирине дем-күч, кайрат болуу сезимдерин ойготуу жана өнүктүрүү;

2)бири-бирине жардамга келүү, камкордук көрүү түшүнүктөрүн тарбиялоо;

3)шамдагайлык, эптүүлүк, таамайлык, тапкычтык өңдөнгөн жакшынакай шык-жөндөмдүүлүктөрүн ойготуу жана өстүрүү;

4)балдардын арасынан демилгелүү уюштуруучуларды байкоо жана тарбиялоо;

5)балдардын мүнөздүк, эрктүүлүк өзгөчөлүктөрүн, чыгармачылык аракеттерин байкоо жана туура тарбиялоонун жолдорун изденүү.

**Мелдештин болжолдуу түрлөрү.**

«Лыжалар-чаналар» деген аралаш эстафета. Эстафета төмөнкү баскычтарды камтуусу мүмкүн: жөнөкөй чаналар менен жарышуу (чанага бирден же экиден олтуруу менен тартуу жана айдоо); лыжаларда чуркоо. Лыжачылар (бирөө же экөө) чананы үстүндөгү адамы менен кошо тартышат.

**Лыжаларда мелдешүү.**

1)Эңкейиштен бир жуп лыжада (б.а. бир адамдык лыжада) эки адамдын ылдый тайып түшүүсү. Ар командадан экиден өкүл катышат. Буту кокусунан жерге тийген команданын упайы бирге кемийт. Туура аткарган командага эң көп упай берилет.

Эгер бир эле жуп лыжа болсо, мелдешти кезек менен өткөрүү керек; эгер лыжалар командалардын санына жетиштүү болсо, бир мезгилде өткөрүү ыңгайлуу.

2)Эңкейиштен бир жуп лыжада биринин артынан бири турган абалда; үч адамдын ылдый тайып түшүүсү. Ар командадан үчтөн өкүл катышат. Мелдештин калган бөлүгү жогорудагы тартипте өтөт.

3)Эңкейиштен эки жуп лыжада үч катышуучунун ылдый тайып түшүүсү. Ар командадан үчтөн өкүл катышат. Үчүнчү адам бир бутун биринчи лыжачынын лыжасына, экинчи бутун экинчи лыжачынын лыжасына коет. Туура аткарган командага 10 упай берилет.

**Чаналар менен мелдешүү.**

1) Эңкейиштен алыс кетүүгө жарышуу. Кырдаалга жараша (эңкейиштин бийиктиги, чаналардын саны) командалардын бардык мүчөлөрү бир убакта мелдешке катышуулары мүмкүн, бул учурда жеңүүчү аныкталат. Эгер бир нече командалардын өкүлдөрү бирдей аралыкты өтүшкөн учурда, алар дагы бир жолдон таймашып көрүшөт. Мелдештин бул түрүнүн жеңүүчүсү өз командасына бир упай алып келет.

2) Бүтүндөй команда менен эңкейиштен түшүү. Чаналар бир канча жолу түшүүдө (мында, убакыт фактору да роль ойнойт; чана менен бир же эки түшүүдө, команданын толук курамы камтылса, анда убакыттан утушат болуучу, демек жеңишет) бүтүндөй команданын эңкейиштен чекке чейин жетүүсү. Чанадан ар бир жыгылган кишиге бирден упай кемийт. Жеңген командага 20 упай берилет.

**Талмача кармай түшүү.**

3) Эңкейиштен чаналарда түшүп келатып, кол жеткенчелик аралыкка илинген тасмаларды (ленталарды) үзүүгө аракеттенүү. Ар

бир үзгөн тасма үчүн командага бир упай берилет. Командалар мелдешти бир убакта башташат.

4) Эңкейиштен чаналардан түшүү учурунда бутаны (мишенди) аткылоо.Бута (кардан жасалган куурчак) эңкейишин түп жагына жайгаштырылат. Снаряддар канчалык баш кийимге жакын тийсе, ошончолук упайлар кошулат. Бардык командалар катышат. Мелдеш бир убакта башталат.

5)Чаналардын поезди. Эки лыжачы чаналардын поездин (беш кишиден ашпоосу керек) башкарышат. Тез жана туура аткарууга 5 упай берилет. Башта эки команда жарышышат, кийин дагы экөө, жеңүүчүлөр өз ара мелдешишет.

6) «Бугу тарткан арабачылардын» жарышы. Командалардын ар бири бул мелдеш үчүн бир же бир канча катышуучуларды чыгарат. Чуркоочу жолдун узундугу алдын ала белгиленет. Ал 60-70 м аралыкты түзөт. Эки команданын катышуучулары стартка чыгышат. Ар жуп катышуучуга чана берилет. Балдардын бири чанага олтуруп, атчан айдоочунун, экинчиси бугунун ролун аткарат. Бугулар жолдун акырына (белгиленген чекке) жетишип, кайра кайтаарда ролдорун алмашышат: «айдоочу» - «бугу» болот, ал эми «бугу»-«айдоочунун» ролуна өтөт. Кайра тартканда ылдам келген жуп катышуучу, жеңүүчү эсептелет. Андан соң, жарышка экинчи жуп чыгат ж.у.с.

**Кол менен кармоочу каражаттар болбогон жарыштар**

1)«Каз» кадамдап эңкейиштен түшүү. Команда мүчөлөрүнүн баары катышат. Алар биринин артынан бири, бир катарга тизилишип, тизе бүгүп олтурушат да, бири-бирин белден кармашат. Калыстардын белгиси боюнча алар төмөн түшө башташат. Чынжырча үзүлсө же кимдир бирөөсү жыгылса, бир упай кемитилет. Командалар тапшырманы баары тең бир убакта аткаруулары мүмкүн. Калыстардын саны командалардын санына жараша болот. Жеңген командага 6 упай берилет.

2) Кол кармашып чиркелишкен абалда, өйдөлүшкө (тоого ) чыгуу. Команданын бардык мүчөлөрү катышат. Чынжырча үзүлсө же кимдир бирөөсү жыгылса, бир упай кемитилет. Жеңүүчү командага 8 упай берилет. Тапшырманы бардык командалар бир убакта аткарышат.

3) «Тоз-тополоң» (Чехарда). Команда мүчөлөрү биринин артынан бири бир катарга тизилишет. Катардагы алдында турган катышуучу тизесин кичине бүккөн абалда, эки тизесин кармап эңкейет. Анын артындагы катышуучу биринчинин желкесин таянып секирип, андан 2-3 кадам алдында, ал да эңкейген абалда турат. Үчүнчү катышуучу алдындагы экөөнүн желкесин таянып секирип, ал да тиги экөөнүн абалын ээлейт. Ушундай жол менен команда финишке жетет. Катасыз, тез жана так аткарган командага 8 упай, жай аткарганга 3

упай берилет. Команданын бардык мүчөлөрү катышышат. Бардык командалар бир убакта башташат.

4)«Жупташып фигуралык таюу» (коньки менен жасалган кыймылдарды тууроо). Командалар каалаган санда жуптарды чыгарышат. Жуптардын бийлери «музыка» менен коштолот, б.а. команданын калган мүчөлөрү чогуу кеңешип тандашкан обондорду же күүлөрдү аткарышат. Аткаруучу жуптар бийлердин жана көркөм гимнастиканын кыймыл элементтерин пайдаланышат. Ар бир жаңы фигура, элемент үчүн упай кошулат. Кошумча баллдар фигураларды, элементтерди таза жана так ойноолору үчүн, музыкалык ритмди, ыргакты сезимдүүлүгүнө, баамчылдыгына, элементтерди жана обондору оригиналдуу аткарууларына жазылат.

**Карды пайдаланып мелдешүү**

1)«Аткычтардын атаандашы». Ар бир катышуучу бутага бирден кар атат, натыйжада, бутага тийген карлардан кандайдыр бир нерсенин кейпи же кызыктуу сүрөт пайда болушу зарыл. Мыкты аткарган командага 10 упай берилет. Команданын бардык мүчөлөрү катышат. Бардык командалар бирдей убакта башташат.

2) «Кар перисин» жасоо. Ар бир команданын үч катышуучусу кар перинин бөлүктөрүн жасашат, андан соң, ар бир командадан көзү таңылуу экиден катышуучу ошол бөлүктөрдү бириктирүү менен кар перисин түзүшөт. Туура жана мыкты аткарган команда-10 упайга ээ болот. Командалар бирдей убакта башташат.

15). **Улуттук оюндардын спартакиадасы.** Кичинекей балдар жамааттарды (жылдызчалар жана группалар), өспүрүмдөр звенолору, чоң класстар, ошондой эле, аралаш жамааттар, курбу-курдаштар же түрдүү жаш курактык (маселен, жылдызчаларды жана өспүрүмдөрдү бириктирүү) катышышат. Чоң кишилер уюштуруу комитетинин (кеңешменин) жетекчилери жана мүчөлөрү, калыстар, машыктыруучулар, күйөрмандар, ал эми айрым учурларда командалардын катардагы мүчөлөрү же капитандары катары катыша алышат.

**Спартакаиданын болжолдуу түрлөрү.**

1) Кыргыз улуттук оюндарынын спартакиадасы. Бул үчүн мына бул адабиятты пайдалануу мүмкүн: Токторбаев С. Өспүрүмдөр оюндары Башкы ред. М.Борбугулов-Б: КСЭнин башкы ред.1991-272 б.

2) Шериктеш өлкөлөрдүн элдик оюндарынын спартакиадасы маселен, Россиянын, Казакстандын, Түркмөнстандын, Тажикстандын, Өзбекстандын ж.у.с.лардын.

3) Чет өлкөлөрдүн элдик оюндарынын спартакиадасы, мисалы, Туркиянын, Кытайдын, Ирандын, Жапониянын, Болгариянын ж.б.лардын.

4) Кандайдыр бир материктин, айталы, Африканын элдик оюндарынын спартакиадасы.

Спартакиадага даярдануу улуттук оюндарды коллективдүү изденүү менен башталат. Балдар жана чоңдар адабияттар менен таанышышат, улуттардын же өлкөлөрдүн өкүлдөрү менен жолугушушат, кат аркылуу байланышышат ж.у.с.лар. Спартакиадага катышуучулардын арасында эң жакшы табылга үчүн кароо конкурсу уюштурулуусу мүмкүн. Бул иштин жүрүшүндө балдардын жана чоңдордун башка улуттардын жашоо-турмушуна, үрп-адаттарына, санаа-салттарына, тарыхына, маданиятына, экономикасына, тажрыйбасына кызыгуусу өсүп, башка элдерди түшүнүү, кадыр-барктоо, урматтоо сезими өнүгөт.

Спартакиадага катышуу үчүн жамааттардын өкүлдөрүнөн түзүлгөн иштин кеңеши сунуштарды жана материалдарды чогултат, анын негизинде мелдештин программасын иштеп чыгарат.

Өткөрүлгөн коллективдүү чыгармачылык иштерге арнап күндөлүк түзүү максатка ылайыктуу. Чыгармачылык иш өтүлөөр замат (же бир аздан соң, бирок, көп кечиктирбей) катышуучулардын калоосу боюнча күндөлүккө алардын таасирлери, ой-толгоолору, эскермелери жазылат.

Күндөлүк балдардын чыгармачылыгынан жаралгандыктан, анда жазылгандар башкалар үчүн табышмактуудай туюлуп анда жазылган эргүүлөрдү, кыял-чабыттарды баары эле окугусу келет. Улам кийинки муундардын кызыкчылыгы үчүн аны аздектей сактоо маанилүү жана ал, балдарды тарбиялоонун өзүнчө бир кичинекей «мектеби» болуп калары талашсыз.

## 3.3. ТАРБИЯЛЫК, КЛАССТЫК СААТТАРДЫН, КЕЧЕЛЕРДИН, КАРООЛОРДУН СЦЕНАРИИ-ИШТЕЛМЕЛЕРИ

**Тарбиялык саат**

**Сылыктык**

Сунушталган материалдын мазмуну башталгыч класстардын окуучуларынын курак жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуу.

**Сабактын тарбиялык милдеттери:**

1) сылыктык жөнүндө түшүнүктөрүн ойготуу;

2) окуучулардын сылык, сыпайы болуу сапаттарын тарбиялоо;

3) турмуштук түрдүү жагдайларда сылыктык мамилелерине көнүктүрүү;

4) окуучуда өзүн-өзү тарбиялоо багытында көз караштын пайда болуусуна аракеттенүү.

Сабак «сылыктык» түшүнүгүнүн айланасында окуучулардын ойлорун, пикирлерин билүү менен башталганы изги. Бул максатта төмөнкү суроолор узатылат: «Сылык адам кандай мамиле кылат? Кана, мисалдар келтиргиле?», «Сылык, керемет сөздөрдү ким айтат?», «Сылык, сыпайы болуу эмнеликтен жакшы?» ж.у.с. Мугалим окуучулардын жоопторун, көз караштарын жыйынтыктап, ошол керемет, сыйкырдуу сөздөр камтылган ырларды аткарууга өтөт.

**1-окуучу:-** Туш келгенде бетиңе,
Куудук топту жарышып.
Көчөнүн ошол четинде,
Жолукту бир таанышың.
Кездешүүдө не дедиң?

**Жалпы аткарышат:** - «Саламатсызбы?» - дегенмин.

**2-окуучу:-** Эжең түшкү тамактын,
Таттууларын салды мол.
Элден мурун идишке,
Уруксатсыз салдың кол.
Эмне айтканың жок сенин?

**Жалпы:** - «Уруксатпы, эже?» - дегеним.

**3-окуучу:-** Балдар жүрсө көчөдө,
Угулат ызы-чуу, ай-кай.
Сен да чыгып бирөөнү,
Жөөлөп кеттиң байкабай.
Мында эмне деш керек?

**Жалпы:** - «Кечириңиз?» - деш керек.

**4- окуучу:-** Апаң сенин базардан,
Алма сатып, алып келди.
Эң жакшысын чоңунан,
Сага тандап алып берди.
Эмне деп алып жеш керек?

**Жалпы:** - «Рахмат сизге!» - деш керек.

**5-окуучу:** -Кандайдыр бир жыйында,
Жетпей калып орунга.
Агаларым тик турса,
Орун берем аларга.

**6-окуучу:**- Аталар өтсө жанымдан,
Аларга көңүл бурамын.
Жолун тоспой турамын,
Жол берип кадыр кыламын.

**Жалпы:** - Сылык болмок сөзүңдөн,
Жакшы болмок өзүңдөн.

**7-окуучу:** - Жакшы бала ар качан,
Эрте ойгонот адамдан.
Бети-колун жуунуп,
Кир жолотпой тазарган.

**8-окуучу:**- Жаман бала ар качан,
Жата берет ойгонбой.
Шашке болуп калса да,
Сабак жагын ойлонбой.

**9-окуучу:**- Жакшы бала ар качан,
Тапшырмасын аткарат.
Ар сабактан «беш» алат,
Классында макталат.

**10-окуучу:**- Жакшы бала ар качан,
Китебине чийбеген.
Дептери бүт таптаза,
Бир жери жок кирдеген.

**11-окуучу:**- Жаман жолдош чырдашар,
Ич арасын ырбатар.
Жоктон жалаа табышып,
Жолдоштугун булгашар.

**12-окуучу:**- Жаш убакта курдаштар,
Ынак болуп сырдашар.
Көргөн ишин көп айтып,
Жомок кылып сындашар.

**Жалпы:** - Макул десең жаш жолдош,
Жакшы жолго бас жолдош.

Жаман адат курусун,
Андан алыс кач жолдош.

«Эстүү болсо баласы»,
Эне-атанын канаты.
Жер карабай, эл карап,
Жарык болот санаасы.

Эссиз болсо баласы,
Эне-атанын жараты.
Эл карабай, жер карап,
Сан бөлүнөт санаасы.

**Кыздар ырдашат:**

Аталар да балдарын,
Эрке өстүрүп баккан бар.
«Жолборс чыгат уулум» -деп,
Жонунан сылап баккан бар.

**Балдар ырдашат:**

Энелер да кыздарын,
Эрке өстүрүп баккан бар.
Кир жуугузбай чачына,
Түрдүү бантик таккан бар.

**Кыздар:**

Ошол уулу чоңоюп,
«Жолборс» чыкты күрүлдөп,
Сөз айта албай атасы,
Коркуп жүрөт зирилдеп.

**Балдар:**

Ошол кызы чоңоюп,
Эрдин боеп кызартып.
Энекесин кейитет,
«Өлбөдүң го, кемпир» - деп.

**Жалпы ырдашат:**

Ата – энеси карыганда,
Алдан-күчтөн тайыганда.
Ардактабас балдардын,
Жогу жакшы барынан.

Андан соң, кезек темага байланыштуу макал-лакаптарга берилип, окуучу тарабынан ар бир макал айтылгандан кийин анын маани-мазмунун чечмелеп берүү катышуучулардан суралып, алардын ой пикирлеринин негизинде жеткиликтүү мисалдар келтирүү менен класс жетекчи кыскача корутундулап олтурат.

**Макал – лакаптар**

**1- окуучу:** - «Сиз» деген сылык сөз,
«Сен» деген сенек сөз.
**2- окуучу:** «Жакшы бала элпек,
Жаман бала-тентек».
**3- окуучу:** «Жакшыга жанаш,
Жамандан адаш».
**4- окуучу:** «Жакшы бала үлгү,
Жаман бала күлкү».
**5- окуучу:** Жакшы менен жүрсөң, жетесиң муратка,
Жаман менен жүрсөң, каласың уятка.
**6- окуучу:** «Жакшы бала - ата-эненин бактысы,
Жаман бала – ата – эненин кайгысы».
**7 –окуучу:** «Жакшыга айтсаң билет,
Жаманга айтсаң күлөт».
**8- окуучу:** «Адам болор кишинин,
Адам мене иши бар».

Тарбиялык саат элибиздин адамгерчиликтүүлүк, меймандостук сыяктуу нарктуу, бийик касиеттерин даанакерлеген, А.Карыбаевдин обонуна жана Э. Эрматовдун сөзүнө жазылган. «Дасторкон» деген ырды аткаруу менен аяктайт. Класс жетекчи жыйынтыктоочу сөз сүйлөйт.

**Тарбиялык саат**

## ЖОЛДО ЖҮРҮҮНҮН ЭРЕЖЕЛЕРИН БИЛЕСИҢЕРБИ? (1-2-класс)

**Сабактын максаты:**

а) жолдо жүрүүнүн эрежелерин билүүнүн жана сактоонун маанисин окуучуларга түшүндүрүү;

б) жол белгилерине карата жолдон өтүүгө окуучуларды көнүктүрүү;

в) окуучуларды көчөдө өзүн адептүү, тартиптүү алып жүрүүгө жана жашы улгайгандарды урматтого тарбиялоо.

**Сабактын жабдылышы:**

Физика жана кол эмгек мугалимдеринин көмөктөшүүсү менен гальваникалык элементтерди, үч лампочканы, ачкычтарды ж.у.с.ларды, светофорлордун моделин жасоо; түстүү борлорду жана картон кагаздарды пайдаланып, класстык бөлмөгө көчөлөрдүн кесилиштеринин макетин даярдоо.

**Сабактын жүрүшү:**

Шыктуу окуучуларга ролдорду бөлүштүрүп, аларды мурунтан машыктырып, даярдап, андан соң сабакты уюштуруу натыйжалуу ыкма болуп эсептелет. (Инсценировкалоо).

**Айылдык эне:** - Балам, айланайын, тиги бешинчи автобус токтоочу аялдамага жеткирип койчу. Айылдан келдим эле. Таба албай көпкө убара болдум.

**Бала:** - Ээ! Эмне кылайын таппасаң! Сага окшогон карыган кемпирлер шаардан айланат бекен!? Карасаң дагы «жүгүмдү көтөрүшүп кой» дейт. Мен бул шаарда жүк ташыгыч эмесмин. (Ошол учурда өтүп бараткан кыз энеге саламын берет).

**Айылдык эне:** - Ай, айланайын кызым, токточу?

**Кыз:** - Ии, эне, эмне, сизге жардам керекпи? Адашып калган түрүңүз бар.

**Эне:** - Ооба, айланайын, каралдым. Айылдан келдим эле. Тиги 5-аялдаманы таба албай көптөн бери убараландым. Тиги уулумдан сурап, кагуу да жеп калдым.

**Кыз:** - Жүрүңүз жеткирип койоюн. Сиз «Светофор» дегенди билесизби?

**Эне:** - Аның, мынабу, кызарып күйгөн немеби?

**Кыз:** - Ооба, бул, шаарлардын көчөлөрүнө коюлат. Биз ошого «баш ийебиз».

Бурчундагы көчөнүн,
Карай жүрүңүз мамыны.
Мына, жашыл жарык өчтү да,
Жанды кызыл жарыгы.
Кызыл жарык «токто» дейт,

Сары жарык –«даярдан».
Жашыл жарык – «өтө бер»,
Бирок сак бол, аярдан, - деп, кыз энени көчөдөн өткөрөт.

**Хор менен:** - Сергектикке үйрөтөт,
Светофордун жарыгы.
Кесилиштен өткөрүп,
Кадырлайлы карыны.

**Мугалим:** - Силер балдар, светофордун белгиси эмнени түшүндүрөрүн билдиңер.
«Кызыл» - токто!
«Сары» - ашыкпа, күтө тур!
«Жашыл» - бас! – дегенди түшүндүрөт.

Кымбаттуу окуучулар! Светофор белгисин эсиңерге сактагыла. Жолдо жүрүүнүн эрежесин бузбагыла.

**1- окуучу:** Жөн жүрбөй жолтоо кылгандарга,
Тыюу салынат!
Карыга орун берүүгө,
Уруксат кылынат.

**2- окуучу:** Билетсиз жүрбө,
Тыюу салынат!
Карыга орун берүүгө,
Уруксат кылынат.

**3- окуучу:** Кызыл жарык күйгөндө,
Өтүүгө тыюу салынат.
Жашыл жарык күйгөндө,
Өтүүгө уруксат берилет.

**4- окуучу:** Жолдон алыс ойногун,
Бир кокустук болбосун.
Сени күткөн апаңдын,
Көзү жашка толбосун.

**5- окуучу:** Байкап шилте кадамды,
Билип алсаң жаманбы.
«Эскертүүчү белгилер»
Деп айтабыз аларды.

Сабакты жыйынтыктоо учурунда айылдан келген энеге баланын

жасаган копол мамилесине, ал эми кыздын сылыктыгына карата окуучулардын ойлорун, пикирлерин билип, класс жетекчинин туура тыянакка келүүсү лаазым.

**Тарбиялык саат**

**ТАЯК**
(жомок)

**Коюлуучу тарбиялык милдеттер:**

1) ата-энени, улгайган жаштагы адамдарды урматтоо, сыйлоо сезимдерин, түшүнүктөрүн тарбиялоо;
2) жомокторду өз алдынча окууга карата кызыгууларын ойготуу жана күчөтүү;
3) ата-энесинин, улгайган адамдардын көңүлдөрүн алууга жана аларга колдорунан келген жардамдарын көрсөтүү аракеттерине багыттоо;
4) көркөм окуу, билгичтиктерине, ыктарына үйрөтүү.

Сабак мугалимдин кыска баш сөзү менен башталды.

**Мугалим:** - Балдар, силер «улууларды урматтоо» деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?

**Окуучулардын бирөө:** - Өзүңдөн чоң жаштагы адам «улуу» делет. Алардын айткан кеңештерин, насаат сөздөрүн дайыма кунт коюп угуп, көңүлгө бекем түйүү керек. Себеби, алар көптү билишет. Мына ушуга байланыштуу уюткулуу кыргыз элинде төмөнкүдөй нускалуу макал-лакаптар, накыл сөздөр бекеринен айтылбайт.

«Карынын сөзүн капка сал», же
«Карысы бардын-ырысы бар», же болбосо,
«Атаны сыйлаган абийир табат,
Энени сыйлаган элге жагат».

**2- окуучу:** - «Улууга урмат, кичүүгө ызат» деген да макал бар го.

**Мугалим:** - Ооба, туура айтасыңар, азаматтар. Балдар, улуу, улгайган жаштагы адамдарды чындап эле урматташыбыз, сыйлашыбыз керек. Үй-бүлөдөгү ар бир бала өз атасын улуу адам катары сезет. Атаңар силерди тоюнтат, кийинтет, тарбиялайт, окутат. Жылуу- жумшак мамиле кылып, силерге камкордук көрөт. Апаңар жылуулугун берип, мээримин төгөт. Ошондуктан, ата-энеңерди урматтап, сыйлай билгиле, «Атанын каргышы-атылган ок» дешип, тээ

илгертен ата-бабаларыбыз муундан-муунга саймедиреп келе жатышат. Атанын каргышына калган бала оңбойт, өспөйт деп айтылат, эл ичинде. Атанын баласынан көңүлү калып, көңүлү кирдебеши керек экен. Бул сөздөрдү эсиңерден чыгарбасаңар.

Мугалим жомоктун текстин көркөм окууга өтөт:

- Илгери бир акылман карыя жашаган экен.

Анын жалгыз уулу болуптур. Бала акылы тайкы, оюнкарак болуп чоңоёт. Ата-энесине кол кабыш кылбайт. Буга атасы капа болуп жүрөт. Кыш мезгили келип, бир күнү кар жаайт. Атасы уулунан тамдын үстүндөгү карды күрөп коюусун суранат.

Баласы жалкоолонуп: «Башым ооруп жатат» - деп, жатып алат.

Атасы тамдын үстүнө чыгып, кар күрөп жатып, бутун кокустатып алат да, жатып калат.

- Эгер уулум тоодон таяк кесип келип берсе, бат эле оңолот элем,- дейт атасы уулун сынамакка.

**Уулу:** - Мен азыр эле кыркып келе коём, - деп тоого жөнөйт. Жолдо баратса, таякчан бир карыя келе жаткан экен, аны коркутуп, таягын тартып алат да, сүйүнгөн боюнча атасына келет. Атасы таякты отко салып жиберет. Уулу үндөбөйт.

**Атасы:** - Уулум, эгер таякты өз колуң менен кыйып келгениңде, таяк күйбөйт болуучу. Эми, менин ооруум айыкмак турсун күчөдү! – дейт.

Уулу кайра тоого жөнөйт. Жолдо ойлонот: «Кар калың. Аяз минтип чыкылдап турат. Тоого жетмеги азап болот го?.. Андан көрөкчө, базардан эле сатып алайын».

Ошентип, базардан таяк сатып алат да, атасына алып келет. Атасы бир аз ойлонуп туруп, таякты шарт сындырып салат. Уулу үндөбөйт. Бул жолу атасы уулуна эч сөз айтпастан, тескери бурулат. Уулу атасынын капалуу түрүнөн чочуп, эми чындап эле тоого жөнөйт. Нечен кыйынчылык менен барып, таяк кыркып келет.

Атасы бул таякты алыс ыргытат. Ошондо уулу ыйлап жиберет. Жолдогу кардын калыңдыгын, үшүгөндүгүн, ачка болгонун, тоодон карышкыр көрүп, аябай коркконун айтат. Анда, атасы, чыныгы мээнет менен алып келген таякты ыргытканына абдан кейийт. Баласынын чын айтканын билип, мындай дейт: - Уулум, менин оорумдун дарысы сенин чындык сөзүң болуучу. Эки жолу калп айттың, таякты оңой жол менен таап келдиң. Эми мен тез оңоло баштайм.

Ошол окуядан кийин уулу чынчыл, ак ниет, эмгекчил боло баштаптыр.

**1-суроо:** - Эмне үчүн карыя баласын таяк кыйып келүүгө жөнөттү?

**Окуучу:** - Себеби, атасы бутун кокустатып алгандан кийинаябай кыйналып жаткан. Таяктын жардамы менен басууга боло тургандыгын түшүндүргүсү келген.

**2-суроо:** - Таяктан башка нерсени айтса болор беле?
**Окуучу:** - Бул жагдайда таяк эң ылайыктуу, таасирдүү тапшырма болуучу. Атасы баласынын ички сезимдерин, түшүнүгүн, дилин, жүрөгүн текшерип жана салмактап көрдү.

**3- суроо:** - Уулунун чын сүйлөгөнүн атасы эмнеден билди?
Окуучу: - Баласынын ыйлап жибергенинен.

**4-суроо:** - Карыя баласына туура мамиле жасадыбы?
**Окуучу:** - Туура мамиле жасады, анткени, атасынын максаты баласын чынчылдыкка, адептүүлүккө, эмгекчил болууга тарбиялоо болуучу.

**Класс жетекчинин жыйынтыгы:** - Мына, балдар, азыркы жомоктон силер туура түшүнүк алдыңар деп эсептеймин. Менин оюм боюнча, мындан ары силер улуу жаштагыларды урматтап, аларга кол кабыш, жардам берип, кептерин жерге таштабасыңарга ишенемин.

Акырында сабакка жандуу катышкан окуучулардын жоопторун комментарийлөө ыкмасы менен баалайт.

**Тарбиялык саат**

## ЖЕТИ УЛАКТУУ ЭЧКИ
## (жомок, 1- класс)

**Тарбиялык милдеттер:**

а) окуучуларды ата-энесинин, улуу жаштагы адамдардын таалимин, насааттарын алууга, алардын эмгектерин түшүнө билүүгө тарбиялоо;

б) жомокторду өз алдынча окууга, угууга кызыгуу сезимдерин ойготуу;

в) окуучулардын көркөм окуучулук, аткаруучулук, образга берилүүчүлүк, кирүүчүлүк сезимдерин ойготуу, шык-жөндөмдөрүн тарбиялоо.

**Катышуучулар:** **Эчки:** Жыпаргүл.
**Улактары:** 1. Алтынбек.
2. Сайрагүл.

3. Тимур.
4. Асан.
5. Миргүл.
6. Замира.
7. Адылбек.

**Карышкыр:** Мирзат.

Мугалим (текстти көркөм окуйт):

- Илгери, илгери өткөн заманда, алыскы токойлордун биринде жети улактуу эчки жашаптыр. Ал күн сайын улактарын камап коюп, токойго жем издеп кетет. Жөнөөрдө ал: - Эшикти ачпагыла, эгер эшик ачсаңар, карышкырга жем болуп, каласыңар жок болуп, - деп эскертип кетет.

Улактары өздөрүнчө кудуңдашып, ойношуп олтурушат.

Бир убакта карышкыр келет.

Карышкыр (жоон үн менен): - Улактарым, чунактарым эшикти ачкыла, энеңер келди,- дейт.

**Улактар:** - Сенин үнүң, окшобойт, энебиздикине, кана туягыңды көрсөтчү, - дейт.

**Карышкыр:** - Ай, ай, кыйынсыңар го, энеңердей,- деп кетип калат.

**Эчки:** - Улактарым, чунактарым, кичинекей тентектерим. Эшикти ачкыла. Мен силерге чөп, сүт алып келдим.

Улактары эшикти ачып арызданышат: - Энеке, бизге карышкыр келди. Биз эшикти ачпадык,- дешти. Анда энеси абдан кубанат.

**Эчки:** - Азаматсыңар, улактарым.
Дайыма ошенткиле.
Эми, мен дагы кетейин.
Силер эшикти ачпагыла.
Эгер эшик ачсаңар,
Карышкырга жем болуп,
Каласыңар жок болуп.

Эчки кетиши менен карышкыр аңдып туруп, кайра келет. Ал үнүн ичкертип (карышкыр):

- Улактарым, чунактарым,
Чыбыраган тентектерим.
Эшикти ачкыла,- дейт.

**Улактар:** - Энебиз эмне мынча тез келди. Эшикти ачалы. Жоок ачпайлы, бул энебиз эмес,- деп, кичинекей улак безилдейт.

Улактар шашып – бушуп эшикти ачып жиберишет.

**Карышкыр:** - аа, өзүңөр эле ушинтип жем болосуңар да...
Ошентип, улактарды жеп коөт.

Улактардын эң кичүүсү бекинип калат. Карышкыр курсагын сылап чыгып кетет.

**Эчки:**- Улактарын чакырып, эшикти каккылайт.

Бирок, эч кимиси чыкпайт, эшик ачык болгон болот. Кичинекей улак чыгып, энесине болгон окуяны айтып берет. Эчки ыйлай-боздой карышкырды издеп жөнөйт. Бир убакта аны таап, чуркап келип, сүзүп кардын жарат да, улактарын алат. Улактары кубанышып кетишет.

**Эчки:** - Урматтуу балдар, силер да менин тентек улактарыма окшобой, ата-энеңердин, жашы улуу ага-эжеңердин сөздөрүн угуп, түшүнсөңөр, айткандарын аткарсаңар, жаман жолго жүрбөсөңөр, силер жакшы бала, адептүү окуучу болуп, дайыма макталып жүрөсүңөр.

**Кароо**

## «БЕРЕКЕЛҮҮ АЛТЫН КҮЗ» (3-класс)

**Кароонун максаты:**

а) күз айынын өзгөчөлүү касиети, берекелүүлүгү, көрктүү, кооз табийгаты жөнүндө окуучуларга түшүнүк берүү;

б) өсүмдүктөрдү, мөмө – жемиштерди окуучулардын барктоо, аларга назик, камкор, этият мамиле жасоо сезимдерин өстүрүү;

в) жаратылыштын кубулуштарынын (аба, жамгыр, шамал ж.у.с.) адам баласынын, жан-жаныбарлардын жашоо тиричилигине пайдалуу таасирлери жөнүндө окуучулардын түшүнүктөрүн кеңейтүү;

г) күз берекесинин төгүлүшү, бардар турмуш, адамдын бешене тер, күжүрмөн эмгегинин натыйжасы жөнүндөгү түшүнүктү тарбиялоо;

д) окуучулардын көркөм окуучулук, аткаруучулук, образга кирүү, сүңгүү сезимдерин, шык-жөндөмдөрүн өстүрүү.

## САЛАМДАШУУ ЖАНА ХОР
### (күз жөнүндө)

**Алып баруучу:** - Буркурап согуп күзгү жел,
Буудайдын башын жайкаган.
Тамаша, эмгек, береке,
Талаанын бети жайкалган.
Күз келип, кызуу эмгекте,
Кызылдан жоолук байлаган.

Кереметтүү алтын күз,
Келипсиң эми кайрадан.

Ар бир жыл мезгилинин өз өзгөчөлүгү, артыкчылыгы болот эмеспи.

Ооба, күздүн касиети да, анын башка мезгилдерден артыкчылыгы да – анын берекесинде. Айланага көз чаптырсак, талаалардын көркү ачылып, эгин-тигиндер бышып, жетилип, айлананы көзгө сүйкүм сары түскө боеп турат.

Быйылкы жыл – «Жер-жемиштердин, дан-өсүмдүктөрдүн жылы болду» десек жаңылышпайбыз.

Мына-береке, мына-кооздук.

Урматтуу эжей-агайлар жана «Берекелүү – алтын күз» майрамынын катышуучулары, Алтын күз берекелүү нурларын чачты. Эмесе, бүгүнкү салтанатты «ачык» деп жарыялап койсок.

**Алып баруучу:** -Бүгүн биздин класста,
Балдар-кыздар мелдешет.
Ким көбүрөөк таба алат,
Талааларда эмне өсөт?

**Окуучулар:** - Буудай, жүгөрү, картошка, сабиз, таруу, дарбыз, помидор.
**Алып баруучу:** - Туура. Бирок негедир аралашып кетти. Өсүмдүктөрдү түргө бөлсөкчү...
**Бир окуучу:** - Таттуу өсүмдүктөр, ачуу өсүмдүктөр.
**Алып баруучу:** - Туура айтабы?
**Үндөр:** - Жок, жок.
**Окуучулардын бири:** - Дан өсүмдүктөр жана жашылча-жемиштер болуп бөлүнөт:
- Айрып таанып, биле албай,
Кээ бир балдар адашат.
Бизди болсо илгертен,
«Аштык эгин» аташат.
**Дан өсүмдүктөрүнө:**- Буудай, жүгөрү, арпа, күрүч ж.б.
**Алып баруучу:** - Силерден кандай тамак жасалат?
**Үндөр:** - Буудайдан – нан, күрүчтөн-аш, таруудан-көчө, жүгөрүдөн - загара нан ж.б.

Талаа көркү жайнасын,
Ар бир таңым суктантат.
Шилекейди куюлтуп,
Мөмө, жемиш бышкан чак.

**Жемиш өсүмдүктөрү киришет:**

**«Алма»:** - Үйүбүздүн жанында,
Төрт түп алма багымда.
Бышкан кезде жыты аңкып,
Тарайт биздин айылга.

**«Өрүк»:** - Өрүк баккан эп экен,
Витамини көп экен.
Айтканындай апамдын,
Бал-каймакка тең экен.

**«Жүзүм»** - Жүрө бербей жүзүм бак,
Жүзүмү көп биздин жак.
Жазда, күздө ийилип,
Жадырасын жүзүм бак.

**«Шабдаалы»:** - Кары адамдын дарысы,
Шабдаалынын баарысы.
Пайда болот денеде,
Клетканын жаңысы.

Алып баруучу: - Ооба, силерди ушинтип, жадыратып, жайнатып, кулпунткан ким?
Жашылчалар, дан-өсүмдүктөрү: - Баба-дыйкан.

**Дыйкан:** - Мен табияттын касиеттүү кубаты болбосо, эгин-тигинди, мөмө-жемишти өстүрө албайт элем. Алар эмнелер экенин өзүңөр айткылачы, балдар?
**Үндөр:** - Аба, шамал, жер, жамгыр, суу, күн, жел.
**Дыйкан:** - Туура таптыңар.
**«Аба»:** - Менин атым «аба»,
Болом дайым таза.
Мен керекмин баарыңа,
Жеткиле менин баркыма.
**«Шамал»:** - Эй, аба, мактанба,
Менсиз болбойсуң таза,
Мен шамалмын.
Шуулдаймын, тынбайм,
Чаңды, газды айдаймын,
Тазалыкты сактаймын.
**«Аба»:** - Ой, шамал!
Ойлогонуң жаман амал.

Менден баары дем алар,
Сенин кимге керегиң бар?

**«Жамгыр»:**- Менин атым жамгыр,
Менсиз баары болбостур.
Жааса жамгыр дыбырап,
Жер жасанат жаркылдап,
Гүлдөр чыгат бажырап.

**«Суу»:** - Эй, жамгыр, мактанбай калгыр,
Менсиз жашабайсың дыбырап.
Шылдыр-шылдыр шаркыраймын,
Чаңкоолорду кандырамын.
Эгиндерди сугарамын,
Менин тиет көп жардамым.

**«Жамгыр»:** - Эй, суу, оңбогон куу,
Мен жеткирбесем жерлерге,
Сенин пайдаң, не?

**«Күн»:** - Мен алоолонгон күчтүү от,
Менсиз жашоо жерде жок.

**«Жер»:** - Абаны, шамалды, сууну, жамгырды,
Күн, нуруңду, каарыңды,
Көтөрөмүн жалпыңды.

**«Күн»:** - Көтөрсөң да, баарысын,
Менсиз жашай албайсың,
Жылуулук жок, жарыктык,
Арыз-муңуң кимге айтмаксың.

**Баары ырдашат:** - Эгер, булар болбосо,
Өмүр кантип гүл ачмак.
Кудурети түгөнгүс,
Күнгө, суугa ыракмат!

Ачкан адам ушу экен,
Жашообуздун башатын.
Баарыбызга бак берген,
Баарыбызды тойгузган,
Баба-дыйкан жашасын!

Майрам калыстардын, көрүүчүлөрдүн алган таасирлери жөнүндө ойлорун, пикирлерин угуу менен жыйынтыкталат.

## ЭНЕ ТИЛИМ – ЭНЕ СҮТҮМ

Кече, айрыкча, кыргыз тилинин «Мамлекеттик статусуна» ээ болгон күнүн белгилөө аземине арналып, уюштурулат. Материалдын мазмуну, негизинен, 4- 6- класстардын окуучуларынын курак жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык келет.

**Кеченин тарбиялык милдеттери:**

1) жашоо-турмушубузда эне тилинин ээлеген ордун, анын чыныгы баркын окуучуларга туйдуруу, сездирүү;

2) «Эне тили» ыйык түшүнүк жана кубулуш экендиги жөнүндө көз караштарын ойготуу, калыптандыруу;

3)эне тилинин көп кырдуу сырларын өз алдынча үйрөнүүгө, өздөштүрүүгө багыттоо;

4)көркөм окуу жана сүйлөй билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүн ойготуу, шык-жөндөмдөрүн өстүрүү, өнүктүрүү.

**Алып баруучунун куттуктоо сөзү:** - Алгалап кадам,
Арыштап заман.
Ардактуу агайларга,
Сүйүктүү эжейлерге
жана окуучуларга,
«____» класстын атынан,
Жалындуу ысык салам!

**1- окуучу:** - Сиздерге чың ден соолук, бийик максат, асыл ой, ишиңиздерге чыгармачылык изденүү, окууңарга ийгилик каалайбыз!

**2- окуучу:** - Кыргыз тили- эң байыркы замандардан бери карай ата-бабаларыбыз өтө этияттап, «көздүн карегиндей» аяр сактап келе жаткан түпкүлүктүү элибиздин нукура асыл дөөлөтү, баа жеткис мурасы.

**3-окуучу:** - Бирге жүрсөм, эне тилин кадырлайм,
Бул тил менен: иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.
Башка тилди жандай жакшы көрсөм да,
Эне тилин сүйгөнүмдөн жаңылбайм.

**Алыкул Осмонов**

**4- окуучу:** - Канчалаган өмүрлөр кыйылып,
Кан селдей аккан замандар болду.
Бирок: Эл, журт, тил сакталды.

**5- окуучу:**- Кыргында далай беттешип,
Кыргыздар нени көргөн жок.
Кырылып көбү өлсө да,
Кыргыздын тили өлгөн жок.

**6- окуучу:**- Кылычын кайрап, от чачып,
Кызыгып кимдер келген жок.
Кыргында жанын берсе да,
Кыргызым тилин берген жок.

**7- окуучу:** - Эне тилим эчен кылым карытты,
Күбө тартам күргүштөгөн тарыхты.
Эки дүйнө унутууга акым жок,
Эне тилим эчен кылым карыткан,
Эч ким сени өчүрө албайт тарыхтан.

**Алып баруучу:** - «Сенектик» деп аталган доордо, темирдей бекем идеологияга айланган «бирдиктүү совет элин түзүү» деген жасакер ураанга чүмбөттөлүп, «улуу орус эли» саясатынын терс таасири тийип, экинчи эне тил эсептелген орус тилинин алдында улуттук тилибиздин бечелденгенин, жардыланганын кантип унуталы.

**8- окуучу:** - «Тил жоголду», - деген сөз,
«Дил жоголду», - деген сөз.
Эне тилден айрылса,
«Эл жоголду», - деген сөз.

**9- окуучу:** - Тил жоголсо, эл тагдыры не болмок?
Тилсиз элдин иши кайдан оңолмок?
Эне тили – эл аброю, эл жаны,
Тил жоголсо, эл да кошо жоголмок.

**10- окуучу:** - Теңдик доордо, толук тийбей теңчилик,
Сенде бардай албан айып, кемчилик.
Жүзүң бүркөө, кубарыңкы сумсайып,
Жүрдүң тилим, басынып да, кемсинип.

**11- окуучу:** - Келечекке жаа албай канатты,
Кай бир эсер сен жөнүндө талашты.
Кантип жарды болчу эле,
Жараткан тил, эпос алпы «Манасты».

**12- окуучу:** - «Тил» деп какшап,
«тил»-деп күйүп-жанган бар,
Тилдин терең, маңызына канган бар!
Энесинин өзүн, сөзүн, бүт жерип,
Эне тилин чанган да бар, танган бар.

**13- окуучу:** - Кеп сүйлөсөң, сөз маанисин, билип чой,
Уккан адам муюй берсин жибип бой.
Узун жиптер тез үзүлгөн сыяктуу,
Узун сөз да, тез бузулат, билип кой.

**14- окуучу:** - Тоо-инженер Молдобек,
Дайым сүйлөйт орусча.
«Привет» деп кол сунат,
Тааныштары жолукса.

**15- окуучу:** - Агроном Дүйшө да,
Же орусча так билбейт.
Кыштакта туулуп - өссө да,
Кыргызчалап аз сүйлөйт.

**16-окуучу:**- Бассаң-турсаң эрте-кеч,
Байка алардын балдарын!
Аталары келсе-кез,
«Папалашат» ар дайым.

**17-окуучу:**- Орус тили жылдыз да,
Биздин ушул кылымда.
Бирок кыргыз «кыргызча»,
Сүйлөбөсө жаман да.

**18-окуучу:**- Ала-Тоонун булагындай туптунук,
Тилибизди, дилибизди сактайлы!
Башкаларга үлгү болуп ар убак,
Тилибизге кыянаттык кылбайлы.

«Котормочу» деп аталган темага интермедия аткарылат.
Андан соң хор ырдалат:

-Эне тилин билбеген,
Эси жогун аныктайт.
Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп жарытпайт.
Эне тилин сүйбөгөн,
Жерин сүйүп жарытпайт.

**19-окуучу:** -Эне тилим-ыйык тил,
Эрдик кылсаң, эки тилди кыйын бил.
Эки тургай, эчен тилдин сырын бил.
Эне тилди сактап калчу, барктап алчу,
Эң бир кымбат, кылым-бул!

**Алып баруучу:** - Соңку тарых чагылгандай бир серпилип, «кайра куруу» деген жаркын түшүнүк жүз берди. Нарктуу демократиянын шарапаты менен дымыгып жаткан улуттук аң-сезим, ар-намыс ойгонуп, бүчүрлөдү. 1989-жылдын 23-сентябрында кыргыз тилине «Мамлекеттик тил» статусу берилди.

**20-окуучу:**- Байыркы тил калыбына келүүдө,
Маалымдуулук жаңырды го тушма-туш.
Ошондуктан кыргызымдын тилине,
Берилди го, мамлекеттик статус.

**21-окуучу:**- О-оо, кечебизге калпычылар келишкен го…
Алардын өнөрлөрүн көрөлүчү (ролдорду аткарышат).
Капыстан эки калпычы жолугуп калышты.
Бири экинчисинен: -Кайдан келе жатасың?
-Ооруканадан.
-Эмне болду эле?
-Уулума операция жасашты. Балалык кылып, кечээ трактордун моторун жутуп алыптыр. Доктурлар араңдан зорго курсагын жарышып, моторду сууруп алышты.
-Ошо да кеп бекен,- деди экинчи калпычы. Менин баламды да операция кылабыз дешти, бирок, мен ага көнбөдүм. Ал мотор эмес, бүтүндөй трактордун өзүн жутуп жибериптир.
-Операцияга эмне үчүн макул болгон жоксуң?
-Анткени, кызыл ала кылып ичин жардырып жүрөмбү, өзүм эле чыгарып алдым.
-Кантип?
-Уулума байкатпай, аны катуу чочуттум эле, «а-аа»-деп бакырганда, оозунан трактор атып чыкты. Көрөсүңбү? Ошол трактор биздин үйдүн жанында турат. Бас, кеттик…
Ой, калпычылар дагы келе жатышат?!
-Түндө үйгө келатсам, бирөөнүн кыйкырган үнү угулат. Карасам, көп кабаттуу үйдүн тогузунчу кабатынын балконунан бир адам секирип төмөн түшүп келе жатат. Экинчи кабатка жеткенде, кайра жогору көтөрүлүп, үйүнө кирип кетти.
-Аның туура. Ошол адам мен болчумун. Өзүмдү-өзүм өлтүрмөкчү болуп, тогузунчу кабаттан секирдим. Бирок, кийин

ойлосом, өлүп калсам, бала-чакамдын көргөн күнү эмне болот,- деп, кайра көтөрүлүп чыгып кеттим!
Андан соң кыска өлөң айтышат.

-Эй, алтындан комуз күүлөп как,
Айдай сенин бетиң ак,
Ай тамакка маржан так.
Эй, күмүштөн комуз күүлөп как,
Күндөй сенин бетиң ак,
Күн тамакка маржан так.

**Кезек макал-лакаптарга келип жетет**

«Ой түбүндө алтын бар,
Ойлой билсең табасың».

«Сөз акылы-элде,
Кенч «акылы-жерде».

«Тоону, ташты - сел бузат,
Адамзатты сөз бузат».

«Кылганың – эл үчүн,
Үйрөнгөнүң - өзүң үчүн».

«Мал көтөрөт өлүмдү,
Дос көтөрөт көңүлдү».

«Аз бил, бирок пайдалан,
Аз айт, бирок аткар».

«Жакшы бала-таап сүйлөйт,
Жаман бала- каап сүйлөйт».

«Тил албасты жумшаганча,
Тына-тына өзүң бас».

«Акылдуу – отко карайт,
Акылсыз - казанга карайт».

«Кой семизи – койчудан,
Мал семизи - малчыдан».

Мында, ар бир макал-лакаптын маанисин туура чечмелеген көрүүчү-окуучуларга ырахмат айтылып, аларга белекчелер тапшырылат.

**Хор:** - «Окусаң – озоорсуң, окубасаң - тозоорсуң».

**Алып баруучу:** - Эне тил – ымыркай эмген эненин ак сүтүнө тете маани-мазмунга ээ. Киндик каны тамган жерин, ата-конушун, элин, Ата Мекенин сүйүү, сагынуу, кусалануу өңдөнгөн ички жан дүйнөнүн назик кылдарын дирилдеткен ыйык сезимдердин башаттары эң жөнөкөй эне тилинен өнүм алат. Эне тилин чын дилинде аздектеген, аярлаган инсан тоо-ташын, топурак-суусун, куш-канаттуусун, жан-жаныбарларын ошондой эле пир тутат.

Пейлибиздин, адамгерчилигибиздин, меймандостугубуздун, жашоо - турпатыбыздын, салттарыбыздын, үрп-адаттарыбыздын, көркөм кол өнөрчүлүгүбүздүн, тамак-аш татымдарыбыздын уюткусун эне тилибиз түзөрүн туйсак, аңдасак, жетик түшүнсөк. Эң жөнөкөй: «дан», «сүт», «айран», «каймак», «быштак», «кымыз», «бозо» деген сөздөрдө кандай терең, атына заты жарашкан сонун айкалыштар, салыштыруулар жатат!

Өз эне тилин ыйык санаган инсан башка элдердин да тилине, көркөм руханий мурастарына, тарыхына, маданиятына, ошондой эле ызат-урмат, сый мамиледе болот. Анткени, ал адам башка элдер үчүн өз эне тилдери ошондой эле ыйык экенин жүрөгүнүн тереңинде түшүнүүгө толук жөндөмдүү. Ошондуктан, бөбөктөрдөн күмүш сакалдуу карыяларыбызга чейин эне тилди таза сүйлөө талабы атуулдук парзыбыз болуусу лаазым.

**22- окуучу:** - Кыргыз тилим өнсө, өссө кыргыз бар,
Касиети жуурулушкан тил менен.
Эки өмүрдө бактылуубуз кыргыздар,
Эл санаткан эң байыркы тил менен.

(- Ой, балдар, Бакай ата келатат).

- Мен да кечеңерге келип калдым, балдарым. Ырыңарды угуп, ыраазы болуп, батамды берейин дедим: «Башыңарга бакыт консун, дасторконуңар нанга, ашка толсун, ырыс-кешиктүү, ыйман-ызааттуу болгула».

- Эне тил коно турган тууруңар,
Эне тил уча турган канатыңар.
Тийгизишип бирибизге биз ийин,
Жардамдашсак эскеришер оо кийин.
Урпактарга өткөрүп берип таза тил,
Канызда ойноп турсун, оомийн!

## «КАНАТТУУ ДОСТОР»
## (3-класс)

**Тарбиялык милдеттер:**

а) окуучуларга канаттуулардын пайдалуу жактарын түшүндүрүү аркылуу алардын экологиялык аң-сезимдерин өстүрүү;

б) канаттуу – куштардын көп түркүндүгүнөн бизге табийгат ого бетер кооз жана көркөм көрүнөрүн түшүндүрүү;

в) окуучуларды жаратылышка этият, аяр мамиле жасоо, кайрымдуу болуу, аны сүйүү сезимдерине тарбиялоо;

г) окуучулардын образга берилүүчүлүк, аткаруучулук шык-жөндөмдөрүн өстүрүү, ички катылуу дараметтерин, таланттарын ойготуу жана көркөм окуу, айта билүү мүмкүнчүлүктөрүн калыптандыруу.

**Жабдылышы:**

Окуучулар канаттуу куштардын кейиптерин кийишет. Жазгы талаа, бак, канаттуу куштар жөнүндө окуучулардын тарткан сүрөттөрүнүн, дил баяндарынын (сочинение) көргөзмөсү уюштурулат. Досканын бир четине чыйырчыктын уясы жасалып, илинип коюлат.

**1-окуучу:** - Биз күткөнбүз,
Канаттуулар майрамын.
Бүгүн салтанат,
Угалычы, куштардын да сайраганын.

**2-окуучу:** - Жылкычы чымчык учуп келди,
Жаздын болуп жарчысы.
Улам келип чогулушту,
Келгин куштун баарысы.

**Жалпы аткарышат:** - Куттуу болсун канаттуулар, майрамың,
Тынчтык күндө, талбай бакта сайрагың!

**Алып баруучу:** - Айтамын табышмак,
Уккула, жакшыраак.
Ойлонуп ар бириң,
Жообун тап батырак.

Жоголуп кышта, жазында келет,
Жоодурап таңшып, сайрап да берет.

Огороддо айланып учуп,
Зыяндуу болгон курттарды терет.
Ал эмне?

**Окуучу:** - Кара чыйырчык. (кара чыйырчык сахнага чыгат).

**3- окуучу:** - Түрүң баркыт өңүндөй,
Каралыгың көмүрдөй.
Кайда жүрдүң, чыйырчык,
Күздөн бери көрүнбөй.

**4- окуучу:**- «Келсе экен» деп кыштакка,
Сени күттүм кыштакта.
Ала шалбырт жаз менен,
Уя салдым бутакка.

**5- окуучу:** - Сен кичине баатырсың,
Ыйык жана асылсың.
Чегирткени терип чык,
Жердин көркү ачылсын.

**Алып баруучу:** табышмакка кезек берет:
- Шоктугу жок ашынма,
Адамга дос азыр да.
Кыш боюнча үн катпай,
Тили чыккан жазында.
Топусу бар башында, ал эмне?

**Окуучу:** - Торгой (торгой сахнага чыгат).

**6- окуучу:** - Күн батканда жок болмой,
Кош айтышкан достордой.
Кел, келегой, таң атты,
Ой, боз торгой, боз торгой!

**7-окуучу:** Эрте жазда токтолбой,
Эрги, эрги, боз торгой!
Биримдикте бололу,
Бир тилектеш достордой.

**Алып баруучу:** - Бир келгин куш жазында,
Келип суулар киргенде.
Атын айтат бөбөктөр,
Жашынмак ойноп жүргөндө.

Ал эмне?

**Окуучу:** -Күкүк (күкүк сахнага чыгат).

**8- окуучу:** - Көктөмдө келип жайнаган,
Таңды-кеч көксөп сайраган.
Таанымал үнүң угулат,
Келипсиң күкүк кайрадан.

**9-окуучу:** - Уялып күкүк жашынба,
Сыр сурайм, менден жашырба,
Кышында кайда кетесиң?
Сайрайсың келип жазында.

**10 –окуучу:** - Кайдыгер белең унуткан,
Кай жакта калат жумуртkaң?
Неликтен болгон өнөкөт,
Башка куш басып мурунтан?.

**Күкүк:** - Жакшылык кылсам досторум,
Мени алдап коюшкан.
Ошентип, жумурткамдан балапан,
Чыгарып бермек болушкан.

**Алып баруучу:** (Табышмак)
- Кыш куюп, ылай жасабайт,
Ичи – тышын шыбабайт.
Үйүн укмуш сала алат,
Колуна аспап кармабай,
Ал эмне?

**Окуучу:** - Чабалекей.

**12-окуучу:** - Чабалекей чакылдап,
Учуп келди шакылдап.
Алыс жактан келгени,
Жаз кабарын бергени.

**13 –окуучу:** - Тоо-таштардан сабалап.
Толгон шаарды аралап.

«Көп жерлерди көрдүм», - дейт,
«Көпкө көңүл бөлдүм», - дейт.

**14 – окуучу:** - Эрте жазда аккан тер,
Эжем, үйүм ушул жер.

Жаз сырына канамын,
Жакшылап уя саламын

**Алып баруучу:** (Табышмак).
- Жаз менен кошо бир келген,
Талаага көркөм үн берген.
Керели – кечке тынбаган,
Безеленип кайра-кайрадан.
Ал эмне, сайраган?

**Жооп:** - Булбул.

**15 –окуучу:** - Кубулжуп булбулумдун таңшыганы,
Магдыратат ааламды, айлананы.
Бак ичинде көөшүлүп, азыр уксам,
Уккум келет «күүлөрүн» кайра дагы.

**16-окуучу:** - Окшойт кээде мөл булактын акканына,
Кээде окшойт, көл жымылдап жатканына.
Таң каламын, таруудай бул чымчыктын,
Таңдайына бул «күүлөр» батканына.

**Алып баруучу:** (Табышмак түрүндө)
- Апапак, кулагы сак.
Суудан коркпос жүрөгү бар,
Эки кара күрөгү бар.
Ал эмне, тап?

**Окуучу:** - Ак куу.

**17 - окуучу:** - Көктө уктап, жерге конбостон,
Канаты күнгө ай күмүштөй чагылып.
Келишет жазда алыстан,
Ак куулар көлдү сагынып.

**18- окуучу:** - Шарт этип жээкте урунбай,
Көмүлө түшүп таң алды.
Көп күткөн уулун энедей,
Көл тосот көөлгүй, аларды.

**19 –окуучу:** - Таркабай такыр сагыныч,
Күн чыгып, даалай батат ай.
Толкунга тосот ак куулар,
Денесин назик апакай.

**Алып баруучу:**- Мына, балдар, кичинекей кароолу,
Айткан сөзүн, укпай койсок болобу…

**Жалпы:** - Айтсын, сөзүн угалы.

**1-кароолу:** - Мен кичине кароолу,
Байыр алдым корооңду,
Жектебе мени.
Учуп-конуп шагыңа,
Курт жолотпойм багыңа,
«Кет» дебе мени.

**2-кароолу:** - Бутак үйүм, кеч кирсе,
Зыяным жок эч кимге,
Куубагын мени.
Мен эмесмин сага кас,
Салмооруңа салып таш,
Урбагын мени.

**3- кароолу:** - Байлап канат балапан,
Чымчык болсун жарашкан,
Уямды бузба.
Мени куусаң багыңдан,
Көрсөтөсүң чоң жардам,
Зыянкеч куртка.

**Алып баруучу:** - Күн астынан өткөн сулуу,
Күмүш чоор тарткан сулуу.
Ай астынан өткөн сулуу,
Алтын чоор тарткан сулуу.
Ал эмне?

**Тентек бала:** Оо, куштар, чогуу экенсиңер,
Силерди жаа менен атамын эми,
Курулдап жадаттыңар мени.
(Жаа менен атат. Куштардын бирине тиет).

**Жарадар куш:**- Ой, ой, канатым,
Кантип эми учамын…

**Канаттуу куштар:** Эми эмне кылдык?
Бул эмне деген шумдук.

**Бала:** - Эмне болду силерге?
Чуу салган ким биерде?

**Ак куу:** - Ал, тээтигил, тентек бала,
Карачы жумурткаларды да,
Уялбай алып алганын кара.

**Бала:** - Жумурткаларды эмнеге катып жатасың?
Жаа менен куштарды эмнеге атасың?

**Тентек бала:** - Жумурткаларды ташка чаап койсом,
«Былч» дей түшөт.
Ошентип, ойноймн,
А, жаа менен аларды,
Жөн эле, ойноп атып койгом.

**Бала ачууланып:** - Билемин, бул менин тентектигим,
(күнөөсүн сезип) Кечиргиле достор, сөз берейин,
Эми эч тийбейин.

**Бала:** - Кечиресиңерби, канаттуу достор?

**Куштар:** - Кечиребиз, кел бизге.

**Окуучу:** - Каркыра-турна.

**20-окуучу:** - Сап-сап болуп үн салып,
Эчен күн конбой тынч алып.
Тартипти кайдан үйрөндүң,
Тизилип ырдап мынчалык.

Көкөлөп учкан көк турна,
Достошуп элдер көп жылга.
Дүйнөдө тынчтык болсун деп,
Биз ырдайлы, сен да ырда.

**Кара чыйырчыкка дос бала:** - Кара чыйырчык көрсөңөр,
Урбагыла таш менен.
Жыгачтан уя салгыла,
Ала шалбырт жаз менен.

**Чабалекейге дос бала:** - Чабалекей уя салса,
«Ал биздин дос», тийбегин.

Үй ичине уя салса,
Билбей бузуп жүрбөгүн.

**Алып баруучу:** - Кыштоочу куштар дагы бар,
Кышында кетпей койчулар.
Аларга кышта кам көргүн,
Жем салгычка – жем салгын.

Зыяндуу курт-кумурскаларды,
Терип бирден жок кылар.
Алардын дагы биз үчүн,
Пайдалуу болгон жагы бар.

**Жалпы:** - Аларды биз да билебиз,
Камкордук кылып жүрөбүз.

**Алып баруучу:** - Билсеңер, айткылачы балдар,
«Кыштоочу куштар», кайсылар?

**Жооптор:** - Тоңкулдак, кайчы тумшук,
таранчы, көк теке, карга.

**Алып баруучу:** - Мындан ары да камкордук кылгыла,
Канаттуу куштар, силердин досуңар.

**Жалпы ырдашат:** - Куштардын баарын билебиз,
Пайдалуу үчүн сүйөбүз.
Ар убакта аларга,
Камкордук көрүп жүрөбүз.

**Алып баруучу:** - Келбесеңер эгерде,
Пайдалуу дос куштарым.
Курт-кумурска ээ-жаа бербей,
Тумандай каптамак бүт баарын.

**Окуучулар:** - Канаттуу куштар келгиле,
Курттарды терип жегиле.
Жер-жемиш, талаа кулпурсун,
Көрк берип, асыл жериме.

## «ЖАЛКООЛУК ЖАН КЕЙИТЕТ»
## (2- класс)

**(И.А. Крыловдун «Ийнелик менен кумурска» - тамсилин негиз катарында пайдалануу).**

**Төмөнкү тарбиялык милдеттер коюлушу мүмкүн.**

а) окуучуларга эмгектенүүнүн пайдасы жана жалкоолуктун зыяндуу кесепети жөнүндө түшүнүк берүү;

б) окуучулардын турмушунан, аларды курчаган чөйрөдөн мисалдар келтирүү менен эмгектенүүнүн жемиши, рахаты жөнүндө түшүндүрүү жана эмгекчилдикке тарбиялоо;

в) окуучуларды көркөм окууга көнүктүрүү жана шыктарын, жөндөмдөрүн өстүрүү;

г) образга берилүүчүлүк, кирүүчүлүк сезимдерин, ык көндүмдүктөрүн тарбиялоо жана көркөм аткаруучулук чеберчиликтерин өстүрүү;

д) көркөм адабияттын түрдүү жанрларын өз алдынча окуп-үйрөнүүгө болгон окуучулардын кызыгууларын жана суроо-талаптарын ойготуу.

**Сабактын жабдылышы:** Теманы образдуу чагылдырган көркөм сүрөттөр. Сахна үчүн керектүү жабдуулар.

**Сабактын тиби:** Сахналаштыруу.

Кириш сөз: - Иван Андреевич Крылов,- орус элинин улуу жазуучусу жана тамсилчиси болгон. Ал эки жүздөн ашуун тамсил жазган. Анын бирин, биз, бүгүнкү сабакта окуйбуз.

Мугалим тамсилди үлгү катарында окуп берет. Андан соң, окуучуларга суроолор берилет:

- Ийнелик жай мезгилин кандай өткөрдү?
- Эмне үчүн кыш келгенде ал мурункудай бийлей, ырдай албай калды?
- Ал кумурскага эмне үчүн келди?
- Кумурска ага эмне деп жооп берди?

Кийин ошол тамсил боюнча түзүлгөн инсценировка аткарылат.

**1. «Ийнеликтердин жай мезгилин көңүлдүү, шаан-шөкөттүү өткөрүүлөрү».**

- Жайдын толуп турган кези. Асман ачык. Күндүн ысык аптабы, илеби. Арыкта аккан суунун шылдыраган дабышы. Анын жээгинде

калың өскөн чөп, бадалдар, куурайлар. Улам бир чөптүн башына конушуп, ийнеликтер жоро-жолдоштору менен оголе шаңдуу, эч нерседен бейкапар жүрүшөт.

**2. «Ал эми ушул мезгилде кумурскалардын кышка камылга көрүүлөрү».**

- Жайкы кулпурган, көйкөлгөн, жашылданган бак-дарактар. Анын бутактарынын түбүндө кумурскалардын уясы. Аларда тыным алуу деген жок. Уясынын жанына сүйрөшүп, көтөрүшүп алып келишкен «кышка» деген чөптөрдүн, гүлдөрдүн уруктарын «тамак» үчүн жандалбас уруп кургатышып, экинчи жагынан, өзүлөрү жашай турган үйлөрүн жылуулап жатышат.

**3. «Мурутуна муз тоңгон кыш».**

- Айлана-төгөрөк бүтүндөй карга жамынган. Суулардын баары тоңгон. Баякы бадалдарда эми муздар салаалап, жайкалган чөптөр көрүнбөйт.

**4. «Ийнелик - кышында».**

- Ийнелик жайды жайлай оюн-күлкү куруп, шапар тээп жүргөн. Бирок, азыр жайында көргөндүн бири жок. Айлана жылаңачтанган. Ийнелик аябай арыктап жүдөгөн, ачкалыктан жана кычыраган суукtан шайы ооп, сабыры суз, көңүлү пас, кайгылуу. Бийлөө, ырдоо дегенди таптакыр унуткан.

**5. «Кумурска-кышында».**

-Кышкы токой. Бак түбүндө кумурсканын үйү. Анын морусунан чыккан түтүн жай баракат асманга көтөрүлөт. Курсагы, көңүлү ток, жылуу үйүндө олтурган кумурска, терезеден ийнеликтин келе жатканын көрөт.

**6. «Ийнелик жана кумурска»**

-Кумурска жылуу кийинип, үйдүн далисине чыгат. Ал эми ийнелик болсо, ачкалыктан жана кышкы суука тоңуп, өлө турган болгондугун айтып, жалынып-жалбарып, үйгө киргизип коюшун өтүнөт.

Ошентип, мугалим ролдорду бөлүштүрүп, сөздөрдү кандай басым, темп, интонация менен айтыша тургандыктарын эскертет. Окуучулар үчүн түшүнүксүз болгон сөздөрдүн, саптардын мазмунун түшүндүрөт.

**Бышыктоо.**

-Ийнелик менен кумурсканын кайсынысы силерге жаккан жок?

-Эмне үчүн?

-Ийнеликтин өтүнүчүн кумурсканын аткарбай коюшу туурабы же туура эмеспи?

-Ийнеликтин өз убактысын бекер өткөрүшүн кандай баалайсыңар? Ал эми кумурска жөнүндө эмнени айтууга болот?

-Ийнеликтин сөзүн жана кумурсканын жообун кандай үн менен окуйбуз?

-Биз акындардын, жазуучулардын чыгармаларын окуганда алардын ар түрдүү көркөм жанрларды (аңгеме, ыр, жомок, уламыш, тамсил жана башка) жазылгандыгын билебиз. И.А.Крыловдун «Ийнелик менен кумурска» деген көркөм чыгармасы жанрдын кайсы түрүнө кирет? Эмне үчүн аны «тамсил» деп айтабыз?

Тамсилде, көбүнчө, жан-жаныбарлар, айбанаттар, куш-канаттуулар, өсүмдүктөр, курт-кумурскалар ж.б. жөнүндө баяндалган менен, чындыгында, ошолор аркылуу адамдардын образы, алардын жакшы инсандык сапаттары жана кемчиликтери ж.б.лары сынга алынат. Тамсилде кумурска менен ийнеликтин образы аркылуу, эмгекчил жана жалкоо кишилердин жашоо турмушу жөнүндө түшүнүк берилет.

-Өз ишин эртелеп, сапаттуу бүтүргөн, көп эмгектенген, алдын ала бардыгына даярданган кишилерди биз, кандай адамдар дейбиз? (Камкор, эмгекчил, түйшүкчүл ж.б.).

-Өзү жана үй-бүлөсү үчүн кам көрбөгөн, эртеңки күнүн ойлобогон, бекер тамак-ашты эңсеген адамдар болот. Аларды кандай кишилер деп атайбыз? (жалкоо, жатып ичээр, камырабас, шалаакы).

-Ушул каармандардын кайсынысын камкор, түйшүкчүл, тырышчаак, эмгекчил деп айтууга болот?

-Ал эми кайсынысын камырабас, жатып ичээр, жалкого кошобуз.

-Кумурска менен сүйлөшүүгө келгенде ийнеликтин сырткы көрүнүшү кандай эле?

-Бул тамсил кандай жаман адаттан качууга үндөйт?

-Жалкоолук, шалаакылык, камырабастык эмнеге алып келерин ийнеликтин кышындагы көрүнүшүнөн билүүгө болобу?

Кыргыз акын-жазуучуларынын жогорудагы тамсилге маанилеш болгон тамсилдерин таап келүүлөрүн жана мазмундарын билүүлөрүн тапшыруу.

**Тарбиялык саат**

## АДЕПТҮҮЛҮК – АДАМДЫН БАШКЫ САПАТЫ
### (3- класс)

**Болжолдуу тарбиялык милдеттер:**

а) адамдын кандай касиеттери «адептүүлүк» сапатка тиешелүү болорлугун окуучуларга түшүндүрүү;

б) адептүүлүк сапатына ээ болууга окуучуларда умтулуу аракеттерин ойготуу;

в) адептүүлүк сапаттарын тарбиялоого түрткү берген акындардын ырларын, макал-лакаптарды, учкул, накыл сөздөрдү көбүрөөк өз алдынча окууга окуучуларды багыттоо, «жетелөө» жана алардын ой-сезимдерин өнүктүрүү;

г) мектепте, көчөдө жана үй-бүлөдө адептүү жүрүм-турумга жана мамилеге тарбиялоо.

**Жабдылышы**: китеп көргөзмөсү, портреттер, плакаттар, ребус, сахналаштыруу үчүн керектүү буюм-тайымдар: сандыкча, таяк, жоолук, түр карандаштар ж.б.

**Сабактын жүрүшүндө:** бөлмө жасалгаланат. Кооз, көркөм жазылган кыргыздын оймо-чиймелери, макал-лакаптар, учкул, таасын сөздөр көрүнүктүү жерге илинип коюлат. Бөлмөдөгү орундуктар окуучулардын «үй-мүйүз» тартып отуруусуна ылайыкташтырылып жайгаштырылат. Элдик музыканын коштоосу менен окуучулар класстык бөлмөгө киришип, өз ара бет маңдай отурушат. Сабак башталат.

-Балдар, кана айткылачы, өткөн тарбиялык саатта ким жөнүндө сөз кылдык эле?

- Улуу педагог А.С.Макаренко жөнүндө.

- Ооба, балдар, туура айттыңар: ал адамдын өмүр баянын, ишин, балдарды тарбиялоодогу ыкмаларын окуп үйрөнгөнбүз.

- А.С. Макаренко балдарды кандай жакшы сапаттарга тарбиялаган экен?

- Эмгекти сүйүүгө жана адептүү жүрүм-турумга тарбиялаган. Биздин бүгүнкү тарбиялык саатыбыздын темасы «Адептүүлүк-адамдын башкы сапаты» деп аталат.

- Айткылачы, балдар, адептүү бала кандай болушу керек?

- Өзүнөн жашы улууларды урматтоосу, кичүүлөрдү ызатташы, сылык, сыпайы мамиле жасоосу, салам айтуусу, ата-энени сыйлоосу, жолдоштукту, достукту бийик кармоосу ж.б.

- Туура айтасыңар. Ал эми жат, начар сапаттарга, б.а. адепсиздикке кандай мүнөздүк көрүнүштөр таандык деп ойлойсуңар?

- Көрө албастык, оройлук, ушакточулук, ач көздүк, калп сүйлөгөндүк ж.б.лар.

- Адептүү болу жөнүндө жазылган кандай ырларды билесиңер? (окуучулар Эл акындары Т. Сатылгановдун, Т. Молдонун насыят, орусэл акыны В.В Маяковскийдин «Жакшы деген эмне, жаман деген эмне?» деген ырларынан үзүндү окуп беришет).

Андан соң Т.Кожомбердиевдин «Адептүү кыздар» деген ырын кыздар тобу, «Тартиптүү балдар» деген ырын балдар кезектешип, көркөм окушат.

Элибизде балдарды адептүүлүк сапаттарга тарбиялоого байланыштуу макал-лакаптар арбын. Алсак, «Элин сыйлаган-элине жагат, ата сыйлаган-абийир табат», «Жакшы жолдош-жыйнаган дөөлөт, жаман жолдош- жабышкан сөөлөт», «Адептүү-алкыш алат, адепсиз-каргыш алат» деген сыяктуу таасын айтылган макалдарды билесиңерби? Балдар башка элдердин макалдарынан мисал келтиришет.

- «Айткан акылдуу болсо, уккан уйкудан безет». (Кара калпак эл макалы)

- «Тикен гүлүн коруйт,
Аары балын коруйт.
Жаман башын коруйт,
Жакшы арын коруйт». (Казак эл макалы)

- «Акылдуу бир жылдыгын ойлосо,
Акмак бир күндүгүн ойлойт».

«Кыйшайган оозго, кырк дары даба болбойт». (Эфиопия)

- Азаматсыңар, балдар. Көп макал билет экенсиңер.
- Азыр «Ким бат табат?» оюнуна көңүл буралы.
- Кайсы чыгармадан үзүндү келтирилгенин жана автору кимдигин тапкыла?

- Адептүү болсоң боз балдар,
Сылык сүйлөп, ак сүйлө.
Азамат болсоң боз балдар,
Эринчээк бала дедирбе. (Т. Молдо «Насыят»)

- Кана, балдарым күчүңөрдү сынап көрөйүн. Мына бул табылгыны чогуусу менен сындыргылачы, - деди карыя. (Кыргыз эл жомогу «Ырыс алды-ынтымак»)

- Эгер сен таарынткан болсоң,
Кичине бала.
Айтат анда,
«Бул - адепсиз бала» (В.В. Маяковский «Жакшы деген эмне, жаман деген эмне?»).

Андан кийин китеп көргөзмөсү боюнча иштешет. Бул, силер көрүп турган китептер менен биз класстан тышкаркы көркөм окуу сабактарында таанышканбыз. Ушул чыгарма боюнча сахна даярдаганбыз. Азыр В. Осееванын «Сыйкырдуу сөз» деген чыгармасын аткарып берели.

Үч окуучу доскага чыгып, абышканын, Павликтин жана Ленанын ролун аткарышат.

- Балдар, бүгүн, адамдын кандай сапаттары жөнүндө сөз кылдык?

- Адептүүлүк, сылыктык жөнүндө.

- Эми, ушул тема боюнча кандай чечим кабыл алсак туура болот деп ойлойсуңар?

- Өзүбүздү адептүү, үлгүлүү алып жүрүү.

- Улгайган ардагерлерди сыйлоо. Кичүүлөргө жардамдашуу, ар дайым ак ниет, чынчыл болуу.

**Тарбиялык саат**

## «НАН ЫЙЫК, НАН УЛУК БААРЫНАН»

**Тарбиялык милдеттер:**

1) окуучуларга нандын кантип даярдалышын баяндоо аркылуу анын ыйыктыгы жана улуктугу жөнүндөгү түшүнүктөрүн калыптандыруу;

2) нанды үнөмдүү, сарамжалдуу пайдалануу – бул, адептүүлүктүн, ыймандуулуктун белгиси экендигин түшүндүрүү;

3) көркөм окуу ыктарына үйрөтүү жана аткаруучулук шык-жөндөмдүүлүктөрүн ойготуу, өстүрүү.

**Сабактын жабдылышы:** Көрүнүктүү жайга нан жөнүндө макал-лакаптар, учкул сөздөр, чиймелер, көркөм сүрөттөр илинет.

Нан көргөзмөсү уюштурулат.

**Сабак мугалимдин сөзү менен башталат:** - Нандын түрлөрү көп (суроолордун жардамы менен окуучулардын нандын кандай түрлөрүн билишерин текшерип көрөт жана өзү толуктайт).

Нан көптөгөн эмгектер, мээнеттер, кыйынчылыктар менен биздин куттуу дасторконго келет. Ошондуктан нан – улук, балдар, нандын пайда болушу жөнүндө төмөнкү баянды угалычы…

**Алып баруучу:** - Эне келет,
Небересин жетелеп,
Баштыгына нан көтөргөн, энтелеп.
Небереси суроо берет, сурай берет,
Угалычы…
Эне, эмне деп жооп берет.

**Небереси:** - Энекебай, жегим келбейт,
Таштайынбы, бул нанды?
Ким жейт эле, кешик болуп,
Желген нандан ашканды?

**Энеси:** - Кой, берекем, таштай көрбө,

Убал болот, нан ташталса.

**Небереси:** - Дайым эле «убал» дейсиз,
Нан деген көл го, энеке?
Айтыңызчы, эмне сыр бар,
«Убал» дебей жөн эле?

**Энеси:** - Бул нан үчүн,
Далайлардын маңдай тери төгүлгөн.
Бул нан үчүн,
Далай адам кош айтышкан дүйнөдөн.
Угуп тургун,
Айтып берейин,
Нандын бизге кантип келерин.

Окуучулар аткарышкан ролдордун негизинде канчалаган эмгектен, мээнеттен, түйшүктөн нан жасалары жөнүндө белгилүү өлчөмдө түшүнүктөргө ээ болушат.

**Тракторчу:** - Жерди терең айдадым,
Быйыл түшүм мол болот.
Тракторум – тулпарым,
Кырманга алтын дан толот.
(Жер айдап, буудай сепкен болот).

**Буудай:** - Биз суусадык, чаңкадык,
Бизге сууну ким берет?

**Алып баруучу:** - Күндөр өтүп, кылтыйышып,
Баш көтөрдү ак буудайлар.
Терин төгүп, баба дыйкан,
Суу сугарат, кобурай.
(Дыйкан суу коюп жүрөт).

**Дыйкан:** - Суу жиберем, суу коем,
Арам ой жок кыпындай.
Чаңкадык го, ак буудай,
Айланайындар, тегиз ичип,
Тегиз өскүлө жайпала.

**Суу:** - Ич, иче гой, тунук суудан,
Чаңкаганың жазыла.
Жамгыр төксө, ага жуунгун,
Балкый денең жазыла.

(Буудайлар баш көтөрүшүп, кыймыл менен ыргала ырдашат).

**Буудайлар:**- Кандай сонун муздак суу,
Сергий түштү денебиз.
Бах! Сонун ай! Күн нуру,
Түшүмдү мол беребиз.

**Алып баруучу:**- Кубанышып карап турат,
Агроном, башкарма.
Көз чаптырсаң кандай сонун,
Буудай тегиз бышканда.
Комбайндар чурулдашып,
Машиналар зуулдашып,
Андан кийин тегирменге,
Алып келишет буудайды.

**Тегирмен:** - Ак буудайдан ун жасаймын,
Мен тегирменчи, тегирмен.
Өз ишимди сүйөм дайым,
Ун тарткандан эринбейм.

**Дыйкан:** - Мына, мына карагыла,
Жаңы бышкан буудайдан.
Жеп көргүлө даамын татып,
Мен бышырган боорсок нан.
(Боорсок, нанды дасторконго коет).

**Эне:** - Мына, балам нан баяны,
Айта берсем түгөнбөйт.
Көпкө отурдук, жүр кетели,
Көргөн адам эмне дейт?..

**Небере:** - Нанды эми ыргытпайм,
Нандын баркын түшүндүм.
Ыракмат! Эне, баяндардын,
Сонуну экен бүгүнкүн.

**Алып баруучу:** - А, тигине бара жатат чоң эне,
Эрчиткени нан көтөргөн небере.
А, сүйүктүү билим кени мектепте,
Өтүп жаттык, нан жөнүндө аңгеме.

**Мугалим:** - Мына балдар, нан, канчалаган мээнеткеч адамдардын маңдай тери, күжүрмөн эмгегинен жараларын билдиңер. Үрөндөн баштап, тракторчунун, баба дыйкандын, комбайнчынын

тегирменчинин, нан бышыруучунун жана транспорт кызматкерлеринин күн-түн дебеген тынымсыз кайратман эмгектерин талап кылат. Ошондуктан, нандын ыйыктыгын билип, улуктугун баалап, күкүмүн терип, убал экендигин туура түшүнүп, баркына, наркына жетүүбүз парз. Илгерки замандарда башынан оор турмушту кечиришкен бабалардын бизге калтырган нарктуу керээзи мына ушундай. Кана балдар, нан жөнүндө дагы кандай ырларды билесиңер?

**Окуучулардын бирөөсү:** - Жер бети ырас кепкенен,
Жашоо аз жалаң эт менен.
Ак нанын жесе буудайдын,
Албырып турат «бет» деген.

**Экинчиси:** - Той берсең, үйгө кут конгон,
Толгон кеп чууруп достордон.
Наамыңды көккө көтөрүп,
Нан менен көрктүү, дасторкон.

**Хор менен:** - Ар бир үйдө токчулук,
Ак нан жедик олтуруп.
Бир баш данын калтырбай,
Жыйнап алдык толтуруп.

Нур, бакыт даарыган,
Нан – улук баарынан,
Нан ыйык – баарынан.

Акырында, тарбиялык саатка катышкан меймандарга сөз берилип, класс жетекчи корутундулайт: - Көрдүңөрбү балдар, нанды ыйык тутуп, аны баркта п, үйдө, чайканада, ашканада, коомдук жайда нанды жөнү жок эле майдалап сындыра бербей, ыргытпай, таштабай дайым үнөмдүү пайдаланууну үйрөнөлү.

**Тарбиялык саат**

## «АЛТЫН ТААЖЫ»
### (оюн-зоок мүнөздө уюштурулат)

**Болжолдуу таалим-тарбиялык милдеттер:**

а) окуучулардын тигил же бул сабактан алган билимдерин өз алдынча тереңдетүүгө болгон аракеттерин, ынтызарлыктарын жандантуу;

б) балдардын образдуу ойлоолорун, кыялдануулардын, тапкычтыктарын өнүктүрүү жана акыл-эс мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүү;

в) өзүмчүлдүк касиеттерин күчөтпөгөн (б.а. жеңилүү ызасынын артынан жаман көрүп калбоо) нукура атаандашуучулук сапаттарын тарбиялоо;

г) окуучулардын көркөм окуу, айтуу ыктарын өнүктүрүү жана кыргыз элинин оозеки көркөм чыгармачылыгына болгон кызыгуу сезимдерин ойготуу;

д) балдардын көркөм эстетикалык түшүнүктөрүн өстүрүү.

**Мугалим:** - Саламатсыздарбы, урматтуу агай-эжейлер жана сүйүктүү окуучулар!

Кутмандуу күнүңүздөр менен! Бүгүн, биз, 2-класстын окуучулары даярдашкан «Алтын таажы» аттуу оюн-зоок программабызды сиздерге тартуулайбыз.

Тартуулоонун алдында көңүлүңүздөрдүн кушубак болушун каалайбыз.

Ылайым эле үйүңүздөрдөн кубаныч, жүзүңүздөрдөн күлкү кетпесин.

Урматтуу көрүүчүлөр жана күйөрмандар! Бүгүнкү «Алтын таажы» оюнубузду баштоого уруксат этиңиздер. Биринчи кезекте бул оюндун катышуучуларын тосуп алсак… (Музыканын коштоосунда).

Бала, бала, бала менен бүлөбүз,
Бала күлсө, бактылуубуз, күлөбүз.
Кубанабыз, кучактайбыз, сүйөбүз,
Кубанычтын кучагында жүрөбүз.

Бала жука, бала жумшак үлүлдөн,
Бала назик, кол тийгизсиз жүлүндөн.
Кубаныч, кайгы, зары жаныңдын,
Бүткөн өңдүү аянычтуу гүлүндөн.

Сактагыла, сактагыла баланы,
Жөлөп, сүйөп, такшалганча кадамы.
Аман өссүн, темир канат жетилип,
Айга барчу болочоктун адамы.

Анда, эмесе, оюндун катышуучуларын сиздерге тааныштыра кетейин.

1- катардагы окуучубуз (окуучунун ф.а.ж. айтылат). Бул бала класстын президенти. Ал келечекте президент болсом дейт. Албетте,

ал үчүн көп окуп, талыкпай билим алыш керек. Ал бош убактысында кызыктуу китептерди окууну жакшы көрөт.

1- катардагы окуучубуз келечекте эл керегине жараган прокурор болсом деген тилекте. Бош убактысында ата-энесине жардам берүүнү каалайт. Ал класста тазалык секторун жетектейт.

2- катардагы окуучубуз келечекте элдин тартибин коргогон милиция сакчысы болууну жактырат. Бош убактысында сүрөт тартууга кызыгат.

3- катардагы окуучубуз келечекте Ч.Айтматовдой дүйнө жүзү тааныган жазуучу болгусу келет. Ал бош убактысында көп окуйт.

Бүгүнкү оюнубуздун максаты:

«Алтын таажынын» ээсин табуу. Аны үчүн окуучулардын тапкычтыгы, зиректиги, шамдагайлыгы, талап кылынат. Анда, биринчи тапшырмабызды баштасак жана ал «суроо-жооп» деп аталат. Оюндун шарты төмөнкүдөй: даракта алмалар бар. Бирок, алар жөнөкөй алмалар эмес. Ар бир алманын артында силердин сабакта канчалык деңгээлде билим алганыңарды аныктоо үчүн суроолор жазылган. Мен силерге ал суроолорду окуп берем. Эгер кимде-ким биринчи болуп жооп берген болсо, мына ошол алмага ээ болот жана өзүнө упай топтойт.Дагы бир шарты, Ким мурда жоопко даяр болсо, колуңардагы жылдызчаңарды көтөрөсүңөр. Даярсыңарбы? Анда баштадык.

1- суроо: Кыргыз тилинде канча тамга жана тыбыш бар?

2-суроо: Кыргыз тилинде канча үндүү тыбыш бар?

3-суроо: Канча үнсүз тыбыш бар?

4-суроо: Йоттошкон тамгалар кайсылар?

5-суроо: «Муун» деген эмне?

6-суроо: Канча тамга тыбыш бербейт? Алар кайсылар?

7-суроо: «Түшүндүрүү» деген сөздө канча муун бар?

Ошентип, биринчи оюнубуз аягына чыкты. Бул оюндун жеңүүчүлөрү (аты, жөнү, атасынын аты аталат).
Ал эми жеңилген окуучу оюндан чыгат.
Азыркы оюнубуз көрүүчүлөр менен болмокчу:

- Мына бул жерде, өзүңөр көрүп тургандай, шарлар турат. Ар бир шардын ичинде катылып жаткан «сырлар» бар. Ким ошол сырларды ачып берсе, албетте, биз ага өзүбүздүн белектерибизди беребиз. Кана, биз менен чогуу оюнубузга катышкылачы…

Ким чыгат? Кайсы класстын балдары жакшы катышат экен? Ар бир класстан бирден окуучу чыгып, шарларды жарып, ичиндеги суроолорду алышат.

1- суроо: Табышмак:

«Отуруп алып, ичин ачам,

Баатырларга аралашам.
Аябаган кызыкка батам,
Аягына чыкканча шашам».

2- суроо: Билим жөнүндө макал-лакап айт?
3-суроо: Обондуу ыр аткаруу?
4-суроо: Бийге түшүп берүү?
Кайрадан оюнубузга кайрылсак.

2- тапшырма «Тап-тап, табышмак» деп аталат.
Мен силерге табышмактар айтам. Ким табат?

1. Ата эмес, эне эмес,
Алардан эч бир кем эмес.
Тентектик кылсаң көтөргөн,
Бир адам бар, кебелбес.
(мугалим).

2. Кийим тиккен ийнеден,
Коркуп, жырткыч тийбеген.
(кирпи).

3. Баш жагында «О» су бар,
Ортосунда тоосу бар.
Тапкылачы ойлонуп,
Бул кайсы шаар?
(Ош шаары).

4. Көргүлөчү куйругун,
Куйругунан мурду узун.
(пил).

5. «Беш бир тууган бар эле,
Бешөө бирдей жашта эле.
Ичинен бирөө баш эле,
Баарынан бою пас эле».
(Баш бармак).

Бул оюнда Тешебаева Батма жана Зууралар «жеңүүчү» деп табылды.

Кезектеги оюнубуз, кайрадан эле көрүүчүлөр менен болмокчу.

Балдар, силер, телевизордон «Керемет талаасы» деген оюнду көрөсүңөрбү?

Биз да, силер менен ошол оюндан бир үзүндү ойномокчубуз.

Доскада өзүңөр көрүп тургандай сөз жазылган. Ошол сөздү табышыңар керек. Бирок, ким билсе, колуңарды көтөргүлө. Бул суроо өзүбүздүн эле адабий окуу китебинен алынды:

«Бокс оюнун тарыхында мындай бир окуя болгон. 1919-жылы рингде эки боксчу беттешет. Алардын бири-дудук да, дүлөй да болот. Анын атаандашы аны кулак түпкө мээлей уруп калганда, анын кулагы ачылып, кийин сүйлөй баштаган экен».

Ошол боксчу ким?

***(Денни Лондон)***

3-тапшырма: - Мында эки гана оюнчу калды. 3- тапшырмабызда окуучуларыбыздын шамдагайлыгын, тапкычтыгын текшеребиз. Доскада сүрөттөр илинген (жомоктордон тартылган). Ал эми, бул жакта болсо, ошол эле сүрөттөрдү кыркып, аралаштырып койдук. Ким тез ушул кыркындылардан мында көрүнүп турган сүрөттөрдү жасайт.

Ким мурда бүтүрсө «Алтын таажынын» ээси болот. Бул оюнда Тешебаева Батма «жеңүүчү» деп табылды. Кана, эмесе, «Алтын таажыга» кош келиңиз, биздин жеңүүчүбүз. Мына, «Алтын таажы» сенники болду. Алтын ордодо, алтын таажыны кийип отуруп, албетте, сенде жакшы ойлор пайда болот. Сенин сөзүң: (Тешебаева Батма өз каалоосун айтат: Ата-энемдин өмүрү узун болсун. Баарыңардын окууңарга ийгиликтерди каалаймын!)

Мугалим: - Ушуну менен «Алтын таажы» аттуу оюн-зоок программабызды аяктайбыз. Көңүл бурганыңыздар жана жандуу катышканыңыздар үчүн ырахмат!

## ТУУЛГАН ЖЕРДИН ТОПУРАГЫ АЛТЫН[5]

**Максаты: 1.** Атамекенди, эл-жерди, жаратылышты сүйүүгө тарбиялоо.

2. Окуучулардын мекен туурасындагы билимин, сезимин өстүрүү.

Туулган жердин, б.а. кичи мекендин жаралуу тарых таржымалын билүү багытында ички туюм, сезим-делебе, умтулууларын, кызыгууларын пайда кылуу.

Туулган жердин азыркысы жана келечеги жөнүндө ой жүгүртүүлөргө жем таштоо, жетелөө.

**Жабдылышы:** «Туулган жердин топурагы алтын» деген чакырык, дүйнөнүн саясий картасы, Кыргызстандын физикалык, экономикалык картасы, айыл жөнүндө маалыматтарды көрсөткөн,

5 Тыныстанова М. // Кутбилим –сабак № 8. Август, 2005, 14-15-б.

сүрөттөрү жабыштырылган планшеттер, окуучулардын тарткан сүрөттөрү, жазган ырлары, сочинениелери.

**Сабактын жүрүшү:**

**I. Уюштуруу:** 1. Көрсөтмөлөрдү даярдоо, илүү. 2. Сабак кызыктуу өтсүн үчүн топторго бөлүп, ат коюп, жыйынтыгын чыгаруу үчүн калыстар тобун шайлап койсо болот.

**II. Мурдатан үйгө берилген үй тапшырманын суроолору боюнча кайталоо.**

**1.** Мекен, эл-жер жөнүндө кандай обондуу ырларды билесиңер? («АлаТоо», «Мекеним» деген ырларды аткарышат).

2. Акындардын ырлары, өзүңөр жазган ырлар, тарткан сүрөттөр, сочинениелерди окуп бергиле. (Ырларды айтып, сочинениелерин окушат).

3. Макал-лакаптарды айткыла.

**III. Мекен, туулган жер деген эмне деген суроону коөмун.**

1. Сабакты уламыш айтуу менен баштаймын:

Илгери өткөн заманда бир падыша болот экен. Куштардын арасынан эң бир кубулжутуп сайраган булбулду карматып алып, алтын капаска салдырып, алтын чөйчөктөн жем, суу бердирип, жанына койдуруп угайын дейт. Капаска түшкөн куш башкача муңдуу сайрайт. Куштардын тилин билген адамды алдырып, эмне деп сайрап жатат десе, «Мекеним, Мекеним» деп жатат дейт. Анда падыша мунун мекенин көрөлү деп коё бердирип, артынан барышса, бозоргон бадалдын арасында уясы бар экен дейт, көрсө куштун «Мекеним» деп зарлап жаткан жери ошол экен. Аны сыңарындай ар бир адамдын Мекени, туулган жери бар.

Суроолорго жооп беришет. Мекениң кайсы?- Кыргыз Республикасы. Жериң кайсы? – Талас. Туулган айлың – Көпүрө-Базар. Мен өзүм география мугалими болгондуктан дүйнөнүн саясий картасы, Кыргыз Республикасынын физикалык, экономикалык карталарын пайдаланып, Кыргыз Республикасын, Талас өрөөнүн, Көпүрө-Базар айылын табабыз. Кыргыз Республикасынын дүйнө жүзүндөгү алган орду, башка өлкөлөр менен байланышы, географиялык абалы, чек аралары, шаарлары, область, райондору, калкы жөнүндө, кыскача айтып беремин.

2.»Жериң Талас, элиң Манас» деп эмне үчүн айтылат?

Манас Алтайдан көчүп келгенде хан ордосун курганга Талас жерин, Кең-Колун тандаган, Талас жери көрктүү, малга жайлуу, баш-аягы ачык, мунун өзүнүн согуштун мааниси зор болгон деген жоопторду айтышат.

**IV. Жер-суу аттарынын келип чыгышы жөнүндө эмнени билесиңер? (Топонимика б-ча)**

1.Силер жашаган айылдын, өрөөндүн аты кандай маанини түшүндүрөт?

-Союз учурунда Каракол колхозу деп аталган, азыр деле Каракол, Көпүрө-Базар айылы деп аталат. Каракол- Кара-Коо (эки тарабы тең тоо менен курчалган) деген сөздөн алынган, кар жатпайт, жер кара деген маанини берет. Көпүрө-Базар-Каракол суусунда көпүрө бар, ошонун жанында чоң базар болгон, эл туш тараптан келип мал сатышып турган. Талас-казактын сөзү, талаш дегенди түшүндүрөт.

2. Манаска байланыштуу коюлган аттар: Бака-Таш, Чоң-Кошой, Айдың-Көл, Шумкар-Уя, Төө-Кайнар. Эмне себептен аталып калганын чечмелеп беришет. Бакай ата келип жашаган жерде ат байлаган жерде таш мамысы, саба ыштаган ыштыгы бар дешет, ошондуктан Бакай-Таш аталган. Чоң-Кошой, Орто-Кошойго хан Кошой келип жайлаган. Азыркы Көпүрө-Базар айылынын түштүк-чыгыш тарабы Манастын Айдың көлү болгон дешет, Айчүрөк аккуу болуп сүзгөн деп айтылат. Шумкар-Уя акын Байдылда Сарногоевдин ырында айтылгандай Ак шумкар кезегинде уялаган.

«Асканын падышасын көрсөң мына,
Абалтан аты бийик Шумкар-Уя,
Кезинде Семетейдин Ак Шумкары,
Бул жерде канат күүлөп жаткан тура».

Төө-Кайнар – Бакайдын төөлөрү Ак-Сайга чейин жайылып оттогон, Бакай кыйкырганда Ак-Сайдан кайрылып келген экен дешет.

3.Тарыхка, өткөнгө байланыштуу коюлган аттарды билесиңерби?

Кызыл-Коргон, Маймыл-Төр, Сырдыбай, Жанчар Солто-Арык ж.б.

Кызыл-Коргон мындан бир нече кылым мурдагы, Улуу Кытай жибек жолунун боюндагы кербен сарай экен.

Маймыл, Сыржыбай, Жанчар –Солто уруусунун байлары болуп, төрлөрдү жайлаган экен. Солто-Арык Солтолор курган арык, талааларга суу жеткирген.

1. Айылдагы атуулдарга байланыштуу коюлган жер-суу аттары.

Бурулганын кыштоосу – Түлөбердиев Эсен агайдын апасынын атынан коюлган. Андаштын үңкүрү, Норузбайдын үңкүрү, Сүйөркул сарай, Сейдрахман сарай (менин атамдын атасынын атынан) ж.б.

2. Жаныбарларга байланыштуу коюлган аттар: Сүлөөсүн, Тай-Жорго, Түлкүбас ж.б.

3. Өсүмдүктөргө байланыштуу коюлган аттар: Четинди, Арчалуу, Ыңгайлуу дөбө, Чыркаман, ж.б.

4. Жер ыңгайына жараша коюлган аттар: Кетин, Корумду, Акташ, Жоо-жүрөк, Кара-Суу, Кырк-Булак ж.б.

**V. Туулган айылыңды билесиңби деген суроо коюлат.**

1. «Каракол» колхозу качан уюшулган?

- 1959-жылы уюшулган. Рысбек Айдаралиев 7 айылдан көчүрүп келип отурукташтырган.

2. Р.Айдаралиев жөнүндө эмнени билесиңер?

- Ал жетекчи болуп иштегенде колхоз жакшы ийгиликтерге жетишкен. Эмгек Кызыл Туу орденине татыктуу болуп, шаар тибиндеги айылга айланган.

3. Айылдан чыккан белгилүү инсандар кимдер?

4. Учурдагы Көпүрө Базар айылы жөнүндө эмнени билесиңер?

Аянты – 605060 кв. км

Калкынын саны- 4462 адам, 933 түтүн.

Райборбордон 85, облборбордон-80 км, темир жол станциясынан 220 км алыста, деңиз деңгээлинен 2000 м. бийиктикте турат.

5. Айылдын келечегин кандай элестетесиң?

(Фантазиялоо)

Мисалы: Чекиров Жаркынбектин фантазиясы: Көпүрө-Базар шаарчага айланат, чакан ишканалар курулат, туризм өнүгөт, отель, ресторан, барлар иштейт. Элибиз маданияттуу, бай жашайт. Өзүм келечекте фермер болуп, элибиздин керегине жарасам деген оюм бар.

**VI. «Туулган жердин топурагы алтын» дегендин мааниси кандай?**

Туулган жер баарынан ыйык, баарынан кымбат, эч нерсеге алмаштыргыс. Байыркы ата-бабаларыбыз канын, жанын аяшкан эмес. Ар кимдин өзүнүн туулган жери - Мисир дейт. Мисир деп Египетти айтышкан. Туулган жердин бир ууч топурагынын мааниси чоң. Адамдар таарынышканда бир ууч топурак түйүп беришкен, бул, экинчи жүзүңдү көрбөйүн дегенди түшүндүргөн.

Туулган жерден алыстаганда, согушка кеткенде бир ууч топурагын ала кетишип, жыттап, сагынычын таратышкан.

**VII. Жыйынтыктоо:** Бүгүн биз мекен, туулган жер жөнүндө көп нерселерди билдик. Демек, мекен өзүбүз туулган жерден башталат экен. Ошондуктан ар бирибиз өзүбүз жашаган жерибизди сүйүп, Манас атабыз осуят калтыргандай сактап, коргоп, көркүн баалап, байлыгын арттырсак, мекенибиз да күчтүү, маданияттуу, алдыңкы өлкө болот. Ошого ар бирибиз өз салымыбызды кошушубуз керек.

Сабакты «Каракол гимни» деген ыр менен бүтүрүшөт.

Ак элечек бийик зоолуу адырдан,
Түн жамынып үнүн созгон бабырган.
Эч бир жан жок уктап жаткан Каракол,
Мына эми түбөлүккө жаңырган.

Мына эми жашоо жакшы дайыма,
Деди мага алтын жүздүү карыя.
Караколду көркко бөлөп терметкен,
Элим сүйгөн, эгемендүү республика.

Чолпон шамы көпүрөдөн чачырап,
Талас суусу бактылуудай шарпылдап
Билим берген Рысбектин мектеби,
Бөбөктөрдү кол булгалап чакырат!

Командаларга орундар берилет.

**Класстык саат**

## НАН-БИЗДИН БАЙЛЫГЫБЫЗ[6]

**Максаты:** 1. Нандын улуктугун жана ыйыктыгын түшүндүрүү менен окуучулардын ыймандуулук көз караштарын өстүрүү.

2. Эмгекти сүйүүгө жана эмгекчилдикке тарбиялоо.
3. Жакшы табит, сулуулук, кооздук, көркөм көз караштарын өстүрүү.

**Жабдылышы:** буудайдын башы, дандар, бир ууч ун, ундан бышырылган май токочтордун, боорсоктордун, азык-түлүктөрдүн сүрөттөрү ж.б.

**Мугалим:** Балдар, бүгүнкү сабакты төмөнкү суроо менен баштасак. Адамга эң зарыл эмне?

**Окуучулар:** Нан.

**Мугалим:** Туура, силер билесиңерби, нан кандай тамак? Нан жөнүндө эмнени билесиңер? Нан жөнүндө кандай ойлоруңар бар?

**Окуучулар:** Нан-баарынан улук тамак. Нанды тепселебешибиз керек. Нан ундан жасалат ж.б.

**Мугалим:** Нан кандай жол менен, кандай эмгек менен биздин дасторконго келет?

**Окуучулар:** 1. Жаз келгенде талаага буудай эгишет. Трактор менен айдап буудайдын уругун себишет.

- Ооба, туура айтасың. Мына буудай (урукту көрсөтүп) анан кийин эмне болот?

2. Буудай чыккандан кийин сугарат.

---

[6] Бекбоева Г. // Кут билим – сабак №10 (71) Октябрь, 2005, 15-бет

3. Буудай бышканда комбайн менен чабышат.

4. Комбайн тазалап чыгарган буудайды машиналар менен кырманга ташышат.

5. Кырмандан тегирменге же болбосо ун чыгаруучу заводго алып барылат.

6. Ундан нан бышырып, андан кийин нандарды машиналар менен дүкөндөргө, ашканага, ооруканага, балдар бакчасына, мектептерге алып келип өткөрүшөт.

(Мугалим сүрөттөн нандын кандай пайда болорун көрсөтүп толуктайт).

Туура, нан оңой эле биздин дасторконго келбейт экен. Көп нанды өндүрүп чыгуу үчүн дыйкандар күнү-түнү тыным албай эмгектенишет, алтындай болгон убактыларын сарпташат, маңдай терин агызып иштешет.

Балдар, бизде нанды казанга, тандырга бышырышат. Нандын түрлөрү көп. Ошондой эле майга бышырылган май токочтор, боорсоктор бар. Боорсок –кыргыздын шаан-шөкөтүнө, маарекелерге, аш-тойлорго арналган сый тамактарынан. Боорсоктун да түрлөрү бар. Мисалы, чий боорсок, чарчы боорсок, кыржылдак боорсок ж.б. Нандын түрлөрү: каттама, калама, май токоч, тандыр токоч, мешке бышырган нан, көмкөрмө нан (казанга бышырылган).

Нан биздин эң биринчи дасторконго коюла турган тамагыбыз. Нансыз жашоо жок. Биздин азыр курсагыбыз ток, нан жетиштүү. Мурун Атамекендик согуштарда, ачарчылык мезгилдерде адамдар нандын күкүмүнө зар болушкан. Азыр нан көп. Нан көп деп нанды ыргытып, коромжусуз пайдалансак болобу?

Нанды, нандын күкүмүн да тепселебей, ыргытып таштабай жүргүлө. Нанды сыйлайлы, кадырлайлы!

Эми балдар төрт топко бөлүнүп отурупсуңар, силерге мындай тапшырма берилет.

1-топко. Нан жөнүндө кандай ырларды билесиңер?

2-топко. Нан жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?

3-топко. Нан жөнүндө кандай табышмактарды билесиңер?

4-топко. Нан жөнүндө кандай жомок көрсөтө аласыңар?

1-топ.

1.Ар бир үйдө токчулук,
Ак нан жедик отуруп.
Бир баш эгин калтырбай,
Жыйнап алдык толтуруп.

Үрөп күчтү тынбадык,
Алтын данды жыйнадык.

2.Данга толуп талаабыз,
Нан жытына канабыз.
Ыйыктыгын илгертен,
Сезген ата бабабыз.

3.Нан дөөлөт, нан ырыскы, нан сулуулук,
Нан дайым ачык кылган кабагыңды.
Нан улук, нан ыйык да, нан бул сыймык,
Суктантып сулуу кылган жамалыңды.

4 .Атың нан.
Айланайын атыңдан,
Аччылыкты качырды,
Токчулукту чакырды.

5. Узартып жашоо өмүрдү,
Жадыратып көңүлдү.
Токчулук болуп, ыйык нан,
Тойгузуп турсун элимди.

6. Апам жасайт токочту,
Алоолонтуп очокту.
Күндө күлкүм чыгарат,
Күч-кубатты кошот бу.

2-топ. Нан жөнүндө кандай макал-лакаптарды билесиңер?
1. Нандан улуу тамак жок,
Адамдан улуу атак жок.

2. Малды терден сура,
Нанды жерден сура.

3. Ак эмгектин наны таттуу,
Жалкоонун жаны таттуу.

4. Мээнетиң катуу болсо,
Тапканың таттуу болот.

5. Нан жашоонун булагы.
6. Нандын күкүмүн таштандыга таштаба.
7. Нанды, жаңы бышкан нанды бата кылып сындыр.
8. Жаңы бышкан токочту бычак менен кеспей, колуң менен бөл.
9. Нан болсо, ыр да болот.

Ушул макалдын маанисин түшүндүрүп бергилечи.

- Нан болсо, курсагыбыз ток болот, ырдагыбыз келет, бийлегибиз келет.

Анда эмесе курсагыбыз токпу? Бийге кезек берели. (Бий аткарылат).

3-топ. Нан, буудай жөнүндө кандай табышмактарды билесиңер?

1. Өңү кызыл, өзү кызык,
Баарында бар жалгыз сызык,
Берекелүү балбан колдор,
Күз айында алат сүзүп. (буудай)

2. Жазда эгип жерге,
Өстүрүп алат күзгө.
Жесе да күндө,
Эч канбас тамак. (нан)

3. Кудам кудукка түштү,
Курсагы торсоө түштү,
Эки бети кызара түштү. (боорсок)

4. Узунунан кесилет,
Суугa салса эзилет. (кесме)

5. Жулмаласа жүнү чыкпайт,
Кессе каны чыкпайт. (камыр)

Нан танбас тамак, улуу тамак. Ошондуктан дайыма үйгө кирген адамдарга нандан ооз тийгиле деп айтабыз. Азыр балдар. Рамазан айы. Орозодо ооз ачаарда биринчи дастаркондун үстүндө нан турушу керек.

**Сабакты жыйынтыктоо.**

- Бүгүнкү класстык саат силерге жактыбы? Силерде эмне ой пайда болду? Нан жөнүндө эмнелерди билдиңер? (окуучулар өз ойлорун айтышат).

- Демек балдар, нан – бардыгынан улук тамак экен. Нан – биздин байлыгыбыз экен. Нан көп деп аны коромжусуз пайдаланбагыла. Этият мамиле жасагыла. Тебелебей, кадырлай билгиле. Сарамжалдуулук менен сактоого үйрөнгүлө.

## САБАКТАГЫ ОЮН ЫРЛАРЫ[7]

**Оюнга көңүл буралы**
**Максаты:**

1. Терең билим алууда окуунун жана ден соолукту чыңдоодо оюндун ээлеген ордун түшүндүрүү.

2. Хор менен ырдоодо үндөрдүн шайкештигине жана уккулуктуулугуна жетишүү.

(Хор)

Тынчтаналы туралы,
Оюнга көңүл буралы.
Мугалимдин айтканын,
Кулак төшөп угалы.

Ойносок дейбиз шогубуз,
Чарчады жазып колубуз.

Жүрөктө турат ар дайым,
Окуйлу деген оюбуз.

Ошентсе да чер жазып,
Бир аз кыймыл жасайлы.
Бак-таалайга мол балалык,
Окуп, ойноп жашайлы.

Тынчтаналы туралы,
Оюнга көңүл буралы.
Мугалимдин айтканын,
Кулак төшөп угалы.

Бул хор сабактагы оюндардын ар биринде аткарылат.

---

[7] Аманат Качы кызы // Кутбилим – Сабак №9 (70) сентябрь, 2005, 15-бет.

## КУШ БОЛУУ ОЮНУ

**Максаты:**

1. Балдар менен бирге куш болуп учууну аткартуу жана шайкеш ырдоо аркылуу алардын маанайын көтөрүү, эс алуу кырдаалын түзүү.

2. Окуучулардын элестетүү жөндөмдөрүн өстүрүү, аткаруучулук ыктарга жана көндүмдөргө үйрөтүү.

**Мугалим:**

Кана, бүгүн, бүт балдар,
Куш бололу учалы.
Колубузду көтөрүп,
Кубалайлы ызаны.

Чарчаганды жоөлу,
Жумуп-ачып колдорду.
Оюн түрүн табалы,
Кимдер кандай ойлонду?

Бүрүшпөйлү бош таштап,
Жазып, жыргап денени.
Бир, эки, үч кыймылда,
Колубузду керели.

Сабак өтүп жаткан мугалим куштун учушуна жараша окуучуларга түрдүү кыймылдарды жасатат.

## СУУДА СҮЗҮҮ ОЮНУ

**Мугалим:**

Баалай билсек баарыбыз,
Жаратылыш белегин,
Ойнойлучу кол булгап,
Кыймылын да кеменин.

Кежигебиз кер тартпай,
Толкун сымал кыймылда.
Суудa сүзүү ырахат,
Баарың чабак ургула!

Суунун кызык жомогу,
Суудай тунук бололу.
Шарп-шарп этип кулакта,
Көлдүн мукам обону.

Бул ырды оюн учурунда колдонгон мезгилде мугалим окуучуларды гимнастика, кыймыл жасатып, суудагы кыймылдарга жараша ойнотуп, көңүлдөрүн ачтырат. Балдардын кыймылы сууда чабак уруу кыймылындай жана кеменин калагын кыймылдатып бараткандай болуп турат.

## ТОП ОЮНУ

**Мугалим:**

Топту кара тоголок,
Түрүн ойнойт оюндун.
Ыргып турат жепжеңил
Кыймылында колумдун.

Кызык оюн баскетбол,
Топтун көркүн коштогон.
Ойнойт балдар талыкпай,
Мына бизге окшогон.

Топ оюну толтура,
Футбол жана качма топ.
Кезек келсе турбайбыз,
Ойноп, жыргап кайгы жок.

Бул оюнда ар бир партанын катарынан бирден окуучу чыгып, ырды чогуу ырдашып, жем чачкан адамдын кыймылын көрсөтүп, окуучулар жөжөлөрдүн кыймылы менен чыйпылдашып, ордунарынан туруп

алышып, 1-2 минуталык кыймылдарды жасашып, ордунарына отурушат.

## ГИМНАСТИКАЛЫК ОЮН

Бул оюнду 1-класстын окуучуларына сабак өтүлүп жаткан учурда аларды кичине тыныктыруу, эс алдыруу, ден соолуктарын чыңдоого көмөк көрсөтүү максатында колдонуу ордундуу.

**Мугалим:**

Бир дегенде колдорду,
Теңештиргин ийинге.
Эки десе колду өйдө,
Көтөргөндү билгиле.

Үчтү айтканда кайрадан,
Ийиндеги калыбы.
Төрт дегенде түз туруу,
Көндүрөлү баарыңы.

(Жогорудагы оюн ырлары башталгыч класстын окуучулары үчүн сунуш кылынат)

## ТАБЫШМАКТАР

**Максаты:** 1.Окуучуларды акылдуулукка тарбиялоо.
2. Алардын ойлоо, элестетүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүү.

Орду менен өзгөрбөс,
Окусак да канчалап.
Жакшы сөзү ар дайым.
Жүрөгүңдө сакталат.
Кеңеш берген адамдай,
Маанилүү иш аткарат.
(китеп)

Бир мүнөздүү бейкапар,
Үн чыгарбайт, унчукпайт.
Кагаз келсе жанына,
Колубузду тынчытпайт.
Кереги жок учурда.
Катып койсоң тумчукпайт.
(калемсап)

Күнү-түнү тынбаган,
Чыкылдаган үнү бар.
Убакытты көргөзөр,
Унчукпаган тили бар.
Кана эмесе, бөбөктай,
Бул буюмду билип ал.
(саат)

Жомоктогу аргымак,
Күлүктүгү ченде жок.
Бузулбаса тетиги,
Барар жерге көңүл ток.
(машина)

Түшүп келет асмандан,
Укаласаң жок болот.
Тийбей койсоң агарып,
Үстү-үстүнө топтолот.
Барар жери бир гана,
Жерге барып токтолот.
(кар)

Өзү абдан кичине,
Баары батат ичине.
(көз)

Тартып алып үнүңдү,
Курбу кылат тилиңди.
(кулак)

Көзү көрбөс эр жүрөк,
Бүт түйшүккө бат көнөт.
(кол)

**Тарбия саат**

## «Дени сак – үч бутак»[8]

**(кечөнин сценарийи)**

**Максаты:** 1. Адамдын саламаттыгын сактоонун булагы жөнүндө маалыматтарды түшүнүктөрдү берүү аркылуу аны жашоонун сергек мүнөзүн күтүү адатына тарбиялоо.
2. Окуучулардын көркөм окуу, образдарга кирүү, берилүү, сүңгүү, жуурулушуу, айлануу, артисттик ыктарын жана жөндөмдөрүн өстүрүү.

**Катышуучулар:**

**Хор** – артка тизилишет.

**Ден соолук** - аппак кийинген, колунда «ден соолук» деген плакат бар.

**Кемчонтой** – азыркы кемчонтой – футболка, шым, кепкачан.

**Шок-факт** – дикторчо кийинген, колунда телеэкран.

**Асанкайгы** – башында топу, жөнөкөй узун кийим.

Мындан сырткары 4 окуучу да катышат. Хордун алдында адегенде - «ден-соолук» андан кийин – 2 окуучу, андан соң, ортого –

---

[8] Бегалиева Т.// Кутбилим- сабак №11 (72) ноябрь, 2005, 15-б.

Кемчонтой, андан кийин – 2 окуучу, андан кийин Шок-факт, эң акыры Асанкайгы болуп катар тизилишет.

**Хор:** Жашоо, жашоо, жашоо керемет,
Бул жашоого адам, адам бир келет.
Өмүрүңдү узартууга замандаш,
Туура жашоо, туура жашоо эң керек!
Өзүбүздү, өзүбүз,
Башкаралы жаштар ай!
Зыяны бар адаттан,
Сактаналы, эй жаштар ай!

**Ден соолук:** Дени сактык – үч булакка ээ.
Биринчи булак – дененин саламаттыгы. Бул жөнүндө маалымат алгың келеби?

**1-окуучу:** Адам алты саны аман, он эки мүчөсү кемтиксиз төрөлүп, ыңгайлуу шартта өсүшү керек.

**2-окуучу:** Күндөлүк режим: уйку жана кыймыл, эмгек жана эс алуу, спорт жана тазалык денени чыңдайт.

**3-окуучу:** Туура тамактануу, витаминдүү азыктар саламаттык үчүн баалуу.

**4-окуучу:** Зыяндуу заттарды колдонуу, ичкилик ичүү – өмүрдү коркунучка салуу.

**Кемчонтой:** Ой! Койсоңорчу, арак, вино, коньяк, шампан – жыргал эмеспи көңүлдү ачкан. Ден соолук үчүн ичсек, жагат го абдан!

**Шок-факт:** Фактыга кайрылабыз!
Кыргызстанда чоң адамдардын 70%ти ичкилик ичет. 10-12% ичкендер алкоголизм менен ооругандар. Анын 4,8% алкоголдон майып болгондор. Кокустуктардын ар бир үчүнчүсүнө ичкилик ичүү себепчи. Ичкилик ичкендер үч жактуу жоготууга ээ. Биринчиден алар ден соолугун, экинчиден акчасын, үчүнчүдөн адамдык кадырын жоготот. Ичкиликтен жеке өзү гана эмес, үй-бүлөсү, балдары, жакындары кошо жапа чегишет. Ичкилик ичкендердин арасында 10-14 жаштагылар да жок эмес. Балдар арасында ичкилик ичүү күн сайын өсүүдө.

**Асанкайгы:** Сактай көр, эй!..
Ичкиликке ууланган,
Өпкө, жүрөк кантти экен.
Масчылыкка ык алган,
Өмүр чиркин кантти экен.
Жакындарын кыйнаган,
Коомго такыр сыйбаган,
Кутуларга балээден,
Деги бир жол бар бекен?!

**Ден соолук:** Бар, ооба!

Бүгүн сергек жашоо мода!

Ичкилик ичпеш үчүн коога:

**Хор:** Жок, деп айтабыз,

Баарыбыз баш тартабыз!

**1-окуучу:** Ичкилик ордуна – минерал суу, коко-кола куябыз!

**2-окуучу:** Тост сүйлөбөй, бата тилеп, баба салтын улайбыз!

**3-окуучу:** Майрамдарда сопсоо бойдон кубанып,

**4-окуучу:** Ден соолуктун күч-кубатын туябыз!

**Хор:** Бүгүн сергек жашоо мода!

**Ден соолук:** Спирти жок – каалоо айтканды үйрөнгүн Кемчонтой дос!

**Ден соолук:** Спирти жок-каалоо айтканды үйрөнгүн Кемчонтой дос!

**Кемчонтой:** Тостсуз кантип болсун каалоо-тилек айтканга?

**Хор:** (Күлкү аралаш) Кемчонтой гана түшүнбөйт, баба салтын, баба наркын эзелки!

**Ден соолук:** Саламаттыктын экинчи булагы-психологиялык дени сактык. Бул жөнүндө маалымат айттык.

**1-окуучу:** Адамдагы мээ, нерв борбору сезимдик ишти болтурат.

**2-окуучу:** Үй-бүлөдөгү нравалык деңгээл, этика, мамиле, мээрим жана көңүл буруу - аң сезимди толтурат.

**3-окуучу:** Дүйнөнү таануу, билим алуу, булар да, руханий азык, бизге берген чоң кубат.

**4-окуучу:** Тескерисинче, зыяндуу адаттар, зордук-зомбулук, чыр-чатак, стресс, депрессия, невроз-сезимди булгап жок кылат.

**Кемчонтой:** Ой, андан алаксыш керек!

**Тамеки** - мээни сергитет, (аткарып көрсөтөт).

**Наркотик-** көңүл эргитет (көрсөтүп) (Кучагын жайып) Сүйүү, сүйүү! Жүрүү, жүрүү! Сезимди өстүрүп-өөрчүтөт!

**Шок-факт**: Фактыга кайрылабыз!

Мектеп окуучуларынын 50%ти стресс абалда болсо, 8%ти депрессия, 4%ти невроз менен жапа чегишкендер. Жаштар арасында жыныстык оору менен 18% каттоодо турса, анын 3%ти кайталангандыгын көрсөтөт. Биздин кылымдын чумасы – СПИД менен Кыргызстанда 300гө жакын адам катталса, анын ону жашоо менен кош айтышкан. Тамекини жана наркотикти колдонуу жаштар арасында басымдуу, балдар арасында да өсүүдө.

**Асанкайгы:** Сактай көр, эй!

Сезимине доо кетип,

Кысылгандар кантти экен?
Тамеки менен нашадан,
Бузулгандар кантти экен?
СПИД деген курусун,
Жугузгандар кантти экен?
Ушундай балээ кордуктан,
Сактанар жолдор бар бекен?
**Ден соолук:** Бар, ооба!
Бүгүн сезимди сактоо мода!
Ага салбаш үчүн коога.
**Хор:** Жок!
**Ден соолук:** Жок! деп айтабыз,
Өзүбүздү карманабыз,
Зыяндан сактанабыз!
**1-окуучу:** Өзүн жана башкаларды сыйласа!
**2-окуучу:** Сулуу жашап, руханий дөөлөт жыйнаса.
**3-окуучу:** Сабырдуу мамилени чыңдаса,
**4-окуучу:** Сезим болот таптаза!
**Ден соолук:** Саламаттыктын үчүнчү булагы-социалдык дени сактык. Бул жөнүндө маалыматты айттык.
**1-окуучу:** Адамдын жашоосу үчүн материалдык каражат чоң мааниге ээ.
**2-окуучу:** Жакырчылык – ден соолуктун душманы.
**3-окуучу:** Социалдык абал – орто, бакубат коомду түзүү-мамлекеттик маселе.
**Кемчонтой:** Ой, койгулачы, ушу да кеппи?! Каражат жок болсо, чоң муштум, рекет, уурулук кыл-чөнтөк толот. Чөнтөк толсо-оюн күлкү, жыргал болот. Кайыр сураса деле – бир курсак тоот.
**Шок-факт:** Кыргызстанда жумушсуздук 59%ти түзөт, калктын 60%тен ашууну социалдык жардамга муктаж, экономикалык кылмыштуулук 28%, өспүрүмдөр арасында кылмыштуулук 42%, кароосуз көчөдө калган балдар 6%ке жакын. Балдар арасында кылмыш иши менен эркинен ажырагандар 5%ке чукул.
**Асанкайгы:** Сактай көр, эй!
Көрүнгөн жерде түнөгөн,
Кароосуз балдар кантти экен?
Жакырлыктан жан кейип,
Жумушсуздар кантти экен?

Тыңыраак жумуш кылууга,
Табылчу жолдор бар бекен?
**Ден соолук:** Ооба, бар.

Бүгүн ким изденсе, ким иштесе,
Өкмөт аны колдойт.
Жалкоонун деги жолу болбойт.
**Хор:** Бүгүн-рынок, соода! Эсеп жана аракет-мода!
**Кемчонтой:** Эмне? Эмне? Кандай жашоо мода?
**Хор:** Сергек жашоо-бул мода!
**Кемчонтой:** Сенек жашоо (кайталап адашат)
**Ден соолук:** Сенек жашоо! Себеп жалкоо... Ушундайбы (колдорун жайып, суроолуу карайт) (күлкү аралаш баш чайкашат)
**Хор:** Дени сактын - үч булагы,
Өмүрдүн шам чырагы,
Туура жашап-сак туралы!

**Класстык саат**

## «АТА СЫЙЛАГАН, АБИЙИР ТАБАТ, ЭНЕ СЫЙЛАГАН, ЭЛГЕ ЖАГАТ»[9]

(сценарий)

**Максаты:** 1. Ата-эненин улуктугу жана ыйыктыгы жөнүндөгү көз караштарын тереңдетүү аркылуу окуучуларды адептүүлүккө, ыймандуулукка тарбиялоо.
2. Көркөм окуу, аткаруучулук, артисттик ык-жөндөмдөрүн өстүрүү.

**Жабдылышы:** Ылайыгына жараша элибизде ата-эненин улуулугун чагылдырган мукам ырлар, күүлөр, нукура музыка менен коштоо, көркөм сүрөттөр, плакаттар менен жабдуу мүмкүн.

**Пери:** Ардактуу асыл аталар!
**Изат:** Алтындан кымбат апалар!
**Тилек:** Бир боорум эжелер.
**Бермет:** Кундуздай сиңдилер.
**Кундуз:** Тирөөчүм байкелер.
**Саламат:** Жатындаш инилер.
**Перизат:** Замандаш кыз-жигиттер.
**Адилет:** Сиздерге бүгүн арнайбыз.
**Актан:** Элимдин нуска сөздөрүн.
**Айбек:** Көрсөтүп билим, өнөрүм.
**Назгүл:** Ыр ырдап, жомок айтабыз.
**Айдар:** Ыйманы кеткен наадандь.

[9] Ибраимова Г. //Кутбилим – Сабак. № 3 (52) март, 2004, 14-15-б.

**Шайыр:** Терс жолдон кайра бурабыз.
**Динар:** Калайык калкым көңүл бур.
**Медер:** Айтылчу сөздү угуп тур.
**Асель:** «Карынын сөзүн, капка сал».
**Азат:** Деген сөз билсең улуудур.
**Айжан:** Андыктан, биздин класстык саат.
**Азамат:** Мындай деп аталат:
**Чогуу:** «Ата сыйлаган, абийир табат,
Эне сыйлаган, элге жагат».

## ХОР «АТА-ЭНЕМ»

Алпештем өстүргөн ата-энем,
Кичинемден бөпөлөп келишкен.
«Ырыстуу, ыймандуу бол» дешип,
Ак тилек батасын беришкен.} 2 жолу

Акылың айтканың атаке,
Алпештеп өстүрдүң апаке.
Кудайым оорудан алыс кыл,
Ылайым өмүргө береке.

**Мугалим:** Азаматсыңар, балдар! Абдан жакшы ырдадыңар. Эми келгилечи, ата-энени сыйлоо үчүн ыймандуу, адептүү болушубуз керек го. Андыктан ыймандуулук жөнүндө акылман карыларыбыз эмне деген экен. Билгенибизди айтып көрөлүчү.

**Бермет:** Ыйманың болсо адамсың,
Ыймансыз болсоң наадансың.
**Азамат:** Ыймансыз өзүн гана ойлойт,
Дүнүйөгө көзү тойбойт.
**Пери:** Ыймандуу таап сүйлөйт,
Ыймансыз каап сүйлөйт.
**Мээрим:** Ыймансыз акчасын катат,
Акча десе атасын да сатат.
**Кундуз:** Ыймансызга сый жок,
Өлсө ый жок.
**Изат:** Ыймансыз ылайлуу талаа,
Жүргөн жери чыр менен жалаа.
**Адилет:** Ыймансыз ырысын жейт,
Үй-бүлөсүн тымызын жейт.
**Айдай:** Ыймансыздын сөзү камчы,
Чыр-чатакка жарчы.
**Айбек:** Ыймандууну адам дейт,

Ыймансызды наадан дейт.
**Перизат.** Ыйман ыдыраган жерге, ырыс конбойт.
**Динара:** Ыймансыз уул ата-энесин көргө сүйрөйт.
Ыймандуу уул-ата-энесин төргө сүйрөйт.
**Миргүл:** Ыймансыз жумуш десе качат,
Арак десе-шашат.
**Айжан:** Ыймандуунун өзү үлгү,
Элди ойлонткон сөзү үлгү.
**Медер:** Ыймандуунун сөзү калыс,
Сөзү калыс болгону өзү калыс.
**Шайыр:** Ыймансыздын тили уу,
Жүрөгү суу, жүргөн жери ызы-чуу.
**Назгүл:** Ыймансыз алсам гана дейт,
Берсем деш оюна да келбейт.
**Акыл:** Ыймансыздын өзү тойсо да, көзү тойбойт.
**Тилек:** Ыймандуунун алаары алкыш,
Ыймансыздын алаары-каргыш.
**Асель:** Ыймандуу адам сабырдуу,
Сабырдуу адам кадырлуу.
**Саламат:** Ыймандуу дили менен сыйлайт,
Ыймансыз тили менен сыйлайт.
**Элиза:** Ыймансыздын ажалы чындык,
**Актан:** Ыймансыз өз көмөчүнө күл тартат.
Колунда жокту жерге таптайт.
**Сүйүн:** Ыймансыздан дос күтсөң, ырысыңдын качканы.
**Ыкыб:** Ыймансыздыкты жеңгениң-эрдигиң,
Жеңдирип койсоң-кемдигиң.
**Дарыя:** Ыймансыздын мүнөзү түлкү,
Сөзүндө чындыгы жок жасалма күлкү.

## «ЖОГУ ЖАКШЫ БАРЫНАН» (ЫР)

**Пери:** Эстүү болсо баласы,
Эне-атанын канаты,
Жер карабай эл карап,
Жарык болот санаасы.
**Саламат:** Эссиз болсо баласы,
Эне-атанын жараты.
Эл карабай жер карап,
Сан бөлүнөт санаасы.
**Асел:** Аталар да балдарын,
Ар түрлүүчө сүйгөн бар.

«Жолборс чыгат уулум» деп,
Жонун сылап жүргөн бар.
Ошол бала чоңоюп,
«Жолборс» чыкты күрүлдөп.

**Айжан:** Кордук көрүп атасы,
Коркуп жүрөт зирилдеп.

**Перизат:** Энелер да кыздарын,
Эрке өстүрүп баккан бар.
Чаң жугузбай чачына,
Түрлүү лента таккан бар.

**Азамат:** Ошол кызы чоңоюп,
Эрдин басы желпилдеп.
Энекесин кейитет,
«Өлбөдүң го, кемпир» деп.

**Чогуу:** Алдан-күчтөн тайыган,
Ата-энесин карыган.
Ардактабас балдардын,
Жогу жакшы барынан.

**Чогуу:** Ыймансыздын барынан жогу,
Уул болсун, кыз болсун, ата-энесинин шору.

**Мугалим:** Жомок десе ойлогом,
Уккан жерде калат деп.
Улуулардан кичүүгө,
Айта жүргөн адат деп.
Ойлонбопмун эч качан,
Олуядай санат деп.

Бүгүн башка пикирим,
Ойлондурат кечээгим.
Омоктуу ой түбүнө,
Жомок менен жетемин.
Дайым куунак көңүлүм,
Мен бактылуу энемин.

Балдарым!
Жомок болсун жолдошуң,
Жомок өңү оңбосун,
Жосунсузга жол бербе,
Жолуңа тоскоол болбосун.
Жараткан өзү жар болсун,
Башыңа кырсык конбосун.

Ден соолук бакыт башаты,
Жомоктон үйрөн ыймандЫ.
Анда эмесе тынчтанып,
Жомокко көңүл буралы.

## «МЕНИН АЛТЫН КАЗЫГЫМ» (ЖОМОК)

**Автор:** Качандыр бир заманда, калк кадырлаган даанышман карыя, эл оозуна алынган белдүү азаматтарга мындай деп кайрылыптыр:

**Карыя:** Барчылыкта пендебиздин кимисинин ким экенин ажыратыш, жокчулук учурундагыга караганда алдаганча кыйынга турат. Кимдин ким экенин билем десең, аны токчулукта эмес, жокчулукта сына. Мына ошондо гана нукура чындыкты көзүң менен көрөсүң деген экен бабаларыбыз. Баамымда, айтылган ушул ой азыр да маанисин жоготпогонсуйт. Бул жерде кары-жашыңар турасыңар, каршы болбосоңор, пикириңерди уккум келет.

**Автор:** Көпчүлүк деген көпчүлүк да ар кимиси өз түшүнүгүнө жараша карыянын айтканын чечмелеп, ойлорун ортого салышат. Бирок, карыя бирөөнүн да сөзүнө ынанбаптыр. Ошондо бирөө карыяга минтип опурулуптур:

- Ээ, абышка, андай кыйын экенсиң, айтканыңдын маанисин өзүң чечмелеп берчи.

**Карыя:** Уулум! Акылдуу таап сүйлөйт, акылсыз каап сүйлөйт деген бар. Түзүк эле жигиттей көрүнөсүң, каап сүйлөгөнүңө жол болсун. Каап сүйлөгөнүң бул болду: илгертеден келе жаткан ата салтты бузуп, улуулугума карабай «сен» дегениң. Улгайган кишини акыл эси ордундагы адам карыя дейт, «абышка» деш бул барып турган одонолук. Ушундан кийин сени ким дешке болот?

**1-Жигит:** Эмне-е! Сен…

**Баары:** Болду, уят эмеспи.

**Карыя:** Эгерде мен айтканга кимиңердин адилет жооп алгыңар келсе, анда алтын казык жылдызга кайрылгыла. Ошол гана силерге табышмактын жандырмагын колуңарга берет.

**Автор:** Арадан көп күндөр өтөт. Бул табышмактын жандырмагын эч ким таба албайт. Акыры бир жигит оюн ортого салмак болот.

**2-жигит:** Акылман ата! Алтын казыктан жоопту башкалардай эле мен да күттүм. Жооп болбогон соң, ойлонууга туура келди. Бул жерде кандайдыр сыр болбосун деп жана башымды катырдым. Акыры жаңылганымды сездим, көрсө касиеттүү жылдыз сырын мага небак эле ачып берген тура, жүрөгүм менен сезип, көзүм менен

көрдүм. Мени карап жымыңдаганы – ыйманың болсо адамсың, аныңдан ажырасаң – наадансың деген экен. Илгертен айтчу тура: «Адашсаң алтын казыкты кара» - деп. Демек, бизден мурункулардын минтип айткандары бекер жерден эмес экен да.

**Карыя:** Ээ уулум! Чындыкка жакындап келе жатасың, оюңдун аягына чык.

**2-жигит:** Арачалап күйөр чакта жалынга,
Катар жүрөт кайда барсам жанымда.
Деп эскертет кереметтүү периштем:
Адам болсоң жылдызыңдан жаңылба,
Алтын казык жылдыз тура ыйманым,
Мен адаммын ыйманымдын барында.
«Эң биринчи ата-энеңди сыйлагын»,
Деп эскертет алтын казык ыйманым.
Башым ийип, таазим кылдым мен ага,
Мен макулмун – «сыйла дедиң» сыйлайын.
Ыйман тура - алтын казык жылдызым,
Ыйман тура – толкуп турган ырысым.
Ушул болду берген жообу өзүмө,
Кереметтүү алтын казык жылдыздын.

Акылман ата! Ааламдын чындыкка тирек болгон алтын казыгы бар экен. Ал сиз айтып, мен сырдашкан алтын казык жылдыз. Калыстык менен карасак, ар ким өзүнө аалам тура, аалам болгон соң, алтын казыгы болууга тийиш. Алтын казыксыз адам болбойт. Бирок, кеп биздин пендечилигибизде, ошол ыйык нерсебизден ажыраткан ыймансыздыгыбызда экен. Буга мисал, алиги жигиттин сизге кылган мамилеси. Ошондон кийин биз аны ким десек болот. Ыймансыздардын жан кейиткен жоруктары барчылыкта бир эсе байкалса, жокчулукта миң эселеп кетери шексиз.

Ушундан улам сиздин алиги айткандарыңыз барып турган чындык.

**Карыя:** Менин силерден күткөнүм ушул болчу. Оюмдагыны таптың уулум, ушунуңдан жазба! Ыймандуу бол! Оомийин!

**Айбек:** Эркелетип эчен сансыз жалынып,
Эгер бир аз көрбөй калсам сагынып.
Алдейлеген ак эмчегин эмизген,
Асылымсың, кымбатымсың - энекем.

**Айгерим:** Акыл айтып эстүүлүккө үйрөтүп,
Алга бас деп, мектебиме жөнөтүп.
Арбын өмүр, толгон бакыт тилеген,
Ардагымсың, урматымсың – энекем.

**Адилет**: Балалыкта куру элирип ыйласам,
Кол жетпести алып бер деп кыйнасам.
Бардыгына түткөн сенсиң энекем,
Пейли кенен, мээрими мол берекем.

**Чогуу:** Алтын атам ардагым,
Азаптандың ар дайым.
Ак тилегиң бул эле,
Ач калбаса балдарым.
Эс тарткандан тилегим,
Сага тийсе жардамым.

Ак сүтүңдү энекем,
Айланайын берекем.
Аша чаптым дебесмин,
Айга, күнгө теңесем.
Актаар бекен сүтүңдү,
Ардактаган берекең.
Буудайга буудай консо экен,
Буудайга үйүм толсо экен.
Буудайлуу үйдүн ичинде,
Бактылуу атам болсо экен.
Ырыска ырыс консо экен,
Ырыска үйүм толсо экен.
Ырыстуу үйдүн ичинде,
Ырыстуу апам болсо экен.
Арчага арча консо экен,
Арчага үйүм толсо экен.
Арчалуу үйдүн ичинде,
Уул-кызы аман болсо экен.

**Тарбиялык саат**

## «ЭНЕКЕ АК СҮТҮҢДҮ, ЭЛ КОРГОП МЕН АКТАЙЫН»[10]
(сценарий)

**Максаты: 1.** Окуучулардын аң сезиминде Ата Мекендин, эл – жердин ыйыктыгын көздүн карегиндей душмандардан коргоо бул, эненин ак сүтүн актаганга тете каармандык деген түшүнүктү тереңдетүү.

---
[10] Усенова Ж. // Кут билим-Сабак №5 (54) Май, 2004, 16-б.

**2.** «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» дегендей бүгүнкү бейпил турмуш үчүн өткөндөгү агалардын, аталардын баатырдыктарын, каармандыктарын унутпай, жүрөк түнөгүнөн орун берип, ар дайым эстей жүрүү салттуу жөрөлгөсүн тарбиялоо.

(Сахнада карыган эне жана эстелик.)

**Эне:** - Салам, таштан бүткөн эстелик.
**Эстелик:** - Чоң ырахмат келгениңе эскерип.
**Эне:** - Таазим кылып, гүл ордуна ыр сунам.
Майрам күнү баарыбызга тең шерик.
- Улутуң ким, канча жашта курагың?
**Эстелик:** - Көптүн бири, күнгө умтулган убагым.
**Эне:** - Качан, кантип, кимдер менен аттандың,
Кан майданга, кайда калган турагың?
Кечир, эстелик, суроолорум көп менде,
Жүйөлүүдүр, не иш чыкпайт пендеде.
Аз жашадың, бирок көптү өткөрдүң,
Өлүм-өмүр, ченем сыры эмнеде?
Баатыр дешет сени ажалга тик барган.
**Эстелик:** - Кыйын кезде артка тартуу, бул наадан.
**Эне:** - Көрбөй калдың майрам күнүн, барбы арман?
**Эстелик**: Эч качан, өмүрүбүз силер үчүн арналган.

Биздин тилек-тынчтык керек, жер шары биз көргөндү эч көрбөсүн, укпасын,
Бейпил күндү энчи кылып түбөлүк,
Сактагыла ачык асман, Адамды!
(Эне эстеликке гүл коёт)

**1-окуучу:** Күүгүмдөнүп күн батканда,
Гиндикуш тоо артына.
Көөн ысытып көз алдыга,
Афганистан тартылат.

**2-окуучу:** А бул жерде кум учурган,
Кургак шамал найза миз.
Аска муздак. Тайгак татаал.
Жол калтырдык далай биз.

**3-окуучу:** Ажырадык көп жолдоштон,
Адашпастан таң атты.
Оо, кандай чоң, кандай узак,
Ooганстан талаасы.

**4-окуучу:** Наалат сага афган согуш,
Ыйлайт эне күнү-түн.

Шейит кеткен уулун күтүп,
Акыры үздү үмүтүн.

**1-окуучу:** «Жогол согуш» - жалпы улуттан угулду,
«Каргыш сага» жолуң сенин буулду.
Каракчылык, зомбулукта өрдөгөн,
Жексур болсун, кан кечүүнү көксөгөн.

**2-окуучу:** Бүт ааламдан согуш үнү арылсын,
Адам уулу эркиндикте жашасын!
Жер онтобой, жашыл кымкап жамынсын!
Бардык элде бакыт шамы жагылсын.
Биз биригип толгон күчтү коштук да,
Максатыбыз- Тынчтык жана Достукта!

**3-окуучу:** «Согуш» деп жазгым келбейт чындыгында,
«Согуш» деп айткым келбейт бүгүн мына.
Ооган жерде согушуп аман келген,
Афган жоокер, башымды ийем ысымыңа.

Афган согушуна катышып келишкен, ушул мектептин бүтүрүүчүлөрү Кенжебаев Абдимиталип, Кожомуратов Манап, Тагаев Арапбай, Шерматов Жаныбектерге гүлдөр берилет.

**4-окуучу:** Башка жактын эл-жерин сактоо үчүн,
Афган жоокер курман болдуң эчен-эчен.
Эстелик тургузушуп түбөлүккө,
Ысымыңа башын ийет элиң бүгүн!

**Мугалим:** Мына ушул 4 афган жоокерибиз менен бирге эстеп кете турган дагы афган жоокерибиз – бул Назаров Абдимиталип. Бирок өз милдетин аткарып, баатырларча курман болгон бул жердешибиз, азыр биздин арабызда жок. Назаровдун жаркын элеси дайыма биздин жүрөгүбүздө сакталат.

Ооган жеринде акыркы аскердик тапшырманы аткарып келе жатканда Назаров Абдимиталип 1984-жылдын 21-апрелинде душмандардын огунан каза тапкан.

1984-жылы 27-сентябрдагы СССР Жогорку Советинин Указы менен Назаров А.Т. Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланган. Ушул жоокердин жаркын элесин баарыбыз, ордубуздан тике туруп, бир мүнөт унчукпай туруу менен эскерип кетсек.

**Окуучулар хор аткарышат:**
**«Эр жигит эл четинде»**
Элимдин бейпилдигин,

Намыска бек сактайлы.
Энеке ак сүтүңдү,
Эл коргоп мен актайын.
Эр жигит эл четинде,
Азамат жоо бетинде.
Алыстагы кыргыз элим,
Ар дайым сезимимде.

Ырдан соң афган жоокерлери окуучулардын суроолоруна жооп беришти. Тарбиялык сааттын акырында анын катышуучулары Назаров Абдимиталиптин бейитине гүл коюшту жана анын арбагына багышталып куран окулду.

**Ыйман сабагы**

## «АДАМ ЫЙМАНЫ – ТАМЫРЫН ТЕРЕҢ ЖАЙГАН БАЙТҮП ДАРАК»[11]

**(Ачык сабактан шыр баян)**

**Максаты:** 1. Ыйман – бул, терең түшүнүк, касиеттүү сөз, ыймандуулук инсандын үлгүлүү сапаты деген көз карашты окуучулардын аң сезиминде калыптандыруу.

2. Ыймандуулук түшүнүгүнүн мыкты үлгүлөрү элдин нукура салттарда, карт тарыхында, санжырада, руханий жана маданий мурастарда жана казыналарда орун алгандыгын түшүндүрүү.

**Мугалим:** Балдар, бүгүнкү сабакты профессор Советбек Байгазиев агайыңардын: «21 – кылым- Адам кылымы. Адамдын адамдык касиети менен сапаттарын өнүктүрүүнүн кылымы болууга тийиш» деген сөзү менен баштагым келет. Байкап көрөлүчү, бул дүйнөгө адам келди, Адам деген атты бийик тутуп, ага татыктуу болушу керек экен.

Адамды табигат жаратып, коом тарбиялап келген. Жоон жыгач менен ичке чырпыкты мисал кылгым келет. Кайсынысын станокко салсак тез түзөлөт. Жоон жыгачты түзөш кыйынга турат, көп эмгекти талап кылат.

Ошондуктан, балдарды жашынан ыймандуулукка тарбиялоо оңой. Ар бир инсандын тарбиясы, биринчиден, үй-бүлөдөгү тарбияга жараша болот. Ошондуктан «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат», «Алма сабагынан алыс түшпөйт» деген макалдарда калет жок. Ал эми экинчи тарбиячы коом, сиздер жашаган жана силерди курчап

---
[11] Жолдошева К. // Кутбилим-Сабак №5 (54) Май, 2004, 13-14-б.

турган чөйрө. Биздин чөйрөбүз, коомубуз мектеп, жоро-жолдошуңар, окутуп, тарбиялап жаткан мугалимдер, айыл инсандары, коңшу-колоңдор. Силердин ыйманыңардын салмагы ушулардан калыптанат. Ыйман чоң бактай тамырын терең жаят, бутагын төрт тарапка жайып, чокусу көк тиреп, мөмөсүн жерге төгөт. Бул бак ар кимибиздин ички дүйнөбүздө өсүшү керек, анткени, ар бир кылган жакшы ишибиз анын бүчүрү, бутагы.

Кээде адамдар табияттан, кээде чөйрөдөн улам ыймансыз болуп калат, бирок, бара-бара үлгүлүү адамдын түрткүсү же жөн гана өзүн-өзү тарбиялап, терс сапаттары менен аң сезимдүүлүк менен күрөшө алса, толугу менен ыймандуу жана маданияттуу боло алат.

Адам түрткү боло турган инсан кездешпесечи? Анда китеп окуп, үлгүлүү образдарга карата да тарбияланыш керек.

Бирок китеп океандай көп, кайсы китепти окуш керек?

Элдик оозеки чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрүн – жомок, ырлар, макал-лакаптар. Себеби, булардын негизинде элдик тагдыр, элдин максат-тилеги, сүйүүсү, шору жатат. Элди жакшылыкка баштаган анын кыялы. Кыял болбосо, тоодой тоскоолдуктардан өтүп, максатыңа жетпейсиң.

Адам бул жашоодо бактылуу болууга тийиш. Эгерде бактысыз болсо, аны өзүнөн көрүшү керек. Ар бир күндү аң-сезимдүү жашоо зарыл. Адамды бактылуу кылган **Эмгек** – Ал эми эмгектин биринчи душманы жалкоолук. **Жалкоолук** учталбаган калем, силерди мокотуп, жоготуп коет. Ошондуктан эмгегиңер менен өзүңөрдү курчутуп, күлүк аттай алга озуп, заманыңардан калышпай жашоо керек. Ага эркиңер жетпесе, анда жөн гана көчө таптап күн өткөргөн жансың. Жакшы сапатыңарга мактанбай, жаман сапатыңарды издеп таап, анын үстүндө иштесеңер иштеген ишиңерден рахат алсаңар-анда силер бактылуусуңар. «Эрте тургандын күнү узун» дейт.

Алдыга койгон максатыңа жетиш үчүн убактыңды туура пайдаланыш абзел.

Кыргыз элинде да жакшы иштерди бүтүрүүдө элдик календарга көңүл бурушкан.

**Ишемби** - (фарс-шамба). Иштин башы ишемби дешет. Алыска сапар жүрүүчүлөр, устачылык өнөрүн, ата-кесибин улагысы келген усталар, мергенчилер, комузчулар ушул күнү устаттарынын алдынан өтүп, комуздун кулагын тиштеп, бармак баскан. Жакшы иштердин баардыгы ушул күнгө тиешелүү.

**Жекшемби** - (фарс якшамба). Бул күн жетпегенге жеткен күн.

Кимдин жакшы ою, асыл максаты болсо, ушул күнү ишке ашкан. Өнбөс доосу, аласасы ушул күнү өнгөн дейт.

**Дүйшөмбү** – (фарс, Душанба). Дүйнөнүн бүткөн күнү. Аалам ушул күнү пайда болгон дейт. Жер ушул күнү түптөлгөн, ошондуктан ушул күнү үйдү ысырыктап, үйдөн эч ким эч жакка чыккан эмес.

**Шейшемби** – (фарс сешенба). Жалгыздын күнү. Жалгыз бала сапарга чыккан эмес. Кыздарга айыл кыдырууга тыюу салынат.

**Шаршемби** – (фарс чоршанба). Орто Азияга белгилүү улукман төрөлгөн. Ошон үчүн малды бычуу, уул баланы сүннөткө отургузуу, оорулуу адамды эмдөө ушул күнү жүргүзүлгөн.

**Бейшемби** – бел чечкен күн.

«Бейшембиде бел чечет» деген элде кеп бар. Ушул күнү бүтүндөй жер бетине берекенин күнү орногон. Нугунан чыккан суу дагы ушу күнү ийийт. Бак даракты бутоо, анарды, жүзүмдү отургузуу жүргүзүлгөн. Эгин оруу, кырман жанчуу башталып, эмгек ырларынын башаты ободо таңшыйт. Канаттууларга жумуртка бастыруу, келин алуу, кыз узатуу, нике кыйуу ушул күнү жүргүзүлгөн. Өлгөндүн жетилигин берүү, куран окутуу да ушул күнү өткөн.

**Мугалим:** Азыр **Уметалиева Жылдыз** дарылык касиети бар чөптөр туурасында айтып берет.

**Босунач** – Ашказанды жана баш ооруларын айыктырат.

**Эрмен** – Ич өткөктү, ашказандын оорусун басат.

**Ит мурун** – ашказанды тазалап, кулактагы шуулдоолорду кетирет. Ит мурундун жапайысын маңдайга чаптаса, баш оорусун басат.

**Карагай** – ысык шишиктерге коюлуп таңылат. Анын кабыгын жанчып, майдалап жаратка сепсе, ириңдешине каршылык көрсөтөт.

**Мугалим:** Андан кийинки сөздү **Кошалиева Зарина** улантат.

**Алма** – даамдуу, ширин, бал алмалар жүрөккө кубат дем берет. Алманын талканы ашказанды кубаттандырып, кусканды токтотот.

**Жаңгак** – жалбырагы менен кабыгы бүрүштүрүүчү болуп, кан акканга пайдасы бар. Жаңгактын өзгөчө куурулганы киндик үстүнө себилсе, ичеги ооруларын, ич өткөктү басат. Жаңгак ширеси бөйрөккө да пайдалуу.

**Лимон** – сыгып алынган суусу өңдү тазартып, беттеги сепкилди кетирет. Майы кабыгынан алынат, ал шал оорусуна эм. Сыгып алынган суусу сарык оруусуна пайдалуу.

**Ай сүрүү жана анын санжырасы**

**Январь** – Бирдин айы.
**Февраль** – Жалган куран
**Март** – Чын куран.

**Апрель** – Бугу.
**Июнь** – Теке.
**Июль** – Баш оона.
**Август** – Аяк оона.
**Сентябрь** – Тогуздугн айы.
**Декабрь** – үчтүн айы.

Ошентип, күн жумага, жума айга, ай жылга айланып, эсепчилер балдардын жашын жыл сүрүү менен эсептешкен. Жаштын 1 мүчөлү 13 – жылы келген, мүчөлү жылы кызыл көйнөк кийгийип, идиш сындыртып, от жагып, аластап, тилек айтып, дасторкон жайып, оюн зоок болуп, макал-лакаптарды айтып белгилешкен.

**Мугалим:** Сандар санжырасына көңүл бөлсөк.

## САНДАР САНЖЫРАСЫ

**Адамдын акылы үч жерде**

1. Мээде болсо акылман
2. Бутта болсо кор
3. Колдо болсо иштерман

**Үч нерсе жанга аманат**

1. Эртеңки күнүң
2. Эңсеген ашың
3. Ээрчиген бактың

**Үч нерсе жанды кейитет**

1. Айыкпаган кесел
2. Жаман уул
3. Жаман сөз.

**Үч нерсе жандын арманы**

1. Аласалуу дарт
2. Күч алган ызаа
3. Адашкан сүйүү.

**Үч түрлүү күлкү пайдасыз**

1. Өлүм чыккан жерде
2. Куран окуган жерде
3. Мүрзө башында

**Үч нерсе артык**

1. Өлгөндөн туулган артык
2. Өлүк арстандан тирүү чычкан артык
3. Жакшы казылган көрдөн, жарты алачык үй артык.

**Үч жетим**

1. Кемпирден калган чал жетим
2. Эгин чыкпаган жер жетим
3. Ак дасторкондо сөз сиңбесе-дасторкон жетим.

**Үч кордук**

1. Орто жашка барганда багы качса
2. Орто жолго барганда аты өлсө
3. Карыганда кемпири өлсө - чын кордук.

**Кирди-чыкты үч кайып**

1. Бакыт - бир тамшам
2. Өмүр – көз ирмем
3. Үмүт – бир тамчы.

**Адам атадан үч кайып**

1. Адам качан туулуп, качан өлөөрүн билбейт.
2. Кимге тийип, кимди алаарын билбейт.
3. Эртең менен туруп, кечке ким менен насиптеш болорун билбейт.

**Эки нерсени унут**

1. Адамга кылган жакшылыгыңды унут
2. Сага жасаган бирөөнүн жамандыгын унут.

**Төрт нерседен сактан**

1. Көздөн
2. Тилден
3. Акылыңдан
4. Жүрөктөн.

**Жаман болууга үч себеп**

1. Ачуусу менен акылын жеңдирген аңкоо болсо
2. Эринчээк, жалкоо, аламан өссө
3. Кеп жетпеген кечиримсиз болсо.

**Өмүрлөшүң үчөө**

1. Досуң
2. Касың
3. Үй-бүлөң

**Үч түрлүү уйку пайдасыз**

1. Жакшы сөз айткан жерде.
2. Намазды таштап уктоо.
3. Багымдатты окуп коюп уктоо.

**Жыйынтыктоо:**

**Мугалим:** Ошентип, балдар, бүгүнкү сабактан биз эмнени билдик? Кыргыз эли жаралгандан бери элдик акыл эс, билимдер болгон. Ал билим атадан балага, баладан неберdesignated өтүп, мурас болуп, ооздон оозго өтүп келген.

Биздин көчмөн ата-бабаларыбыз баш аламан жашабастан, ирееттүү жана маданияттуу жашай билишкен. Аны биз азыр жогорудагы сөздөрдөн билдик. Тарбиялык мааниси күчтүү макал-лакаптары, жүрөккө жеткен нуска сөздөрү менен топтошкон жерде жаштарды тарбиялап келген жана өздөрүнүн билимдерин, өнөрлөрүн устаттары үйрөтүп, өлбөс, өчпөс кылып мурас калтырган.

Эми биз алардын жолун жолдоп, калтырган мурасын көөнөртпөй алып жүрүшүбүз керек. Кыргыз калкынан экенибизге сыймыктансак болот!

## «КЫРГЫЗ ТИЛИ – МАНАСТЫН ТИЛИ»[12]

***(8-класстар үчүн уюштурулган кечеден шыр баян)***

**Максаты:**

1. «Кыргыз тили – Манастын тили» деген ойдун түпкүрүндө эне тилибиздин мухиттей орошон дүйнөсү, көркөм боёктору, сөз берметтери шурудай тизилгендигин окуучулардын туюмдарына жана сезимдерине жеткирүү.

2. Окуучуларды эне тилин аздектөө, барктоо, тазалыгын сактоо жана патриоттук сезимдикке тарбиялоо.

**Жабдылышы:**

Эне тилдин улуулугун жана ыйыктыгын таасын чагылдырган макал-лакаптар, нускалуу учкул сөздөр, атактуу акын-жазуучулардын таамай айтылган сөздөрү жазылган жасалгалуу плакаттар, кече эне тил жөнүндөгү мукамдуу ыр, музыка, Гимн менен коштолсо, анын ажары ого бетер ачылат.

**Раида:**

Тилибиз – ыйык туубуз жаркыраган,
Тилибиз тунук булак шаркыраган,
Кулактын күүсүн кандырат
Көкүрөккө асыл сезим тамчылаган.

**Нуриза**

Атабыз Манас сүйлөгөн элди баштап,
Мураска баатырдыкты элге таштап.

---

[12] Төлөнгүтова С. // Кутбилим – Сабак. №6 (55) Июнь, 2004, 4-5-б.

Ырамандын ырчы уулунун кошогун,
Токтогул ырчы ырга айландырган, атак данктап.

**Ринат**

Кыргыз тилим – ыйык тилим,
Кылымдан кылымга арыштаган.
Кыргыз тилим – ыйык тилим,
Башка тилден калышпаган.

**Ширин**

Менин тилим – ыйык тилим тумарым,
Тилди ардакта бир өзүңдөн сураарым.
Тили менен, эли менен журт болуп,
Өркүндөсүн, өсө берсин турагым.

**Азат**

Илим менен билимге көпүрө тил,
Көкөлөткөн адамды тили деп бил.
Тил адамды бакытка бөлөп салат,
Тил адамды шорлонтуп, башын алат.

**Талант:**

Көп сүйлөбө, а көрөкчө так сүйлө,
Түмөн сөздөн оң мааниси бир сөздө.
Өмүр кыска, туулган соң өлмөк бар,
Жакшы сөздөр түбөлүктүү, өлбөйт ал.

**Калыя:**

Кудай сага сүйлөөрүңө берди тил,
Башың коргоп, сөздөрүңдү тескей бил.
Орундуу сөз акыл –эстен от алат,
Орунсуз сөз ийиниңден баш алат.

**Айнура:**

Эне тилин билбеген,
Эси жогун аныктайт.
Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп жарытпайт.

**Исмаилова Раида, Исмаилова Нургиза** тилге арналган макал – лакаптардан «Чынжырча» оюнуна чыгышты:

1. Тоону ташты сел бузат,
   Адамзатты сөз бузат.
2. Ойноп сүйлөсөң да,
   ойлоп сүйлө.
3. Кен асылы жерде,
   Сөз асылы элде
4. Буттан жыгылган турат,
   Сөздөн жыгылган турбайт.

5. Сөзгө баатыр, ишке бакыр.
6. Сөзгө жараша сөз айтпасаң,
Сөздүн атасы өлөт.
7. Тил - ойдун сандыгы
8. Тил – менин тууганым,
Тил - менин душманым.
9. Өстүргөн да – сөз,
Өлтүргөн да – сөз.
10. Өнөр алды-кызыл тил.
11. Тил билсең, дил билесиң.
12. Жаман каап сүйлөйт,
Жакшы таап сүйлөйт.
13. Жакшы сөз-жарым ырыс.
14. Жылуу сөз жыланды да ийининен чыгарыптыр.
15. Сөз – учкан куш.
16. Тилди кордосоң, сөзгө зыян.

**Раида** көп таап, жеңишке жетишти.

**Баяндоо.**

«**Манас жана тил**» Төлөшова Ширин:

- «Манастын» тили жөнүндө эпостун өзү таамай, таасын айтып берет. «Манастын» тили арбын жомоктогу чок сөз, ат көтөргүс чоң сөз.

«Манастын» тили – эрэндерден калган сөз, как жүрөккө көнгөн сөз, белес белден бороондоп, беш удургуп өткөн сөз.

«Манастын» тили – кызыл бороон кыр менен, кыйкырык чуу сүр менен, булут ашкан жол менен, катар арыш келген сөз, баласына атасы энчи кылып берген сөз.

«Манастын» тили – уламадан уккан сөз, улам бирге жуккан сөз, карылардан калган сөз, каттай жаттап алган сөз.

Эпостогу сөз берметтери эле эмне деген керемет. Анда куюлушуп кабыл алууга тез жеткен, таасирге бөлөп толкунданткан канаттуу сөздөрдүн казынасы эмне деген керемет.

«Манас» эпосунан сөз берметтерин айтуу боюнча мелдешке **Ринат, Айнура** чыгышты:

1. Көк сүлөөсүн бөрк кийген,
Капилеттен сөз тапкан, караңгы түндө көз тапкан, алты айчалык
азапты, алдын – ала байкаган (Бакай)
2. Кулаалы жыйып куш кылдым,
Курама жыйып журт кылдым.
3. Телли куш таптап куш кылдым,
Тентигенди жыйнап журт кылдым.

4. Найзага сайган желегим,
Баатырдан калган белегим.
5. Ай балтаны ким аштайт,
Азган журтту ким баштайт.
6. Кеткенден алаар кегимди,
Өчкөндөн алаар өчүмдү.
7. Өйдө бассак Манасты өбөк кылып алалы.

**Айнура** көп айтып жеңишке жетишти.

**Баяндоо**

**«Элдин өмүрү – анын тилинде». Мамбетов Айбек:**

- Авар акыны Расул Гамзатов:

«Эгерде эртең тилим жок болоорун билсем, анда мен бүгүн өлүүгө даярмын» деген сөзүн Алыкул Осмоновдун:

«Бирге жүрөм, эне тилин кадырлайм,
Бул тил менен сүйлөйм, иштейм, ыр ырдайм.
Башка тилди кандай жакшы көрсөм да,
Эне тилди сүйгөнүмдөн жаңылбайм»

деген ыры менен коштоп айтсак, ырдагы асыл ойлор өзүнөн – өзү эргитет. Ар бир тилдин өзүнүн мыйзамы, эрежелери, ыгы бар. Өзүнчө фразеологиялык түзүлүшкө ээ.

1989-жылы 23-сентябрда кыргыз тили мамлекеттик статус алган. 2003-жылдын 1-январынан баштап жазуу эрежелери колдонууга берилди. Азаркы учурда кыргыз адабий тилинде Жогорку Кеңештин сессиялары, конференциялар, кеңешмелер өткөрүлүп, Конституция, указдар, токтомдор жазылып жатат. Окумуштуулардын эмгектери, көркөм адабий эмгектер, газета – журналдар жарыяланууда.

Ошол ыйык тилибиз калың элибиздин рухий – эстетикалык дүйнөсүн кеңейтип, дүйнөбүздүн сакталышына кызмат кыла берсин.

**Манастын тили деген сөздөн сөз куроо оюнун ойноо:**

**Бактыяр, Талант.**

**Бактыяр:** Манас, тил, насаат, ил, тал, там, санаа, мал, саат.

**Талант:** Илим, ат, саат, намыс, аста, санат, таа, кал, ал, жал, алма, сал.

**Кеченин көркөм бөлүгү.**

**«Эне тилим» хор**

**Макалдын аягын ула**

1. Тил акылдын…(күзгүсү)
2. Тил чебери…(чечендик)
3. Тил акыл…(таразасы)
4. Тил акыйкаттын …(ачкычы)
5. Кеп чынынан …(бузулбайт)

**Кечени жыйынтыктоо**

«Адеп башы – тил» деп айткан элибиз. Ч. Айтматов: «Элди түбөлүк эл кылып турган анын эне тили. Ар бир тил өзүнчө улуу. Биздин ар бирибизди жарык дүйнөгө алып келген энебизге жана эбегейсиз зор байлыкты – эне тилибизди бизге тартуулаган элибизге түбөлүк милдеткербиз. Анын тазалыгын сактап, байлыгына байлык, күчүнө күч, сыймыгына сыймык кошушубуз керек» десе, «Ошол укмуш тилдин чеберчилиги курган эң сонун мунараларын таасын көрүү үчүн биз тарыхтын шам чырагын колго алууга тийишпиз» дейт Т.Сыдыкбеков атабыз.

## КЫЗЫКТЫРУУЧУ ОЮНДАР

### Жеңишке ээ болгон билгич

а) Мугалим же оюнду баштоочу биринчи балага «ак көңүл» деп жылдызча (желекче) берсе, ал «боорукер» деп аталат;

б) « Таш боор» десе «кара ниет»;

в) «Улууга жол бошот» десе «улуу адамдан мурун уруксатсыз отурба»- деп улантат;

г) «Жакшы кыз жакадагы кундуз» десе «жакшы бала асмандагы жылдыз» - деп улантат.

**Кимге эмне керек?**

А. «Күрөк» деп айтылса, эмгек шаймандары бүт айтылып, жазылып, дыйканчылыкка керек экендиги менен жыйынтыкталат.

Б. «Китеп», «дептер» ж.б. деп окуу куралдары жазылып же айтылып, мугалим менен окуучунун керектөөсү менен жыйынтыкталат.

**Кайсы буюм (сөз) экенин тап?**

Мугалим балдарга нерсенин атын айтпастан сүрөттөйт да, суроо берет. Ат жабдыктары, боз үй жабдыктары, кыргыз элинин улуттук буюмдарын, тамак-аш, оюн, кийимдерин билүүгө багытталып уюштурулат.

**Мисалы:**

1. Ат жабдыгынын жыгачтан жасалган бөлүгү?
2. Биздин мамлекеттик символдорунун биринде көрсөтүлгөн боз үйдүн жабдыгы?

**Эмне жок?**

Нерселер (столдо коюлат же доскада жазылат. Баракчаларга жазылып таратылса да болот.)

Орду өзгөрүлөт же өчүрүлөт, же ашыкча сөз жазылат ж.б.

Мисалы: куржун, аяк кап, самоор, чанач, чыны, сабоо, сумка, стол, доска, ээр ж.б.

**Ким көбүрөөк ойлоп табат?**

А. Адамдагы оң сапат, терс сапат.

Б. Кулк мүнөздү билдирүүчү сөздөр.

В. Улуттук тамак - аштар

Г. Улуттук оюндар ж.б.

## «КЫРГЫЗЫМ – МЕНИН СЫЙМЫГЫМ»[13]

**Максаты:** Окуучу жаштардагы: элдин билимдерин жана турмуштук түшүнүктөрүн;

б) элдин этникалык - маданий тарыхы жана руханий – ыймандык дүйнөсүнө байланыштуу билимдерин тереңдетүү жана ык-көндүмдөрүн калыптандыруу.

Сабак – таймаш төмөнкү тизмекте өттү:

**I-этап:** Командалардын атын, девизин, дубал газеталарын жактоо.

**II-этап:** Элдин- этникалык- маданий тарыхы жана руханий - ыймандык дүйнөсүнө байланышкан тапшырмалар;

- Жети атасын айтуу (түпкү теги жөнүндө санжыра айтып, генеологиялык таблицасын көргөзүү)
- Элдин ыйык үч дөөлөтү: Ата Мекен, Ата - Эне, Эне тил ( Ой толгоосун окуу).
- Үч башатын жоготкон: Ата – Энесин аткан, Ата – Журтун саткан, Эне тилин чанган (дил баян окуу)
- Кыргыз дүйнө таанымы: «Манас» эпосунан үзүндү айтуу.
- Элдин ыйман –ариети жана көркөм татымы (макал – лакап, элдик ырлар, айтыштар, жаңылмач , акыйнек айтуу)

**3-этап:** үй тапшырма (бир жума мурун тапшырма берилет)

1. Өз чыгармачылыгы (улуттук аспаптарда ойноо, элдик ыр -- бийлерди аткаруу, элдик буюмдарды жасап, аны жактоо)
2. Кыргыз меймандостугу (улуттук тамак-ашка комментарий берүү жана дасторкон салтын көргөзүү)

**4-этап:** Командалардагы кыз-балдарга элдик билимдер жана турмуштук түшүнүктөр боюнча өз-өзүнчө суроолор.

**(Мээге чабуул)**

**Эркек балдардан ар бир командадан бирден бала чыгат.**

---

[13] Карачева Ө. // Кутбилим -- Сабак № 9 (58) Сентябрь, 2004, 11-12-б.

**Суроо:**

1. Устукандарды ата? (жамбаш, жото жилик, кашка жилик, каржилик, куймулчак, далы, карчыга, баш.)
2. Эт бышыруу салтын айткыла?
3. Табак тартуу кандай болот?
4. Жандыкты сойуу?
5. Ат жабдыктарга эмне кирет?
6. Боз үйдүн кайсы тарабы эркектерге тиешелүү жана анда эмнелер

коюлат. Эмне деп айтылат?

**Кыздарга берилүүчү суроолор:**

1. Кыз – келиндердин улуттук кийимдерин атагыла?
2. Актан жасалган тамактарга эмнелер кирет?

Койдун кардын кантип тазалайт жана ич эттеринен кандай тамактар жасалат?

3. Боз үйдүн аялдарга тиешелүү жагы эмне деп аталат жана ал жерге эмнелер коюлат?
4. Жаңы келиндин милдеттери кайсылар?
5. Жүндөн кайсы буюмдар жасалат?

**5-этап: кошумча суроолор:**

1. Асмандын пири (Көкө теңир)
2. Жамгыр, чагылгандын пири (Кулдур ата)
3. Жылкынын пири (Камбар ата)
4. Кумурсканын пири (Кумпа баян)
5. Төөнүн пири (Ойсул ата)
6. Табыпчылыктын пири (Улукман)
7. Койдун пири (Чолпон ата)
8. Уйдун пири (Зеңги баба)
9. Алгыр куштун пири (Буудайык)
10. Тоонун пири (Тастар ата)

## Кандай бала ыймандуу?

**Максаты: 1.** Окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоо жана ыймандуулуктун айрым адаттары жөнүндө билимдерин жана түшүнүктөрүн тереңдетүү.

**2.** Көркөм окуу, артисттик, аткаруучулук ык-көндүмдөрүн өстүрүү.

**Мугалим:**

Кимдер кандай түшүнөт, кандай бала ыймандуу?

**1-окуучу:**
Ата-эненин айтканын,
Кулак салып тыңшаса.
Иш тапшырса «жаса» – деп,
Шылтоо издеп турбаса.
**Жалпы хор менен:**
Ошол бала ыймандуу.
**2-окуучу:**
Дайым, кайда жүрсө да,
Тыкан, таза кийинсе.
Улууларга жолукса,
Салам айтып ийилсе.
**Жалпы:**
Ошол бала ыймандуу.
**3-окуучу:**
Чыр балдардын ичинде,
Сабыр кылса токтолуп.
Сабакта тынч отурса,
Тентектенбей шоктонуп.
**Жалпы:**
Ошол бала ыймандуу.
**4-окуучу:**
Улууларды урматтап,
Кичүүлөрдү сыйласа.
Жалган сүйлөп көнбөсө,
Дос көңүлүн кыйбаса.
**Жалпы:**
Ошол бала ыймандуу.
**5-окуучу:**
Шылтоолорду көп айтып,
Сабагынан калбаса.
Жолдон тапкан олжосун,
Ката салып албаса.
**Жалпы:**
Ошол бала ыймандуу.
**6-окуучу:**
Таранчыны ташка алып,
Ит, мышыкты урбаса.
Мерседеске түшсө эле,
Менменсинип турбаса.
**Жалпы:**
Ошол бала ыймандуу.

**7-окуучу.**
Акыл насаат сөздөрдү,
Пайдаланып жүрө алса.
Мугалимдин айтканын,
Аң – сезимге түйө алса.
**Жалпы:**
Ошол бала ыймандуу.
**8-окуучу:**
Үйгө келген конокту,
Тосуп алса сүйүнүп.
Төргө өткөрүп чай куюп,
Суна билсе ийилип.
**Жалпы:**
Ошол бала ыймандуу

## АДЕП АЛИППЕСИ[14]

## ЖУУГАН КОЛУҢДУ СИЛКПЕ

**Максаты**: Балдарды адептүүлүктүн жакшы адаттары жөнүндө түшүнүктөрүн жана билимдерин өстүрүү.

**Макал:** «Карынын кебин капка сал».

Мен колумду жуудум да силкип - силкип эле кургата баштадым.

-Жууган колуңду силкпе! Ырыскың качат, - деди чоң апам.

-А ырыскы деген эмне? - деп сурадым чоң апамдан. Чон апам мени маңдайына отургузуп алып, минтип айтты:

-Ырыскы деген ырыскы балам. Мына, жеген наның, ичкен сууң, ырыскың, болот. Ырыскың качса кардың тойбойт. Колуңдан береке кетет. Кардың тойбосо боюң өспейт. Күчүң азаят. Китепти да окуй албай каласың. Ошондуктан колуңду жууганда силкпе. Кол аарчыга аарчы.

-А береке деген эмне? - дедим баарын билгим келип.

-Береке деген береке, балам. Ал - ырыскы, ал - байлык. Ырыскы менен байлык маңдай тер ак эмгектен жаралат. Колуң берекелүү болсо, иштеген ишиң ар дайым ийгиликтүү жүрөт, тапкан пайдаң көп болот. Дасторконуң тамак ашка, үйүң байлыкка толот. Андай киши эл журтуна кайрымдуу болот, - деди чоң апам.

---

[14] Кармышаков Аман // Кутбилим – Сабак № 11 (60) ноябрь, 2004, 16-б.

## БЫШКАН ТАМАКТЫ ТАШТАБА
### (Аңгеме)

- Атай, муну тайатаңдыкына жеткирип келчи, - деди атам, койдун эти салынган баштыкты көтөрүп. Мен аны тайатамдыкына алып барып бердим, тайатам ыраазы болуп мындай деди:

- Ырахмат балам! Жаңы шорпону сагынып калдык эле.

Мен тайатамдын айткандарын жасап, иштерин бүтүрдүм да, үйгө шаштым. Аңгыча тайэнем минтти:

- Тамак бышып калды. Мейман болуп кет.

Мен мындай дедим:

- Тайэне! Курсагым ток, кете берейинчи.

Тайэнем ага макул болгон жок. Ал мага буйра сүйлөдү:

-Ботом, «курсагым ток» - деп эле ичпей кетип калмак белең, отур!

-Курсагым ток дедим го, бара берейинчи? - дедим мен көгөрүп.

Тайатам унчукпай отурган эле, ал сөзгө аралашып, мындай деди:

-Э, тентегим! Оюнга шашып жаткандырсың да, отур! Бышкан тамакты да таштачу беле?!

Мен отуруп калдым. Тамак ичилип бүттү. Анан мен минтип сурадым:

- Тайата, бышкан тамакты таштаса эмне болот?

Ал сакалын сылап тунжурай түштү да, мындай деди:

- Э, балам, бу насаат сөз. Байыркы акылман ата-бабалардан калган.

«Бышкан тамакты таштап кеткен жолоочунун жолу болбойт», - дешкен алар. Чынында эле тамактын касиети күчтүү. Мына, сен эми курсагың ток, көңүлдүү ойнойсуң. А карды ачка кишиде күч болобу.

Тайатамдын жообу мага аябай жакты.

- Туура, курсагы ач кишиде күч болбойт, - дедим мен.

**Макалдар:** «Бышкан тамакты таштаба»

«Чакырбаган жерге барба,
Чакырган жерден калба».

## КӨРӨ ЭЛЕК СЫЙ

**Максаты:** Окуучуларды кошуналыктын салтын, адамгерчиликти, сыйды, туура баалай билүүгө тарбиялоо.

Илгери бир кедей менен хан кошуна жашаптыр. Бир күнү кедей да, хан да эркек балалуу болуптур.

-«Ынтымак бар жерде-ырыс бар» дейт эмеспи кедейим, балдарды дос кылып коелу, - дейт хан.

Кедей макул болот, Хан кедейди үйүнө чакырып, төө союп коноктойт. Кедей ханга абдан ыраазы болуп:

-Ырахмат, ханым! Мен өмүрүмдө мындай сый көргөн эмесмин! - дейт.

-Эч нерсе эмес кедейим! Сен да мени коноктоп, өмүрүмдө көрө элек сый көрсөт, - дейт хан. Колуңда жок кедейдин айласы кетет, «ханды коноктош оңой-олтоң иш эмес, эми эмне кылабыз кемпирим?» - деп кемпиринен кеңеш сурайт. Кемпири унчукпай жер карайт. Аңгыча хан чакыртпай эле келип калат. Кедей бечара эмне кылмак, ханды төргө өткөрүп, алдына жалгыз көмөч нанын коет:

-Алыңыз ханым, биздеги болгон сый тамак ушул, - дейт. Хан болсо көмөчтү жегиси келбей:

-Э, кедейим! Мендей улуу даражалуу ханга көрсөтөр сыйың жалгыз көмөч нанбы?! - деп каарданат. Ачуусуна чыдабай кедейдин башын алып салмак болот. Ошондо кедей минтет:

-Ханым, кудай кошкон кошуна элек, башымды алардын алдында, менин үч суроомо жооп берсеңиз экен?

-Ал кандай суроо? - дейт хан кызыгып.

-О, кудуреттүү ханым! - деп кедей суроосун бере баштайт. Балдарды дос кылалы деген сунушту өзүңүз айттыңыз эле туурабы? Хан башын ийкейт.

-Мени үйүңүзгө чакырып, төө союп, коноктогон да өзүңүз туурабы? – дейт кедей. Хан бул жолу да башын ийкейт.

-Ырахмат ханым! Мен өмүрүмдө сый көргөн эмесмин десем.

-«Эч нерсе эмес кедейим, сен да мени коноктоп, өмүрүмдө көрө элек сый көрсөтөт» деген элеңиз, туурабы? – дейт кедей.

-Туура, - дейт хан адатынча баш ийкеп.

-Ошол өмүрүңүздө көрө элек сый, мына ушул эмеспи ханым! – дейт кедей. Хан ошондо гана кептин төркүнүнө түшүнөт. Кедейдин акылына ыраазы болот. Алдына койгон көмөч нанды жейт. Өз оройлугу үчүн кедейден кечирим сурайт.

Ошентип, хан менен кедейдин балдары дос, өздөрү болсо ынтымактуу кошуна болуп көптөгөн жылдар бою жыргап – куунап жашап калышат.

## «УЛУТТУ АРАК ЖОК КЫЛАТ»[15]

(2-класстарда өтүлүүчү тарбиялык саат)

**Сабактын максаты:** окуучуларга ичкиликтин зыяндуу жактарын, ичкилик бүтүндөй бир үй-бүлөнүн үмүтүн өлтүрүп, ошол үй-бүлөнүн балдарынын бактысыз болуп калышынын негизги себепкери экендигин, натыйжада ден соолуктары бузулган оорукчан адамдардын пайда болуу-сун шарттап, улуттун өркүндөп-өсүшүнө тескери таасир этерин көрсөтүү.

**Сабактын жабдылышы:**

I. Окуучулар тарабынан тартылган ар кандай абалдагы мас адамдардын сүрөттөрү.

II. Суроолор жазылган карточкалар.

III. Улуу ойчулдардын аракечтик жөнүндө айтылган сөздөрү жазылган баракчалар.

IV.Буклеттер.

**Сабактын жүрүшү:**

(Тарбиялык саатка мектептин мугалимдери жана окуучулардын ата-энелери кошо чакырылат).

I. Саламдашуу,

**1-окуучу:** Ажарлуу жанып жүзүңөр,
Шаңдуу чыксын үнүңөр,
Кымбаттуу агай-эжейлер,
**Жалпы:** Кушу бак болсун күнүңөр.
**2-окуучу:** Ата-энелер балдарынын жанында,
Ажырабай дайым бирге жүрүңүздөр,
Ардактуу ата-энелер,
**Жалпы:** Бүгүн бизге куш келиңиздер!
**3-окуучу:** Эмесе эң негизги ден соолук,
Ишиңерге ийгиликти каалайбыз.
Андыктан 2- класстын атынан,
**Жалпы**; Аздектеп салам жолдойбуз!
**4-окуучу:** Бүгүн биздин саатыбызды,
Өттүк мектеп төрүндө,
Ал эми саатыбыздын темасы,
**Жалпы:** Арак-шарап жөнүндө.

**II. Арактын зыяндуу жактары жөнүндө жазылган ырлардан жатка айтуу.**

**5-окуучу:** Азезилдей арак турат азгырып,
Ак жолуңдан бир заматта жазгырып.

---

[15] Берикбаева С//Кутбилим – сабак №6 (55) Июнь, 2004, 14-15 б.

Эскертүү: автордун оюу боюнча материалдын мазмуну ортоңку класстардын курак жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуу.

Күтө бергин түгөнбөгөн азабын,
Кечээ турса көңүлүңдү жаз кылып.

**6-окуучу:** Алыстатат балдарыңдан, жарыңдан,
Алдастайсың, жүдөө тартып жарым жан.
Сага кыйбас дос өңдөнүп туюлар,
Бөтөлкөлөш жандар сага кабылган.

**7-окуучу:** Сакал-мурут калат күндө кырылбай,
Жаткан жериң сасыйт төшөк жыйылбай.
Жакпайт сага «ичпе десе» кишилер,
Жакпайт сага душман сындуу кызылдай.

**8-окуучу:** Табылганда 100дү жыргап урасың,
Тамтаңдайсың бир аз кирип кубатың,
Дагы кимден табылат деп 100 грамм,
Дагы кимге тилемчилик кыласың.

**9-окуучу:** Аа, байкушум болор элең иштесең,
Адал иштеп ак наныңды тиштесең.
Азаматтын бири эле деп калышат,
Ата журтуң, туу көтөрөр ичпесең.

**III. Окуучулар 2 топко бөлүнүшөт. Сахналык көрүнүш.**

**1-топтун окуучулары:**

**1-окуучу:**
Баятан бери байкасам,
Арактыы абдан жамандап.
Тебелеп, тепсеп тимеле,
Кызык, ушулар деги,
Арактыы ичпей калабызбы эми?

**2-окуучу:**
Ээй, чынбы деги?
Келгиле анда, эмне турабыз,
Акылдашып 100 граммды урабыз.

**3-окуучу:**
Оой, жакшы болбодубу,
Башым ооруп жатты эле.
Кандай айла кылам деп,
Баятан башым катты эле.

**4-окуучу:**
Ошону айтсаң, адамдын көңүлү гүл деген,
Менин эң жакын досум Таалай.
Үйлөнүп жатса жарык маанай
Досум менен аяшымдын көңүлү үчүн,
Кантип мен жүз граммды алалбайм.

**5-окуучу:** Ошо да,
Акыл-эстүү адамдардын баары эле айтып жүрүшөт,
Эң жакшы сөздүн берметтери арак ичкенде,
Тост сүйлөгөндө айтылат деп.
**6-окуучу:** Келгиле анда,
Таалай менен аяштын көңүлү үчүн,
Жүз граммды алып берели достор,
Көңүл үчүн, эй достор, көңүл үчүн!
(Бардыгы бирден чөнтөктөрүнөн стакан алып чыгышат)
**7-окуучу** (тост айтат)
Эй достор, бүгүн кубанычтуу күндөрдүн бири,
Таалайдын үйлөнүү тою өтүп жатат.
Бактылуу жаштардан болсун,
Кыскасы бейкутчулукту, берекелүү күндөрдү, каалап кетебиз.
**8-окуучу**:
«Кимди көрсөм масты көрөм,
Көздү кантип жума алам,
Кайда барсам маска урунам,
Ичпей кантип тура алам» - деген экен кытай элинин улуу акыны Ван Цзи.
(Стакандарга куюп, алып жиберишип, жалпы «Ичели» деген ырды ырдашат).
**Жалпы:** Ичели.
Ичеличи, ичеличи тамчы арак калганча да, калганча,
Ойнойлучу, ойнойлучу бекер өлүп калганча да, калганча.
Ойноп-күлүп бул жашоодон өтөлү да кетели,
Бул дүйнөдөн оо дүйнөгө барганча да, барганча,
Толтура куй бөксө жери калбасын да, калбасын,
Абайлап куй тамчы жерге тамбасын да, тамбасын,
Ичпейм деген сен бөлөктү кыйнаба да, кыстаба,
Колго алып шагы сынып калбасын да, калбасын.
**9-окуучу**: Ээй, Таалай!
Ушу сен бүгүн үйлөнүп калыпсың,
А мен болсом сен деп,
Бишкектен келип калыпмын.
**10-окуучу**:
А менчи, мен дагы ишимди таштап,
Алтындай убактымды коротуп,
Ушу сен деп келдим эле.
**11-окуучу**:
Анан биз сен деп келсек,
Бул эмне кылганың бизди.

Куйганың кыйраткансып 1 ящик арак,
Дагычы, дагы арагың барбы?..
**12 -окуучу**: (теңселип)
Бул башынан эле,
Окуучу кезинен эле сараң болучу,
Буга айткан кайран кеп.
**13 -окуучу**:
Мындан көрө коммерсант акеге баралы,
Өзүбүз эле самопал сатып алалы,
Ичип, ичип тоюп алып.
Анан, Таалайга чоң чатакты салалы.
(ырдап чыгып кетишет)

**2 - топтун окуучулары:**

**1-окуучу**:
Булардан уят кетти,
Ичкендери 1 ящикке жетти.
Ага дагы алымсынбай,
Коммерсант акеге кетти.
**2-окуучу**:
Ой, тигилерди кой дегиле,
Дагы жүздү ичишсе,
Нокаутка кетишет,
Ансыз да ушуга чейинки,
Мас болгондору жетишет.
**Жалпы:**
Биз булардын жолун жолдобойбуз,
Биз булардын оюн колдобойбуз.
**3-окуучу**:
Жеңил ойдон кайтабыз,
Таалайга аруу тилекти,
Араксыз эле айтабыз.
**Жалпы;** (ырдашат)
Биз акылдуу балдарбыз,
Биз ойлонгон кыздарбыз.
Бакыт тилеп Таалайга,
Ырыс-кешик каалайбыз!
(Эшиктен баштарын жерге салып беркилер кирип келишет)
**1 - топ:**
Бизди кечирип койгула,
Кечээ тойдо уят болупбуз,
Жаман балдар атка конупбуз.

**2-топ:**
Урушпастан келгиле, эсибизге келели,
Андан көрө буларга,
Арактын жаман жактарын,
Кеңири түшүндүрүп берели.
**1 -окуучу**: Арак - бул ичимдик,
Көп ичсе көпкө күлдүргөн.
Арак - бул азгырык,
Кайда бассаң, ошол жакка жүрдүргөн.
**2-окуучу:**
Арак - бул уятсыз,
Көрүнгөндү сөктүргөн.
Арак - бул арстан,
Эч кимди көзгө илбей көптүргөн.
**3 -окуучу**:
Арак - бул эртеңкисин,
Ойлоп койбойт эч качан.
Ким менен жүргөнү, эмне болуп атканы,
Эсинен чыгат кап качан.
**4-окуучу:**
Арак - бул жыгылтат,
Катуу тийсе сездирбейт.
Арак - бул сойлотот,
Өз оюнда жаман кылдым дедирбейт.
**5-окуучу**:
Арак - бул келжирек,
Ойду-тоону сүйлөтөт,
Арак - бул жалаң топ.
Алы жетсе да, жетпесе да күүлөнөт.
**1-топтон**
**1-окуучу**:
Ай-ий ушунун баары,
Аракка тойгондон кийин болот го,
Андыктан мени көпчүлүк,
Маймыл экенсиң деп коөт го.
**2-окуучу**:
Кой, мен аракты таштайын да,
Өзүмдү-өзүм кармайын.
Минтип жүрсөм жакында,
Адам санынан чыгып калбайын.

**2 - топтон**

**1 - окуучу**: Мына ошондуктан арактын зыяндуу жактары жөнүндө улуу адамдар төмөндөгүдөй сөздөрдү айтып өтүшкөн:

**2-окуучу**: «Мас кишиден» сен ичкенди качан таштайсын» деп сурайлычы, ал үчүн жообун мен кайтарайын, мас болгондо иштеген иштерин эсине алсын». (Пифагор)

**3-окуучу**: «Мастык балдардын кем акыл, дудук болушунун себебкери (Гиппократ)

«Мастык өз ыктыяры менен жинди болуу. (Аристотель)

**4-окуучу**: «Жамгыр тамса чөп чыгат, арак тамса жаман сөз чыгат». (Расул Гамзатов)

**5 - окуучу**: Ал эми кыргыз элинин төмөндөгүдөй макалдары бар:

**6-окуучу:** «Мастык кырсык үчүн ачыла турган эшик».

**7-окуучу:** «Арак ичүү жеңилдикке. шайкелеңдикке машыгуу»

**8-окуучу**: «Арак ичкен тойдо мас,
Акылы жок күндө мас».

**9-окуучу**: «Аракка кандым дегиче,
Азапка калдым дегин».

**10-окуучу**: «Мас адам адам эмес, анткени акылынан ажырап калат,

Адамды айбандан айырмалап турган акылы да»

**Жыйынтыктоо.**

**1-топтон**

**1-окуучу:** Охоо, демек арактын зыяндуу жагы көп экен го.

**2-окуучу:** Анда эмесе кымбаттуу агай-эжейлер,

**3-окуучу:** Ардактуу ата-энелер,

**4-окуучу:** Жалпы эле айылыбыздын тургундары,

**5-окуучу:** Келин алып, кыз бергенде,

**6-окуучу:** Чоң тойлордо,

**7-окуучу:** Туулган күндөрдү белгилөөдө,

**8-окуучу:** Наристе жарык дүйнөгө келгенде,

**Жалпы**: Ичкиликти таштайлы.
Жакшы адатты баштайлы.

**V. Жалпы хор**

**«Ичпейбиз»**

Кел акылга келели,
Эркибизди жеңели.
Ичпейбиз деп аракты,
Убаданы берели.
Арак арты өкүнүч,
Уятка биз калбайлы,
Азыртадан ойлонуп,

Туура жолду тандайлы.
Жыйынтыктап айтканда,
Арак ичип кетпейбиз,
Келечекте, турмушта,
Ичпейбиз биз, ичпейбиз.

**VI**. Сабактын акырында арактын зыяндуу жактары жөнүндө жыйынтыктап келип, окуучуларга төмөндөгүдөй суроолор менен кайрылса болот:

1. Арак ичкен адамдар жөнүндөгү сенин оюң?
2. «Арак улутту жок кылат» деген сөздү чечмелеп бер?
3. Арактын пайдалуу жагы болушу мүмкүнбү, же такыр эле пайдасызбы?
4. Арактын зыяндуу жактарын чагылдырган кинолор, окуган китептериңер жөнүндө айтып бергиле ж.б.

VII. Жогорку суроолорго кыскача жооп алгандан кийин үйгө тапшырма берсе болот.

Мисалы: «Арак улутту жок кылат» деген темада дилбаян жазып келүү.

## МАТЕМАТИКАЛЫК ЖАҢЫЛМАЧТАР[16]

Математика предметине байланыштуу жаңылмачтар окуу китептерде берилген эмес. Сандарга байланыштуу айрым бир жаңылмачтар кыргыз тилиндеги адабияттарда кездешет. Математикалык жаңылмачтар негизинен окурмандардын кыргыз тилине болгон кызыгууларын, сөз байлыктарын арттырат. Эс тутумун, логикалык ой жүгүртүүлөрүн өстүрөт. Эне тилибиздин улуулугун даназалап, сүйлөө кебин ыкчамдатып, чыгармачылыкка шыктандырат.

Математиктер маселе менен машыгат,
Мазмундуу мисалдарга малынышат.
Маанилерин маалымдап маашырланса,
Мээлеген максаттарын маңыздашат.

Чийме чийген Чыныбай,
Ченөө чечкен Чаныбай.

---

[16] Кадамжай районундагы Сырт орто мектебинин математика мугалими, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктысы Каныбек Эсеновдун иш тажрыйбасынан алынды.

Чыныбай ченөө чечмелесе,
Чаныбай чийме чиймелемек.
Чыныбай чийме чиймелесе,
Чаныбай ченөө чечмелемек.

Сен иштеген көнүгүү,
Маселе го теңи эле,
Калгандары теңдеме.
Мен иштеген көнүгүү,
Теңи болсо теңдеме,
Калгандары маселе.
Алмаштырсак аларды,
Адашпайбыз дагы эле.

Аныкталган аксиомабы?
Такталбаган теоремабы?
Такталганы аксиомабы?
Аныкталбаган теоремабы?

Аныкталып, такталбаган теоремабы?
Такталбай аныкталган аксиомабы?
Такталып аныкталбаган теоремабы?
Аныкталбай такталган аксиомабы?

Параллелепипеддештирилгендерденсиздерденби, же болбосо
Параллелограммдаштырылгандардансыздарданбы?

Төрт бурчтук көп,
Көп бурчтук төрт.
Көп бурчтуктан көп,
Төрт бурчтук төп.

Бул көп грандык,
Кай төрт грандык?
Бул төрт грандык,
Бай көп грандык.

Апал сызды төрт бурчтук,
Үпөл сызды үч бурчтук.
Апал сызмак үч бурчтук,
Үпөл сызмак төрт бурчтук.
Дептерлери алмашып,
Экөө сызды көп бурчтук.

# ҮЧ БУРЧТУК МЕНЕН ТӨРТ БУРЧТУКТУН АЙТЫШЫ

Математика жумуриятынын Геометрия дубанынын Планиметрия чөлкөмүнө караштуу Төртгүл деген айылдын Төмпөк уруусунан Токо деген төкмө акын чыгыптыр. Ал күү черткенде асманда учкан куш токтоп кулак салган, мукам үнү алыска барган, чечендиги таш жарган, жада калса өз элин башкарган атактуу акындардын бири экен. Токонун атагы төгөрөктүн төрт жагына тарап, аны менен айтышам деп келген нечендеген акындардын жаактары жап болушуп, кайтып кетишчү экен.

Күндөрдүн биринде алыскы Үрүмчүдөгү Үч-Терек деген айылдан Үкө аттуу жаш акын чыгып, мына ошол Токо акынга барып, андан алым-сабак алганы келип, саламдашып турган жери:

**Үкө акын үч бурчтук**

-Ассолоому алейкум!
Төрт бурчтук аба аманбы?
Үйрөнүп сабак алам,-деп,
Үч бурчтук айтат саламды.
Үяткарып тилдебе,
Үрпөйгөн мендей балаңды.
Үзүлүп араң, турамын,
Айта албай сизге санаамды.
Уруксат берсең айтайын,
Өзүмдүн кичине чамамды.
Угузуп узун кебимди,
Узартпай айтпай каламбы.
Ар жерден чокуп бир сүйлөп,
Же, сизди таарынтып аламбы ээ...

**Токо акын төрт бурчтук**

Алигин алам саламдын,
Үрпөйгөн сендей баламдын.
Үркпөстөн кебиң айта бер,
Сөзүнө үкө канамын.
Үзүп, үзүп айта бер,
Жыйылганча танабың.
Үймөктөтүп айта бер,
Үпүптөй болгон жанабым.

Айта бергин деп койсо,
Озунбагын чанагым.
Төгерегүң толо фигура,
Оолукпай, абайлап карагын ээ...

**(Үкө)**

Уруум болсо «үч бурчтук»,
Кармап бир турам үч бурчту.
Үч кесинди жактарым,
Милдетиң жүрөт аткарып.
Эки жагым теңделсе,
«Тең капталдуу» деп коет.
Эгер үчөө теңделсе,
«Тең жактуу» эле деп коет.
Бурчтардын бири тик болсо,
«Тик бурчтуу» атка кономун.
Ич бурчтарым бириксе,
Жүз сексенге толомун.
Айта берсе талыкпай,
Бүтпөйт менин жомогум.
Такылдатып таңдайды,
Тырыштырбай маңдайды,
Өзүң жөнүндө айтпасаң,
Уят болуп калбайбы...
Курсагы жок мендейди,
«Чанак»-деп, элди алдайбы?
Андан көрө сизге да,
«Томпок» деген атты тандайлы ээ...

**Токо**

Ээ, үкө!
Сайратып сенин тилиңди,
Баятан бери тыңдадым.
Ичке каткан дилиңди,
Баятан бери сындадым.
Жайрасын деп инимди,
Жолтоолук сага кылбадым.
Жүрөктөгү зилиңди,
Чыгарат деп чыдадым.

Анан келтирип жиниңди,
Балача мага ыйладың.
«Курсагым ачты–кетем» деп,
Атакеңди кыйнадың.
Болуптур балам угуп ал,
Анда өзүм жөнүндө ырдайын ээ…
Атакең болот төрт бурчтук,
Ал дагы кармайт төрт бурчту.
Ички бурчтарым бириксе,
Сенден эки эсе улуумун.
Тегим болсо кулуну,
Өзүң айткан томпок уруунун.
Менде да төрт жагым бар,
«Диагональ» деген эки далым бар.
Түгөй жактары жарыш, тең
«Параллелограмм» деген уулум бар.
Каршылаш жагы параллель,
«Трапеция» деген уулум бар.
Түгөй жактары жарыш, тең
Төрт бурчу тик, ичи кең,
Тик бурчтук мага небере.
Төрт бурчу менен жагы тең,
Квадрат дагы небере.
Төрт жагы баары тең болгон,
Түгөй бурчтары тар, кең болгон,
Ромб да мага небере.
Баарын айтсам береке,
Түгөнбөйт го деги эле.
Музоодой кепшеп чайнадым,
Кебимди угуп жайрадың.
Эки ооз кепти айта албай,
Комузду тырмап аймадың.
Сары ооз балапан өндөнүп,
Оозумду менин пайладың.
Көтөрөм болбой, жөндөлүп,
Шурудай сөздөн айдагын ээ…

## Үкө

Ээ, атаке!
Сөзүңдү мен да тыңдадым,
Бөйрөктөн чыгарып шыйрагын,
Музоого теңеп сындадың.

«Таалим алам» -деп келсем,
Жемелеп мени ырдадың.
Желе жайып турсаң да,
Жезит чал дебей сыйладым.
Уктум менин кебиңди,
Билдим сенин тегиңди.
Тармактап кеткен экенсиң,
Таш коргон кылып чебиңди.
Бош келбей турган экенсиң,
Бекем бууп белиңди.
Тамырлап кеткен экенсиң,
Башкарып өзүң элиңди.
Балапан болсом да ырдайын.
Денемди мен да чыңайын.
Темир канат байлап өзүмө,
Таллынып көктө учайын.
Өнөрүмдү көрсөтүп,
Өзгөчө болуп сызайын.
Кебетем менен дал келген,
Үч белгим жөнүндө улайын.
Эки жагы менен бир бурчу,
Теңделсе эгиз болобуз.
Бир жагы менен эки бурчу,
Теңделсе эгиз болобуз.
Жактарга жактар теңделсе,
Дал келип, тегиз болобуз.
Алдыга карай күйүккөн,
Бурчтарды тең бөлүнткөн,
Калыстыгы көптү сүйүнткөн,
«Биссектриса» деген бар.
Аны менен дайым иш бүткөн,
Айтса кутулуп бир жүктөн,
Чокудан негизге тик түшкөн,
«Бийиктик» деген бири бар.

Чокудан туруп мээлеген,
Каршы жактын ортосун,
Туташтырган жолду ээлеген,
«Медиана» деген бар.
Кара кылды как жарып,
Милдеттерин аткарып,
Бул үчөм менен мен жүрөм,

Сыймыктанып, мактанып.
Тик бурч жөнүндө сөз улап,
Айтпаса болот чоң уят.
Пифагор айткан осуят,
Теорема болуп озунат.

Квадраты менен катеттер,
Сумма болуп кошулат.
Квадраты менен теңделип,
Гипотенуза ага кол сунат.
Сөздүн айтып демейин,
Кезекти сизге берейин.
Токо! Төгүлүп ырдап бериңиз.
Билекти туруп ченейип.
Таңыркашып калышсын,
Отургандар селейип, ээ...

## Токо

Оо үкөм, угуп турдум ээ сөзүңдү,
Карап турдум аа өзүңдү.
Жибиттиң го көңүлдү,
Узарттың го өмүрдү.
Тек кайыңды аа байкадым,
Тектүү жерден ээ экенсиң.
Өнөрүңдү аа байкадым,
Өзөктүү жерден ээ экенсиң.
Жөндөмүңдү аа байкадым,
Жүйөлүү жерден ээ экенсиң.
Күч-кубатыңды аа байкадым,
Күнөстүү жерден ээ экенсиң.
Сузуп сузуп аа айтайын,
Сөздөрдүн ээ текесин.

Чымчып, чымчып аа айтайын,
Өнөрүмдүн ээ чекесин.
Ички сырды ачайын,
Балдарымды айтайын.
Кылыгын айтып ар бирин,
Санактап берип кайтайын.
Каршы бурчтары теңелет,
Кең, тар болуп ченелет.

Диагоналдары кесилет,
Орто жерде кезигет.
Карама-каршы жактары,
Өз ара дал келинет.
Жарыш болуп алары,
«Параллелограмм» делинет.
Төрт бурчу баары теңелет.
Тик бурч болуп ченелет.
Параллелограмм болсо да,
Ал тик бурчтук делинет.
Диагоналдары тик кесилет,
Орто жерде кезигет.
Бурчтары да тең болуп,
Биссектриса болуп сезилет.
Бардык жактары теңделген,
Бул параллелограмм «ромб» делинет.
Өзү тик бурчтуктан жаралган,
Жактары тең деп каралган,
Диагоналдары теңделип,
Биссектриса саналган.
Төрт бурчу баары тең болуп,
Жактары тик таянган,
Өзүкубда кезигет,
Аты «квадрат» делинет.
Карама-каршы жактары,
Экөөсү гана параллель.
Калган эки капталы,
Эмес экен параллель.
Капталдарын тең бөлгөн.
Орто сызыгы берилет.

Мындан болгон төрт бурчтук,
«Трапеция» делинет.
Сөздү тартам жүгөндөп,
Балдарымды айттым түгөлдөп.
Айтчы сөздүн калганын,
Калтырбастан үнөмдөп.

**Үкө**

«АЙТ» деп сөздүн калганын,
Кайырмакты кармадың.

Илинип калчуу балыктай,
Жем таштап, мени алдадың.
Илингидей тумшуктан,
Сен күткөн балык мен эмес.
Тор жайсаң да туш-туштан,
Үкөңүз аны кенебес.
Айтайын сөздүн калганын,
Кошпостон бир да жалганын.
Чокудан өтүп айлана,
Коргон болуп сызылат.
Жактарымдын ортосу,
Перпендикуляр менен кыйылат.
Үчөөсү баары чогулуп,
Орто жерде жыйылат.
Сыртыма сызылган айлана,
Ал борборго сыйынат.
Жактарымды жанып айлана,
Мага ичтен сызылат.
Биссектриса чыгып үч бурчтан,
Жолукканы кызыгат.
Чогулуп алар бир жерде,
Борборду түзүп тыныгат.
Бир бурчум тик куралса,
Андан катеттер уланса,
Гипотенузага жанаша катеттер,
Эмнеге тең? – деп суралса:
Тар бурчка маңдай катеттин,
Гипотенузага катышы «синус»,
Тар бурчка жандаш катеттин,
Гипотенузага катышы «косинус»,

Алардын чен бирдиги,
Болот деймин «градус»,
Бурч менен жактар айкалып,
Турушат дайым байкалып.
Дайынсыз болсо бириси,
Бирдикте табат жар салып.
Ушинтип Токо үч бурчтук,
Турмушта жүрөт жайкалып.
Эми ырды бүтөйүн,
Айтып сөздүн түгөйүн.
Керээз айткан атадай,
Кезегин сизден күтөйүн ээ…

**Токо**

«Таалим алам» - деп келип,
Турумтай болуп калыпсың.
Баладай мага көрүнүп,
Булбулдай болуп калыпсың.
«Сабак алам» - деп келип,
Сагызган болуп калыпсың.
Асыл тайдай буулугуп,
Азуу сайып аа калыпсың.
Уялып көрүнүп сен мага,
Ушар болуп аа калыпсың.
Муңайып ырдап сен мага,
Мыкчыгер болуп аа калыпсың.
Таазим кылып сен мага,
Тарбияланып аа калыпсың.
Акыл – эсти жыялы.
Айтышканды тыялы.
Отургандар баарысы,
Баа беришти сыягы.
Өнөрүбүздү аябай,
Фигураларга кызмат кылалы.
Пайдабыз тийип өлкөгө,
Бийик чыксын урааны...
Илим өсүп алдыга,
Элден чыксын чыгааны.
Бийиктикке жетишип,
Журттан чыксын кырааны.
Үзүр айтышып бул жерден,
Үкө! Эми жылалы ээ...

**Кече**

## «КОҢУР КҮЗ БЕРЕКЕСИ»

**Төмөнкү тарбиялык милдеттер коюлушу мүмкүн:**

1) күз, эмнеликтен «берекелүү» мезгил деп аталары жөнүндө окуучулардын ойлорун, көз караштарын тереңдетүү;

2) жылдын бөлөк мезгилдерине салыштырмалуу күздүн өзгөчөлөнгөн касиеттерин балдардын ички туйгуларына жана аң сезимдерине жеткирүү;

3) баба дыйкандардын эмгегин барктоого, кадырлоого, эмгекчил болууга тарбиялоо;

4) улуу жаратылыштын байлыктарын үнөмдүү, сарамжалдуу пайдалана билүүгө, табийгат менен таттуу мамиледе болууга тарбиялоо;
5) көркөм сүйлөө ык-жөндөмдөрүн өстүрүү.

**Кеченин программасы:**

1. Ачуу (алып баруучунун баш сөзү).
2. Саламдашуу.
3. Баяндама.
4. Хор.
5. Жашылчалар. Мөмө-жемиштер жөнүндө декламациялар.
6. Жеке аткаруу.
7. Бий.
8. Интермедия.
9. Жеке аткаруу.
10. Күз тартуулаган береке (көргөзмө уюштуруу).
11. Хор.
12. Жыйынтыктоо.

**Алып баруучу:** - Балдар, жыл мезгилдеринин эң берекелүүсү-коңур күз. Ошондуктан «Алтын күз» деп аташат. Баба дыйкандарыбыздын жыл бою ширин түн уйкуларын бөзишип, күндүр-түндүр маңдай терлерин агызышкан эмгектеринин, күчтүү эркттеринин чыдамкай мээнеттеринин жемишин, үзүрүн күзүндө көрүшөт. Ак дасторконубуз нанга, мөмөгө, жашылчага, эт-майга толот. Ар бир үйгө кут, береке кирет. Жүзүбүз күлкүгө, көңүлүбүз кубанычка, шаттыкка бөлөнөт. Андан соң кийинки номерлерге кезек берилет.
Жашылчалар, мөмө - жемиштер жөнүндө декламациялар.
Катышуучулар:

1. Дарбыз.
2. Пияз.
3. Ашкабак.
4. Коон.
5. Жүзүм.
6. Сабиз.
7. Помидор.
8. Капуста.
9. Алма.

**Алып баруучу:** - Кечебизде урматтуу меймандардын жоон тобу (б.а. жашылчалар, мөмө-жемиштер) катышып олтурушат. Алар өзүлөрүн бизге жакындан тааныштырышса.

**Дарбыз:** - Достошпоймун, өтүмдүүмүн базарда,
Таттуу келем салыштырса даамымды.
Сени менен достошуудга мага болбойт,
Анткени сен, бышканыңда ачуусуң да.

**Пияз:** - Туурап мени сорпого,
Коюп койсо ортого.
Чыкты жытым буркурап,
Баары мени карашат,
Шилекейлери чубура.

**Ашкабак:** - Туш-туш жакка тамыр чачкан,
Муун сайын түшүм алган.
Түшүмдөрү толуп арткан,
Ойлоп койгон алды жактан,
Бул бардыгы ашкабактан.

Бышырганда тим эле,
Чуркабасын ким эле.
Буламыктай, мейиздей,
Сугуна койдук бат эле.

**Коон:** - Үйүлдү мында көп коон,
Баага нараазы болот коон.
Эмне, арзанга береби?
«Мен таттуумун», - дебей,
Мактанбаган асал коон.

**Жүзүм:** - Мен баарынан таттуумун,
Вино, шарап-шампан,
Менден жасалат, бул баарысы,
Мен таралганмын Грузиядан.

**Сабиз:** - «Сары баркы» бул сабиз,
Айдаганбыз аны биз.
Себеби да бар ушул,
Жашы дагы, карысы,
Сабизи көп палоону,
Жакшы көрөт баарысы.

**Помидор:** - Өңүм кызыл манаттай,
«Орус жейт», - деп тоотпой,
Жүргөн экен элибиз.
Эми ар бир тамакка,
Таттуу кошкон помидор.

**Капуста:** - Токсон кабат тонум бар,
Тоголок келген боюм бар.
Тоотпой мени адамдар,
Малына ыргытып берген бар.

**Алма:** - Менин атым «Алма»,
Болгондо да «Беш жылдыз»,
Даамым таттуу бир кымыз.
Быша электе үзүп алып адамдар,
Жей алышпай, ара жолдо калтырар.

Хор ырдалып, андан кийин «алып баруучу» жыйынтыктайт.

**Кече**

## КЕСИП ЭЭЛЕРИ ЖАНА МАТЕМАТИКА
## (2-класс)

1. Киришүү аземи.
2. Кечени ачуу.
3. «Кесип ээлери жана математика» (пъеса)
4. Табышмактар.
5. Кеченин жыйынтыгы.

**Болжолдуу тарбиялык милдеттер:**

а) күндөлүк турмушта көрүп, билип жүргөн кесиптер үчүн математиканын ээлеген ордун жана маанисин балдарга түшүндүрүү;

б) окуучуларды белгилүү деңгээлде математикага кызыктыруу,

тартуу аркылуу алар тарабынан бул илимди окуп үйрөнүүгө болгон ички умтулуу аракеттерин пайда кылуу;

в) окуучулардын образдарга жуурулушуп кетүүчүлүк сезим-делебелерин ойготуу жана көркөм аткаруучулук шык-жөндөмдүүлүктөрүн тарбиялоо;

г) окуучулардын ортосундагы өз ара түшүнүүчүлүк, бири-бирине жардамга келүүчүлүк, көмөктөшүүчүлүк жамаатынын сезимдерин өстүрүү.

**Жабдуу жана уюштуруу:**

Кече өткөрүлүүчү чоң бөлмө жасалгаланат, б.а. көркөмдөлгөн атайын дубал гезиттеринде түрдүү кесип ээлеринин турмушунда математика илиминин ээлеген ордун, керектүүлүгүн, зарылчылыгын

балдарга түшүнүктүү тил менен таасын айгинелеген материалдар, кызыктуу суроолор, баш катырмалар, табышмактар, рэбустар, чайнворддор ж.у.с.лар чагылдырылат. Кеченин жүрүшүндө мыктыларды аныктоо үчүн калыстар тобу түзүлөт.

**Алып баруучу:**- Мынакей, шаттык, кубаныч,
Ар күнү бизде уланып.
Акылга, акыл кошуучу,
Математикалык кечеге,
Баарыбыз көңүл буралык.
Малдарды бордоп семирткен,
Мол берген түшүм эгинден.
Талааны шаңга бөлөнтүп,
Кайсы илим ак нан жегизген?

**Жалпы:** - Математика.
Андан кийин катышуучулар кирип келишет.
Алып баруучу: - Эмки кезекти пъесага беребиз.

**Пъеса:** «Кесип ээлери жана математика».
**Катышуучулар:** 1. Математика.
2. Койчу.
3. Саанчы.
4. Тракторчу.
5. Шофер.

Тыңдагыла кулак түрүп,
Бардыгыңар көңүл буруп.
Мына азыр койчу келет,
Көрөлүчү сөзүн угуп.

**Койчу:** - Суроо берем баарыңарга,
Көңүл коюп тыңшагыла.
Бир эсепти чыгара албай
Дайым болом мен убара.

Кесек тоют 200 тонна,
«Койлорго» деп берди мага.
Бир күндө желсе 2 тонна,
Канча күнгө жетет, анда?

Ойлоном дайым ушуну,
Эсептей албай утуру.

Үйрөтүп койчу - математика,
Кантип чыгарат муну?

**Математика:** - Математика айткан бул эсеп,
Оңой чыгат изденсек.
Көбөйтүү, бөлүү амалын,
Чыгарбай эстеп биз жүрсөк.

200дү майдалап,
Бир күндүккө бөлөбүз.
100 күнгө тоют жетерин,
Жыйынтыктап көрөбүз.

**Саанчы:** (бой көтөрүп келет):
- Токтоп турчу математика,
Бизге сенин керегиң эмне?
Сенсиз эле сүт саап алам,
Өзүңчө мында дердеңдей бербе!?

**Койчу:** (саанчыга карап)
- Токто саанчы мактанбагын,
Суроо берем сага азыр.
Уюң канча, сүтүң канча?
Жыл ичинде, так айткының.

**Саанчы:** - Ар бир уйдан милдеттенмем,
4200 килограммга тең.
Бардык уюм 20 болсо,
Сүтү канча, так билбедим.
Бирок фермабыз Эгемберди,
70000 килограмм деген.

**Койчу:** - Кана эмесе, математика,
Эсептечи өзүң туруп.
Сүтү канча саанчынын?
Билип алсын, көңүл буруп.

**Математика:** - 4200 дү 20 га,
Көбөйтөбүз биз анда.
Жетиптир сааган сүтүң,
84000 килограммга.

Ошентип, 140 центнер,
Сүтүңдү фермаң ичкен.
Өзүң эле эсептейт элең,
Менин сырларымды билсең.

**Саанчы:** (капаланып):
- Уй фермабыз жарыбасын,
Сааган сүттү алдап кеткен.
Анда эмесе математиканы,
Кайра баштан үйрөнөм мен.

**Тракторчу:** (ойлонуп)
- Бүгүн чыгып, мен талаадан,
42 га жер айдадым.
План болсо 50 гектар,
Канча процент кем айдадым?
Кымбаттуу математика,
Берчи мага жардамың?

**Математика:** - 50 дөн 42 ни алып,
Сегиз гектарды табабыз.
Сегизди жүзгө көбөйтүп,
Элүүгө кайра бөлөбүз.
8 гектар 16 процент,
Кем айдалганын,
Жыйынтыктап билебиз.

**Тракторчу:** - Ырахмат сага математика,
Көзүмдү сен менин ачтың.
Сырларыңды үйрөнөм,
Купулума абдан толдуң.

**Койчу:** - Эсептей албай уятка калдык,
**Саанчы:** - Бул жердеги жалпыңарга.
**Тракторчу:** - Математикага, ырахмат анда,
Жардамың бердиң баарыбызга.

**Жалпы:** - Бизге окшогон арамзалар,
Эгер болсо, араңарда.
Эскерткиле азыртадан,
Жакшы окусун математикадан.

Пъесадан кийин табышмактарга кезек берилет. Табышмактар музыкалык тыныгуу менен коштолот.

**Табышмактар**

Жылбайт го автомашина,
Ылдамдык менде жатканда.
Оозуң мендей ачылат,
Атымды менин айтканда.
Ким экенмин анда мен,
Кана, балдар айткыла?
(Көрүүчүлөрдөн же күйөрмандардан озунуп, бирөө «0»дү атайт).

Жөө күлүктөр жарышса,
Маараларга келишет.
Эң алдында келгенине,
Мендей наамды беришет.
Айткылачы атымды,
Мен билейин тезирээк? (1)

Менин атым укканда,
Көп балдар абдан күйүнөт.
Ал эми спортсмендер,
Анча-мынча сүйүнөт.
Тапкылачы, эмне деген ат экен? (2)

Жаңыдан бүткөн шофөрго,
Классым менин беришет.
Балдарга менден бөлүнүп,
«Жакшы-жаман» делинет.
Анда мен кандай аталам,
Атымды айтып бериңер? (3)

Жашап жүргөн үйүңдүн,
Кана бурчун сана бат.
Туура тапсаң эсебин,
Менин атым айтылат.
Бол батырак тапкының,
Жалган айтпай, туура айт. (4)

Кремлде жаркырап,
Жанып турган жылдыздын.
Канча болот чокусу,
Кана айтчы, сен туруп?
Кубанайын мен дагы,
Өз атымды так угуп. (5)

Бөдөнөнү куу түлкү,
Басып жээр чагында.
Амал менен айттырып,
Мен куткаргам аны да.
Айтчы атымды угайын,
Ачылар оозуң сенин да. (6)

Быйыл мына мектепке,
Биринчи жолу барамын.
Ачам быйыл кубанып,
Китеп, дептер барагын.
Туура келген санды айт,
Канча жашар баламын? (7)

Бутум менен турсам да,
Башым менен турсам да.
Менин мааним өзгөрбөйт,
Бир эле болот атым да.
Кана, сен да токтолбой,
Атымды ата, тартынба? (8)

Улуттук оюн чынында,
Кызык болот турбайбы.
Сен менен дайым айтылчу,
Оюнду ойноп жыргайлы.
Кайсыл сан экеним айткыла,
Оюнду баштар алдында? (9)

Бирден туруп баарыбыз,
Атыбызды атадык.
Чогуубуз менен биригип,
Каалаган санды жазабыз.
Кана айтчы. анда сен,
Ким болобуз баарыбыз? (10)

Жандуу катышкан 2-класстын окуучуларына жана күйөрмандарына беленделген байгелер, сыйлыктар тапшырылып, кече жыйынтыкталат.

# СОҢКУ СӨЗ

Таалим-тарбиялык технологиянын эске алчу маанилүү жагдайларынын бири, биздин көз карашыбыз боюнча, тигил же бул класстык тарбиялык саатты ж.б. иш чараларды өткөрүүнүн алдында ишке ашырылуучу тарбиялык милдеттерди (маселелерди) так, даана аныктап алуу. Мындай тарбиялык милдеттер класс жетекчилер тарабынан, адатта, кыйла жалпыланган мүнөздө коюлуп жүргөндүгүн, маселен, «Окуучулардын экологиялык аң сезимдерин өстүрүү», «Эстетикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу», же болбосо, «Окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоо» ж.у.с. мектеп турмушунда көп кездешкендигин белгилөө керек. Бул, класс жетекчинин, тарбиячынын милдеттерди (маселелерди) кантип аныктоону(же коюуну) жеткиликтүү билбегендигин жана натыйжада, мындай милдеттердин чийки, үстүрт коюлгандыгын маалымдайт. Алсак «Окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоо» деген аталыштагы милдет уюштурулуучу таалим-тарбиялык сааттын, иш чаранын мазмунуна жараша бир нече курамдык элементтерге (тарбиялык милдеттерге) бөлүнүшү керек, б.а. ошол курамдык элементтер биригип келип өзөктүү милдетти ишке ашырууга – адептүү окуучуну тарбиялоого өбөлгө түзүшү зарыл. Тарбиялык милдеттерди тактоо багыты педагогдон, класс жетекчиден мына ушул нукта изденүүсүн талап кылат. Экинчиден, окуучулардын укурак жаш жана жекече индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен таалим-тарбиялык милдеттерди дагы бир жолу тактоо талап кылынат. Колуңуздагы окуу-практикалык жана методикалык колдонмодо сунушталган тарбиялык сааттардын, иш чаралардын мазмуну негизинен башталгыч жана орто класстардын окуучуларынын курак жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык келет. Ушул мүнөздөгү темалар эгер жогорку класстардын окуучуларына өтүлүүгө тийиш болсо, анда мазмун кошумча түрдө философиялык, этикалык, психологиялык, педагогикалык, көркөм-эстетикалык ж.у.с. зарыл болгон маалыматтар менен байуусу, толукталуусу лаазым. Ошентип, туура коюлган тарбиялык милдеттер, теманын мазмундук бөлүгү, аны ишке ашыруу жолундагы педагогдун аракети, кылдаттыгы, изденүүсү, чыгармачылыгы, чеберчилиги, баары бири-бирине шайма-шай келген шартта, таалим-тарбияны технологиянын талабына дал келип, иш чаранын максатынын жемиштүү аткарылуусуна мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Баяндалганга кошумча, педагогикалык этикага байланыштуу айрым пикирлерди ортого салууну туура көрдүк. Маселен, мугалим сабакка киргенде окуучулар ордуларынан турушуп, түзөлүшүп,

алардын өз ара саламдашуусу. Бул, бир жагынан мурдатан келе жаткан салт. Экинчиден, аскердик тартиптен алынган элемент десек болот, б.а., башкаруу жана баш ийүүчүлүктүн бир элементи. Үчүнчүдөн, мугалимди урматтонун, ызаттонун көрүнүшү. Төртүнчүдөн, сабактын башталышын уюштурууга байланыштуу белги. Ошентип, жөнөкөй көрүнгөн саламдашуунун өзүндө белгилүү таалим-тарбиялык маани камтылгандыгын эске алуу зарыл. Тигил же бул окуучуну сураган учурда ал ордунан туруп жооп берүүсү эрежеге айланган болуучу. Мында ошол окуучу мугалим жана бөлөк окуучулар үчүн көңүл борборунда болот. Анын айткандарын башка окуучулар акырына чейин тыңдашып, кийин гана өз пикирлерин кошумчалашат. Эгер туруп, окуучу жооп берип жаткан учурда башка окуучу ортодон суурулуп, биринчи окуучунун оюн бузган болсо, бул аракет адепсиздик катары каралып, ал окуучу мугалим тараптан уяткарылат. Мугалим бул сыяктуу майда-чүйдө көрүнгөн аракеттерди да акырындык жана сабырдуулук менен жөнгө салат.

Бирок, педагогика бардык кубулушка майда-чүйдөсүнө карабай көңүл бурууну талап кылат. Жогорку өңдөнгөн тартиптер башталгыч класстардан тартып үйрөтүлөт жана көнүктүрүлүп барылат. Азыркы мезгилде саламдашуу учурунда балдардын айрым бөлүгү ордуларынан турушса, калгандары турушпайт. Же болбосо, бардыгы турушса да, алардын кээ бирлери илең-салаң. Мугалимдин кошумча эскертүүсү менен түзөлүшөт. Бул, албетте, этикалык көз караштан караганда жакшы көрүнүш эмес. Айрым учурларда окуучулардын ордунан турбай жооп берүүлөрүн мугалим алдын ала эскертет. Мында окуучулар мугалимдин көрсөтмөсүн аткарышат жана бул кандайдыр одоно эмес, кадыресе көрүнүш катары бааланышы лаазым.

Мугалимди, устатты кадырлоо, барктоо тээ ата-бабалардан келе жаткан улуу салт, нуска. Бул жагдайда эл ичинде уламыш мүнөзүндө айтылып жүргөн төмөнкү баяндаманын чыныгы турмуштан алынганына ынанбай койбойсуң. –Жолдо келе жаткан ат үстүндөгү орто жаштан өткөн киши аттан ыргып түшөт да, ошол жолдун четиндеги бала менен кол беришип саламдашып калат. Анда ошол тегеректе турушкан адамдар: «Сенин жашың улуу болсо, анан аттан түшө калып, жаш бала менен саламдашып жатканың эмнеси?» - түшүнүшпөй ага сурооташташат. Суроого ал: «Бул баланын атасы мени окуткан»; - деп жооп берет. Улуттук салт боюнча жаш курагынын кандайлыгына карабастан атчан киши биринчи болуп (б.а. озунуп) жөө адамга карата саламын жолдошу керек. Аттан түшүп атайын саламдашканы, ошол жаш уландын бир кезде мугалим болгон атасына карата чыныгы ак дилден чыккан терең

урматтоонун белгиси. Бул бала аркылуу өтүп жатат жана ошол эле учурда баланын өзүн да белгилүү өлчөмдө ызаттоо болуп саналат. Ушул көрүнүш баланын өз атасына карата көз карашын жакшы жагына өзгөртүүчү таасирге ээ жана аны атасына ого бетер жакындатып, атасын сыйлоо, урматтоо акыл сезимдерин күчөтөт.

-Бул жөнөкөй окуяны баласы атасына келип айтата. Анда баласынын алдында баякы окуучусуна атасы ыраазычылык сезимдерин билдирет. Анын таалим-тарбиялык иштери текке кетпегенине ыраазы болот. Жылуу сезимдердин курчоосунда болуп, ичинен сүйүнөт. Көңүлү, маанайы көтөрүлөт. Бала үчүн бул көрүнүш, каймана түрдө зор таалим-тарбиялык сабак болот. Бул мугалимди, устатты кадырлоонун, барктоонун үлгүсү.

Жогоруда баяндалганга эл ичинде айтылып жүргөн: «Улууга урмат, кичүүгө ызат» деген макалда катылган маани кандайдыр бир деңгээлде үндөшүп кетет. Бул макалдын биринчи бөлүгү түшүнүктүү, ал эми экинчи бөлүгүнүн педагогикалык мааниси, биздин оюбуз боюнча, кичинекей балага да оптимистик көз караашта кароону (А.С.Макаренко) эске салат. Ал эртең чоңоет, өсөт, кадр болот. Башкача айтканда ошол бала кичинекей кезинде кандай болбосун, анын келечегине үмүт жана ишенүү менен карашыбыз керек. Ошондуктан, анын сөздөрүн «бул жаш баланын сөзү да ...» дебей, капарга албай, тескерисинче, жакшы угуп, жүрүм-турумдарына, кылык-жоруктарына сабырдуулук жана токтоолук менен мамиледе болуп, ага туура таалим-тарбия берүүнүн камын көрүү лаазым.

Ошентип, «педагогикалык этика» көп кырдуу түшүнүк. анын уюткулуу элементтери кыргыз элдик педагогикасында этнопедагогикада жыш кездешет. Ал элементтерди мугалим терең үйрөнүп, өздөштүрүп, педагогикалык жараянга туура чагылтышы, колдонушу үчүн андан чоң педагогикалык чыгармачылык жана чеберчилик талап кылынат.

# I БАП

## ЖБ (Жооптор блогу)

**1.1.**

| Суроо | I | II | III | IV | V | VI | VII |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооп | 2,5 | 1 | 1,2,3,4 | 4,5 | 4 | - | 2 |

**1.2.**

| Суроо | I | II | III | IV | V | VI | VII | VIII | IX |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооп | - | 2 | 1,5,9 | 1,5 | 6,7 | 5 | - - +<br>- + +<br>+ + + | 1,3,4,<br>6,7,10 | 13,<br>15 |

**1.4.**

| Суроо | I | II | III | IV | V | VI |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооп | 4 | - | 3,5,6 | 4,5 | 1 | 4 |

**1.5.**

| Суроо | I | II | III | IV | V | VI | VII | VIII |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооп | - | - | 5 | - | 2 | 3,5 | 1 | - |

**1.6.**

| Суроо | I | II | III | IV | V |
|---|---|---|---|---|---|
| Жооп | - | 2,6,8,9,10,<br>11,13,14,15 | 3 | а) 5<br>б)3,4,6,8,9,11<br>в)1, 10,12,13,<br>14,15 | а) 3,19,21<br>б) 5,6,14,22,23,24<br>в)7,8,9,12,13,16,17,18<br>г) 1,10,11,16,20<br>д) 2,4,15 |

**1.7.**

| Суроо | I | II | III |
|---|---|---|---|
| Жооп | - | 1 | 1) негизги; 2) уюштуруу;<br>3)диагноздоо;<br>4) четтөөлөрдүн себептерин талдоо; 5) пландаштыруу;<br>6) оперативдүү контроль |

**1.8.**

| Суроо | I | II | III | IV | V | VI | VII |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооп | 6 | 2, 6,8 | 4 | - | 3 | 5 | 1,2,3,7,<br>8,9,10,<br>11,12,14,<br>15,16,18,<br>19,24 |

| Суроо | VIII | IX | X | XI | XII | XIII | XIV |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооп | 3 | 1 | 3 | 1,3,5, 6,7 | 1,3,4,5,6,9,10, 12,15,16,18,19, 20,21,22,23,24,25 | 2 | 1 |

**1.9.**

| Суроо | I | II | III | IV | V | VI |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооп | 2 | 1 | 4,5 | 2,3 | 1 - Окуучулардын окуп – үйрөнүүчүлүктөрү;<br>2 – У (убакыт);<br>3 – ОМ (окуу материалы);<br>4 – УПТ (уюштуруучулук-педагогикалык таасир) | - |

**1.11.**

| Суроо | I | II | III | IV | V | VI | VII | VIII |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооп | 2 | 1 | 1,3,6,7,9 10,11,12, 13,15 | 3 | 1 | 2 | 1 | 2 |

**1.12.**

| Суроо | I | II | III | IV | V | VI |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооп | 4,5 | 4 | 1 | 2 | 1,3,4,5,7,9,11,12, 15,16,19,21,23,24, 26,28 | 1 - 20 |

**1.13.**

| Суроо | I | II | III | IV | V | VI | VII | VIII |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооп | 5 | 3 | 1 | 3 | 3 | I - 6<br>II - 3<br>III - 4 | - | 5 |

**1.14.**

| Суроо | I | II | III | IV | V |
|---|---|---|---|---|---|
| Жооп | 2 | - | 1,2,5,6,8,9,11,12,13 15,16,17,18,21,22,23 | 0,7 (70%) | 2,3,4 |

| Суроо | VI | VII | VIII | IX | X | XI | XII |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооп | Бардык тесттер | 1-5 | 1-5 | 1,2,6,7,8 | 1-4 | 1-5 | 1-5 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | туура эмес | | | |

**1.15.**

| Суроолор | I | II | III | IV | V | VI | VII |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооптор | 1,2,3,4 6,7,10,11, 12,13,14, 15,16. | 2 | а) – б) 1,2, 3,4 | | 3 | 3 | |

**1.16.**

| Суроолор | I | II | III | IV | V | VI | VII |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооптор | 2,4,6,8 11,13,15 | 1 | 1,2,3,4 5 | 2 | 1,3,5,6 9,10,11 | 5 | 1 |

**1.17.**

| Суроолор | I | II | III | IV | V | VI | VII | VIII |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооптор | - | - | - | 2,4,5 | 2,4 | 3 | - | 4 |

**1.18.**

| Суроолор | I | II | III | IV | V | VI |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооптор | - | 1,2 | 2,4,5, 7,8,9, 13,14,17 | - | 2,3,4,9 10,11,1 2, 14,15, 19,20 | I - 1,2,3, 4,6,9,10 II- 1,3,4, 5,6,7,8,9 III- 1,3,4, 5,6,7,8 |

| VII | VIII | IX | X | XI | XII | XIII | XIV | XV | XVI | XVII |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| - | 2,3 4,5 | 3,5,6 11,12, 14 | - | - | - | - | 2 | 1 | 3 | 3 |

**1.19.**

| Суроолор | X | XI | XIII |
|---|---|---|---|
| Жооптор | 4 | 4,5 | 6 |

**1.20.**

| Суроолор | I | II | III | IV | V | VI | VII | VIII | IX | X |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жооптор | 1 | 5 | 2,3, 4,5 | 1 | 5 | 1,2 | 1,3, 7,10 | 5 тен баш касы | 5 | 2,3, 5,6 |

## 2.1. Натыйжасын баалоо жана тыянактар[17]

Сыналуучунун ар бир жообу – сунушталган варианттардын ичинен тигинисин же мунусун тандоосу – таблицада көрсөтүлгөн ачкычтарга ылайык баллдар түрүндө бааланат. Бул таблицанын сол тарабында вертикаль боюнча (б.а. тик ылдый карай) педагогикалык жагдайлардын катар номерлери көрсөтүлгөн, ал эми оң жакта өйдөдө горизонталь торчолордо бул жагдайларга альтернативалуу жооптордун катар номерлери берилген. Таблицанын өзүндө болсо, түрдүү педагогикалык жагдайлардын тандалган жооптордун варианттарынын бааланган баллдары келтирилген.

**Таблица**

### «Педагогикалык жагдайлар» усулдугунун ачкычы

Түрдүү жагдайларга жооптордун ар кыл варианттарынын баллдар түрүндө бааланышы

| Педагогикалык жагдайдын катар № | Тандалган жооптун варианты жана анын балл менен бааланышы | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| 1 | 4 | 3 | 4 | 2 | 5 | 5 | - | - |
| 2 | 2 | 2 | 4 | 3 | 5 | 5 | - | - |
| 3 | 2 | 3 | 4 | 4 | 5 | 5 | - | - |
| 4 | 2 | 3 | 3 | 4 | 5 | 5 | - | - |

[17] См.: Немов Р.С. Психология: Учебник для студентов высш. пед. учеб. заведен.: В 3кн. Кн. 3: Психодиагностика. Введение в научное психологическое исследование с элементами математической статистики. 3-е изд. – М., 1998. –С.445.

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | 2 | 3 | 2 | 4 | 5 | 5 | - | - |
| 7 | 2 | 2 | 3 | 4 | 5 | 5 | - | - |
| 8 | 2 | 2 | 4 | 5 | 5 | 3 | - | - |
| 9 | 2 | 4 | 4 | 4 | 5 | 3 | - | - |
| 10 | 2 | 3 | 4 | 4 | 4 | 5 | - | - |
| 11 | 2 | 2 | 3 | 4 | 5 | 5 | - | - |
| 12 | 2 | 3 | 4 | 5 | 4 | 5 | - | - |
| 13 | 3 | 3 | 5 | 4 | 5 | 4 | 5 | - |
| 14 | 2 | 2 | 3 | 5 | 4 | 5 | - | - |

**Эскертүү.** Эркин жооптор өзүнчө бааланат жана тиешелүү баалар баллдардын жалпы суммасына кошулат.

Педагогикалык проблемаларды туура чечүү жөндөмдүүлүк, сыналуучунун бардык 13 педагогикалык жагдай боюнча топтогон баллдарынын суммасын 13кө бөлүү менен аныкталат.

Эгер сыналуучунун алган орточо баасы 4,5 баллдан жогору болсо, анда анын педагогикалык жөндөмдүүлүгү (ушул усул боюнча) жогору өнүккөн катары эсептелет. Эгер орто баасы 3,5 менен 4,4кө чейин баллдын аралыгында жайланышса, анын педагогикалык жөндөмдүүлүгү орто өнүккөн деп эсептелинет. Акырында, эгер орто баасы 3,4 баллга караганда аз болсо, анда сыналуучунун педагогикалык жөндөмдүүлүгү начар катары бааланат. Таблицада берилген оригиналдагы сунушталган баллдарга анча-мынча автордук өзгөртүү кийирлгендигин эскерте кетмекчибиз.

## 2.2.•

**1.** Автордук вариант: – мен силерди бир катарга тизип, алдыңарга барып, ар бириңердин көзүңөрдү кадала тиктеп чыгам. Уурдаган баланы анын көзү эле айтып коөт, себеби «анын көзүнө жазылып калат», - деген сыяктуу сөздөрдү ишендире айтуу менен. Андан соң, балдардын баарын өзүнөн тескери каратып, тиздирип, ар биринин алдына барып, өзүнө бурдуруп каратып, кайрадан тескери (б.а. нары карай) каратат. Кийин экинчи балага, үчүнчүсүнө өтөт. Мына ошондо уурдаган баланын көз карашы бөлөкчү боло түшүп, билинип калат.

• Сизде башка варианттагы жооптор болушу мүмкүн. Бирок ал жообуңуз педагогика илиминин чектеринде, анын мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн жана принциптеринин алкагында туура болушу лаазым. Андай болбосо, сиз ката кетирген же орой каталыкка жол койгон болосуз.

**2.**Бул ыкманы 1-3-класстардын окуучуларына колдонуу көбүрөөк натыйжа берет. Анткени бул курак жаштагы балдар «4», «5» баа алганды өзгөчө жактырышат жана самашат. Ошондой эле, алар өз ара жарышканды жакшы көрүшөт. Мугалим оюн элементин чебердик менен колдонуп, окуучулардын билим алууга болгон умтулуу аракетин күчөтүп жатат.

**3.**И.нин сыноочу-учкуч болууну чын көңүлдөн самаганы билинип турат. Абдан кыялданат. Бирок мектепте, өзгөчө жогорку класста окуп жаткандан баштап, бул багытта белгилүү деңгээлде даярдык көрүп баруунун зарылдыгы жөнүндө анда түшүнүк бүдөмүк. Экинчиден, объективдүү түрдө мектептеги айрым бир шарттардын жетишпестиги да И.нин жообунан дайын болуп жатат (мис.: авиамодель ийриминин мектептен алыс иштеши). Агасынын инисине берген суроолорунда төмөнкү ойлор катылгандыгы байкалат: - сыноочу-учкуч кесибине ээ болуу үчүн (башка көптөгөн кесиптер өңдүү) жаш кезден баштап көп даярдык көрүү зарылдыгы, ошол кесипке байланыштуу сабактарды мыкты өздөштүрүү керектиги, техникага үйрүлө ыктоо, чыгармачылык шык-жөндөмгө ээ болуу, талаптагыдай сапаттар инисинде али жетишпестиги жөнүндө сөз болуп жатат.

**4.** 1. Окуучу качан гана өзүнүн билимине таянып, ага берилген тапшырманы (көнүгүүнү, мисалды, маселени) өз күчү менен аткарганда, мисалды же маселени чыгарганда. Мына ошондо окуучунун өзүнөн өзү ишеними бекемделип, анын көңүлү өсүп, өзүнө канаатануу, сүйүнүү, кубануу сезимдери пайда болот.

2. Мугалим чеберчилик менен окуучунун өз чоң энесине болгон жылуу сезимдерин жаратып жатат. Бул ошол окуучунун маселени иштеп бүткөндөн кийинки «Ура!» деген сүйүнүү сезиминен байкалат.

3. Мугалим окуучунун мүмкүнчүлүгүнө ишенүү принцибин жетекчиликке алды.

4. Сабакта негизинен чыгармачылык маанай өкүм сүрөт. Анткени, каралган учурда мугалим мына ушундай атмосфераны түзүүгө аракеттенгендиги байкалат.

5. Мугалимдин окуучулар менен мамилеси, алардын чыгармачыл ой өрүштөрүн жана өз алдынчалыктарын өнүктүрүүгө, окуучулар менен кызматташууга багытталган.

**5.**Бул түзүлгөн жагдайда мугалимдин тажрыйбасынын молдугу даана байкалат. Анткени, окуучулардын мындай көрүнүштөгү сыноосуна кабыларын мугалим такыр күтпөгөн болуучу. Мугалимдин чеберчилиги ошол түзүлгөн стандарттуу эмес кырдаалдан жол тапканында болуп жатат. Эгер ал тигил же бул окуучуну тургузуп, алардын ушул жоругун териштире баштаганда, анда абал

окуучулардын мурдатан күткөнүндөй чыгып, өз ара түшүнбөстүктүн кыртышында кырдаал курчуп олтуруп, мүмкүн, конфликттүү жагдай түзүлмөк. Жагдайдын ушундай начар көрүнүштө чиеленишип калышын алдыртан сезе билген кыраакы мугалим, окуучулар менен үндөш «Ку-ку, ку-ку!» деп, баарын күлдүрүп, алар менен өзү да кошо күлүп, экинчи жагынан, ошол мугалимдин тапкычтыгына окуучулар суктанышып, абал бат оңолуп, тынчтанып, мугалимдин жайбаракат сабак өтүшүнө шарт түзүлдү.

**6.** Бул жагдай ошол сууга чөгүп бараткан алсыз баланы куткарып калуу үчүн жандалбастап чуркаган студенттин ички жан дүйнөсүнүн бийиктигинин, анын адеп-ахлак сапаттарынын, түшүнүктөрүнүн, көз карашынын, аң сезиминин жогорулугунун айкын далили. Студент ошол баланын өмүрүн сактап калууну өз жанынан да артык коюп жатат. Анткени, ал өпкөсүнө мурда суук тийгизип алган, б.а. сезгентип, баланы куткаруу аракетинде кайрадан муздак сууга түшүү менен өз ден соолугун тобокелге салды, себеби, ал катуу ооруга чалдыгып калышы мүмкүн болуучу. Бул жагдайда В. жана анын жолдоштору адамдык бийик асыл сапаттарды көрсөтүштү (ал кайсы сапаттар экендигин мугалим кошумча суроолорду берүү менен сураштырышы мүмкүн).

**7.**Биринчиден, мугалим эжей ошол окуучунун маанайы суз, көңүл чөккөн абалын кылдат түшүнүп жатат. Муну эжейдин окуучу кызга карата айткан сөзүнөн байкоого болот. Мугалим боорукердик менен окуучу аркылуу анан апасынын оор оорусун аз да болсо жеңилдеткиси келип жатпайбы.

**8.**Бул учурда мугалимдин тапшырмасына окуучунун каршы болгону туура. Анткени, башта окуучунун алдына мугалим шарт койгон эмес болуучу. Окуучуну микроскоптогу объектини (нерсени) чыныгы кызыгуу ышкысы менен гана караган. Мында ошол окуучунун психикасында эрксиз көңүл буруу жараяны (процесси) үстөмдүк кылган. Мугалим окуучунун алдына шарт же маселе койгон учурда (маселен, «микроскоптогу объектини көргөнүңдөн кийин ошол нерсенин сүрөтүн тартасың?» деген өңдүү), окуучунун психикасында эрктүү көңүл буруу жараяны үстөмдүк абалда боло баштайт да, окуучу микроскоптогу нерсени максаттуу жана жандуу кароого өтөт. Натыйжада, сүрөт тартуу окуучу үчүн кызыктуу жана жагымдуу ишке айланат.

**9.** 1. Бул жагдайда мазмундуу эмес, курулай атаандашуучулук өкүм сүрөт.

2.Бул шарттарда балдардын ортосунда өз ара мамиленин өзүмчүлдүк стили калыптанып олтурат, анткени, каралып жаткан жагдайда балдардын бири-бирине көңүл бөлүү,

камкордук көрүү, биринин ийгилигине экинчисинин кубануу, сыймыктануу сезимдеринин көрүнүшү байкалбай жатат.

3. Албетте, окуучулардын жакшы окуусуна өбөлгө болуучу мазмундуу өз ара атаандашуучулук умтулууларын колдоп, алардын өзүмчүлдүк сезимдерин биротоло басынтпастан, ошол эле учурда адеп-ахлактык асыл нарктуу түшүнүктөрдүн чекте-ринде балдардын өз ара бири бирине жакшы, адамгерчиликтүү, урматтоо мамилелерине жетишүүгө камкордук көрүү лаазым.

4. Классташынын «Мен, мен!» деп колун булгалай шаштырганынан улам И.де «Мен туура эмес окуп жатат окшоймун» деген сыяктуу өз мүмкүнчүлүгүнө ишенбөөчүлүк сезимдерге кабылып, эмне кыларын билбей карбаластап шашып, белгилүү деңгээлде өзүн жоготуп коюшу ыктымал. Классташынын атайы ошентип жатышын И. учурунда таназар албай, маани бербеши мүмкүн, бирок, кийинчерээк ошол классташы жөнүндө Т.де кандайдыр жек көрүү сезими пайда болбой койбойт.

**10.** 1. Жактырбаган адамың болсо, ага карата жооптордун төмөнкү варианттары ылайыктуу болушу мүмкүн: «Кечирип кой, бир жакка өтө шашып жаттым эле», деп телефон түтүкчөсүн ордуна койот. Эгер тиги сынагысы келип, ошол замат кайра телефон чалса, телефон түтүгү алынып, жоопсуз ордуна коюлат. Жактырбагандыкты сезген абонент, чалуусун токтотот.

2. Жоготкон адамга акчасын кайтаруунун камын көрүү абзел. Анткени, акчасын жоготкон адам, ошол пакетин бирөө таап аларын, тапкан киши ыманы ысык, ыймандуу инсан болсо экен деп тилейт. Пакетти таап алган киши башка мезгилде өзү деле ушундай абалга дуушар болушу мүмкүн.

3. Окутуучуга окуу курсунун үч маанилүү бөлүгү боюнча гана даярданганыңызды ачык айтып, ошол бөлүмдөр боюнча зачөт алуусун андан өтүнүп, ал эми калган бөлүмдөргө даярданып келүү үчүн белгилүү убакыт берүүсүн суранган оң, түшүнүктүү окутуучу сиздин өтүнүчүңүздү туура кабыл алат.

4. Сиздин айлык акыңызды төмөндөткөн чечимдин жагдайын, жөн-жайын, себебин сурап, ошол жумушка жалдоочу жетекчиңизге кайрылышыңыз керек. Эгер өз ара түшүнбөстүк пайда болуп, талаш маселелер чыкса, анда сот аркылуу чечип алганыңыз оң.

5. Кармалган катты баарынын көзүнчө жарыялаганы, же болбосо, окуучуну мыскылдап, шылдыңдаган болсо, ошол мугалимдин педагогикалык этикага сыйышпаган аракети катары

баалоого болот. Андан көрө мыкты скуучулардын биринен мындай осол көрүнүштү такыр күтпөгөндүгүн белгилеп, окуучуну тамашалап, аны уяткарып коюу жетиштүү. Ал эми окуучунун кызды жакшы көрүү сезимдерин сыр бойдон калтырган оң.

**11.** Мугалимдер, адатта, мектепти мыкты бүтүрүшүп, чоң мартабалуу кызматты аркалагандар, калың эл-журтка таанымал инсандар, көрүнүктүү илимпоз болгон окуучулары менен сыймыктанышат. Ал эми ошол мектепти аякташып, жупуну жашоо-турмуш кечиришкен инсандарды, ичимдикке же баңгиликке азгырылып кетишкендерди, оор турмуштун айынанбы же бөлөк себептерден уламбы ар түрдүү уруулук –кескиликке барышкандарды, кылмыш жолуна түшүп кеткендерди, негедир, көз жаздымдан чыгарышып, унуткарып коюшат. Мындай начар көрүнүштөр белгилүү деңгээлде (албетте, башка факторлордун деле тигил же бул даражада терс таасирлери болбой койбойт) ошол мектепте жүргүзүлгөн таалим- тарбиялык иштердин натыйжасы болуп эсептелет. Мугалимдин мыктылыгы, тилекке каршы, ошол начар жолго түшүп кетишкен инсандардын абалы, саны менен дагы таразаланат деген пикир айтылып жатат. Бул жүйөлүү пикир болуп саналат.

**12.** Идиштердин сыныктарын тазалап койгунуң, кийин сүйлөшөбүз, азырынча тейлөө иштериңди уланта бер деп коюу керек. Сүйлөшкөнгө дейре кыз психологиялык жактан оор абалга кабылгандыктан өзүн-өзү жемелеп, «жазалап» бүтөт. Тейлөө жумуштары аяктаган соң, ыңгайы келген учурда, окуучунун өзүн чакырып, сен кокустан мүдүрүлүп кеттиң, мындан ары сак бол, кызым,-деп коюу жетиштүү.

**13.** 1. Табиятты сүйүү менен гана чектелбестен, аны, биринчи кезекте, коргоо жана аяр сактоо керектиги жөнүндө тарбиялык таасир көрсөттү.

2. Аябай чарчап, чалыккандыгына карабай атасы өзүнүн үлгүсү менен баласынын аң сезимине жана ички жан дүйнөсүнө эсте каларлык таасир көрсөтө алды.

3. Бул учурда экөө тең орун алды десек жаңылыштык болбойт.

4. Экологиялык тарбияга төмөнкүдөй маани берүү максатка ылайыктуу: биринчиден, жаратылышты руханий жан дүйнөң менен сүйүү, экинчиден, табиятты коргоо жана көздүн карегиндей сактоо багытында аракеттенүү, күрөшүү, үчүнчүдөн, жаратылыштын байлыктарын үнөмдүү жана сарамжалдуу пайдалануунун аракеттерин көрүү, төртүнчүдөн, табияттын ажарын, көркүн, сулуулугун жана кооздугун, анын

кунардуулугун арттыруу багытында ырааттуу жана чымыркана эмгектенүү.

**14.** 1. П.нын сууда сүзүүнү үйрөнүүсүнө түрткү болгон себеп, биринчиден, досу Л.нын, экинчиден, досторунун жана курбу-курдаштарынын өтүнүчтөрү болду, алардын көңүлдөрүнөн өтө албады, капаланткысы келбеди, аларды тоотпогондой болбоюн деди.

2. Сүзүп баратканда досу ар дайым жанында болуп, анын «Коркпо, коркпо!» деген кубаттаган сөздөрү жана сүзгөн сайын анын өзүнө болгон ишениминин артышы.

3. П. бул учурда достук жана курбу-курдаштык сезимдерди жогору койду.

**15.** 1. Мугалим өзүнүн окуучуларындагы бири-бирин же биринин артынан бирин сатпаган касиеттерин жогору баалаган.

2. Мугалимдин ээлеген мына ушул абалы, көз карашы журналдын табылышына кедерги болуп жатат. Мугалимдин оор абалда калганын туура түшүнгөн улан, жашыруун келип чындыгын айтып, мугалимге жардам бергиси келди. Мугалим аны алкап, ал жөнүндө башка окуучуларга билдирбей туруп, журналды каткан, жашырган окуучуну аябай уяткаруунун (албетте, классташтарынын көзүнчө шермендесин кетирбестен) жана бул сыяктуу жоруктун экинчи жолу кайталанбашынын айласын кылыш керек болчу.

**16.** 1. Бул жагдайда, алдыңкы кезекте, мектеп менен үй-бүлөнүн аракеттеринин биримдигининин начардыгы даана баамдалат. Кызды тарбиялоо ишинде анын апасы да, мектеп да белгилүү өлчөмдө каталык кетиришкен. Кызды кичинекейинен баштап анын айткандарынын баарын апасы аткарып, аны жаман үйрөткөндүгү байкалат. Ал эми мектеп болсо, ата-эненин ыйыктыгын түшүндүрүп, ата-энени ызаттоо, урматтоо, сыйлоо жаатында ырааттуу таалим-тарбиялык сааттарды, иш чараларды өтүшү керек болуучу. Кыздын түшүнүгүндө чоң ажырым байкалат. Мектепте өзүнүн дилбаянында (сочинение) жазган бийик тутунган идеалдар менен үйүнүн босогосун аттагандагы апасына жасаган орой мамилесинин ортосунда. Кыз мектепте, албетте, өзү каалаганын жасай албашы түшүнүктүү. Ошол мектептеги бук болгонун үйүнө келгенде өз апасын капалантып, ага чыгарып жаткандагысы: үй-бүлө, ата-эне жөнүндө кыздын аң сезиминде үстүрт жана тайкы түшүнүк бардыгын баамдоо мүмкүн.

2. Кыз чыныгы жүзүн мектепте эмес, үйүнө келгенде апасына көрсөтүп жатат.

3. Мен кыздын апасына орой мамилесин билмексен болуп, кыйыр түрдө ага бир окуяны айтмакмын, же болбосо, токумакмын: «Билесиңби, өз апасына өтө орой мамиле жасаган

бир кызды билем. Анын апасы кокустан көз жумду. Ошондогу кыздын аттиң арманы ай! Айтса түгөнгүс... Көрсө байкуш апасы, кызынын өмүрүн улуу жараткандан тилеп, ага жалынып – жалбарып, ошол кызы үчүн жашаган тура...» деген өңдүү.

**17.1.** Мугалим: «Мен силерге дайыма зор ишенимде жүргөм. Бүгүнкү жорукту (б.а. көчүрүшкөндөрүн) силерден такыр күткөн эмесмин. Муну менен мени шылдыңдадыңар. Андан көрө чыгара албаганыңардын себебин ачык айтканыңарда мен түшүнөт элем» деген мазмундагы сөздөрдү айтса, окуучулар каталыкка жол койгондуктарына кейишип, экинчи кайталабоонун аракетинде болушат.

2. Мектеп мүдүрү (директору) дене тарбия мугалимине: «Окуучубуз спорттук коомдун намысын коргогондугуна сыймыктанышыбыз керек. Машыгууга келбегенине капаланба. Коомдун намысына жараган оюнчу ар дайым спорттук формада жүрөрүн билесиң. Мен да сүйлөшүп көрөйүн» деген мазмунда пикирин билдириши керек.

3. Бул учурда таасир этүүнүн кыйыр түрүн пайдалануу көбүрөк натыйжа бериши ыктымал. Ички иштер органынын тиешелүү өкүлдөрү менен алдын ала макулдашып алып (эки тараптын макулдашуусу жашыруун сыр бойдон калышы максатка ылайык), ошондой оюн-зоок курушуп, шапар тээп жатышкан учурда алардын үстүнөн чыгып, аларды кармап, ата-энесин чакыртуу менен катуу сурак жүрүшү керек. Албетте, физикалык жаза колдонбостон. Ишти териштирүү жараянында (процессинде) ошол окуучулардын ата-энесин айыпка жыгуу жана коомчулукка маалымдоо маселесин коюу максатка ылайыктуу. Бул ишке олуттуу маани берүү зарыл, анткени ошол окуучулардан кийин кылмышкерлер чыгышы сөзсүз ыктымал. Аларды сураштыруу жана териштирүү иши абдан курчуган чакта, мектеп ортого арачылыкка түшөт да, алардын бекем убадаларын алуу лаазым. Ал эми Т.га болсо, сен ушул жаман жүрүм- турумуң менен алыскы сапарда (командировкада) жүрүшкөн ата-энеңди маскаралап, оорулуу чоң энеңди шылдыңдап жатасың деген ойду жеткирүүнүн аракетин көрүү керек.

## 2.3. КӨНҮГҮҮЛӨРГӨ ЖООПТОР

1. Баштап жагдайды талдап көрөлү. Сиздин таанышыңыз азаптанып, кыйналып жатат, б.а. шарттуу түрдө «Азап чегүүчүнүн» ролун ойноп жатат десе болот. Мындайда түздөн-түз эбиреп-жебиреп, жашоонун кандай сонундугун, сулуулугун, коздугун, бардык

жаман нерселерди эстебей, унутуу керектигин, эртең эле бакыт кушу коноорун айтуудан майнап чыгышы кыйын. Ага жардам берүү үчүн кандайдыр бир башка ролду таңулоо зарыл.

Дал мына ушундай шартка кабылган менин бир таанышым, бул кырдаал үчүн оптималдуу чечимди таба алган. Аялга келип, ал өзү «Азап чегүүчүнүн» ролун аткара баштаган. Өзүн жаман сезип жаткандыгын, үй-бүлөсүндө ынтымактын ыдырай баштаганын айтып, ыйлай баштаган. Азаптанган аялга эми, тескерисинче, «Сооротуучунун, жубатуучунун» ролу тийди. Ал эми бул, кыйла жагымдуу роль. Жыйынтыгында ал (жок дегенде белгилүү убакытка) өзүнүн азаптануусунан кутулду.

2.Тажрыйбалуу эжейдин мындай кылгандыгынын себеби, биринчиден, кароо-сынак өңдөнгөн олуттуу иш чарада өзүнүн жаш кесиптешинин баарына, б.а. толук жооп берүү мүмкүнчүлүгүнө коюу менен бирге, өз мүмкүнчүлүктөрүнө ишенүүгө, «Ишенимдүү күчтүү адамдын» ролуна кирүүгө жардам берүү үчүн жана экинчиден, балдар ага кыйла олуттуу жана урмат менен мамиле кыла баштасын деген ойдо жасаган. Тажрыйбалуу эжей туура кылган.

3.Мындай учур, чындыгында, менде болгон. Мен мындай кылгам: чечкиндүү түрдө: «Эгер ушундай болчу болсо, анда жүрүшкө чыкпайбыз» деп балдарга жарыяладым. Өзүм болсо, балдарга билдирбестен алардын ата-энелерине телефон чалып, жагдайдын жөн-жайын түшүндүрдүм жана алар жүрүшкө даяр боло берүүлөрүн, бирок, жүрүш болорун өз балдарынан жашыруууларын өтүндүм.

Жүрүш болор күнү (бул күн ишемби болуучу), жүрүш болбой тургандыгына балдардын баары толук ишенип калышкан болуучу (баары, албетте, мага абдан ызаланышты), мен таптакыр күтүүсүздөн, жүрүшкө чыгышыбыз мүмкүн, бирок бир шартка көнсөңөр: «Биздин барчу токой, мөөрөйдүн жардамы менен аныкталат» деп кайрылдым. Мында «климаттын өзгөрүшү» эрежеси иштей баштады, буга кошумча, мөөрөй кармоо- бул акыйкаттуу жана кызыктуу, балдарга да жагат. Ошентип, жүрүшкө да чыктык, баары ойдогудай өттү.

Сиз мүмкүн, бул чечимден да мыкты, башка чечимди тапкандырсыз?

4. Аял баласын сабап жаткандыгынын себеби, биринчиден, ал өзүн токтото албай жаткандыгынан, мындай учурларда айтыла жүргөндөй «аял ачуусуна алдырууда»; ал эми экинчиден, канткен менен бала бакырып ыйлоодо. Демек, маселенин төркүнү, аялды тынчтантууда, ал эми баланы сооротууда турат.

Эң одоно каталык – бул аялга «чабуулга» өтүп, аны уяткаруу, зекүү, жемелей баштоо ж.у.слар. Мында ал өчөшүп, анын ого бетер кыжыры кайнай баштайт.

Мындай аракеттенүү керек: аялга кадимкидей эле мээримдүү, токтоо көрүнүштө келиңиз да, ага кандайдыр бир жөпжөнөкөй суроо менен кайрылыңыз (бул көчөнү кантип тапса болот, китепкана каерде жайланышкан, саатыңыз канча болду ж.у.с.). Андан кийин заматта аны сөзгө тартуу менен алаксытыңыз, мүмкүн болсо, таптакыр бөлөк темаларда сүйлөшкөнүңүз оң.

Сүйлөшүү учурунда дайыма жылмайып туруңуз жана өзүңүздү жогорку деңгээлде кичи пейил кармаңыз. Качан апасы дээрлик тынчтанып калганда, баланы колуңузга алыңыз (же чоңоюп калган болсо, колун кармаңыз) да, баласынын кичинекей Эйнштейнге куюп койгондой окшош экендигин, өзгөчө көздөрүнүн, бети башы көрүнүшүнүн таң каларлыктай окшоштугун айтып, таңданыңыз. Сооротуу үчүн аны эркелетиңиз. Андан соң, сүйлөп жатып, кандайдыр бейкапар түрдө, анын эмне күнөө жасагандыгын сураңыз. Апасына өзүнүн ачуусунун калдыктарын сөзү менен чыгаруусуна мүмкүнчүлүк түзүңүз жана ал сүйлөп жаткан учурда, анын сөздөрүн кубаттагандай ишаарат кылыңыз. Ачуусу биротоло таркаганда, аны менен жайынча коштошуңуз жана эми кете берсеңиз болот: сиз милдетиңизди ийгиликтүү аткардыңыз.

5. Албетте, бул авторитардык ситема, анткени, тургундардын бир каптал көпчүлүгүн басынган психологиядагылар түзсө, экинчи тарап көпчүлүктү башкаларды басынткандар түзүп жатат.

6. Тил- өтө ыйык жана назик кубулуш. «Эне тил – эне сүтү менен кошо жаралат» деген образдуу көркөм салыштыруу бекеринен айтылбаган. Эне тил-ар бир улуттун туу туткан намысы жана сыймыгы. Кайсы өлкөдө жашасаң, ошол өлкөнүн мамлекеттик тилин сыйлоону унутпоо абзел. «Тил билгениң-дил билгениң» деген накыл бар. Аракетти, жок эле дегенде жөнөкөй сөздөрдү үйрөнүүдөн баштоо керек. Жооптун негизинде мына ушундай айныгыс көз караштар жатат.

Мындай жагдай, чынында, менин бир таанышымда болгон. Ал абалдан минтип чыккан. Кагазга «даць, ве рог, о стикле де лапте» деп жазып, аялына: «Бул сөздөрдү жаттагын да, тынчтанып, дүкөнгө бар жана жайынча сүт сатып ала бер» дейт. Ал дүкөнгө барып, албетте, керектүү азык-түлүктөрдү сатып алды.

7. Мындай ролду кабыл алуу эч качан туура болбойт: макул болсоңуз, аларга да, өзүңүзгө да зыян келтиресиз. Мындай аракеттенүү керек: түздөн-түз макул да болбоңуз, бирок баш да тартпаңыз, ал эми досуңузга өзүңүздүн аялыңыз менен болгон уруш-

жаңжалдар жөнүндө (эгер болбосо, токуңуз) айта баштаңыз да, түйүндү бекем байлаңыз жана андан кеңеш сураңыз – сизге сунуш кылган ролду аткаруунун канчалык жагымсыздыгын өз жон териси менен сезген соң, ал сунушунан өз демилгеси менен баш тартат.

8. Эң жакшысы – сиз байкамаксан түр көрсөтүп, ал эми эртеси күнү Темир Имар уулуна кандайдыр бир жакшы белек менен келип, аны айрыкча кызыктырган жана ал өзгөчө сүйгөн темада сөздү баштоо керек. Качан Темир Имар уулунун көңүлү эң жакшы жайгаштырылган абалда болгондо, «күзгү» ыкмасын колдонуңуз жана өзүңүздүн бир орой, тарбия көрбөгөн жолдошуңуз жөнүндө сөз баштаңыз, ошондой эле анын достукту таптакыр баалай билбегендигин жана ал өзүнүн эң жакын досунун атынан атабай, ага жаман «ат коюп» атагандыгынан экөөнүн уруша кеткендигин айтыңыз. Андан соң, башыңызды мыкчый калыңыз да, ишиңиздин барлыгын, кечигип жатканыңызды билдирип, шашылыш жөнөп кетиңиз. Эртеси эле күнү Темир Имар уулунун сиздин алдыңызга келип, сизден кечирим сурарына бөркүңүзгө ишенгендей ишениңиз.

9. Жыйынтыгы мындай болгон: согушчан аскерлер сарайдын апачык дарбазасын көрүшкөндөн кийин, алар логикалуу чечишкен, ырас сакчылар коюлбаган жана дарбаза бекилбеген соң, демек, бул сарайда талап-тоноого жарамдуу болчу балээ да жок деп ойлошкон жана аскерлер жандай өтө беришкен. Согуштун бардык жылдарында Монтенге бир жолу да эч ким кол салган эмес.

10. Август мындай кылган: ал Циннаны өзүнө чакырат жана анын жеке өзүнө болгонун болгондой айтат. Цинна, табигый түрдө, ачууланып, актана жана чокуна баштайт, бирок Август аны өкүмчүл кагып, мындай дейт: «Мен алган маалыматтар абсолюттуу туура. Цинна, менин алдымда сен күнөөлүүсүң, бирок мен сени кечирем. Калыбы, ырас, сен мени өлтүрүүнү чечсең, мен да сага карата кээ бир каталыктарды кетиргендирмин. Мүмкүн, сенин кызмат абалыңды эчак жогорулатуум керек болуучу, мага айтып коюуң гана зарыл эле жана сен эмнени кааласаң, баарын алат болчуусуң». Андан кийин Август аны консулдук титулга көтөрөт. Ошондон бери Цинна Августтун эң бир ысык санаалашы, колдоочусу болуп калат. Уюшумдуу топтун калган катышуучулары Циннанын өзү тарабынан куралсыздандырылат.

11. Айлана-чөйрөдөгүлөрдүн ар дайым көңүл борборунда болуу алардын көнүмүш адатына айланат, ал эми көңүл борборунда болууга умтулуу, бул, жүрүп олтуруп атак-даңкка умтулууга алып келет. Чоңойгондо мындай умтулуунун көбүн эсе канааттандырылбай калышы, жаман кабылданып, аны туура түшүнүү аракеттери көрүлүп,

оң жыйынтык чыгарылбаса, психикалык нерв ооруларынын көрүнүштөрүнө, күчөшүнө алып келиши мүмкүн.

12. Мында бир топ терең маани жатат. Ырас, сизде айтылгандай каалоо пайда болгон соң, демек, сиз окуучу үчүн коркунучту түзөсүз. Эгер сиз өзүңүздү кармай албашыңызды сезсеңиз, «ачуу-душман, акыл-дос» демекчи, ачууга жеңдирбес үчүн жакшысы; өзүңүздү колго алып, сыртка чыгып, ачууңузду таратканыңыз оң.

13.Чоң эненин ролдору кыйла ар түрдүү. Алардын айрымдары:

1. Бактысыз кемпир. «Отурганда жана турганда ага көбүнчө жардам берүү; асыресе, тигил же бул жерлеринин ооруксуна берген учурлары ж.у.с лар балдарынын жана неберелеринин оюнда айтылгандай ролду жаратаары бышык».

2. Генеральша.

3. Мээримдүүлүктүн сакчысы.

4. Ак көңүл чоң эне. «Ар түрдүү таттуулуктарды, шириндиктерди өзү жебей неберелерине сактаганы, бергени, алардын ар кандай суранычтарын, мисалы, кызыктуу жомок айтып берүүсүн, жок дебей аткарышы ж.у.с.лар алардын көз карашында мына ушул ролду жаратуучу фактор болуп саналат».

5. Шайыр жана сүйкүмдүү бала. «Кичинекей бөбөктөрү жана неберелери менен көбүнчө чогуу болгондуктан, аларды ойнотуп жатып, өзү да кадимкидей алар менен аралашып кеткендиктен, алардын айрым бир кылык-жоруктарына чын көңүлүнөн баладай күлүп, шайырланып, кубанып кабылдагандыктан, ж.у.с.лар аталган ролду жаратуучу өбөлгөлөрдөн болуп эсептелет».

6. Акылман картайган адам ж.б.лар.

14. Абалдан чыгуунун мыкты жолдорунун бири, бул, алардын ар бирин, албетте, өз өзүнчө угуу, б.а. ар кимисинин бири-бирине айтылуучу бугулуп жаткан сөздөрү, эми сизге айтылышы керек да, ичиндеги буктарын чыгарып, алар өз-өзүнчө жеңилдене башташы зарыл.

Бирок аларды угуп жатканда, жакын арада баары өз ордуна түшөрүнө сизде толук ишеним бардай түр көрсөтүшүңүз керек (өзгөчө, бул, анын аялы менен сүйлөшүүдө маанилүү). Күйөөсү менен сүйлөшүүдө «күзгү» ыкмасын колдонушуңуз мүмкүн, б.а. менин бир жакын таанышым дал сиздердикиндей кырдаалга кабылган, бирок алар кыйын күндөрдүн артынан жакшы күндөрдүн келерине, өзүлөрүнүн үмүт отторун өчүрүшпөй, өз учурунда токтоолук көрсөтүшүп, бири-бирине карай кадам .... жасашып, бул абалдан чыгып кетишкен деген сыяктуу. Эң башкысы – эч качан кандайдыр кеңеш бере көрбөңүз! Бул мындай жагдайларда барып турган орой каталык. Бир тарапка кошулуу, жан тартуу, колдоо да мындай

кездерде туура болбойт. Калганын өздөрүнө коюңуз, алар өзүлөрү чечим табышат.

15. Алгач, өзүңүздүн оройлугуңуз үчүн иниңизден кечирим сураңыз. Ал кызыккан темаларда аны менен бат-бат сүйлөшүүгө аракеттениңиз, аны абдан жөндөмдүү деп санаарыңыз, сиздин аны сүйөөрүңүз жана бааларыңыз жөнүндө ага түшүнүк бериңиз. Анын сизге жагынууну каалоосун, б.а. сиз каалаганды аткарууга болгон анын аракетин пайда кылыңыз. Илимдин .........
багытында анын чоң жөндөмдүүлүктөрү бар экендигин, келечекте ушул илимден ал өзүн көрсөтө аларын, бирок ага жетүү үчүн (кыстырма катары айтыңыз) мектепти жакшы бүтүү зарылдыгын, ушул мазмундагы сөздөрдү четин чыгарган мүнөздө айта кетиңиз.

Иниңизге сизди сындоого мүмкүнчүлүк бериңиз (сындоо кезинде сөздөр менен кошо анын сизди да жаман көрүп калган ачуу сезимдер сыртка чыгып кетет), бирок өзүңүз аны сындоодон оолак болуңуз. Анын бардык иштерине жандуу кызыгыңыз. Иниңиздин сизди жакшы көрүп калуусуна мүмкүндүк түзүңүз, мына ошондо, ал сизге жагынуу үчүн оңолууга аракеттене баштайт.

16. Мындай кырдаал мектепте өтө сейрек кездешет. Эгер кездешсе, аны чечүүнүн педагогикалык максатка ылайыктуу жолун табуу мүмкүн.

Алдыңкы кезекте ата-энелерди тынчтандырыңыз жана аларга мунун көпкө созулушуна жол койбошузду, ал үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү жасаарыңызды айтыңыз.

Баланы жазалабаңыз! (Антсеңиз анын ого бетер кыздарды урууну каалоосу күчөйт). Тескерисинче, анын бул жоругуна оюн сыяктуу мүнөз берип көрүңүз: бир күндө канча кызды ургулаган санын билүү сизди абдан кызыктыргандыгын айтыңыз. Мейли, ал ар күнү өзүнүн натыйжасын көбөйтсүн. Керек болсо оюнга класс бүтүндөй катышсын, б.а. бардык балдар анын артынан жүрүшүп, ал канча кызды ургулагандыгын санашсын. Ар күндүн аягында азилдик маанайда жыйынтыгын чыгарып туруңуз. Канткен менен бул оюнга айлангандыктан, эми ал кыздарды мурдагыдай чындап урбай калат.

Акыры, сонун күндөрдүн биринде, качан анын оюндан тажагандыгын сезгениңизде, оюнду чукул токтотуңуз; буга удаалаш ага кандайдыр бир тапшырма же иш берүү менен аны алаксытуу жакшы болор эле. Оюн жана эсеп үчүн кыздарды ургулоо анын адатына айлангандыктан, мына эми, оюн токтогон соң, ал кыздардын тынчын биротоло албастыгына 10 дон 9 мүмкүнчүлүк сиздин колуңуздагыдай ишениңиз.

17. Иштин жөнү, ит биз сүйлөгөн сөздөрдүн маанисин түшүнбөйт, мына ушунун өзү, кызык жери, адамдарга караганда

иттин, кээде, сезгич болушуна жардам берет өндөнөт. Анткени, көпчүлүк учурларда жеке сөз гана мааниге ээ болбостон, сүйлөп жаткан кишинин мотиви маанилүү болуп, ал эми мотив болсо, кыйла чоң даражада үндүн тембринен, ыргагынан, түсүнөн, ыраңынан көрүнөт жана бул өзгөчөлүктөрдү кабылдоого ит сезгич болот.

18. Педагогду мактаган кезде ага «тартиптүүлүктүн жактоочусу» ролу, ал эми балдарга тиешелүү түрдө «тартиптүүлүктүн каршылыштары» ролу таңууланган болот; ал эми балдарды мактаганда, аларга «Тартиптүүлүктүн жактоочулары» ролу ыйгарылат. Бул жагымдуу роль. Анткени, анын педагогикалык мааниси, ошол класстын окуучулары тартиптүүлүккө жетишүүнү, тартиптүү болууну, алар өзүлөрү мурдатан эле каалашкан, ниеттенишкен жана аракеттенишип жүрүшкөн болуучу деген ойдун башаттарын алардын аң сезимдеринде пайда кылуу болуп саналат. Класстын окуучуларынын алгылыктуу аракеттерин алкоонун өзү – бул сөздүн кыйыр маанисинде, ошол педагогду мактоо эмеспи.

19. Адамдын көз караштарын түп тамырынан чукул өзгөртүүчү терең сөздөр жана ойлор болот. Атасычки көңүлүндө: «Мен ичкич болсом, балам диний ишенимдеги инсан болгон соң мени жактырбайт, жек көрөт, демек, мен балама да жана эч кимге да керексиз адаммын» деген ишенимде жүргөн. Качан баласы атасына болгон чын дилден жакшы көрүүсүн, сүйүүсүн билдиргенде, муну ал такыр күтпөгөндүктөн өз баласына керектигин сезип, анын көз караштарында чукул бурулуш башталган.

20. Адам өзүнө кызыгышы үчүн ага башкалардын түз же кыйыр түрүндө кызыгууларынын болушун, (ал каалайбы- каалабайбы, гүл табигый болуучу нерсе), ал өзү туюп-сезиши лаазым, бул, педагогикалык мыйзамдан келип чыга.

Апаңыздын бети-башына, кебетесине, кийимине, жүрүм-турумуна кызыга баштаңыз (кандайдыр жарашыктуу, келишимдүү учурларды белгилөөнү унутпаңыз жана өз көз карашыңызды, табитиңизди таңуулоодон оолак болуңуз; андай учур ой бөлүшүү маанайында болсун) жана акырындык менен апаңыз өзүнө кызыга баштаганын байкайсыз.

21. Дал ушундай окуя менен улуу педагог А.С.Макаренко өзү да кездешкен. Ал мындайча чечет. «Мен Марусяга чарчагандай маанайда карап, ага чындап эле мындай дедим: - Эч нерсе чыкпайт... Маруся адамдарды урматтабайт жана бул жакын арада калчуудай эмес...

-Мен адамдарды урматтаймын, - Маруся менин сөзүмдү бөлө калды.

-Жок, сен эч кимди сыйлабайсың! Эмне кылса болот?.. Кыз биздин тарбиялануучу. Мен мындай деп эсептеймин, Екатерина Григорьевна: сиз акыл эстүү жана тажрыйбалуу жансыз, ал эми Маруся начар мүнөздүү кыз, ага капа болбойлу, мейлиби. Ага укук берели: ал сизди оозуна келген осол, жаман сөздөр менен атай берсин, ушундайлар да боло келген, а сиз капаланбаңыз. Бул өтүп кетет. Макулсузбу?

Екатерина Григорьевна күлүп, Марусяны тиктеди жана жөнөкөй сүйлөдү:

-Жакшы. Бул туура. Макулмун». (Педагогикалык поэма, II бөлүк, II бөлүм).

Байкаганыңыздай, А.С. Макаренко чеберчилик менен Марусяга, анын оройлугун өзүнүн ошону каалагандыгынан эмес, ал өзүн кармай билбегендик себебинен экендиги жөнүндө түшүнүк берүү менен анын башка мазмундуу «ролго» өтүүсүнө көпүрө түздү. Жыйынтыгын «Педагогикалык поэмадан» окуңуз.

22. Туура кылган. Жаш мугалим-эжейге балдардын көзүнчө үйрөтүү-бул, демек, ага «Эчтекени билбегендин» ролун таңуулагандыкка барабар, б.а. жаш мугалимибиз эч нерсеге жөндөмсүз турбайбы деген ойго балдарды түртүшү мүмкүн. Мындай кылуу жарабайт.

23. Бул улуу муундардын салттуу тарбиясы менен түшүндүрүлөт. Жарашыктуу кийинүү же дененин айрым бөлүктөрүн жаап-жашыруу, бул маданияттуулуктун белгиси. Ошондой эле, кийим белгилүү өлчөмдө тышкы жагымсыз табигый факторлордон сактоонун каражаты болуп саналат. Жылаңачтыктын кандайдыр одоно, осол көрүнүшү, албетте, ата-бабалардан келе жаткан нарктуу жөрөлгө, уят, ыйман түшүнүктөрү менен тыгыз байланышып, ошол жарым-жартылай жылаңач денелүү кыздын айлана-чөйрөдөгү адамдарды өзүнө көңүл бурдурууну каалагандыгы катары кабылдашат, бирок, мунун өзү айланадагыларды көзгө илбегендиктин, аларды сыйлабагандыктын белгиси катары түшүнүп калышына ал маани бербеши мүмкүн.

24. Айрым афоризмдерге кыскача түшүндүрмө берели:

№ 1. Абдан ачуулуу менен тирешсең, заматта, уруш-жаңжалдын чыгып кетиши кеп эмес. Мындайда акыл-эсти курч сезимдердин азгырыгы «жеңип» кетет. Ошондуктан, экинчи тараптын теңелбестиги, сабырдуулугу, токтоолугу абадай керек болот.

№ 2. Абдан кыжырданган адам, бул, анын ошол учурда өзүн башкарууга алсыздыгынын белгиси.

№ 6. Мындай типтеги адам каталыгын карандай мойнуна албайт. Айланасындагыларды өзүнөн пас санайт. Демек, аларды

өзүнөн качырат. Каталык кетирсе, башкаларды күнөөлөйт. Айлана-чөйрө менен камыр-жумур жашоого умтулуунун ордуна, тескерисинче, өзүн ар дайым оолактатуу, бул, бактысыздык.

25. Адамдарды бир-бирине салыштыруу педагогикалык принципке каршы келет, анткени, бул атаандаштыкты, мансапкорлукту, көрө албастыкты, ичи тардыкты козгойт жана ушул өңдүү сапаттарды жаратуучу фактор болуп саналат. Адамдарды жакшыларга жана жамандарга, кандайдыр сортторго бөлүштүрүүгө ж.у.с.ларга кыртыш түзөт. Адамды өзүн-өзүнө салыштырганда, анын аң-сезиминде, көз карашында, инсандык жан дүйнөсүндө кандай өзгөрүүлөр жана өсүп-өнүгүүлөр болуп жаткандыгын, азыркы жүзү, турпаты жөнүндө эмнелерди айтууга болорлугун жана эмнеге умтулуу керектигин, анын эртеңин, келечегин түшүнүү болуп саналат.

26. Экөө тең жөндүү, б.а. биз күлүп жатканыбыздын себеби, бизге күлкүлүү болуп жаткандыктан жана бизге күлкүлүү болгондуктан, биз күлөбүз. Бул албетте, өз алдынча мыйзам эмес, тышкынын ичкиге өтүү мыйзамынын, б.а. педагогикалык мыйзамдын жекече көрүнүшү гана.

27. Педагогикалык тобокелчилик деп аталгандыгы, белгилүү убакытка башкалардан өзүн жогору же пас баалап жибергендиги себептүү адамдын көз карашында, инсандык сапаттарында, жүрүм-турумунда айрым четтөөлөр (бул четтөөлөргө, кээде олуттуу маани берүү зарыл) кездешет. Маселен, пикирлешүүнүн жетишсиздиги, адамдын коомдо, жамаат ичинде өзүн башкача кысылгандай ыңгайсыз сезүүсүнө, андай чөйрөдөн өзүн оолактатуу, ала качуу өңдөнгөн стереотиптин калыптанышына, демек, мындай абал инсандын социалдык түшүнүктөрүнүн кадыресе жетилүүсүнө, торолуусуна кедергисин тийгизбей койбойт. Денелик чабалдык болсо, теңтуш, курбалдаштарынын арасында психикалык басылуусуна, анын алсыздыгы көзгө урунгандыктан, көпчүлүк учурларда ага караганда алдуулардын атайын тийишүүсүнүн, мыскылдоосунун, шылдыңдоосунун объектине айлангандыктан, өспүрүм бир чети, аларга күчү жетпегенине кейисе, экинчи жагынан белгилүү деңгээлде өзүнүн жана адамдык ариетин көрсөтүүгө ниеттенип, көрсөтүү, жаңжалдашууга, мушташууга чейин барышы мүмкүн. Кыз үчүн эрте көрүнө баштаган дене бой жана келбеттин сулуулугу, карама-каршы жыныстагылардын табигый түрдө көңүлүн буруп, кызыгууларын арттырып, жаш кыздын таттуу кыялдарынын чындыкка айланышына, аруу максат тилектеринин орундалышына, жакшылыгына караганда, жашоо-турмуштун татаал, чиеленишкен түйүндүү сырлары арбын болгондуктан, тоскоолдугу көбүрөк тийиши мүмкүн. Эрте байкала баштаган зээндүүлүк, шыктуулук, башкалардан өзүн ашыра жогору коюучулук, аларды көзүнө илбөөчүлүк (ар бир адам табиятынан көп

нерсеге шыктуу. Жагымдуу чөйрө жана шарттарда ал шык-жөндөмдөр негизинен эркин өсүп-өнүгүүгө, жетилүүгө ээ болот. Шарт анчейин болсо, б.а. талаптагыдай болбосо, тилекке каршы, шык-жөндөм да күткөндөй деңгээлде орун албайт), сыяктуу мүнөздөмөлөр көнүмүш адатка айланып, дайыма ушундай болушу керек деген ойдон арылбай, «ишенимде» болуп, ойдогусундай болбой калган жагдайларда өзүнө туура баа берүүгө аракеттенүүнүн ордуна бөлөктөргө капаланып, нерви курчуп, өзүнүн башкалардын көңүл борборунда болгон абалын жогото баштаганына ызаланып, абалды түшүнгүсү келбей, айланасындагы адамдар менен курчууга, чатакташууга чейин барышы мүмкүн.

28. № 1-ни мындай түшүндүрүү мүмкүн: бул өзүн баалай билбегендиктен көрүнүшү, б.а. өзүнө-өзү сын көз менен карай албаган адамдар болушат. Алардын көнүмүш адаты өзүлөрүнүн каталыктары үчүн башкаларды күнөөлөшөт. Аларга мүнөздүү касиет, башкалардын ою менен эсептешпөө, аларды көзүнө илбөө, өзүнөн төмөн саноо көз карашынын калыптанып олтурганында. Бул өзгөчөлүү касиетти туура байкаган, аны туура нукка буруунун таалим-тарбиялык аракеттерди көрсө, күтүлгөндөй натыйжага алып келишине ишенүүгө болот.

№ 2. Бул өзүн жакшы билбегендиктин бир көрүнүшү. Тааныш эмес чөйрөдө мындай «принцип» көбүнесе түшүнбөстүктөрдү жана каталыктарды жаратары талашсыз. Принципсиз адамды түшүнүү да жана ага ишенүү да машакат. Принциптүүлүк (калыстык менен жуурулушканда) мыкты инсандык сапаттардын бири, бирок, зарыл учурда өзүнүн мүнөздүк ж.у.с. өзгөчөлүктөрүн айланасындагыларга туура түшүндүрүп, ийкемдүүлүктү көрсөтүү абзел.

№ 3. Табийгат, жамаат, үй-бүлө чөйрөлөрүндө кездешүүчү пас, жийиркеничтүү көрүнүштөргө кайдыгер карабай кейип-кепчүү, күйүп жануу, албетте, туура атуулдук позиция. Бирок, бул, инсандык баалуу касиет аздыр-көптүр жандуу иштиктүү аракеттер, ишкердиктер менен коштолгондо жана толукталганда гана азаптануу сезими жаңы маани – маңызга ээ болуп, толук көрүнүшкө (б.а. сезим бойдон калып калбай бул абалдан чыгуунун аракеттери, чаралары көрүлгөндүктөн) ээ болот.

№ 4. Биринчиден, жаман бойдон калды деген ою, бул салыштырмалуу баалоо. Ошондой эле, терс чөйрөнүн таасири күчтүү болушу ыктымал. Элибизде «Сөздү укканга айт, сууну сиңген жерге куй» деген нускалуу кеп төгүн жерден айтылбаган. Демек, сөздүн маани-маңызын түшүнүү аракетинин ошол инсандын интеллигенттүүлүк сапаттарынын өсүп-жетилүүсүнө тийгизген жагымдуу таасири өтө салмактуу. Адамдын акыл насаатын туура кабылдап, укпаган, андан белгилүү жыйынтык чыгарбаган киши негедир ошол тарбия берген адамды шылдыңдагандай туюлат. Мындай пикирде болуу туура эмес, анткени таалим-тарбия деген, түз жана кыйыр түрдө таасир этүүчү көп сандаган объективдүү жана субъективдүү факторлордун, өбөлгөлөрдүн

аракеттеринин негизинде жүрүүчү салыштырмалуу узак мөөнөттү камтыган татаал процесс.

№ 5. Мында өзүнө оң ролду, б.а. өзүнүн шык-жөндөмүн негизсиз жогору коюу, ошол эле кезде өзүндөгү башкаларды өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө ишенбөөчүлүк, ал эми башкаларга болсо алдын ала терс ролду ыйгаруу, ошондой эле, башкалардын мүмкүнчүлүктөрүнө ишенбөөчүлүктү билдирген көмүскө ой жатат. Башкалар, асыресе, жасоонун мазмунун жетө түшүнбөгөндүктөн, кантип жасоонун жолун, ыгын, тартип – эрежесин билбегендиктен, белгилүү убакытка көнүгүү менен коштолбогондуктан жана бышыкталбагандыктан жарытылуу натыйжа болбошу мүмкүн. Асыресе, бат натыйжага ээ болгусу келгендер мына ушундай принципте болушат.

№ 6. Кадимки тилге которгондо, бул: «Ал ооруу, ошол себептүү мен аны дарылабаймын» дегенди түшүндүрөт. Начар адамдын да жашоо-турмушка, айлана-чөйрөгө болгон өзүнчө көз карашы, ички жан дүйнөсү бар. Андан обочолонбой, анын көңүлүн таап, аны менен туура мамилелешүүгө жол издеп, түшүнүүгө аракеттенүү зарыл. Мындай жагдайлардын адамдын жашоо-турмуштук көз карашынын туура нукта торолушуна, бекемделишине, каныгышына тийгизген таасири чоң. Жаман делген адамды белгилүү өлчөмдө оңолтуу аракетинде, ар бир кишинин инсандык милдети жана парзы жатат.


29. Психолого айтат: «Балага карата ар башка мамиле кылганыңар үчүн экөөңөр тең туура эмессиңер» деп. Ата-эненин баласына мамилеси, талаптары бирдей болушу керек, антпесе, балага карата алардын кайчы мамилесин, мамилесиндеги туура шайкеш келбөөчүлүктү, (баланын сезимтал назик жана ийкемдүү жан дүйнөнү бул өңдөнгөн көрүнүштөрдү тез жана жаңылбай туюп-кабылдоого жөндөмдүү), баласы өз кызыкчылыгы, максаты үчүн пайдаланууга аракеттенет. Эгер баласына карата ата-энесинин ээлеген абалдарын өз-өзүнчө талдасак, психологдун көз карашы боюнча, алардын ар кимиси-жарым жартылай туура жана жарым жартылай эмес мамиледе болгон. Жаннанын аөо сезимин билдиргендиги, чынында туура, анткени баласынын кокустан кыпчытып алган манжасы катуу ооруткуп жаткан. Бирок, үзүлүп түшө күйпөлөктөбөстөн (б.а. бөбөгүнө болгон энелик аөо сезимдерин ошол учурда ичте кармануугa аракеттенип), сыртынан Олег өңдөнүп, белгилүү даражада камырабастыкты көрсөтсө дурус болмок. Ошентип, берилген шартта экөөнүн мамилелерин бириктирсе, анда идеалдуу ата-эненин мамилеси келип чыгат.

30. Баары жөпжөнөкөй. Андрейканы, ким тил алчаак болсо, ал жакшы бала деген түшүнүккө үйрөтүшкөн. Ар бир адам өзүн жакшымын деп ойлойт. Бул жалпы эле адамзат дүйнөсүнө мүнөздүү болуп эсептелген касиет. Ага буйруктарды, көрсөтмөлөрдү берүүлөрүн сурангандыгы жана аларды так аткаргандыгы, бул, өзүнүн жакшы баламын деген ишенимин бекемдөөгө аракеттенгендиги. Андрейка үчүн

мындай «жогору» бааны көбүрөк убакытка көтөрүп жүрүү, албетте, оңой эмес, ошондуктан, анын чыдамы түгөнүп, «рельстен» чыгып кетиши да балалыгына мүнөздүү табигый көрүнүш.

31. Албетте, туура эмес. Бул баланы ач көз, бир беткей керектөөчү кылып өстүрүүнүн, чоңойтуунун жолу. Тартууланган белектин кымбаттыгына карата баалоо көпчүлүк учурларда туура болбойт. Арзан же кымбат буюмбу, чын көңүлдөн жана ниеттен тартууланган белек баалуу. Белек алган киши, ошол белектин баркына жеткидей да болушу маанилүү. Ошондой эле, тартуулануучу белек ошол адамдын табитин эске алуу менен тандалса, күтүлгөндөй болот. Белек жеке эле буюмтайым түрүндө эмес, гүлдесте, ырдесте, ак дилден айтылган каалоо-тилек, сүрөт, кол өнөрчүлүгүн, өзү даярдаган таттуу-шириндиктер же күтүлбөгөн «сюрприз» түрлөрүндө болсо деле, адамдын көңүл кушун көтөрүп, сүйүнтүп, илгери үмүттөргө жетелеп, анын жашоосуна кошумча руханий азык, дем-күч берет. Ошентип, белекти ата-энелер гана тартуулабастан, балдар да өз ата-энелерине белек тартуулоо адебин үйрөнүүлөрү зарыл. Бул балдардын өз ата-энелерин түшүнүүлөрүн жана урматтоолорун бекемдөөгө көмөктөшкөн табигый жолдордун бири.

**2.9. Ойлонгула? Тапкыла?**

1) 

2) 3 (ар бир сан алынат, эгер андан алдыңкы санга 2 ни кошуп, натыйжаны 2ге бөлсө).

3) ПОРТ (Калып калган сөздүн биринчи жана экинчи тамгалары бул тиешелүү түрдө алдындагы сөздүн бешинчи жана биринчи тамгалары, ал эми калып калган сөздүн үчүнчү жана төртүнчү тамгалары – бул тиешелүү түрдө кийинки сөздүн бешинчи жана үчүнчү тамгалары).

4) 66 (Ар бир сан өзүнөн мурдакы санды эки эселентип, чыккандан экини кемиткенге барабар).

5) МОТ.

## ТИРКЕМЕЛЕР

### I Тиркеме

**Соңку педагогикада баланын курак жаш мезгилдерин төмөнкүдөй бөлүштүрүү кабыл алынган:**

1. Ымыркай наристе, бөбөк (жашоонун 1-жылы).
2. Мектепке чейинки эрте курак (1 жаштан 3 жашка чейин).
3. Мектепке чейинки курак (3 жаштан 6 жашка чейин).
   Мектепке чейинки кенже курак (3-4 жаштагылар).
   Мектепке чейинки орто курак (4-5 жаштагылар).
   Мектепке чейинки жогорку курак (5-6 жаштагылар).
4. Мектептик кенже курак (6-10 жаштагылар).
5. Мектептик орто курак (10-15 жаштагылар).
6. Мектептик жогорку курак (15-18 жаштагылар).

### II Тиркеме

**Окутуу процессинде мугалимдин жана окуучулардын ишмердүүлүктөрүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрү**

| Мугалимдин ишмердүүлүгү | Окуучулардын ишмердүүлүгү |
|---|---|
| 1. Окутуунун максаттарын жана милдеттерин окуучуларга түшүндүрүү.<br>2. Окуучуларды жаңы билимдер (кубулуштар, окуялар, предметтер, принциптер, мыйзамдар) менен тааныштыруу.<br>3. Билимдерди, билгичтиктерди аңдоо-туюу жана өздөштүрүү процессин башкаруу.<br>4. Илимий мыйзамченемдүүлүктөрдү жана мыйзамдарды таануу процессин башкаруу.<br>5. Теориядан практикага өтүү процессин башкаруу.<br>6. Эвристикалык жана изилдөө ишмердиктерин уюштуруу.<br>7. Окуучулардын үйрөнүүсүндөгү жана өсүп-өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөрдү текшерүү жана баалоо. | 1. Окууга оң мотивди түзүү боюнча жеке өздүк аракет.<br>2. Жаңы билимдерди, билгичтиктерди, ык-көндүмдүктөрдү кабыл алуу жана өздөштүрүү.<br>3. Талдоо, синтездөө, салыштыруу, иреттештирүү ж.у.с. аракеттер.<br>4. Мыйзамченемдүүлүктөрдү жана мыйзамдарды таануу, себеп-натыйжа байланыштарын түшүнүү.<br>5. Билгичтиктерди жана ык-көндүмдүктөрдү үйрөнүү, аларды иреттештирүү.<br>6. Пайда болгон, кездешкен маселелерди өз алдынча чечүү боюнча практикалык ишмердүүлүк.<br>7.Өзүн-өзү контролдоо, өзүн-өзү диагноздоо. |

**Дидактикалык процесстин жемиштүүлүгүнө таасир этүүчү окутуунун өбөлгөлөрү (факторлору) (1991)**

Бул таблицада окутуу факторлорунун иерархиясы көрсөтүлгөн. Изилдөөнүн автору И.П. Подласый тарабынан рангдарга бөлүштүрүү, фактордук жана корреляциялык талдоо, эксперттик баалоо, электрондук моделдештирүү, компьютердик верификация ж.б. методдорду колдонуу менен узакка созулган изилдөөнүн негизинде аныкталган. Таблицада окутуунун жемиштүүлүгүнө кыйла өлчөмдө таасир этүүчү кырк факторлор рангдарга бөлүштүрүлгөн жана алардын ар бири окутуунун жемиштүүлүгүнө таасир этүү салмагынын төмөндөө тартибинде жайгаштырылган. Окутууну жүзөгө ашыруунун ар түрдүү варианттарын түзүүдө жана текшерүүдө мугалим тарабынан бул сунушталган факторлорду чыгармачылык менен пайдалануунун мааниси чоң. Албетте, факторлордун иерархиялык жайгашуу ирети шарттарга жана өзгөчөлүктөргө жараша бир аз өзгөрүшү мүмкүн.

**1-таблица**

| Фактор | Окутуунун жемиштүүлүгүнө фактордун таасири | Таасир этүү даражасы боюнча фактордун ээлеген орду |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| Окуунун мотиви. Окуу предметине, таануу ишмердигине, окуу эмгегине болгон кызыгуу. | 0,92 | 1 |
| Окууну каалоо | 0,91 | 2 |
| Окуй билгичтик | 0,90 | 3 |
| Окуучулардын иштемчилдиктери | 0,89 | 4 |
| Окуу ишмердүүлүгүнүн көлөмү, машыккандык | 0,88 | 5 |
| Окуутунун үзгүлтүксүздүгү, окуу тапшырмаларын аткаруунун ireттүүлүгү | 0,87 | 6 |
| Окуудагы жандулук | 0,86 | 7 |

| | | |
|---|---|---|
| жана көшөрмөлүк | | |
| Окутууну башкаруу | 0,85 | 8 |
| Көңүл буруучулук, кунт коюучулук, тартиптүүлүк | 0,82 | 10 |
| Билимдерди практикада колдонуу | 0,80 | 11 |
| Конкреттүү билимдерди окуп-үйрөнүүгө жөндөмдүүлүк | 0,79 | 12 |
| Жалпы жөндөмдүүлүктөрү | 0,78 | 13 |
| Потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү | 0,77 | 14 |
| Окуу материалынын татаалдыгы | 0,76 | 15 |
| Окутуунун методдору | 0,75 | 16 |
| Конкрет билимдерди өздөштүрүү кезинде ойлонуу | 0,74 | 17 |
| Окууга даярдыктын деңгээли | 0,70 | 19 |
| Жалпы даярдыктын деңгээли (көптү билүүчүлүк) | 0,68 | 20 |
| Билимдерди кабыл алуу (айтуу) убакыты | 0,62 | 21 |
| Билимдерди бышыктоо убакыты | 0,60 | 22 |
| Билимдерди, билгичтиктерди текшерүүнүн жана контролдоонун мезгилдүүлүгү | 0,57 | 23 |
| Өзүн-өзү окутуунун мүнөзү жана көлөмү | 0,52 | 24 |
| Окуу материалынын саны | 0,51 | 25 |
| Окуу материалынын мазмуну | 0,50 | 26 |

| | | |
|---|---|---|
| Билимдерди баяндоо формасы | 0,49 | 27 |
| Окуу сабагынын тиби жана структурасы | 0,48 | 28 |
| Окуу материалынын структурасы | 0,46 | 29 |
| Окутуунун психологиялык шарттары | 0,45 | 30 |
| Окутуунун каражаттары | 0,44 | 31 |
| Иштөө жөндөмдүүлүк педагогдун потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү | 0,43 | 32 |
| Экологиялык шарттар | 0,41 | 34 |
| Санитарды-гигиеналык шарттар | 0,40 | 35 |
| Жетишкендиктерди каалоо | 0,39 | 36 |
| Жемиштүүлүккө установка | 0,38 | 37 |
| Мамилелешүү стили | 0,37 | 38 |
| Педагогдун ээлеген абалы (позиция) | 0,36 | 39 |
| Өз ара окутуу, үйрөтүү | 0,35 | 40 |

**IV Тиркеме**

**Окутуунун методдорунун салыштырмалуу натыйжалуулуктары**

Методдун натыйжалуулугу эксперттик жол менен бааланган. (+!)- белгиси, бул метод башкаларына караганда маселелерди чечүүгө жакшы жардам берет; (+) белгиси- бул метод максатка жетүү үчүн жарайт, ал эми (-) – метод максатка жетүү үчүн жарабайт дегенди билдирет. Таблицаны талдоо менен мугалим, ар бир методдун кандай маселелерди, милдеттерди натыйжалуу чечүү үчүн канчалык жарамдуулугу жөнүндө түшүнүк алууга жетишет.

**2-таблица**

| Метод | Калыптандырууга | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кругозорду, дүйнөгө көз караштты | Теориялык билим - дерди | Практикалык эмгек- тик билгичтиктерди | Билимдерди алуу, иреттештирүү жана колдонуу билгичтиктерин | Окуй билүүчүлүк - төрүн, өзүнчө билим алуу ык- көндүмдүк- төрүн | Билимдерди, билгич- тиктерди, ык-көндүм- |
| Аңгеме | +! | + | - | + | - | + |
| Пикирлешүү | +! | +! | - | + | + | + |
| Лекция | +! | +! | - | + | + | + |
| Талкуу | + | + | + | + | + | + |
| Китеп менен иштөө | + | +! | + | + | + | +! |
| Демонстрация | + | + | - | + | + | + |
| Иллюстрация | + | + | - | + | - | + |
| Видеометод | + | + | - | + | - | +! |
| Көнүгүүлөр | + | +! | +! | +! | +! | +! |
| Лабораториялык метод | - | + | +! | +! | + | +! |
| Практикалык метод | + | + | +! | +! | +! | + |
| Таануу оюну | + | +! | + | + | + | + |
| Программалаштырылган окутуунун методдору | - | +! | +! | +! | + | +! |
| Үйрөтүүчү контроль | - | + | + | + | + | +! |
| Ситуациялык метод | +! | +! | + | + | + | +! |

**3-таблица**

| Метод | Өнүктүрүүгө | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Ойлоону | Таанууччулук кызыгууларын | Жандуулуктарын | Эске сактоолорун | Эрктерин | Ойлорун билдирүү жөндөмдүүлүктөрүн | Эмоцияларын |
| Аңгеме | + | + | - | + | + | - | + |
| Пикирлешүү | +! | +! | +! | + | + | + | +! |
| Лекция | + | +! | + | +! | +! | - | + |
| Талкуу | +! | +! | +! | + | + | +! | + |
| Китеп менен иштөө | +! | +! | + | +! | +! | - | + |
| Демонстрация | + | +! | + | + | + | + | +! |
| Иллюстрация | + | +! | + | + | + | + | +! |
| Видеометод | + | + | + | + | + | + | +! |
| Лабораториялык метод | + | + | + | + | + | - | + |
| Практикалык метод | + | + | + | + | + | + | + |
| Таануу оюну | +! | +! | +! | +! | +! | +! | +! |
| Программалаштырылган окутуунун методдору | +! | + | + | +! | + | - | - |
| Үйрөтүүчү контроль | + | - | - | + | + | + | + |
| Ситуациялык метод | +! | +! | +! | + | + | +! | + |

**4- таблица**

| Метод | Түрткү берет | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Жемиштүү ойлонууга | Алган билим - дерди, билгич - тиктерди колдонууга | Демилгелүү-лүктү, өз алдынчалыкты көрсөтүүгө | Мелдешүүгө | Коллективдүү кызматташууга |
| Аңгеме | + | + | - | - | - |
| Пикирлешүү | + | + | + | + | + |
| Лекция | +! | - | - | - | - |
| Талкуу | +! | +! | +! | +! | +! |
| Китеп менен иштөө | +! | + | + | - | - |
| Демонстрация | + | + | - | - | - |
| Иллюстрация | + | + | - | - | - |
| Видеометод | + | + | - | - | - |
| Көнүгүүлөр | +! | +! | + | + | - |
| Лаборатория-лык метод | +! | +! | +! | - | + |
| Практикалык метод | +! | +! | + | + | + |
| Таануу оюну | +! | +! | +! | +! | +! |
| Программалаш-тырылган окутуунун методдору | +! | +! | +! | + | - |
| Үйрөтүүчү контроль | + | + | + | + | + |
| Ситуациялык метод | +! | + | +! | + | +! |

V Тиркеме

**Окутуунун методдорун тандоого таасир этүүчү факторлордун иерархиясы**

5-таблица

| Фактор | Факторун таасири | Орду |
|---|---|---|
| Окутуунун максаты | 0,90 | 1 |
| Жетишүүгө зарыл болгон окутуунун деңгээли | 0,86 | 2 |
| Окутууну мотивдештирүү деңгээли | 0,84 | 3 |
| Окутуунун мыйзам-ченемдүүлүктөрүн, принциптерин жүзөгө ашыруу | 0,80 | 4 |
| Жүзөгө ашырылуучу мазмундун жана талаптардын көлөмү | 0,78 | 5 |
| Окуу материалынын татаалдыгы жана көлөмү | 0,70 | 6 |
| Окуучулардын даярдыктарынын деңгээли | 0,65 | 7 |
| Окуучулардын кызыгуулары, жандуулуктары | 0,62 | 8 |
| Окуучулардын иш жөндөмдүүлүктөрү, курак жаштары | 0,60 | 9 |
| Окуу ык-көндүмдүктөрүнүн калыптангандыгы<br>Окууга машыгуучулук жана чыдамкайлык | 0,55 | 10 |
| Окутуу убакыты | 0,50 | 11 |
| Окутуунун материалдык-техникалык, уюштуруучулук шарттары | | |
| Өткөн сабактарда методдорду колдонуу | 0,40 | 12 |
| Окуу ишинин тиби жана структурасы | 0,38 | 13 |
| Окуу процессинде орногон мугалим менен окуучулардын ортосундагы өз ара мамилелер (кызматташтык же авторитардык) | 0,37 | 14 |
| Класстагы окуучулардын саны | 0,36 | 15 |
| Мугалимдин даярдык деңгээли | 0,35 | 16 |

**VI Тиркеме**

**Убакыттын кесиндилери боюнча бөлүштүрүлгөн аралаш сабактын (комбинированный урок) этаптарынын көрүнүшү:**

| Ишти уюштуруу | Окуп үйрөнүлгөн -дөрдү кайталоо (билимдерди актуалдаштыруу) | Жаңы билимдерди окуп-үйрөнүү, жаңы билгичтиктерди | Бышыктоо, иреттештирүү, колдонуу | Үйгө тапшырма берүү, баалоо |
|---|---|---|---|---|
| Этаптар | 1 | 2 | 3 | 4 |

**VII Тиркеме**

**Традициялуу эмес сабактар**

Стандарттуу эмес сабактардын кыйла кенен таралган типтеринин тизмеси.

1. «Терендөө» сабактары
2. Иштиктүү оюндар сабактары
3. Пресс-конференция сабактары
4. Мелдеш сабактары
5. ШТК (КВН) тибиндеги сабактар
6. Сахна сабак
7. Консультация сабактары
8. Компьютердик сабактар
9. Окуучулардын бири-бирине үйрөтүү сабактары
10. Чыгармачылык сабактар
11. Аукцион сабактар
12. Окуучулар өткөн сабактар
13. Зачет сабактар
14. Шектенүү сабактары
15. Чыгармачылык отчөттор-сабактары
16. Формулалар сабактары
17. Кароо-конкурстар сабактары
18. Бинардык сабактар
19. Жалпылоочу сабактар
20. Ой чабыт-сабактары
21. Оюндар-сабактары
22. «Соттор» - сабактары
23. Чындыкты изденүү сабактары
24. «Парадокстор»- сабактары
25. Концерт-сабактар
26. Диалог-сабактары
27. «Тапкычтар издөө салышат»- сабактары
28. Ролдук оюндар - сабактары
29. Конференция - сабактары
30. Семинар - сабактар
31. Интегралдык - сабактар
32. «Машыгуу» - сабактары
33. Предметтер аралык сабактар
34. Экскурсия - сабактар
35. «Сыйкырдуу талаа» оюну-сабактары

**VIII Тиркеме**

**Максималдуу жүктөмдүн нормалары**

**6-таблица**

| Класс | I | II | III | IV | V | VI | VII | VIII | IX | X | XI |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Мектепте сабактардын саны | 3-4 | 4 | 4-5 | 5-6 | 5-6 | 5-6 | 5-6 | 5-6 | 5-6 | 5-6 | 6 |
| Үй тапшырмасын аткаруу (сааттардын саны) | 1 | 1,5 | 1,5-2 | 1,5-2 | 2 | 2 | 2,5-3 | 3-4 | 3-4 | 3-4 | 4 |

**IX Тиркеме**

**Анкета: «Окутуучу студенттин көзү менен»*****

**Анкетанын максаты:**

1. Окутуучунун сабак өтүү деңгээли жөнүндө түшүнүк алуу.
2. Факультетте өтүлүп жаткан окуу предметтеринин окутулуу абалын билүү.

Ар бир суроого чын көңүлдөн жана дыкат жооп берүү менен биздин жалпы милдеттерди туура багытта чечүүгө жардам берген болосуз.

Анкета – жашыруун, эгер кааласаңыз – аты-жөнүңүздү көрсөтсөңүз болот.

Суроого сунушталган жооптордун варианттарынын бирөөн же бир нечесин тандашыңыз мүмкүн. Маселен: 1. а) же 2. а), б),…,

1. Мектепти кайсы тилде аяктадыңыз:

а) кыргыз тилинде; б) орус тилинде; в) өзбек; г) тажик; д) аралаш

2.Окутуучу лекцияны кантип өтөт:

а) окуп берет; б) оозеки баяндайт;

в) окуйт, түшүндүрөт жана мисалдарды келтирет;

г) досканы, көрсөтмө куралдарды жана техникалык каражаттарды пайдаланат;

д) жогоруда саналгандардын баары кездешет.

*** Анкета жана таблица Ош технологиялык университетинин Кызылкыядагы структуралык бөлүмүнүн илимий-психологиялык лабораториясында Колдошев М.К. жана Пак С.А. тарабынан иштелген.

3. Семинардык жана практикалык сабактарды окутуучу кандай жүргүзөт:

а) суроо-жооп көрүнүшүндө;

б) лекциянын материалынын үстүндө иштетет;

в) тесттерди, көнүгүүлөрдү, мисал-маселелерди чечүү;

г) проблемалык жагдайлардын чечимин издөө;

д) жогоруда саналгандар баары кездешет.

4. Сиздин оюңуз боюнча, сабак учурунда окутуучу үчүн мүнөздүү болгон кандай кемчиликтер же жетишпестиктер кездешет.

а) тез сүйлөйт; б) жай жана акырын сүйлөйт;

в) темадан көп четтейт; д) билими үстүрт; г) билими орто.

5. Кандай инсандык сапаттары үчүн сиз окутуучуну урматтайсыз:

а) профессионалдуулугу;

б) жүрүм-турум этикасы жана маданияттуулугу;

в) мамилеси жана мүнөзү;

г) жеке тааныш болгондугу

д)туугандык байланышы.

6. Билимди модулдук-рейтингдик ж.у.с. текшерүү мезгилинде сиздин билимиңизди, билгичтигиңизди, ык-көндүмдүктөрүңүздү окутуучу кандай баалайт:

а) объективдүү, б.а чыныгы билимге жана шык-жөндөмдүүлүккө карап;

б) окутуучу менен түзүлгөн өз ара мамилеге карап;

в) билимге караганда көбүнчө мамилеге карап;

г) болжол менен же үстүртөн; д) баалай билбейт.

7. Окутуучунун сабак өтүүсүнүн жалпы деңгээлин кандай баалайсыз:

а) жогору; б) жакшы; в) орто; г) ортодон төмөн; д) төмөн.

Сиздин кошумча пикириңиз жана сунушуңуз:

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

________________________________________

Ыракмат!

**7-таблица**

«Окутуучу студенттин көзү менен» анкетасына алынуучу жоопторду белгилөө таблицасы ______ тайпасы _________ окуу жылы

| № | Окуу сабагынын аталышы | Окутуучунун Ф.А.Ж. | Жооптордун варианттары | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргызстан тарыхы | Ураимов У.Н. | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | |
| 2 | Педагогика жана психология | Колдошев М.К | | | | | | | | |
| | | Пак С.А. | | | | | | | | |
| 3 | Жогорку математика | Сражидинов А.С. | | | | | | | | |
| | | Акбаралиев З. | | | | | | | | |
| 5 | Чет өлкөлөрдүн Конст. укугу | Рахматуллаева И.М. | | | | | | | | |

**Түшүндүрмө:** бул таблицаны пайдаланганда анкета булганбайт, б.а. таза бойдон калат. Албетте, студенттердин басымдуу бөлүгү окутуучуну туура баалай албашы деле мүмкүн. Бирок, экинчи жагынан, окутуучунун баш сынчысы студенттер экени да чындык. Студенттердин ойлорун жана пикирлерин эске алуу менен окутуучу өзүнүн алгылыктуу жактарын жана кемчиликтерин байкап, билип, жетишпеген жактарын оңдоонун жолдорун изденүү, кайсы багыттарда өзүнүн билимин, чеберчилигин жана тажрыйбасын арттыруу жөнүндө анда анык түшүнүк жаралат. Ошондой эле, берилген структуралык бөлүмдө билим берүү процессиндеги жетишилген ийгиликтер жана өксүктөр, көйгөй маселелер, аларды туура чечүүнүн өбөлгөлөрү жана себептери жөнүндө зарыл тыянактарды жана бүтүмдөрдү чыгарууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Эгер анкета дагы толукталып, өркүндөтүлүп, анын таблицасынын компьютердин программасы түзүлүп, ошол программанын негизинде жыйынтыктарды алуунун (жеке жана жалпы) механизмдери иштелсе, анда ар бир окутуучунун профессионалдык-инсандык жалпылаштырылган турпатын «портретин», рангын жана ээлеген ордун (рейтингин) аныктоого мүмкүндүк түзүлмөк.

## ТҮГӨЛ ПЕДАГОГИКАНЫН АШКАН ЧЕБЕРИ****

А.С Макаренкону, мугалимдер, жамаат (коллектив) жөнүндөгү окуунун теориясына жана усулиятына чоң салым кошкон улуу педагог катары билишет. Ал окуучунун инсанына жекече (индивидуалдуу) мамиле кылууга каршы көз караштa болгон деген өңдүү пикирлер илимпоз-педагогдордун чөйрөсүндө айтыла калып жүрөт. Бул туура эмес. А.С.Макаренко тарбияда жекече (индивидуалдуу) мамилени бир тараптуу ашкере жактагандарга, көкөлөткөндөргө каршы болгон. Аны, чынында, тарбиялануучунун жекече өзгөчөлүктөрүнө негизделген жекече мамиле жасоонун ашкан чебери катарында баалашыбыз керек. Анын уюткулуу иш тажрыйбасынан жана чыгармачылыгынан гумандуу педагогиканын мыкты үлгүлөрүн табууга болот.

Алсак, Е.Д.Ройтенбергдин эскерүүлөрүндө эки таптакыр карама-каршы мисал келтирилген. Бул мисалдар А.С.Макаренконун дифференцирлүү мамиленин жактоочусу болгондугун жана ар бир инсандын жүрүм-турумунун, жасаган кыймыл-аракетинин маңызына сүңгүү менен чечим кабыл алгандыгын ишенимдүү күбөлөндүрөт. Биринчи мисал, «Күндөрдүн биринде Антон Семеновичтин саатын уурдашат. Ууруну кармашат. Бул тарбиялануучунун ата-энеси тирүү, бирок тарбиясы начар болгон.... Ууруну командирлердин кеңешинде жазалоого алып барышат. Командирлер аны ошол замат коммунадан чыгарып жиберүүнү талап кылышат. Антон Семенович мындай сунушка каршы болуп, бул бала көңүлүндө уурулук кылгысы келген эмес, аны «ууру» дегенибиз анчалык туура болбойт, ал кандайдыр бактысыздыкка кабылды, саатка азгырылды... Эгер анын уурулугу кайталанса, анда мени бул жерден кууп салгыла деп чечкиндүү сүйлөйт».

Чындыгында эле, баланын коммунада беш жыл болгон мезгил аралыгында, аны менен жогоркудай окуя эч кайталанбаган. (1, С. 226)

А.С.Макаренконун чечими баланын ички жан дүйнөсүн, психикасын абдан так билүүсүнө негизделген деген пикирибиз туура болот.

Анткени, коммунанын уставы боюнча командирлердин чечимине каршы сунушту билдирүү оңойго турбаган. Баланын кийин жогорку

---

**** Бул тиркеменин негизги өзөгүн М.Красовицкийдин макаласынан которулган мазмун түзөт. (Красовицкий М. Великий мастер парной педагогики. – Педагогика. – 2000. №1. – С.75). Айрым учурларда колдонмонун авторунун көз караштары кошумча кыстарыла кеткен.

өңдүү терс жүрүм-турумду кайталанбастыгына көзү жетип, ынанып, анан пикирин билдиргендегиси.

**Башка мисал.** «Коммунага баланы көчөдөн алып келишет. Көп өтпөй аны драмалык ийримге тартышат, ал эми ал ийримдин бөлмөсүнө илинген көшөгөнү кесип кетет. Антон Семөнович баланы «ууру» деп атап, курч сүйлөйт. Биз баарыбыз айраң-таң калдык. Жакында эле келген баланы, кантип ушинтип болсун? Кийин бул сөздөрдүн балага таасирин көрүп, Антон Семеновичтин ошондо туура кылгандыгын түшүндүк, бул жерде уурулукка жол коюлбастыгын бала заматта түшүнсүн үчүн, көрсө ага кыйкыруу керек экен. Чындыгында, бала андан кийин уурулукка барбады» (2,с. 230). Бул мисалдан А.С.Макаренконун кылдат психолог болгондугуна ынанабыз. Бул баланын психологиялык өзгөчөлүгүн ачык-айрым билгендиктен жана ага карата шайкеш кадам жасагандыктын үлгүсү. Ачуу кыйкырыкты, бул, биздин көз карашыбызда, түздөн-түз ошол балага жана кыйыр түрдө анын жолдошторуна мындан ары жаман жорукка барганыңарды көрбөйүн да, укпайын дегендей катуу эскертүү белгиси катарында кабылдоо лаазым.

А.С.Макаренкого анын тарбияланылуучуларынын беришкен мүнөздөмөлөрү өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. Алардын айрымдары: «Антон Семөнович өзүнө айрыкча эч кимди жакындатпаган, бирок, эч кимди өзүнөн алыстатпаган дагы. Ал өзүн ылайыктуу, жагымдуу аралыкта кармана билген жана ошол эле учурда алар үчүн эч качан жат киши болгон эмес» (2,с.62).

«Кээде мен өзүмө суроо койом: Антон Семөновичтен биз коркчу белек? Бул суроонун тегерегинде канчалык ойго чөмүлсөм, бизде андан коркуунун көлөкөсү дагы болбогондугуна ошончолук ынанам. Күнөлүү болгон учурларда андан уялуу сезимдери гана болгон. Бул тууралуу кийинчерек мага көп коммунарлар айтып калышчу» (2, с.92). «Кандай жөнөкөй жана акылман тарбиялык стиль!» - деп сыймыктануу менен кыйкырды С.Калабалин.

Турмушта, айлана-чөйрөдө көп жолу кездешкендей, айрым мугалимдер окуучуларды курулай коркутуу, үркүтүү, жүрөгүнүн үшүн алуу өңдөнгөн ыкмаларды колдонуу аркылуу, алардын көз алдыларында кадыр-барктуу болгулары келишет. Бул арзан кадыр-барк. Оңой жол. Анткени, ал мугалим үчүн изденүүнүн, түйшүктөнүүнүн, мээнеткечтиктин анчалык зарылчылыгы жок болуп жатпайбы. Мындай ыкмада балдардын пассивдүүлүктөрү, ыкшоолуктары жана айлакерликтери күчөйт, б.а. окуучулар бул типтеги мугалимдин көзүнө көп чалдыкпоонун, урунбоонун, айкырык-кыйкырыктарына кабылбоонун, бүйрөөнүн, жалган-жашык айтуунун айла-амалдарын издешет. Балдар чыныгы ойлорун, көйгөйлөрүн, жан

дүйнөсүндөгү уйгу-туйгу сезимдерин ачыла, жазыла айтуудан качышат, тартынышат. Мугалим менен окуучулардын ортосундагы аралык алыстап турат. Мындай жагдайда тарбиячы өзү да көп нерсени жоготкондугун байкабай калат. Биринчиден, окуучуларынын педагогикалык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн, мүнөздөмөлөрүнүн чыныгы, реалдуу көрүнүшүн үйрөнө албайт; экинчиден, өзүнүн педагогикалак иш тажрыйбасы артпай, тескерисинче, супсак тарта баштайт. Ошентип, бул типтеги мугалимдин таалим-тарбиялык ишмердүүлүгүнүн жемиши, майнабы болбогон соң, кейип-кепчип, күнөөнү бирде окуучулардан издесе, башка учурда аларды окутушкан мугалимдерге шылтоолоп, үчүнчү бир учурда ата-энелеринен көрүп, аларга асылып, күнөөнү өзүнө түк жолоткусу келбейт. Ар түрдүү түстөрдө кубулган митайым мугалимдик көрүнүштөрдүн бири ушундай (К.М).

А.С.Макаренконун иш тажрыйбасында болсо, коммунарлар уят болуп калуудан чочулашат, коркушат. Тарбиячыдан ийменишет, тартынышат. Бул Антон Семеновичти ошончолук урматтоонун, ызаттоонун нукура белгилери.

Төмөнкү классикалык кырдаалды (ситуация) талдоо аркылуу А.С.Макаренконун педагогикалык технологиясына кайрадан үңүлөлү. Антон Семенович мурдакы стаждуу ууру С.Карабановго колонияга акча алып келүүсүн буюрат (3, с.339-342). А.С.Макаренконун алдында турган башкы маселе (колония үчүн акча алып келүүгө эч ким табылбаганынан тышкары) өтө татаал болуучу.: С.Карабановго ишеним көрсөтүү менен аны таңдантып, ошол эле учурда ага карата атайылап эч кандай тарбиялык сөздөрдү, насааттарды айтпоо, педагогикалык тобокелчиликтин белгилерин көрсөтпөө, байкатпоо болгон. «… Мен Семенду чакырдым жана жайбаракат сүйлөдүм: Мына ишеним кагаз. Финбөлүмдөн беш жүз сом алып келесиң».

Анын накталай психологиялык табылгасы өзүнө көңүлдү бурдурат: ал мындай учурларда адатта боло берүүчү өзүнүн мурдакы ууруга ишеним көрсөткөндүгүн ашкерелебестен, кандайдыр мактангандай түр бербестен, жөнөкөй гана «үстөлдүн сууругучуна карап жатып» сүйлөдү. Андан кийин акырын ага тапанча (револьвер) алууну сунуш кылды. Карабанов айран-таң, ага эч кандай жандоочусуз жана кайтаруучуларсыз револьвер менен акча алып келүү тапшырылды! Андыктан ал «жапайыча карады», бирок кырдаал ага өзүнүн чынчылдыгы, тапшырманы аткарууга даяр экендиги жөнүндө сөз, ант берүүгө ылайыксыз болуучу.

Макаренко өзүнүн ишеним көрсөтүү «чабуулун» андан ары улантты. Кечке жуук Семен анын бөлмөсүнө кирип, үстөл үстүнө акчаны жана револьверди койду.

Мен (б.а. Макаренко) акчаны колума алдым да, өтө коңул кош жана таасирсиз үн менен (мындай үн менин сүйлөөгө колуман келишинче аракеттендим) суроо каттым:

-Эсептедиңби?

-Эсептедим.

Акчаны үстөлдүн сууругучуна олдоксон таштадым.

- Ыракмат, ишке жарадың. Барып тамактангының.

Өспүрүмдүн ички дүйнөсүндөгү уйгу-туйгуну элестетип көрүңүз, бирок, бул анын азырынча бүркөк тарткан кабагынан, унчукпастыгынан көрүнөт. Карабанов үчүн айрыкча акчаны санабаган жагдай чыдамсыз болду: акчаны, адатта, санап алышат, башкача болушу мүмкүн эмес. Бирок, ал кайрадан өзүн токтотуп калды.

А.С. Макаренко ишенимге ойноду, анткен менен ал колонияга чындап үйүр алган жана анын жетекчисин өзгөчө жакшы көрүп калган бул мамилечил, шайыр өспүрүмдү үйрөнүүгө үлгүргөн болуучу. Антон Семенович дээрлик ишенген, бирок ошондой болсо да… Карабанов жаңыдан чоң суммадагы акчаны алып келүүгө буйрук алган соң, чыдабай кетип: «А эгер мен бул акчаларды алып келбесемчи? (Финбөлүмдөн сумманы алып, качып кетсемчи маанисинде)» - деген фразаны айтып жиберди. Дал ушул жерден А.С. Макаренко эң бийик, учууга тете болгон педагогикалык аракетти жасайт: өзүнүн Семөнго ишенгендигин, аны жакшы көргөндүгүн, ж.у.с. пикирлерин, насааттарын айтып, эбиреп-жебиребейт. Ал ага кыйкырат, ооба кыйкырат: «Сага тапшырма берилди, баргының да, аткаргының!» Ах, кандай өкүмдүү, орой айтылды, инсанды урматтабагандык таризинде А.С.Макаренкону сындагандар четтен чыгышы мүмкүн.

Жагдайды талдап көрсөк, биздин оюбузча, кептин жөнү башкада. Биринчиден, Семен үчүн таптакыр күтүүсүз кыйкырык, бул, А.С. Макаренконун тапкычтыгы, оригиналдуу, стандарттуу эмес педагогикалык кадамы жана жана анын аң-сезимин чукул ойготуп, кийин ойлонууга, акыл калчоого, түйшөлүүгө түрткү берген аракет. Экинчиден, Семендун психологиялык өзгөчөлүгүн кылдат эске алган десек жаңылыштык болбойт. Үчүнчүдөн, адамга ишеним көрсөтүү же ага ишенгендик - анын инсанын урматтагандык, сыйлагандык го… Чынында ишенимге арзыган адам сенин урмат-сыйыңа татыктуу, же болбосо, чындап урматтабаган кишиңе, ишенбейсиң дагы. А.С Макаренко сөздүн түпкүлүктүү маанисинде дал ушул тарбиялык принципти бекемдеп жатат. С.Карабанов да акылсыз жигит эмес жана Макаренконун тобокелге баргандыгын түшүнөт, анын ишенимин жана тобокелчилигин баалап, актоого аракеттенет. (К.М.)

А.С.Макаренконун сыпайыкерчиликти такт менен айкалыштыргандагы кылдаттыгы анын индивидуалдашкан (жеке керт

башка негизделген) педагогикасынын маанилүү элементи болгон. Сыпайылыкты адамдык мамиленин айныгыс жалпы эрежеси катары кароо менен бирге, ал тарбиялануучулары менен мамилелеринде бул касиеттүү түшүнүктү, турмуштун бардык учурларында колдоно берилүүчү каражат катарында караган эмес. Сыпайылык көрүнүштүн түрлөрү көптөгөн шарттардан көз каранды болуп, алдыңкы кезекте тарбиялануучунун инсандык өзгөчөлүгүнө жараша болгон. Макаренко эгер педагогикалык зарылчылык талап этсе, орой жана катуу болгон. А.С.Макаренконун тарбиялануучуларына карата кылдат сыпайылыгына жана тактыгына анын абактан Семен Калабалинди чыгарып алгандагы учуру мисал болушу мүмкүн. Абактын башчысынын бөлмөсүндө аны менен кыскача таанышкан соң Семенго кайрылды: - «Эми мени кечир, эгер мүмкүн болсо, бөлмөдөн бир мүнөткө чыгып турушуң керек болуп жатат»...

Абакта жалаң гана орой, жат сөздөрдү эшитип, андай сөздөргө белгилүү деңгээлде көнүп бүткөн Семенго, Макаренконун сыпайы кайрылуусу, ал үчүн таптакыр күтүлбөгөн жаңылыктай туйулду, сыйкырдуу сыяктанган сезимдерге кабылтты. Мурда өзү жөнүндө начар ойдо болсо, эми анын инсанын урматтоо сезими менен айтылган сөздөр, Семендо, мен жөнүндө да жакшы ойлогон адамдар бар турбайбы дегендей пикирди жаратып, анын ички дүйнөсүн ойготуп, көз карашын өзгөртүп, шыктантып, кайраттантып жиберди (КМ).

Кыргыз элинде «Жакшы сөз менен жылан ийинден чыгыптыр» деген нукура накыл айтылат. Макаренконун ыкмасы, мамилеси ушул накыл сөздүн тууралыгын ырастап турат.

Тарбиялануучунун адамдык кадырын урматтону биз төмөнкү жагдайдан да көрөбүз. Калабалинге ошол эле күнү колония үчүн азык-түлүк алып келүүгө тапшырма берилди, бирок Макаренко ага кампачы таразадан алдап, кымтып калышы мүмкүндүгүн эскертти. Семенго абдан жагып калган Макаренко үчүн жакшылык кылууну каалап, өзүнүн адатына салып, эки бөлкө нанды ашыкча алып чыкты. Макаренко бул жорукту кандайдыр байкап калат.

«Губбилим берүү бөлүмүнөн эки жүз метрдей алыстай берерде Антон Семенович токтоону сунуш кылды жана мага төмөнкү сөздөр менен кайрылды: - Мен унутуп калыптырмын. Бизге эки бөлкө нанды ашыкча берип жиберишиптир. Мүмкүн болсо кайра жеткирсең, антпесек, бул кампачылар бүткүл Россияга чуу көтөрүшөт. Мен сени күтүп турам.

Менин кулактарым жана бетим уялгандыгымдан жалындап күйдү. Мурда мындай болгон эмесмин. Арабадан ыргып түшүп, чөптүн

астынан эки бөлкө нанды сууруп чыктым жана кампага жөнөдүм...

Кайтып келгенимде, Антон Семенович: - Семичке чагасыңбы? – деп сурады жана мен абдан жакшы көрөрүмдү айттым.

Нан жөнүндөгү окуя таптакыр болбогондой. Байкабастан эчтеке жаңылыштык болбогондой. Ооба, Антон Семенович мындай сөздөрдү сүйлөсө да болмок: мен өзүмдүн тынч жашоомду тобокелге салып, сага ишенип, сени абактан бошотуп алдым, ал эми сен болсо, нанга азгырылып, мени уят кылдың, эх» - дегендей.

А.С.Макаренконун индивидуалдашкан педагогикасы үчүн тигил же бул тарбияланууучунун инсанына тикеден-тике тиешелүү жана анын турмуштук жагдайларына байланыштуу достук мамилелериндеги моральдык нарк-насилдерге, баалуулуктарга өзгөчө көңүл буруу мүнөздүү. Семен Карабанов бир кызды сүйүп калган учурда, бул сырын Макаренкого келип айтат. Андан ары төмөнкүдөй болот:

«Ал мени угуп, кийин столдон туруп, менин желкемди кармады жана акырын сезим менен сүйлөдү: - Ырахмат сага, Семен. Мага ченемсиз кубаныч тартууладың. Ырахмат!

- Эмнеге эле, Антон Семенович?

- Биринчиден, сенин мага ишенимиң үчүн... А азыр сенин сезимиң жөнүндө: жалганга, ушакка жана азгырыкка алдырбагын. Сулуу, таза, камкор-мырзаларча сүйгүнүң!

Мындай кубаныч болуп калыптыр, азыр менин да иштегим келбей турат, жүр тамактаналы» (1, с.70). Эки жаштын ортосундагы ыйык сезимдерди баалап, алардын ысык, ынак мамилелерин жакшылыкка жоругандыгы, аларга кандайдыр шектүү карабагандыгы, мындай мамилелерине чын дилинен ыраазы болгондугу кубанычын жашырбагандыгы, келечектерине үмүт менен карагандыгы, булар, А.С.Макаренконун бийик, масштабдуу көз карашын, адамгерчиликтүү педагогикасын айгинелейт.

А.С.Макаренконун педагогикасы үчүн тарбияланууучунун шыктарын, табигый мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү, аны колдоо, катылган мүмкүнчүлүктөрдүн өз убагында ачылышына шарттарды түзүүгө умтулуу мүнөздүү болгон. Куряж колониясынын бир тарбияланууучусунун китептерге кызыккандыгын көрүп, аны китепканачылыкка дайындады; башка тарбияланууучусунун жеке шкафчасындагы баш аламандык үчүн урушуп жатып, анын ыр жазууга шыктуулугун билип, ошол замат ыр саптарын обонго салууга, андан соң, өзүнүн аткаруусуна көрсөтмө берди. Үчүнчүсүнүн техникага жакындыгын, ден соолугунун чыңдыгын байкап: «Сен үчүн

ылайыктуу жол мына ушул», - деп, учкучтарды даярдоочу окуу жайына жөнөтөт.

В.Коломийцев өзүнүн эскерүүлөрүндө: «Качан тигил же бул колонистин же коммунардын жөндөмдүүлүгү ачык-айкын анык болгондон кийин анын өзүнүн күчтөрүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө терең ишенимди пайда кылуу максатында Антон Семенович аны бекем колдогон. Ушундан улам Макаренко меймандардын көзүнчө деле: «Бул биздин болочок конструктор!», «Бул учкуч болот…», «Бул – болочок дарыгер»,- деп, бийик үн чыгарып, сыймыктануу сезимдери менен айтуудан тартынбаган. Мындай сөздү Антон Семенович кесипти тандоосу аныкталгандыгын даана билгенден кийин гана сүйлөгөн. Дал ушул учурда тарбиялануучунун жүзүндө кубанычтын нурлары тамылжый түшөр эле… (2,с.69)

Тарбиялануучунун жөндөмдүүлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн таразалап, аны кайраттантуу, шыктантуу, кесипке туура багыттай билүү, бул, тарбиячынын кылдат сынчылыгын, устаттык даражасын мүнөздөөчү белгилер болорун айтуу лаазым.

Жарык көргөн макалаларда жана изилдөө материалдарында А.С.Макаренконун түгөйлөш (жупташ) педагогикасынын мындай варианты жөнүндө көп жолу баяндалат. Жосунсуз жорук жасаган тарбиялануучуга башчынын бөлмөсүнө келүү убакыты белгиленген. Күнөөлүү бушайманга түшүп, узак убакыт (б.а. бир канча саат) күтүүгө туура келүүчү жана Макаренконун көзүн кароодон өтө айбыгып, катаал жазасын күтүү учурунда, өзүн-өзү оңдогон жолу жемелөөгө үлгүрүүчү, бирок, белгиленген убакыт келгенде, болгону бир нече сөз угуучу: «Баарын түшүндүңбү? Бара бер». Мындай педагогикалык аракет тарбиялануучуну терең билүүнү, ушул негизде андан күтүлүүчү жоопторду, жүрүм-турумду божомолдоп көрө билүүнү талап кылган жана инсандын өз алдынчалык мүмкүнчүлүктөрүнө жогорку ишенүүнүн белгиси болгон.

Бул педагогикалык ыкманын таасир этүүчү күчүн А.Г. Явлинский так, ачык көрсөткөн. Өзүнүн парталаш кызы менен жемелешип кетип, ал кыз аны абдан капаланткан соң, улан ачуулуу абалда кызды муштап жиберет. « Өзүмдүн турмушумда биринчи жана акыркы жолу менин кызды урганым ушул болду…»

Мына мага Антон Семенович кечки тамактануудан соң анын бөлмөсүнө келүүсүн сунуштаган катты алып келип беришти. Мен өзүмдүн кылык жоругумду жемелөөгө үлгүрдүм жана эң катуу жазалоону күтүп жатып, азаптандым. Буга окшош жоруктар коммунада катаал сындалуусун билчүүмүн. Чынын айтсам, ошол учурда мен жазалоодон анчалык коркпосом да, мен үчүн Антон Семеновичтин жүзүнөн жек көрүүнүн жана айыптоонун айкын

белгилерин көрүү коркунучтуу болуучу... Кечинде мендеги кыжаалатчылык чегине жетти. Кечки тамактануу учурунда, албетте, менин тамагымдан эч нерсе өтпөдү жана туура саат ондо, корkконумдан калчылдап, Антон Семеновичтин бөлмөсүнүн босогосун аттадым. Ал жазуу столунда олтуруптур жана бирдемени жазып жатыптыр. «Мына, мен келдим», - кыйналып атып айттым жана каардануууну күтүп, ошол замат унчукпай калдым. Антон Семенович калем сабын четке койду жана менин көзүмдү кадалган көз карашы менен узак карады. Жымжырттык бир нече мүнөткө созулду. Жүрөгүмдүн алда кандай дүкүлдөп кагылып жаткандыгы билинип турду. Андан кийин Антон Семенович таптакыр жайбаракат: «Демек, сен күнөөнү эмнеден кетиргениңди түшүнүпсүң. Бул жакшы», - деген сөздү айтты. Иштин мындай капыстан оодарылышына айран таңданып, эндиреп, мен түшүнгөнүмдү жана мындан ары эч качан кызды капалантпашымды байланышсыз, кекечтенип айта баштадым. Менин желкемден тоо түшкөндөй эле болду. Мен эртең эле парталаш кыздан кечирим суроону чечтим.

- Алөша сенин баарын түшүнгөнүң, бул, жакшы, - деп айтты Антон Семенович жана кандайдыр: - Бул-кыз го! Сенин колуң кантип көтөрүлдү? – деген сөздөрдү кошумчалады. (1,с.264-265)

Жогорудагы мисалдан А.С.Макаренконун кылдат чеберчилигинин дагы бир граны көрүнөт. Эмнеликтен ал кызуу кезинде, б.а. кечиктирбестен, «суутпастан», күнөө кылар замат жазалап, эсине келтирбейт? Күнөөлүү тарбияланууучу менен сүйлөшүү убакытын атайылап, бир нече саат кийинкиге жылдырып жатат. Анткени, ал ар кандай жат көрүнүштүн, жоруктун себебин, натыйжасын тарбиялануучу тарабынан түйшөлүп, бушайман чегип, кыжаалаттанып, өз алдынча анын түшүнүүсүнө чоң маани берген. А.С.Макаренконун бул педагогикалык аракетинин идеясы эл ичинде айтылып жүргөн «Чайнап берген аш болбойт» - деген уюткулуу накыл кеп менен үндөш келет. Чындыгында, өспүрүмдүн өз алдынча сезип, туюп, акыл калчап, түшүнүп билгенине не жетсин. Экинчиден, улуу педагогдун тарбиялануучуларынын көз алдында калетсиз зор кадыр-баркка, ишенимге, урматтоого арзыгандыгы менен да түшүндүрүлөт. Түпкүлүктүү элибизде ар намыстуу болууга, ушундай нукура, асыл инсандык касиетке жетелеген «Уят-өлүмдөн катуу» деген асыл накыл сөз, же болбосо, «Жаш чырпыктын ийилгени – сынганы, жаш жигиттин уялганы- өлгөнү» сыяктуу нукура макал айтылат. Ошол сыңары, тарбиялануучулар, алдыңкы кезекте, А.С.Макаренконун көз алдында уят болуудан абдан коркушкандыгы көрүнөт. Үчүнчүдөн, ал тарбиялануучулар жамаатынын (коллективинин) деңгээлин, салыштырмалуу түрдө айтканда, кыйла бийиктикке жеткиргендиги

татыктуу бааланууга арзыйт. Антон Семеновичке тарбиялануучулардын жамаатынын жалпы чогулушунда кабыл алынган чечимдер менен эсептешүүгө туура келген жана басымдуу көпчүлүк чечимдердин талаптарына макул болгон жана аткарган. Андыктан жаман жоруктарга барышкан тарбиялануучулар, экинчи жактан, жамааттын жалпы чогулушунда тикеден-тике айтылуучу курч сыноолордон жана айып тагуулардан аябай чочулашкан, коркушкан. Маселен, коммунадан чыгарып жиберүү чечими кабыл алынса, таалим-тарбиялык мекемеде үйүр алып, үйрөнүп калган тарбиялануучу, адатта, айласыздыкка, чоң азаптанууга кабылган. Ошентип, коммунарлардын көз алдында эки жак тең, б.а. А.С.Макаренко өзү жана коммунардын жалпы чогулушу, чоң кадыр-баркка жана таасирдүү тарбиялык күчкө ээ болгон. Антон Семенович жекече (индивидуалдуу) мамилесинде деле ошол коммунарлардын жалпы чогулушунун күчүн (жалпы чогулуш өткөрүлбөгөн чакта да) кыйыр түрдө пайдалана билген, б.а. тарбиялануучунун бушайман чеккенине, жан дүйнөсүнүн дүрбөлөңгө түшүп, кыйналгандыгын кыраакылык менен сезген, байкаган. А.С.Макаренконун тарбиялануучуга карата жекече жана жамааттык (коллективдик) мамилелердин, карым-катыштардын шайкештигине, гармониясына жетишүүсү, бул, анын тарбиялык практикасындагы баалуу табылгалардын бири. (КМ.) Дагы бир мисал. Эки тарбиялануучу кыз коммунанын сыймыгы болгон мөмө-жемиш багына кирип алышып, коюндарына толтура кам алмаларды үзүшөт. Аларды Антон Семенович кармап алат. Ал акырын алардын түшүүсүн буюруп, имаратка барууга жана ал жерге алмаларын коюп коюуга көрсөтмө берди. Кыздар апта бою жазаны күтүштү: командирлердин кеңешине чакырууну, радио боюнча кабарды, кезексиз жумуш аткарууга буюртманы ж.у.с.ларды, бирок, эч бир маалымат болбоду. Наталья Чудная эскерет: «Түшүм бышкан учурда, коммунарлар ашканага киришип, ар бир чыныга экиден чоң тандалган бышкан алма коюлгандыгын көрүшөт. Аня экөөбүздүн чыныларыбызга болсо, экиден бышпаган солушкан алмалар коюлуптур. Биз иштин жагдайын заматта түшүндүк жана унчукпастан эриндерибизди тиштенип калдык. Бирок, коңшу үстөлдө олтурушкан балдар ашкананын күзөтчүсүнө собол беришти: «Эмне себептен Наташа менен Аняга мындай алмалар коюлду?» Күзөтчү: «Алар өзүлөрүнүн алмаларын бышыра коюшпагандыгын Антон Семенович айтып берди»,- деп жооп айтты (2,с.384).

Мына таасир этүүнүн үлгүсү. Үндү, сөздү коротуусуз эле ушул көрүнүштүн өзүндө моралдык чоң жаза жатат. Керек болсо эстеринен өмүр бою чыккыс тарбиялык ыкма колдонулду. Кандай жосунсуз жорук жасашса, дал ошондой натыйжага ээ болушту, б.а. чыныларга

кам солушкан алмалар коюлду. А.С.Макаренко каймана түрдө, эгер силер алмалардын бышып жетилүүсүнө жолтоо болбогонуңарда, башка үстөлдөрдөгү маанайды көтөргөн, көзгө сүйкүмдүү көрүнгөн, табитти ачкан, тамшана жегениңде ыраазы болорлук алмаларга ээ болмоксуңар дегендей маанини берип жатат. Жакшылап айтканда, ар кандай нерсенин, чындыгында, бышып жетилгенине не жетсин… (К.М.)

Тарбиялануучу Качаев эртең мененки тамактанууга ашкананын эшигинен эмес, терезесинен секирип кирет. Коммуна боюнча: «Бүгүн эртең мененки тамактанууга кечигип, коммунар Качаев ашканага терезе аркылуу кирген. Бүгүндөн баштап Качаевге ашкананын эшиги аркылуу кирүүгө тыюу салынсын жана терезе аркылуу гана кирүүгө уруксат берилсин», - деген мазмундагы буйрук берилди. «Тарбиялануучулардын бирөөсү колонияга сүт алып келүүчү жана айлакерденип, аны самандын чийи аркылуу ичип, натыйжада сүттүн чоң жетишпестиги келип чыкты. Макаренконун сунушу боюнча командирлердин кеңеши, ашканада аны өзүнчө үстөлгө олтургузууну жана сааркы, түшкү, кечки тамактануусуна ага бир челек сүт коюп коюуга токтом кабыл алышты. «Сүтчү» эми челекти карай албай калды, ал эми ашканада ал көрүнгөн учурда мыскыл күлкүлөр жаңырып турду. Бир жолу «сүтчү» үстөлдөн турду да, бүткүл ашканага үн салды: - «Достор, жолдоштор, кечиргиле?!» - аянычтуу сөзүн айтты. Жаза ошол замат алынып салынды» (2, с. 77-78)


«… Күндөрдүн биринде Антон Семенович күзөтчү менен биздин жатаканага кирип, бир нече кыздын уктап калышканын жана сааркы тамактануудан кечигип калышканын байкап калды. Бир сөз айтпастан, Макаренко чыгып кетти. Бир канча мүнөттөн соң, ашкана боюнча күзөтчү бул кыздардын жатаканасындагы бөлмөгө сааркы тамак алып келди.

Кыздар эмне дээрин билбей алдастап калышканда, Антон Семенович: - «Тамактангыла. Эмнеге силер жебей жатасыңар? Мына биз силердей айым кыздарга, бөлмөңөргө сааркы тамак алып келдик»,- деп сүйлөйт (1, с. 97).

А.С.Макаренконун, алдыңкы кезекте, тарбиялануучунун инсанынын психологиялык өзгөчөлүгүн кылдат билип жана ошол эле учурда түзүлгөн конкреттүү жагдайды туура талдап, педагогикалык чечимди чыгармачылык менен кабыл алгандыгы көрүнөт. Маселен, үстөл үстүнө бир челек сүт койдурганында «ичиши, эле сүтпү, мына, челектеп ичпейсиңби…» - дегендей үнсүз, купуялуу ойлорго жетелеген маани жатарын жоромолдоо мүмкүн. Кыздардын бөлмөсүнө тамак алдырып келгендеги чечими, алардын эстеринен өмүр бою чыккыс, сергек, адептүү жашоого үндөгөн, тарбиялык таасир этүүнүн сонун үлгүсүдүр.

## САБАКТЫН ЭТАПТАРЫНА ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕРДИ КОЛДОНУП ОКУТУУ*****

### ДЕН СООЛУК МИНУТАСЫ



Башталгыч класстын окуучулары сабактын жүрүшүндө чарчап кеткен учур байкалат. Ушул белги коюлганда окуучулар орундарынан туруп, эс алуу минутасын өткөрүшөт.

Колумдагы манжалар,
Жакшы иштеп жатабы?
Жаңы жазган сабакты,
«5» алгандай жаздыбы?
Талыкшыды бойлорум,
Чачылып кетти ойлорум.
Эс алдырып койбосом,
Таарынат го колдорум.

«бир, эки, үч, бир, эки, үч»- деп, колдун манжаларын бири-бирине тийиштирип, көнүгүүлөрдү жасашат.

### МУЗЫКАЛЫК ТЫНЫГУУ

Айрым учурда эс алуу минутасын музыкалык эс алуу менен да алмаштырса болот. Пластинкадан окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуу ырлардан уктуруп, ритмикалык кыймыл менен эс алуу минутасын өткөрсө, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу, логикалык жана образдуу ой жүгүртүүлөрү активдештирилет.



***** Усенова Н. Сабактын этаптарына шарттуу белгилерди колдонуп окутуу.// Кутбилим – сабак. – Февраль, 2002. 12 – 13-беттер (айрым гана шарттуу белгилер алынды).

**XII Тиркеме**





## Түздөн-түз талап коюунун кыйыр түрдө талап коюудан айырмасы


**Түз талап коюу**




**Кыйыр түрдө талап коюу**



## ТАРБИЯЛЫК ИШТИН АТКАРЫЛУУЧУ НЕГИЗГИ ЭТАПТАРЫ



# АДАБИЯТТАР


1. Воспоминания о Макаренко.- Л., 1960.
2. Удивительный человечище. - Харьков, 1959.
3. Педагогическая поэма// Собр. соч.: В 4т.Т.1. М., 1987.
4. Основы педагогического мастерства.- Под ред. И.А. Зязюна.- М., 1989.
5. Бордовская Н.В., Реан А.А. Педагогика. Учебник для вузов. – СПб., 2001.
6. Немов Р.С. Психология: Учеб. для студентов высш. пед. учеб. заведений: в 3кн. Кн. 3. 3-е издание. – М., 1998.
7. Агафонова А. Практикум по общей педагогике: Учебное пособие.- СПб., 2003.
8. Колдошев М. Молдо Нияз таалими (адеп-ахлак, ыйман сабагы) – Б., «Айбек» фирмасы, 1995.- 40 б.
9. Колдошев М., Тууганбаева Э.М. Педагогика боюнча тесттер жана көнүгүүлөр: I бөлүк. – Ош. – 2000. – 90 б.
10. Колдошев М., Жакыпова О. Педагогика боюнча тесттер. Тарбиянын технологиясы: практикалык курс: II бөлүк.- Ош.- 2001.- 136 б.
11. Колдошев М., Колдошева Н.М. Педагогика боюнча көнүгүүлөр жана педагогикалык чеберчиликтин элементтери: III бөлүк. – Ош, 2004, –56 б.
12. Колдошев М., Сиддиков Б. Тарбиячынын ишинин технологиясы анын педагогикалык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун өбөлгөсү катары // Материалы международной конференции: «Личность и воспитание: роль образовательных технологий в современной школе». – Ош. – 2001. –С. 178.
13. Колдошев М. Учет местных особенностей в определении стратегии и тактики экологического образования школьников// Вестник Ошского государственного университета: «Современные проблемы химии и химической технологии. Актуальные вопросы естественных и гуманитарных наук». – Ош. – 2001. – С. 129 (Серия психолого-педагогических наук, № 2).
14. Колдошев М. Жусуп Баласагын акылдуулук жана абийирдүүлүк жөнүндө// ZAMAN Кыргызстан, 2003-жыл 20-июнь.

**КОЛДОШЕВ Мисиралы**

**ПЕДАГОГИКА БОЮНЧА ТЕСТТЕР, КЫРДААЛДАР, КӨНҮГҮҮЛӨР, ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН ЭЛЕМЕНТТЕРИ ЖАНА ТААЛИМ-ТАРБИЯЛЫК ИШТЕРДИН ИШТЕЛМЕЛЕРИ**

**(Окуу-практикалык жана методикалык колдонмо)**

*Автордук укук тиешелүү закондордун (КРнын жана эл аралык) негизинде корголот.*

Жооптуу редактор: **Маматалиев М.**
Техн. редактор: **Караева Г.**
Корректор: **Бостонова А.**
Компьютерде калыпка салган: **Саттарова А.**

Терүүгө 15.03.2007-жылы берилди
Басууга 8.01. 2008-жылы кол коюлду.
Көлөмү 19,25 басма табак.
Нускасы 500. Заказ № 488. Келишим баада.

---

«Ошоблбасмакана» АКсында офсеттик ыкма менен басылды.
Ош шаары, Курманжан датка көчөсү-209.

937701